С кырг
Г 20

КЫРГЫЗ
ДРАМАТУРГИЯСЫ




М.ГАПАРОВ

# КҮНӨСТҮҮ АРАЛ



С кирг
Г20

КЫРГЫЗ ДРАМАТУРГИЯСЫ

МУРЗА ГАПАРОВ

# КҮНӨСТҮҮ АРАЛ

ДРАМАЛАР

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 317631

АБОНЕМЕНТ
край

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН» 1983

84. Ки 7
Г 20

Г $\frac{70600-64}{М\ 401(17)-83}$ 248—83. 4702280200

© «Кыргызстан» басмасы, 1983.

# ҚАДЫР ТҮН.

## *(Үч бөлүмдөн турган пьеса)*

КАТЫШУУЧУЛАР:

Артык.
Баси.
Қалык.
Рапия.
Қарачач.
Сали.

### I БӨЛҮМ

Чакан вестибюль. Вестибюлдун бир тарабы — телефондуу стол, сынык стул, жыртык диван, экинчи тарабы — темир кийим илгичтер. Илгичтерге көп сандаган ак халаттар илинген. Алардын арасынан эки плащ гана өздөрүнүн боз жана сары түстөрү менен көзгө урунат. Боз плащка эркектин шляпасы, сары плащка аялдын сумкасы кошо илинүү.

Вестибюлдун эшиги жабык, ичи күңүрт, тыптынч. Бир маалда ак халатчан эркек пайда болот. Бул — Қалык. Ал сүлгү менен колун арчып келет. Көрүнүшү чарчаңкы. Столго келип сүлгүнү таштайт да, телефон чала баштайт...

Қалык. Министр кете элекпи? Қошуп коюңуз... Қарим Қаратаевич, бул — менмин, профессор Акматовмун. Өлүктү жарып, анализин лабораторияга жибердим. Азырынча айткым келбей турат. Анализдин натыйжасын күтөлү. Макул... Куп болот... Албетте...

*(Қалык трубканы коюп, кыйлага чейин мелтирип отурат. Кийин чөнтөгүнөн сигарет издей баштайт. Ушул учурда Баси кирет. Ал дагы халатчан, арып-чарчаган. Столдун үстүнөн сүлгүнү алып, колдорун арчыйт.)*

Баси. Швейцар көрүнбөйт да?

Қалык. Үйүнө кеткен.

Баси. Албетте. Медиктердин өздөрү дүрбөп качып баратышса, жөн адам карап турмак беле.

Калык. Жок, өз ишине кылган мамилесине караганда, бул киши менин кызматташтарымдын кыйласынан түзүк экен. Сиз бара бериңиз десем: «Эртең кожоюндар эмне дешээр экен?» — деп кыйылат.

Баси. Карапайым неме, бул жерде эмне болуп жатканын түшүнгөн эмес да.

Калык. Бул адам биздин институтта жыйырма жылдан бери иштейт, уваба деген эмне экенин уккан болушу керек.

Баси. Эмне деген дедиңиз?

Калык. Уваба. Кыргыздар холераны ушинтип коюшат.

Баси. Уваба... Уваба... Демек, кыргыздар да ооруган экен да, бул оору менен?

Калык. Азыр экөөбүз ичин жарып чыккан кудайдын пендеси кыргыз болуп атпайбы?

Баси. Анын оорусу али белгисиз.

*(Баси халатын чечип, өз кийимин кийет. Сумкасын алып, эшикке карай басат. Калык аны үнчүкпай карап отурат.)*

Баси. Сиз кетпейсизби үйүңүзгө? *(Калык башын чайкайт.)*

Баси. Анда жакшы калыңыз. *(Эшикти түртөт. Эшик ачылбайт. Нары-бери тарткылайт.)* Кулптануу го?

*(Калык чөнтөгүнөн ачкыч алып көрсөтөт).*

Калык. Ачкычы менде.

Баси. А-а...

*(Бейкапар келип, ачкычка колун сунат. Калык ачкычты чөнтөгүнө кайра салып коёт.)* Түшүнбөдүм?

Калык. Сиз да мени менен кошо күтүшүңүз керек.

Баси. Эмнени?

Калык. Анализдин натыйжасын.

Баси. Кечириңиз, бул үчүн менин эмне керегим бар?

Калык. Албетте, анализдин натыйжасын угуп, ооруну аныктоого сиздин керегиңиз жок. Сиздин керегиңиз, кокус, биздин алган анализ райондук врачтын болжолун ырастап калса гана тиет.

Баси. Кандайча?

Калык. Анда экөөбүз тең өзүбүзгө холера оорусун жуктуруп алган болобуз. Демек, бул оору менен шаарга чыгып, аны элге таратууга такыр акыбыз жок.

Баси *(кабатырлана баштайт)*. Анда эмне кылабыз?

Калык. Элди эскертебиз: биз холера менен ооруп



калдык деп. Анан өз сөзүбүзгө аларды ишендириш үчүн, ушул жерде отуруп, таң атканча өлүп беребиз.

Баси. Оозуңузга кара таш. *(Калыктын көзү алая түшөт).* Кечирип коюңуз, абдан суук сөздөрдү сүйлөп жатасыз...

Калык. Сиздин керегиңиз ушул, айым кыз. Менин керегим дагы... Экөөбүздүн элге кылган жакшылыгыбыз ушул. Биз өлөбүз, башкалар тирүү калышат...

Баси. Жок... Менин өлгүм келбейт...

Калык. Ким эле эңсеп турат дейсиз. Бирок, керек болуп калса, ушинтип өлгөнүбүз оң... Илгери бир кыргыз: «Аттиң, атамдын өлөрүн билгенде, бир куржун кебекке сатып жебейт белем» — деп, арман кылыптыр. Анын сыңарындай, кокус, өлөрүбүздү билип калсак, акыркы мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзүбүздү башкалардын пайдасына айлантып калышыбыз керек...

Баси *(башын чулгуп алат)*. Ой... *(Нары-бери баса баштайт. Калык аны сынай карап отурат.)*

Калык. Токтоңузчу, деги сиз ким болосуз? Кантип менин жанымда калып калып жүрөсүз?

Баси. Калык Акматович, мен — студентмин. Бирок сиз мени жекеме-жеке көрө элек болчусуз. Анткени биздин курс сиздин сабактарыңызга али жете элек... А калып калышым кокусунан болду. Мен өзүбүздүн кураторубуз Кудайкул Маймыловичти издеп жүрүп, сиздин кабинетиңизге туш келип калдым. Так ошо кезде сиз бир топ мугалимдер менен практикант-студенттерге райондон келген өлүк жөнүндө, анын оорусун райондун врачы холера деп болжолдогонун айтып атыптырсыз. Өлүктү өзүм соём дедиңиз. Бирок эки-үч кишинин калып, жардам берүүсүн өтүндүңүз. А карап турам дегендерге уруксат деп айттыңыз. Ошентип коюп, өзүңүз моргго түшүп кеттиңиз. Беркилер селейген бойдон калышты. Үрөйлөрү учуп, коркуп алышыптыр. Көп өтпөй студенттер үйлөрүнө жүрүп беришти. Биздин куратор: «Менин башым ооруп турат, каалабайм»,— деди дагы, алардын артынан түштү. «Мен бала бакчадан баламды алышым керек»,— деп, экинчи мугалим чыгып кетти. Карасам: бир нерселерди күңкүлдөп коюп, калган мугалимдер да жөнөп баратышат. Акырында өзүм калдым. Адегенде мен деле кетмекчи болдум. Бирок, муздак моргдун ичинде жүргөн сиздин караанаңызды элестетип туруп, аяп кеттим...

Калык. Аяганыңа рахмат. Бирок, эми келип минтип коркорунду билсем, ошондо эле кайра кубалап жибермекмин...

*(Кыйлага чейин унчукпай калышат).*

Баси. А-а... Холера менен ооруп калганын киши кантип билсе болот?

Калык. Кускусу келет, ичи ооруйт, ичи өтөт...

Баси. Кускусу келет... Ичи ооруйт... ичи өтөт...

Калык *(телефон чалат. Баси толкунданып угуп турат)*. Кыздар, анализ эмне болуп жатат? Тездеткиле. Өзүм эле калдым? Беркилерчи? А ким уруксат берди аларга?! Шашпай тургула, эртең каныңарды ичпесемби... *(Трубканы койгондон кийин)*. Албетте, эртеңге чейин өзүм тирүү калсам...

*(Пауза. Бирпастан кийин Баси вестибюлдун төрүнө карай жөнөп калат).*

Каякка?

Баси. Туалетке... Кускум келип атат...

Калык. Эмне?!

*(Баси чуркап кетет. Калык кабатырлана баштайт. Ичи бышып, нары-бери басат, отурат, турат. Бир маалда Басинин ачуу кыйкырыгы угулат. Калык жан-алы калбай Басиге чуркайт. Көп өтпөй аны жөлөп келет. Баси аксап басат, оң тизесин кармалап коет).*

Калык. Эси жок. Качканың менен менден кутуласың, а холерадан кутула албайсың да.

Баси *(бышактап ыйлайт)*. Калык Акматович, эшикти ачып бериңиз, мен кетейин...

Калык. Антүүгө болбойт, эркем... Азыр экөөбүзгө чоң жоопкерчилик жүктөлүп турат, билсең...

Баси. Ким аны бизге жүктөгөн?! Бизге эч ким эч кандай жоопкерчилик жүктөгөн эмес!

Калык. Туура. Биз ал жоопкерчиликти өзүбүзгө өзүбүз артып отурабыз. Ырас, арткандан кийин, аны көтөрө билиш керек. Болбосо, зор кыянатчылык кылган болобуз...

Баси. Бүт шаар бейкапар өзүнүн кечки тиричилигин өткөрүп атат. А биз экөөбүз бул жерде... өлүшүбүз керек.

Калык. Мүмкүн, өлбөстүрбүз. Мүмкүн, жарым саат, бир сааттан кийин биз да алардын катарына кошуларбыз... Кел, андан көрө, бутуңду таңайлы, үйүңө каныңды куюлтуп барганың жарабайт.

Баси. А көргө киргенге боло берет...

Калык. Бекер сүйлөйсүң. О дүйнө да тазалыкты сүйөт. Бекеринен жууп-тарап аткарат дейсиңби, ал жакка кишини... *(Чөнтөгүн сыйпалайт)*. Даки жок... Азыр алып келем...



*(Калык басып кетет. Баси ойлонуп отуруп калат. Бирпастан кийин бинт, пакта, зеленка, бир шише көтөрүп, Калык кайтып келет).*

Калык. Кана, бутуңду сун. *(Баси тизесин тосот. Калык пактага зеленка куюп алып, анын сыйрылган жерине сүртөт, анан даки менен таңат).*

Баси. Ой, ачышып кетти...

Калык. Өзүңдөн көр. Сени ким бийик терезеге асыл дептир. А нары жакка секиргениңде, андан да бийик болчу, бутуң сынып кетмек... Бутуңдун иши бүттү. Эми башыңа өтөлү...

Баси. Ал эмне дегениңиз? *(Калык бир чөнтөгүнөн жарым шише коньяк, башкасынан стакан алып чыгып, стаканга коньяк куят)*. Жок, мен ичпеймин...

Калык *(стаканды сунат)*. Чарчап турасың, көңүлүң ачыла түшөт.

Баси. А-а... өзүңүзчү?

Калык. Мен да ичем.

Баси. Анда сиз баштаңыз.

Калык. «Кыздын кырк чачы улук»,— дептир, бир акылман кыргыз. Мен ошонун сөзүнө кошулам.

Баси. Рахмат. *(Ичет)*.

Калык *(өзү үчүн куят)*. Ылайым, ушул жерден эсен-аман чыгып кетели. *(Ичип жиберет)*. Кап, ачуу басар эчтекебиз жок...

Баси. Ой, менде конфет болушу керек эле. *(Сумкасын аңтарып, жалгыз конфет таап, Калыкка сунат)*. Бирөө гана калыптыр...

Калык. Экөөгө айлантыш оңой эле. *(Конфетти бөлүп, теңин Басиге берет. Экөө мулуңдап, жей башташат)*. Айтмакчы, сен эртең өз курсташтарыңа менин кабинетимде коньяк сактаарымды айтып коюп жүрбөгүн. Мен бул шишени атайын экөөбүз үчүн эле катып койгон болчумун...

Баси. Эгер эртеңки лекцияларга чейин аман болсом, анда курсташтарымдын алдына чыгып туруп: «Мен профессор Акматовдун өзү менен жекеме-жеке отуруп коньяк ичиштим!» — деп мактанамын. Албетте, көпчүлүгү ишенбейт, бул турган кеп. Бирок ишенгендеринин ичтери күйөт. Сөзсүз.

Калык. Кызык... Эмне үчүн ичтери күйүшү керек?

Баси. Биринчиден, сиздин атыңыз. Ал биздин институтта гана эмес, республиканын медиктеринин арасында легенда катары айтылат.

Калык. Каршылык көрсөтүүгө уруксат этиңиз...

Б а с и. Экинчиден, өзүңүз. Баарысы, сизди поэзияны жакшы көргөн, живопись, музыка, театрды сүйгөн, өтө маданияттуу киши деп билишет.

К а л ы к. Мына эмесе...

Б а с и. Мен сизге айтсам, студент жигиттерибиз сизге суктанып, кыздарыбыз аз-аздан ашык болуп жүрүшөт.

К а л ы к. О! Ушул жери кызык экен. А сенчи? Өзүңчү?

Б а с и. Мен дагы...

К а л ы к. Жок, мен муну жөн койбоймун! Сөзсүз аялыма айтамын. Ал бийкеч мени: «Картайып калдың. Эми сага жаш аялдар карабайт» — деп жүрөт. Өзү менден он жаш кичүү. Быйыл отузга чыгат. Ошого мурдун көтөрөт.

Б а с и. Жыйырма жаш кичүү болсо да, минтип айтууга негиз жок.

К а л ы к. Рахмат. Эми мен ага так ушинтип жооп берип жүрөмүн.

Б а с и. Албетте, аялыңыз жөнөкөй аялдардан эмес. Университетте сабак берет. Китеп жазат...

К а л ы к. «Никелер жана ажырашуулар» — деп...

Б а с и. Жаңы сүрөт көргөзмөлөрүнөн, кино, спектаклдердин премьераларынан такыр калбайт.

К а л ы к. О, бул жагынан ал кишиге шаар боюнча теңдеш табылбас. Сүрөтчүлөр, кинорежиссерлор, артисттер биздин байбиченин эңсеген чөйрөсү. Аларга аралашканда, чери жазылып, врач болуп калганым үчүн мени кичине аяп кетет...

Б а с и. Кантип эле?

К а л ы к. Коку-у-у-уй, такыр унутуп калган турбаймынбы: бул катын бүгүн да мени театрга сүйрөмөкчү эле.

*(Телефон чалганга шашат).*

Б а с и. Жаңы спектаклгеби?

К а л ы к. Ооба...

Б а с и. Мен да бармакчы элем...

К а л ы к. Ка-ап, бая эле эскертип койбой... Жемелеп кирет эми... *(Трубкага)* Кемпир, бул менмин... А-аа... Э-ээ... Себебин уксаң адегенде... Кайдагы ресторан... Институттун вестибюлунда отурам, билсең!.. Зачет алып бүткүчө, жанагы алжыган швейцар эшикти сыртынан кулптап, үйүнө оокат ичкени кетип калыптыр... Билбейм качан келээрин... Эми бүгүн барбасак, башка жолу барабыз да... Таарынышпайт, айтабыз... Эмне? Эки эле кишибиз... Таап сүйлөдүң... Жаш... Сулуу... Ал турмак акылдуу да экен... Кадыр түн тосуп отурабыз... *(Трубканы кескин коюп, бир нерселерди күбүрөп калат).*



Б а с и. Кадыр түн деген эмне?

К а л ы к. А?

Б а с и. Кадыр түн.

К а л ы к. А-а... Ырамазан айынын жыйырма жетинчи түнү. Жакшылык күтүүнүн түнү. Бул түндө адамдар уктабастан, бири-бирине ымандай сырын айтышып, бирибирине жакшылык каалап отуруп, таңды атырышат. Ушул түнү алар жамандыктан тазарып, жакшылык тилектери ишке ашат...

Б а с и. Ажайып түн экен... Эртең теңтуштарыма айтам, биз Калык Акматович экөөбүз кадыр түн тостук деп.

К а л ы к *(жылмайып коёт).* Муну айтсаң боло берет. *(Телефон шыңгырайт. Экөө тең сестейе түшөт. Калык трубканы алат).* Министр же лаборатория... *(Трубкага)* Алло? А-а, сиз белеңиз, Кудайкул Маймылович? Кандай, башыңыздын оорусу басылып калдыбы? Дагы элеби? О-о, этият кылыш керек, тууган. Кара баштан кымбат экөөбүздүн эмнебиз бар? Не дедиңиз? Өзүмбү? Угуп турбайсызбы, азырынча өлө элекмин. Бирок негедир чүчкүргүм эле келип атат. Ушу холеранын чүчкүрүгү болуп жүрбөсүн, ыя, Кудайкул Маймылович? Билбейсизби... Ошентсе да, сактыкка кордук жок дегендей, кулагыңызды трубкадан алсаңызчы, кокус ичине чүчкүрүк кирип кетсе... *(Басиге)* Трубканы коюп койду. Болбосо, чындап эле чүчкүрөт болчумун. *(Трубканы коёт).* Жан бакты... Жаны ширин, үйүң күйгүрдүн. Бирөөлөр жөнүндө ушундай кам көрсөң го, Диссертация коргоштон мурда, сокур ичеги кескенди жакшылап үйрөнүп алат элең, оорулар колунда жалдырап жатып өлбөйт эле...

Б а с и. Калык Акматович, а эгерде киши врачтык кесипти тандап алып, ага көп жылын сарп кылып окуп, бирок баары бар жакшы врач боло албай калса, эмне кылышы керек ал адам? Мисалы Кудайкул Маймыловичтин ордунда сиз болуп калсаңыз, кантээр элеңиз?

К а л ы к. Карындашым, мен үчүн врачтык кесип — адамдарга жакшылык кылуунун бир гана формасы, бир гана жолу. А турмушта мындай жолдор толуп жатат. Врачтык колумдан келбей калган күнү, ошо жолдордун бирин тандап аламын. Мен сага бир нерсени айтып берейин... Менин жаш кезимде, өз кыштагыбызда орто мектеп жок болучу, биз аны коңшу кыштакка каттап жүрүп, бүтүрдүк. Эки кыштактын аралыгында он чакырымдай ээн, какыр талаа созулуп жатчу. Кышы өтө суук, жайы абдан ысык эле бул талаанын. Бирок анын бир ажайып нерсеси түбөлүк эсте калды... Талаанын орто ченинде, биз каттаган

сокмо жолдон тай чабым ылдыйда, алакандай жер дайыма жашарып турчу. Балдар аны Жашыл арал деп коюшчу. Аралды арал кылган: төөнүн көзүндөй булак, жепирейген жер там, жана бул экөөн туш тараптан ороп, көздөн далдаалап турган бөрү карагат, ит мурун, ак тикен сыяктуу бадалдар эле. Бадалдын арасында жапайы коён, кекиликчил уялап, а жер тамда жалгыз чал турчу. Мен алиге чейин билбеймин. Билгеним: ал жерде чал өткөн-кеткенге жакшылык кылыш үчүн гана жашачу. Жаз, жай, күз өткөнчө, абышка күн сайын биздин жолдун боюна өз булагынан бир чака суу сузуп барып койчу. А кышында болсо, үшүгөн жолоочулар бурулуп кетсин үчүн, керели кечке тамынын морунан тезектин көк түтүнүн булатып отурчу...

Менин айтайын дегеним, карындашым: ар кимибиздин ушундай жашыл аралыбыз, ушундай жакшылык ишибиз болушу керек. Ансыз турмуш бекер кетет... *(Баси ыраазылык менен жылмайып коёт. Калык кайра тамеки чегет. Кыйлага чейин үн-сөзсүз отурушат).*

Б а с и. Башым ооруп чыкты, бул эмнеси?

К а л ы к. Таза аванын жетишпегендигинен...

*(Барып эшикти ачып таштайт. Баси адегенде таңдана түшүп, анан өзүнө мулуюп калат).*

Баси. Рахмат... Ох, эшик сонун экен... Жаан... Машинелер... Адамдар... Тигине, экөө өбүшүп турушат... Кызына караганда жигити сулуураак көрүнөт...

К а л ы к. А-а, сенин өзүндүн сулуу жигитиң барбы?

Б а с и. Бар. Бирок...

К а л ы к. Эмне «бирок?»

Б а с и. Үйлүү-жайлуу...

К а л ы к. Мм... Сени жакшы көрөбү?

Б а с и *(ойлонуп калат)*. Кызык... Эстеп көрсөм, бир жолу да «сүйөм» деп айтпаптыр...

К а л ы к. Кээ бир киши сүйөм дебесе да, ичинен сүйүп жүрө берет.

Б а с и. Анда анын сүйүүсүн кантип билсе болот?

К а л ы к. Бир жолун таап, сынап көр... *(Баси дагы ойлонуп калат. Телефон шыңгырайт. Экөөнүн тең өңү өзгөрө түшөт. Калык барып трубканы алат. Баси ордунда катып, аны карап турат).*

Алло?

А-а... Даяр болсо, айта бер... *(Басиге)*. Анализдин натыйжасы...



*(Чөнтөгүнөн калем, дептер издей баштайт. Басини кайрадан коркунуч басат. Көздөрү эшикке телмирет).*

Кана, айта бер... *(Жаза баштайт)* Так... Так... *(Баси кыйлага чейин эшикти мелтиреп карап туруп, акырында өз коркунучун жеңип, эшикти тарс жаап, кулптап, ачкычын алыс ыргытып жиберет)*

К а л ы к *(трубкага)*. Болдубу? Мм... *(Бирпастан кийин)*. Чоң кыз, рахмат сага садага. Эми кете берсең болот. *(Трубканы коюп, Басиге жылмая карайт)*. Сүйүнчү! Биз сопсоо экенбиз!

*(Баси чуркап келип анын беттеринен өпкүлөп, ыйлап жиберет. Калык Басинин далысынан эркелете таптап коюп, өзү телефон чала баштайт).*

Эми жолдош министрди куттуктап коёлу... *(Трубкага)*. Карим Каратаевич, коркпой эле коюңуз: жарыктык киши сибирь язвасынан өлүптүр. Сыягы, оорукчан малдын этин жеп койгон го... Эчтеке эмес, бул биздин милдетибиз да... Кош болуңуз... *(Трубканы коёт)*. Мына эми өзүбүзгө өзүбүз уруксат беребиз... *(Халатын чечип, өз кийимин кийет. Баси аны жылмайып күтүп турат)*. Кеттик эмесе... *(Эшикти тартса, эшик жабык)*. Ой, кулптануу го?...

Б а с и *(эми гана өзүнө келет)*. А-а... Үшүп кеттим эле...

*(Ачкычты таап келип, эшикти ачат. Калык бардыгын түшүнөт)*

К а л ы к. Рахмат, эркем. Эгер менин студенттеримдин, кесиптештеримдин баары сендей болсо, мен үчүн жашоо да, иштөө да дайыма жеңил болор эле.

Б а с и. Сизге да рахмат, Калык Акматович. Эми мен сиздей адамдардын ишин жеңилдетип, турмушун бактылуу кылыш үчүн жашаймын.

К а л ы к. Билесиңби, Скандинавияда жашаган адамдар бири-бири менен: «Өткөн жолу жолугушканыбыз үчүн рахмат»,— деп, саламдашышат экен. Эми мен дагы сени көргөн сайын, ушу түнкү таанышканыбыз үчүн сага рахмат айтып жүрөмүн.

Б а с и. Мен дагы, Калык Акматович.

*(Калык анын ийнинен алат. Экөө чыгып кетишет).*

## II БӨЛҮМ

Салинин үйү.

Мейманкананын ичи. Салинин коюлган пьесаларынын афишалары, жыгач жана жезден жасалган кыргыздын эски буюмдары менен жа-

салгаланган. Ортодо дасторкон салынып, жемиш, ичкиликтер даярдалып коюлган. Төркү бөлмөнүн эшиктери ачык, алардын ичи чала-була көрүнүп турат. Бөлмөлөрдүн бирөө жатакана, экинчиси — ишкана. Меймманканадан ашкана, далиске да эшиктер чыгат. Ашкана жактан казан аяктын тырыктаганы угулат, а дализден шашып-бушуп Сали кирип келет. Сали отуз бештер чамасындагы, орто бойлуу, ыраң ойройлуу жигит. Анын бир колунда гүлдесте, экинчи колунда түргөк кагаз бар. Көңүлү куунак. Бирок дасторкондуу столду көтөрүп, дароо өзгөрө түшөт.

С а л и. Мына эмесе... Э, байбиче!
К а р а ч а ч *(ашканадан жооп берет)*. О-ов!
С а л и. Бу сенин мейман тосчудай түрүң бар да?
К а р а ч а ч *(кирет)*. Рапия телефон чалды. Калык институтунда кармалып, спектаклге баралбай калдык дейт. Андай болсо, үйгө келип, бирпас отуруп кеткиле дедим. Макул болушту...
С а л и. А-а, ошондой бекен... А мен аларды театрдан аябай издебедимби...
К а р а ч а ч *(Салинин сунган гүлүн алат)*. Спектакль кандай өттү?
С а л и. Куду өзүң көргөн күңкүдөй!
К а р а ч а ч. Болсун, болсун. Самандары сизге пайда, кызыл даны бизге пайда.
С а л и. Түшүнбөдүм?
К а р а ч а ч. Атак-даңкы сизге пайда, акчалары бизге пайда. *(Сали күлүп жиберет)*. Кооз гүлдөр экен.
С а л и. Бир сулуу кыз тартуулады.
К а р а ч а ч. Бактылуу болсун ылайым. *(Карачач ашканага чыгып кетет. Сали колундагы кагазды жазып, аны дубалдын бош жерине кадай баштайт. Кагаз — өзүнүн жаңы коюлган пьесасынын афишасы болуп чыгат. Гүл салынган идиш менен Карачач кирет)*
С а л и. Сен, эмне, дагы байыйбыз деп турасыңбы?
К а р а ч а ч *(гүлдү столго коет)*. Ананчы. Биринчи пьесабыз шаардын орто жеринен зангыратып бул үйдү сатып берди. Экинчиси дачалуу кылды. Үчүнчүсү — машине алып келди. А үчөө тең, сынчылардын пикири боюнча, орточо, ортодон төмөн пьесалар болуучу. Бирок биз анысына карабай, бечараларды туп-туура эки жылдан саадык.
С а л и. Акыр аягында, мунубуз аз келгенсип, экөөн басмага, бирөөн киного сатып жибердик.
К а р а ч а ч.. Ооба. А азыркы пьесабызды болсо, ошол эле сынчылар шилекейи куюлгуча мактап атышат. Кудай буюрса, дагы бир нерселүү болуп калабыз.
С а л и. Эмнелүү болорубузду билесиңби?
К а р а ч а ч. Жок.



С а л и. А мен билем.
К а р а ч а ч. Айтчы.
С а л и. Бул азырынча жашыруун сыр. Оозуңдан чыгарба.
К а р а ч а ч. Чыгарбайм.
С а л и. Эмесе, мындай. Биздин спектаклди республиканын мамлекеттик сыйлыгына көрсөтмөкчү болушту.
К а р а ч а ч. Ай-ай!
С а л и. Бул гана эмес.
К а р а ч а ч. Дагы?
С а л и. Өзүмө болсо, республиканын искусствосуна эмгек сиңирген ишмери деген наам берүү жөнүндө сөз болуп атыптыр.
К а р а ч а ч. Ой, Сали! *(Карачач күйөөсүнүн мойнуна асылып бетинен өбөт)*. Демек, мен лауреаттын, эмгек сиңирген ишмердин аялы болот экенмин да?
С а л и. Бирок эч кимге айта көрбө.
К а р а ч а ч. Кадырың жан болсун. Ой, казанымды унуткан турбаймынбы...

*(Карачач ашканага чыгат. Сали бир алма алып, олтургучка отурат. Карачач кайра кирет)*. Айтмакчы, Сали, менин да сага айта турган кубанычтуу кабарым бар: жакында баланын атасы болосуң. *(Сали таң калат. Аялын сынай карайт. Карачач күйөөсүнүн оюн түшүнө коёт)*. Жок, мен эмес... Бурул төрөйт. Менин сиңдим. *(Салинин жүзү суук түшөт. Кичине жини келет)*.

С а л и. Бурул төрөсө, мен кантип ата болом?
К а р а ч а ч. Ал баласын бизге бермек болду. Бул анын биринчи баласы, өзү али жаш, дагы төрөп ала берет. *(Сали аялынын сөзүнө этибар бербейт. Карачач буга жини келет)*. Бурулдун күйөөсү жөнөкөй, колхозчу жигит. Ал аялынын боюнан түшүрткөндү билбейт...
С а л и. Карачач! Козгобочу эми ошону кайрадан, кудай жалгагыр. Эч кур дегенде, бүгүнчө. Азыр меймандар келет.

*(Карачач үнчүкпөй калат. Сали алаксыш үчүн, ордунан туруп барып телевизорду коёт. Телевизор көрсөткөнчө болбой, аны кайра өчүрөт)*.

С а л и. Кала берсе, бул адилетсиздик, сен мени гана күнөөлөгөндү билесиң.
К а р а ч а ч. Биз жаш элек. Биз студент элек. Биз биреөнүн жаман тамын жалдап турчубуз. Балалуу болуп, аны багып өстүргөнгө мүмкүнчүлүгүбүз жок болчу. Ошон-

дуктан, баланы коё турушубуз керек эле. Окууну бүтүп, иштеп, үйлүү-жайлуу болгонго дейре...

Сали. Туура! Эмне, ушунча себептер аздык кылабы?

Карачач. Мына эми бизде бардыгы бар: кызмат, үй, дача, машина... Дагы болот. А балабыз жок. Балабыз болбойт.

Сали. Болот.

Карачач. Качан? Мен отузга кирип калдым.

Сали. Кырктан кийин деле төрөп жүрүшпөйбү. (*Бирпаска үнчүкпай калышат*).

Карачач. Мүмкүн, кыз болор беле... Кыз болсо, сулуу кыз болмок.

Сали. Сени тартса.

Карачач. Быйыл туптуура онго чыкмак. Үчүнчү класста окуп калмак. Өзүм окутат болчумун. Эң алдыңкы партага отургузуп... Кооз көйнөк кийгизип, чачына көрктүү бантик тагып...

Сали. Болдучу эми! Жадап кеттим. Он жылдан бери укканым «бала», «бала»...

Карачач. Эх, Сали, Сали, түшүнбөйсүң сен мени.

Сали. Эмненди түшүнбөймүн?

Карачач. Баланын мага кандай керектигин.

Сали. Ой, ушунун эмнесине түшүнбөймүн? Ар кандай катындар сыяктуу эле, сен дагы тууп, тукумуңду уланткың келет. Ушул.

Карачач. Сали, мен көптөн бери жалгызсырап жүрөм...

Сали. Мына эмесе... А менчи?

Карачач. Сен өзүң менен өзүң алексиң. Жазуучулугуң менен... Атак-даңкың менен...

(*Сали тунжурап ойго батып калат. Эшиктин коңгуроосу зыңгырайт. Эрди-катын өздөрүнө келип, эрчишип барып, эшик ачышат. Калык менен Рапия кирет*)

Калык. Кечиңер кайрымдуу болсун.

Сали, Карачач. Келгиле. келгиле...

Рапия (*Карачач менен өбүшөт*). Ии, көздөрүңөн жүрөйүн, бото көзүм...

Калык (*афишаларга көз чаптырат*). Премьераң кантип өтүп атат? Биз бүгүн да баралбай калдык...

Сали. Азырынча жакшы кабыл алып жатышат. Кийин кандай болорун билбейм.

Рапия. Мен үч рецензия окудум, үчөөндө тең мактап жазышыптыр.



Калык. Ох, эмне деген дасторкон! Карачач, сен меймандостуктун генийисиң!

Рапия. А менчи?

Калык. Ой, менин аялым дагы.

(*Күлүп калышат*).

Карачач. Кана, отургула эмесе.

(*Меймандар менен Сали отурат. Карачач жез чөөгүн, жез чылапчын жана сүлгү алып келип, алардын колуна суу куят. Сали ичкиликтерди ачууга киришет*).

Сали. Институтуңда эмне кармалдың?

Калык. А-а... Эми эле үйгө кетейин деп турсам, райондон бир өлүк келип калды. Райондун врачы аны холерадан өлдү деп, министрге билдириптир.

Карачач. Холерадан?

Калык. Ооба... А министр мага буйрук берди: тезинен өлүктү жарып, оорусун аныктагын деп. Министрге баш ийбеске болобу. Ох, эт абдан жакшы сүрсүптүр...

Сали. Токточу... А-а, эмнеден өлүптүр, анан?

Калык. Азырынча белгисиз. Анализин алып, лабораторияга тапшырып келдим. Эртең билебиз го.

Рапия. Эмне?

Сали. Калык... А кокус... чын эле, холера болуп калса эмне болду?

Калык. Эмне болмок эле, министрге ошентип айтамын.

Рапия. Көк мээ! Эгер холера болгон болсо, биринчи иретте сен ооруйсуң, ал оору менен, экинчи — мен, анан — булар... Бардыгыбыз өлөбүз!

Сали. Ооба... Өлөбүз...

Карачач. Чын эле, Калык... (*Калык колундагы этин коюп, акырын ордунан турат*).

Калык. Байбиче... Достор... Кечирип койгула. Мен бул жөнүндө такыр ойлобоптурмун...

Рапия (*чуркап барып сумкасын алат*). Сали... Карачач... Мен кеттим! А сен Кемчонтой, менин артыман ээрчип үйгө келбегин! Киргизбеймин!

Калык. Кызык... Анан каякка барып түнөйм?

Рапия. Моргго! Жанагы сойгон адамыңдын жанына, уктуңбу?

(*Калык күлүп жиберет*).

Калык. Мен билгенмин ушинтип айтаарыңды...

(*Кайра отуруп, этин жей баштайт. Баары анын азилин түшүнөт*).

Р а п и я (*кайтып келет*). Жамандын жарты өнөрү ашык... Ушинтип да азилдешет бекен.

С а л и. Ошону айтсаң...

Қ а р а ч а ч. Ох... Жүрөгүм түшүп кала жаздады...

Қ а л ы к. Жакын кишилериңди анча-мынча ушинтип сынап коюп жүргөн жакшы.

Р а п и я. Сынабай жерге кир сен. Жан-алым калсачы.

(*Калык күлүп коёт*).

С а л и. Эмне ичесиң?

Қ а л ы к. Қоньяк, албетте. Силердин үйүңөрдө коньяк бекер, а дүкөндө сатылат. Ичип калыш керек.

С а л и (*Калыкка коньяк куят*). Қана эмесе, өзүң бир деме деп кой...

Қ а л ы к. Оомин! Биз кемпирим экөөбүз мейманчылап келген үйгө жамандык келбесин!

Қ а р а ч а ч. Рахмат, айтканың келсин.

Р а п и я. Ушул да тост болдубу? Айылдын абышкаларына окшоп...

Қ а л ы к (*ичейин деп баратып кайра тартат, үй ээлерин карайт, Сали менен Қарачач жылмайып коюшат*). О катын, бул тосттун эмнеси жаман?

Р а п и я. Салинин жаңы пьесасы коюлуп, бүт республикага дүңгүрөп жатат. Сали менен Қарачач үчүн, бул — майрам. Мына ушул майрамыбызды кошо майрамдап, кубанчыбызды тең бөлүшсүн деп, адегенде театрга, анан үйлөрүнө чакырып отурушат. А сен болсоң, спектаклге баргандан жоксуң, а бул жерге келип сүйлөгөн сөзүң бул...

С а л и. Жарабайт. Айтсаң, түзүгүрөөк тост айт.

Қ а р а ч а ч. Сали...

Қ а л ы к (*ордунан туруп, азил-чын аралаш жаңы тост көтөрөт*). Қымбаттуу достор! Силердин майрамыңар — биздин майрам. Силердин ийгилигиңер — биздин ийгилик. Ылайым, майрамыңарга майрам, ийгилигиңерге ийгилик кошула берсин. А биз жаман кемпирим экөөбүз болсо, дайыма силердей досторубуз менен сыймыктанып жүрүп, бул жалган дүйнөдөн ичип-жеп, ойноп-күлүп өтүп кетели. Оомин!

Р а п и я. Мына эми кичине тостко окшоду.

С а л и. Эми ичсек жарашат. (*Ичишет*).

Қ а р а ч а ч (*Рапияга*). Иштериң кандай?

С а л и. Мындайча айтканда, кандай жаңылыктар бар?

Қ а л ы к. Ушул эле жуманын ичинде, биздин шаарда...

Р а п и я... жыйырма жуп киши никелешип, он эки жубу ажырашты. (*Баарысы күлүп алышат*).



Қ а р а ч а ч. Ушу сотто иштегендер да кызык адамдар көрүнөт. Ажырашабыз деп келишсе эле, ажыраштыра беришеби?

Р а п и я. Ха! Қантип эле ошентип калышсын? Айнытышат. Айрымдарын эки-үч ай, жарым жылга чейин сүйрөп барышат. Көп учурда бул жардам берет, кайра жашап калышат. А кээде соттун далалатынан эчтеке чыкпайт: дагы эле ээрчишип келип, отубуз күйүшпөй атат деп, отуруп алышат.

С а л и. А отунун күйбөй калганына кандай себептерди айтышат экен?

Р а п и я. Ар кыл. Мисалы, интеллигенттердин көпчүлүгү: сүйүүбүз түгөнүп калды дешет.

Қ а л ы к. Хэ! Сүйүүбүз түгөнүп калды... Жалаң сүйүү менен жашоого болбойт да?!

С а л и. Анан дагы эмне менен жашаш керек, доктор?

Қ а л ы к. Биздин чоң ата, чоң энелерибиз, адатта, өздөрүнүн тою күнү таанышышкан. Алар үчүн сүйүү тойдон кийин башталган. Анан ал сүйүү алардын башына чөп чыкканга чейин жеткен. А эгер жетпей калса, алар ага кайгырган эмес, турмушун бирге уланта беришкен...

Қ а р а ч а ч. А менин апам менен атамды он төрт жашында эле үйлөп коюшуптур. Эки-үч жылга дейре экөө ага менен карындаштай жашашат. Жаш балдарча ойноп-күлүшөт, мушташышат, жарашышат... Апам кайненеси менен бир төшөккө жатып жүрөт. Эки жылдан кийин гана кайненеси аны: «Э, өлүгүңдү көрөйүн десе, сен кимге күйөөгө тийгенсиң: магабы же менин баламабы? Бар эриң менен жат» — деп, өз койнунан кубалап чыккан экен. (*Күлүп калышат. Телефон шыңгырайт*).

С а л и. Ким болуп кетти мынчалык кеч чалган?

(*Кабинетине кирет. Кабинетинде да телефону бар*).

Алло? Токтоңузчу. Сиз ким менен сырдашканы атасыз? Мм... А Сали Бегматовго мынчалык зарыл сөздү ким айтканы атат?... Басинин теңтушу?

(*Сали мейманкана жакты бир карап алат*).

Қайсы Басинин? Анткорлонгонум жок, жөн эле сурап жатам, Баси деген көп да... А-а, профессор Мусулманкуловдун кызыбы... Ооба, быйыл каза болгон... Аны тааныймын...

(*Сали көпкө чейин кунт коюп угуп турат*)

А-а, сизди билдим. Мени [illegible], коркутайын деген экен-

2—439

Ош... областная библиотека Инв. №317631

сиз. Бирок, Басинин теңтушу, оюнуз ордунан чыкпай калды. Кош болунуз...

*(Бирок трубканы коё албайт).*

Мен ал кызды төрт айдан бери көрө элекмин!.. Эмне-е!

*(Мелтиреп бир точканы караган калыбында трубканы коёт. Кыйлага чейин эси оөп отурат да, анан өзү телефон чалат).*

Эсенсиңби, Баси? Бул менмин, Салимин. Уйкудан ойготкон жокмунбу? А-а... Апаң уктапаткандыр? Москвада? Эмне, командировкабы? Ой-ой, ой... Көп болдубу? Айыгып кетсин ылайым... Мм... Демек, сен азыр жападан жалгыз турбайсыңбы? А-а... Телефон чалганымдын себеби бул. Билесиңби, азыр бир кызык иш өттү. Угуп тур, күлөсүң. Кокусунан телефон шыңгырап калды. Трубканы алсам, бейтааныш аялдын үнү чыгат. Мен Басинин теңтушу боломун дейт, бул үндүн ээси. Коош, дедим. Тигил неме оозу-мурду кыйшайбай туруп, мына минтип айтты: билесизби, мен азыр эле Басинин алдынан чыктым; Баси мага бир сырын айтты; анын дейт, сени айтып жатат, беш айлык боюнда бар экен; а баланын атасы сиз болот экенсиз дейт. Калп айтсам, жигит өлөйүн, так ушундай деди... Демек, анын айтканы... чын экен да... *(Салинин ындыны өчө түшөт. Кыйлага чейин үнчукпай отурат да, акырында Басиге эч теке дебестен, трубканы коёт. Ошол бойдон талып отура берет. Бир маалда анын үстүнө Калык кирет.)*

Калык. Сали, биз паша-вазир ойномокчу болдук. Чүкөлөрүң каякта? *(Сали үнчукпайт)*
Э-э, сен эмне уткурган кумарпозго окшоп калгансың?

Сали. Эшикти жаап койчу.

Калык. Ичиненби, сыртынанбы?

Сали. Ичинен. *(Калык эшикти жаап, бери басат).*

Сали. Калык, менин үйүм күйдү.

Калык. А мен али түтүндү көрө элекмин. *(Азилге салып, аваны жыттап көрөт, бирок Сали азилин колдонбойт).*

Сали. Менин ордумда ар кандай айбан муну жашырмак. Бирок, мен уят-сыйытты жыйыштырып коюп эле, сага айтайын. Сен менин досум эмессиңби. *(Калык мурдагыдан кунт коюп угуп калат)*. Билесиңби, апендим, быйыл жазда мен бир кызга ашык болуп калдым. Көпкө чейин аны менен жолугушуп жүрдүм. Бирок бир жолу болорболбос жерден аны таарынтып алып, ошондон кийин көрүшпөй калдык эле. Азыр мен ошол кыз менен сүйлөштүм. Боюна бүтүп калыптыр. А баланын атасы менмин... Эмне кылам? *(Калык кыйлага чейин Салини сынай туруп, анан мулуюп коёт).*

Калык. «Сүйүүнүн кайыгы талкаланды көр оокатка урунуп»...[1]

Сали. Мышыкка оюн, чычканга көз жаш...

Калык. А ким чычкан? Сенби? Тапкан экенсиң чычканды. Жок, агайин, сен мышыксың, а чычкан, өзүң айткандай, азыр үйүндө көз жашын көлдөтүп олтурат.

Сали. Калык, мен бул түйшүктөн өзүмдү куткарышым керек. Мүмкүн болушунча, тезирээк. Эч ким биле электе. Билинип калса, менин иштерим чатагына айланат...

Калык. Түшүнүктүү... Кыздын өзү эмне кылсам дейт?

Сали. Билбейм. Мен аны сураштырууга чамам келбей калды.

Калык. Билгин. Эгер кыз макул болсо, баланы боюнан түшүртүш керек.

Сали. А макул болбосочу?

Калык. Анда бир гана жол калат.

Сали. Кандай?

Калык. Үйлөнүш керек.

Сали. Эки аял алууга уруксат жок.

Калык. Бала канча айлык болуптур?

Сали. Беш...

Калык. Тууган, ишиң куржун экен. Беш айында бала адам болуп калат. Маңдайында турган таалайсызды энеси жети айлыгында эле жарык дүйнөгө чыгарып жибериптир. Эмне айтайын дегенимди билип атасыңбы?

Сали. Эмне, беш айлыгында баланы алып таштоого болбойбу?

Калык. Болот. Андан медицинанын эчтекеси коробойт. Бирок адамкерчилик жагы бар эмеспи. Балага убал. Энеси оорукчан болуп калышы мүмкүн. А эгер бул анын биринчи баласы болсо, мындан кийин такыр төрөбөй калышы да ыктымал.

Сали. Бул анын биринчи баласы...

Калык. Мына көрчү.

Сали. Эми эмне кылам?

Калык. Эшек такалап жүрдүңбү, ушул убакка чейин?

Сали. Мен муну азыр эле угуп отурам.

*(Бирпаска үнчукпай калышат).*

---

[1] Владимир Маяковский. «Облако в штанах».

Калык (*этияттык менен сурайт*). А мүмкүн бала башка бирөөнүкүдүр?
Сали. Жок, жок. Мен Басиге ишенем. Баси андай кыздардан эмес.
Калык. Мм... Эмне кылыш керек? Мен, мисалы үчүн, сага жардам бере албайм...

(*Дагы унчугушпай калышат*).

Сали. А мүмкүн, Рапия жардам берип жүрбөсүн? Аял эмеспи...
Калык (*Салини тигиле карап туруп, ийнин куушуруп коёт*). Кааласаң айтып көрөйүн. (*Чыгып кетет. Сали дагы бир топко үңкүйүп отуруп, анан мейманканага келет. Мейманканада Калыктан башка киши жок*). Мен Рапияга айттым.
Сали. Эмне деди?
Калык. Карачачка айтайын деп кирип кетти.
Сали. Эмне?! Силер эмне жинди болдуңарбы?
Калык. Кой десем болбой койду. Карачачтан жашырыштын кереги жок, дейт. Карачач Салинин аялы, аны жакшы көрөт, демек, анын абалын түшүнөт, жардам берет деп айтты.
Сали. Комедия...

(*Пауза*).

Калык. Бечара...
Сали. Ким бечара?
Калык. Карачач.
Сали. Карачач? Карачачтын бул жерге кандай тиешеси бар?
Калык. Кантип дитиң барды аны алдаганга? Ушундай сулуу, ушундай акылдуу аялды?
Сали. Айтканың туура, Карачач — периште. Бирок азыр сөз ал жөнүндө бараткан жок да?!

(*Унчукпай калышат. Ашкана жактан Рапия менен Карачач кирет. Карачачтын колунда палоо салынган табак, а Рапиянын колунда чайнек пиялалуу патнус*).

Рапия (*жасалма шайырдуулук менен*). Мырзалар, палоо жейбиз.
Калык (*аялынын оюн колдойт*). Бах, палоо болбосоң, болбой кал.
Карачач (*дагы эчтеке сездирбеске аракет кылат*). Кана эмесе, палоого карагыла. Кол менен жегиңер келсе, кол менен жегиле, кашык десеңер, кашык менен...



Калык. Мен колум менен эле жеймин... Биссимила...
Рапия. А мен мындай ысык оокатка колумду салалбайм.
Карачач. Сали, сен эмне мелтиреп эле отуруп калгансың? Ашка кара.

(*Бардыгы унчукпай палоо жешке киришет. Бирок, качан Карачач Салиден уккан жаңылыкты сөз кылар экен дешип, кабатырланып отурушат. Карачач кыйладан кийин гана сөз баштайт*).

Ушундай дечи?
Сали. Кечирип кой. Кечире алсаң.
Карачач. Аргасыздан кечирем... (*Көз жашын сүртүп алат*).
Калык. Эмне үчүн аргасыздан?
Карачач. Кечирбесем, анда ажырашышым керек. А мен анте албайм. Ырас, ажырашпагандан кийин, кечиришим керек. Ушул.
Калык. Мм...
Карачач. Рапия... Калык.. Биз көптөшүп Салини куткарышыбыз керек.
Калык. Эмнеден?
Карачач. Чоң зыяндан, Калык. Эгер бул иш бизден башкаларга билинсе, Салиге чоң зыян келет.
Калык. Ушундай дегин...
Карачач. Силер бизге доссуңар. Силерге айта берсе болот...
Сали. Карачач, Карачач...
Карачач. Эмесе, мындай, достор. Салинин жаңы спектаклин республиканын мамлекеттик сыйлыгына, а өзүн болсо, анын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер деген наамга көрсөтүп жатышат.
Рапия. Оо-о!
Калык. Болсун, болсун.
Сали. Ой, байбичем ай. Азырынча сөз гана да.
Рапия. Төөгүн жерден сөз чыкпайт.
Карачач. Эми ушундай жакшылык иштер башталып атканда, жанагы кыздын чатагы чыкса, эмне болот?
Рапия. И-и, анда эле кудай урбадыбы.
Калык. Ооба, мындай иш үчүн эч ким эч кимди маңдайынан сылабайт.
Рапия. Карачач, биз экөөбүз тез арада кызга жолугуп, аны менен сүйлөшүп көрүшүбүз керек.
Сали. Эмне деп сүйлөшөсүңөр?

Р а п и я. Адегенде, алдап-соолайбыз. Ага болбосо, коркутабыз.

К а л ы к. Коркутабыз? Кантип?

Р а п и я. Анын жолу көп. Болсо болду, ал бир жерде иштейт, же окуйт. Ушундайбы?

С а л и. Окуйт.

Р а п и я. Мына көрчү. А студент деле мындай кыңыр ишин жашырат. Болбосо, жазаланат.

К а р а ч а ч. Иши кылып, боюнан түшүртүүгө макулдугун алсак болду эле.

Р а п и я. Ооба. Калганы оңой. Калганын Калык мойнуна алат.

К а л ы к. Байбиче, мен — хирургмун. А мындай иштерди гинекологдор жасайт.

Р а п и я. А сен ошо гинекологдор менен сүйлөшүп бересиң.

К а л ы к. Мен эч ким менен сүйлөшпөймүн!

К а р а ч а ч. Калык... Биз доспуз го?

К а л ы к. Ошентсе да, мындай ишке баралбаймын.

К а р а ч а ч. Эмне үчүн?

К а л ы к. Эмне үчүн... Силер өз жакыныңарга гана жан тартып атасыңар. А тиги кыз жөнүндө, анын курсагындагы беш айлык адам жөнүндө неге ойлонбойсуңар? Алардын убал-сообу кимге тиет? Башка киши түшүнбөсө да, Карачач, сен ал кыздын ал-акыбалын түшүнүшүң керек эле... (*Баарысы үнчүкпай калышат*).

К а р а ч а ч. Сенин айтканың да чын... Рапия, ушул ишти жөн эле койсок кантет? Жаш неме экен, убал го байкушка...

Р а п и я. Анда эмне болду?

К а р а ч а ч. Төрөсүн. Баласын мен багып алам. Албетте, берсе.

Р а п и я. А бербесечи?

К а р а ч а ч. Өзү баксын. Ушул үйгө келип. Мен бошотуп беремин. (*Кокусунан Сали күлүп жиберет*).

С а л и. Жок, бул оюнду токтотпосом болбой калды. Болбосо, өтө тереңдеп баратабыз.

Р а п и я. Оюн?

С а л и. Ооба. Кечирип койгула, бул обу жок оюнга силерди тартам деп, баарыңарды түйшүккө салып койдум. Ушундай, достор, бул оюн! Силер таанышып чыккан окуя, менин башымдан эмес, менин жаңы пьесамдын баш каарманынын башынан өтөт.

(*Беркилер бири-бирин карашат, анча ишене беришпейт*).



С а л и. Эмне, ишенбей атасыңарбы? Эмесе; угуп тургула... Пьеса минтип башталат. Убакыт түнкү саат он эки. Башкы каарман, анын атын Айдар деп коёлу, өз үйүндө телевизор көрүп отурат. Коңшу бөлмөдө анын аялы менен жаш баласы уктап жатышат. Кокусунан телефон шыңгырап калат. Айдар трубканы алат. Телефон чалган бейтааныш кыз болуп чыгат. Кыз өзүн Басинин теңтушумун деп тааныштырат. А Айдарга Баси деген ат тааныш. Басини теңтушу андан ары өзүнүн эмне үчүн телефон чалганын айтат. Басинин боюна бүтүп калыптыр, а баланын атасы сиз экенсиз дейт. Бул жаңырык Айдардын шаштысын кетирет. Айдар мунун калп-чынын билиш үчүн дароо Басиге телефон чалат. Баси өз теңтушунун сөзүн ырастайт.

(*Сали коньягын ичкенче, беркилерди бир сыйра сынай карап алат. Тигилер анын аңгемеси каерге барып такаларын али билбейт. Бирок кунт коюп угуп отурушат*).

Мен азыр ушерге чейин гана жаздым... Жазганымды бүгүн театрга ала барып, эки артисткага бердим. Ролдор ошолор үчүн жазылып жатат. Берип, кечинде ушул көрүнүштү телефон аркылуу, мындайча айтканда, кандай жазылса, так ошондой түрдө репетициялап көрөлү дедим. Айдардын ролун өзүм алдым. Бул менин экспериментим болчу, доктор. Чынымды айтсам, эксперимент мен ойлогондой жакшы өттү... (*Беркилер жеңилдей түшүшөт.*)

Р а п и я. О-о-ой, Сали!

К а р а ч а ч. Артист...

К а л ы к. А бизди неге тарттың бул оюнуңа?

С а л и. Сынагым келди. Сен деле бизди сынадың го. (*Күлүшөт*). Бирок менин сыноом мен үчүн чоң пайдага айланды.

Р а п и я. Кандайча?

С а л и. Силер аркылуу мен өз каарманым жөнүндө көп нерселерди билип алдым. Анткени, менин Айдарым дагы, анын тели-теңтуштары дагы биз куурактуу, бизге окшогон адамдар: бардыгы өздөрүн билимдүү, акылдуу, талантуу санашкан, кечирген турмуштарына бирде ыраазы, бирде нараазы кишилер...

(*Беркилер күлүп калышат*).

К а л ы к. Эчтеке эмес, сокур да таягын бир жолу жоготот. Биз да экинчи ирет өзүбүздү жинди кылдырбайбыз. (*Күлүшөт*).

Р а п и я. Кана эмесе, абышка, кайтпайлыбы эми?

К а л ы к. Туура айтасың, туралы.

Карачач. Каякка шашасыңар, дагы отурабыз.
Рапия. Жок, кеч болуп калды.
Калык. Абдан көп отурдук. Оомин эмесе...

*(Ордуларынан турушат).*

Рапия *(үй ээлерине)*. Рахмат. Сали, эртең кечинде биздикине келгиле, сенин пьесаңдын уландысын жазабыз. *(Күлүшөт).*

Сали. Болуптур, келебиз.

Калык. Сали, мен чалдыбар «Волгамды» сатып, ордуна стереопроигрыватель алайын деп жатам.

Сали. А анын сага эмне кереги бар?

Калык. Э-э, апендим, сен али аны уга элек экенсиң. Уксаң, минтип айтпас элең.

Рапия. Болуптур, эмесе, жакшы калгыла.

Карачач. Сали. Жакшы баргыла.

*(Меймандар кетишет. Эрди-катын мейманканага кайтышат. Карачач күйөөсүнө эркелей жөлөнүп алат).*

Карачач. Ох, өлгүдөй чарчадым.

Сали *(анын чекесинен өбөт)*. Чарчасаң, жатып эс ал.

Карачач. А сенчи?

Сали. Мен кичине отуруп, анан жатам.

Карачач. Болуптур. Жатарыңда мени ойготпо.

Сали. Бул өтүнүчүң аткарылбайт.

Карачач. Жинди...

*(Карачач жатаканага кирип, эшигин жаап алганча, Сали анын артынан карап турат да, кийин өзү да кабинетине кирип, эшигин жаап алат. Бирпаска телефон аппаратын телмире тиктеп туруп, анан чала баштайт. Бирок номерлерди аягына чейин албастан эле, айнып, трубканы ордуна коёт. Кайра мейманканага чыгат. Уурулукча аялы жаткан бөлмөнү карайт. Бөлмөнүн чырагы өчкөн. Сали бутунун учу менен басып барып, гардеробдон кийимдерин алып, эшикке карай жөнөйт).*

Басинин үйү.

Жакшы жасалгаланган мейманкана. Мейманканадагы диванда Баси китеп окуп жатат. Коңгуроо шыңгырайт. Баси ордунан шашып туруп, телефондун трубкасын алат. Бирок трубкадан үзгүлтүксүз гудок угулуп аткан болот. Басинин көңүлү сууй түшүп, кайра диванга келет. Ошо кезде коңгуроонун шыңгыраганы дагы кайталанат. Баси эми гана анын эшиктин коңгуроосу экенин билет. Бул ким



болуп кетти дегендей, таңданган, чочулаган түр менен коридорго чыгат.

Баси. Бул ким?

Сали *(сырттан)*. Менмин, Баси. Салимин.

Баси *(жаны жай ала түшөт)*. Сен эмне жинди болдуңбу? Түн жарымы болуп калды. Кошуналар көрсө эмне дейт?

Сали. Эч ким көргөн жок.

Баси. Баары бир. Анын үстүнө мен уктап атам.

Сали. А чырагың күйүп турат.

Баси. Болуптур. Эмнеге келдиң?

Сали. Сүйлөшкөнү.

Баси. Сүйлөшкөнгө эртең да күн бар.

Сали. Эртеңге чейин чыдай албаймын. Эртеңге чейин жүрөгүм жарылып кетет.

*(Баси мулуюп коёт).*

Баси. Күтө тур, кийинип алайын.

*(Жортекке ошентет. Өзү кийимчен. Күзгүгө келип, кыйлага чейин анын маңдайында ойлуу турат да, анан чечкиндүү барып, эшикти ачат).*

Баси. Кир...

Сали *(кирет)*. Менин сулуум.

*(Басинин чекесинен өбөт. Баси өзүн качырып коёт. Экөө мейманкананын ортосундагы столго басып келишет).*

Баси. Отур.

*(Отурушат. Кыйлага чейин сөз башташа албайт. Сали столдо жаткан сүрөттү алып карайт. Артын оодарып, жазуусун окуйт).*

Сали. «Менин эң жакшы көргөн адамым — Басиге. Артык». Мм... Ушундайбы али?

Баси. Ушундай. *(Сүрөттү алат)*. Сулуу жигит бекен?

Сали. Мм... Түзүк эле.

Баси. Сулуу жигит. Байкушум.. Эгер окко учпаганда, ушул ай, ушул күндөрү бошоп келип калмак.

Сали. Окко? Каяктагы окко?

Баси. Артык чек арада кызмат кылчу. Быйыл жазда, каргаша болуп, биздин чек араны бир нече душман бузуп өтөт. Артык алар менен аткылашат, сайгылашат, акырында өзү баатырларча курман болот. «Капкараңгы түн болчу,— деп жазат командири. —Артык шыбак баскан та-

лаада чалкасынан түшүп, жылдыздуу асманды карап жатыптыр, а колунда автомат...»

Сали. Демек, бул жаш баатыр сенин жакшы көргөн кишиң болгон экен да?

Баси. Кайтып келсе, үйлөнмөкпүз.

Сали. Мына эмесе.

Баси. Биз али бешикте экенибизде эле ата-энелерибиз кудалашып, мага сырга салып коюшуптур. Биз бирге чоңойдук, бир мектепте окудук... Айт сайын, майрам сайын ал мага, колуктусу катары, ар түркүн белек берип турчу...

Сали. Эмне үчүн мага бул жөнүндө мурда айтпадың?

Баси. Сага мунун эмне кереги бар эле...

*(Унчукпай калышат. Сали сөздү башка жакка бурат).*

Сали. Көрүшкөнүбүзгө көп болуп кетти.

Баси. А мен сени бүгүн көрдүм.

Сали. Каерде?

Баси. Театрда.

Сали. Эмне, спектаклге бардың беле?

Баси Угу....

Сали. Анда неге мага учурабадың? Басып келбейсиңби, куттуктабайсыңбы...

Баси. Мен сени куттуктадым. Гүл тапшырдым. Теңтуш кызым аркылуу.

Сали. А-а, ошол кыз сенин теңтушуң беле? Мм... Эми түшүндүм. Демек, театрдан чыккандан кийин, теңтушуң экөөң түура үйгө келесиңер. Бул жерде өзүңөргө чай кайнатып, куймак бышырганча, көрүп келген спектакль жөнүндө, мен жөнүндө сүйлөшө кетесиңер. Кокусунан, теңтушуң: «Баси, а Баси! Кел, Салиге телефон чалып, аны сынап көрөлү?» — деп калат. Сен муну колдоп кетесиң. Ушундайбы?

Баси. Калп айтам: мен театрга бармакчы элем, барбай калдым. Сенин театрда болгонуңду сага гүл тартуулаган кыздан уктум. Телефон аркылуу.

Сали. Телефон аркылуу... Мындайча айтканда, ал кыз сенин үйүңөн чыккан жок, сенин сырыңды уккан жок?

Баси *(жылмаят)*. Туура. Сага телефон чалган ал эмес.

Сали. Анан ким?

Баси. Мен.

Сали. Мен?!

Баси. Ооба. Үнүмдү өзгөртүп, албетте.

Сали. А-а, ушундайбы? Түшүнүктүү. Ээн үйдө жалгызсырайсың. Зеригесиң. Мен жөнүндө ойлой кетесиң.



Экөөбүз бирге өткөргөн күндөр эсиңе түшөт. Жоогазын гүлү баскан адырлар... Кызыл беде эгилген талаа. Ысык-Көлдүн жээги... Менин дачам... Баарын эстейсиң. Билинбей отуруп мага жүрөгүң жибийт. Алма-Атанын мейманканасындагы тарынчыңды да унута баштайсың. Мени кечиресиң, кайрадан мени менен жолугушкуң келет. Жолугушуунун жолун издейсиң. Түз эле телефон чалганга намыстанасың. Ойлонуп-ойлонуп отуруп... баланы табасың.

*(Сали булардын баарысын оюнга салып айтат. Бирок ушундай болуп калгай эле деп, Басини үмүт менен карап турат. Баси анын оюн түшүнүп, унчукпай отура берет).*

Чынымды айтсам, адегенде ишендим. Күтүлбөгөн жерден телефон чалдың. Мындай иш башыма түшүп көрбөгөн жаным, алдастап калдым. Үйдө меймандар бар болчу, өзүбүздүн тели-теңтуштар, аз жерден аларга айтып, алардан кеңеш, жардам сурабай калдым...

Баси *(үшкүрүп коёт)*. Өтө жакшы куралтырып сүйлөйсүң. Жазуучусуң да. А мен анте албайм. Менин сөздөрүм жөнөкөй, орой угулат. Мына угуп тур: Сали, менин чын эле боюмда бар.

Сали. Калп! Ишенбейм! Өзүңдү карачы, ушу сен беш айлык боюнда бар аялга окшоп турасыңбы?

Баси *(кычкыл жылмайып коёт)*. Ишенбесең, эмне үчүн келдиң?

Сали. Мен дагы көптөн бери сени менен кайрадан жолугушарга шылтоо таппай жүргөнмүн. Сенин шылтооң — менин шылтоом болуп кетти.

Баси. А мен шылтоо кылган жокмун! Ишенбесең, кете бер. Сага айтаар башка сөзүм жок.

*(Сали кете албайт. Кайра жоошуп, унчукпай отурат).*

Сали. Болуптур... Сен өзүң качан билдиң муну?

Баси. Төрт ай илгери.

Сали. А мага эмне үчүн мурдараак айтпадың?

Баси. Биз экөөбүз урушуп ажырашканбыз. Кайтадан сага барып, өзүмдү кемсинтким келбеди. Деги эле эч кимге билдирбей туруп жоготмокчу болгонмун...

Сали. Анан?

Баси. Колумдан келбеди. Ар түркүн дары-дармектерди ичтим, бейтааныш аялдардын айтканын кылдым, натыйжа бербеди...

Сали. А поликлиникага неге барган жоксуң?

Баси. Бардым. Шаарда канча поликлиника болсо, ошонун баарында болдум. Бирок кайсынысына барбайын,

апамдын тааныштарына туш келип аттым. Мен сага айтсам керек, апам гинеколог болуп иштейт. Шаардагы эң жакшы гинекологдордун бири. Баарысы аны билишет, сыйлашат. Кокус менин акыбалым бирөөлөр аркылуу ага жеткен болсо, ал айыккандын ордуна өлүп калат...

С а л и. Болуптур... Эми эмне кылабыз?

Б а с и. Билбейм.

С а л и. Мен дагы билбеймин...

Б а с и. Бечарам... Бирок көңүлүңө кетпесин, мени күнөөлөп жатат деп. Күнөө менин өзүмдө.

С а л и. Өзүңдү күнөөлөсөң, мени сүйүп калганыңа өкүнүп аткан экенсиң да?

Б а с и. Өкүнбөймүн. Бул турмуш да, Сали. Биринчи сүйүү кимге да болсо бир келип кете турган нерсе окшобойбу. Мага да келип кетти. Кыска гана убакка. Бар болгону бир жаз, бир жай, бир күзгө созулду бул сүйүү. Бирок ал эстен кеткис болду. Мен отузга толом, кыркка чыгам. А жыйырма жашым, менин биринчи сүйүүмдүн курагы, турмушумдун эң ажайып мезгили катары көз алдымда болот.

С а л и (*анын колдорун колуна алат*). Беш көкүлүм...

Б а с и. Ырас, азыркы акыбалым мени көп түйшүккө салып отурат. Мен шерменде болгону турам. Өзүм эле болсом, мейли эле, апамдын абийири төгүлгөнү жатат. Мен үчүн намыс кылып, азап чекпесе экен дейм... (*Пауза*). Бир жолу отуруп-отуруп, ушул шаардан кетким келди. Алыска, алыска, ээн бир кыштак болсо деп ойлодум. Мени билбеген, мени көрбөгөн. Ошол жерге барып жашасам, ошол жерде иштесем, ошол жерде баламды төрөп, ошол жерде чоңойтсом деп кыялдандым...

С а л и (*кызыга түшөт*). Анан?

Б а с и. Апамды кыя албадым.

С а л и (*ордунан туруп толкундап басат*). Кап, жакшы ойлогон экенсиң... Эң сонун ойлогон экенсиң... Ээн бир кыштак болсо. Сен ал жерге барып жашайт элең, төрөйт элең... А мен сенин артыңан издеп бармакмын...

Б а с и. Өзүңдүн «Волгаңда». А биз аталап алдыңан тосуп чыкмакпыз. Сен бир түнөйсүң дагы, эртесинде кайра Карачач эжеге карай жөнөп бересиң. А биз аталап артыңан узатып калабыз...

С а л и. А мен мүмкүн кетпесмин. Мүмкүн, биротоло силер менен калып калармын.

Б а с и. Анда Карачач эже тарынбайбы?

С а л и. Андан камтама болбо. Карачач али жаш, сулуу... Менден да жакшы эр таап алат.



Б а с и. А эмне үчүн али жаш, сулуу аялды таштап, мени менен жашагың келет?

С а л и. Сен андан да жаш, андан да сулуусуң. Карачач туубас. Сен болсо мени перзенттүү кылганы турасың. Төрт эле айдын ичинде.

Б а с и. Демек, Карачач эже экөөбүздү таразага коюп көргөн турбайсыңбы?

С а л и. Баси, экөөбүз абдан бактылуу жашайт элек. Экөөбүздүн кичинекей кыштагыбыз болмок. Тоонун этегинде, токойдун ичинде. Кыштактын эли абдан мээнеткеч, ак ниет адамдар. Биз ошолордун арасында жашап, алардын турмушунан алып пьесалар жазабыз. Мен курастырып айтып беремин, а сен машинкелейсиң... А кыштын узун түндөрүндө, очокко оттон улуу жагып коюп, жалындын жарыгында отуруп, Шекспирди окуйбуз...

Б а с и. Болуптур. Кеттик ошол кыштакка!

С а л и. Баси... Айдыңым... Адегенде сен барып турушуң керек. А мен артыңан издеп барамын.

Б а с и. А эмне үчүн бирге барбайбыз?

С а л и. Азыр мен даяр эмесмин. Мага бир жылдай убакыт керек. Бир жылдын ичинде менин турмушумда көп өзгөрүштөр болот. Мен ошол өзгөрүштөрдөн кийин гана бул шаарды, үй-жайымды таштап кете алам.

Б а с и. Ал эмне деген өзгөрүштөр?

С а л и. Кубанычтуу өзгөрүштөр, Баси. Менин жаңы спектаклимди республиканын мамлекеттик сыйлыгына, а өзүмдү анын искусствосуна эмгек сиңирген ишмери деген наамга көрсөтүп жатышат. Ушул сыйлык, ушул наамды алгандан кийин, эмне дешсе, ошол дешсин эле, сенин алдыңа барып, сени менен жашайт болчумун...

Б а с и. О-о-о... Ушундай эсеп-кысаптар бар дегин... Мм...

С а л и. Кана, Баси, эмне дейсиң буга?

Б а с и. Жок, Сали, жалгыз барбаймын. Жалгыз мен биздин ажайып кыштакты таба албаймын. Андан көрөкчө, сени күтүп турайын.

С а л и. Мейли.. Бирок баланы эмне кылабыз?

Б а с и. Өзүң чеч.

С а л и. Айран болдум. Баланы эңсеп турам. Мен аны көргүм келет, уккум келет. Бирок кантип? Билбеймин...

Б а с и. А мен билемин. Бул үчүн мен төрөшүм керек.

С а л и. О, Баси, бул өзүнөн өзү түшүнүктүү нерсе да. Мен ошо төрөгөндөн кийинки турмуш жөнүндө ойлоп, башым катып атпайбы. Төрөгөндөн кийин баланын күнү эмне болот? Биз ага кандайча мамиле кылабыз? Эл эмне

дейт? Закон эмне дейт? Экөөбүз эрди-катын эмеспиз да.

*(Баси аны карап туруп, күлүп жиберет. Күлкүсү туздуу чыгат).*

Б а с и. Бечара, Сали... Мен сага бир чындыкты айтайынбы?

С а л и. Айт...

Б а с и. Билесиңби, мен биздин бирге жашаарыбызга ишенген эмесмин. Башынан эле. Сенин оозуңдан чыккандан тартып эле.

С а л и. Анан эмнеге кеттик дедиң?

Б а с и. Сынагым келди. Сени жакшылап билгим келди.

С а л и. Түшүнүктүү... Демек, бала...

Б а с и. Ооба, Сали. Коркпой эле кой.

С а л и. Жез кемпир...

Б а с и. Ушул элеби? Эмне үчүн бакырып-өкүрбөйсүң? Эмне үчүн жаагыма чаппайсың? Байкушум. Баладан кутулганыңа сүйүнгөнүң ушунчалык, мага ачууланганга да кудуретиң жетпей калды. Мени бирпаста кечирип койдуң.

С а л и. Мунуң туура... *(Кыйлага чейин үнчүкпай калат).* Бүгүнкү түндө мен өзүм жөнүндө көп нерселерди билдим. Билип, өзүмдөн өзүм көңүлүм калып отурат.

Б а с и. Мен дагы бүгүн көп нерселерди билип-түшүндүм. Өзүм жөнүндө. Башкалар жөнүндө... *(Экөө дагы үнчүкпай калат).*

С а л и. Билесиңби, Баси, мындан көп жылдар мурун менин карамагымда, сага окшогон, жаш, сулуу, таза боз балам бар эле. Кийин мен аны жоготуп койдум.

Б а с и. А сен аны издеген жоксуңбу?

С а л и. Жок... Кез-кез гана эстеп, сагынып калам.

Б а с и. Анда издеп, кайра табышың керек экен.

С а л и. Табылат деп ойлойсуңбу?

Б а с и. Издеп көр.

С а л и. Макул. А эгер таап калсам, аны сага тартуу кыламын.

Б а с и. Мага караганда, ал сенин өзүңө керегирээк... Болуптур эмесе, үйүңө бар эми. Кеч болуп калды...

С а л и. Жакшы кал.

Б а с и. Жакшы бар...

*(Сали чыгып кетет. Баси анын артынан ойлуу карап калат).*

Б а с и. Кош бол.

*(Кыйладан кийин эшиктин коңгуроосу зыңгырайт).*

Ким?



*(Жооп ордуна эшик шарт ачылып, чемодан көтөрүп солдат кирип келет).*

А р т ы к. Кечирип кой, эшигиңер ачык экен.

Б а с и. Артык!

*(Артыкты утурлай басат).*

А р т ы к *(ага честь берет).* Сержант Баатыркулов Артык аскер кызматын бүтүрүп, өзү айткан күн, саатында алдыңызга келип турат!

Б а с и *(ага колун сунат).* Куш келипсиз, жолдош сержант.

А р т ы к. Кудай кушбак кылсын.

Б а с и. Кана, чечин, отур. А мен чай коёюн.

А р т ы к. Чайды анан ичебиз. Баси. Андан көрөкчө бирпас мандайымда турчу, жакшылап көрүп алайын.

Б а с и. Макул, Мына көрүп ал.

А р т ы к. Мм... Ушундай келишкен кыз болуптурсуз, ээ?

Б а с и. А сиз ушундай келишкен жигит болуптурсуз да.

*(Экөө тең күлүшөт).*

А р т ы к. Айткандай, мен бакылдап эле сүйлөп атам да. *(Жатаканага карап баш ийкеп, шыбырап сурайт).* Уктап атабы?

Б а с и. Апам үйдө жок. Москвада жатат.

А р т ы к. И-и.. Качантан бери?

Б а с и. Көп болду.

А р т ы к. Түзүкпү анан?

Б а с и. Угу. Он күндөн кийин үйгө келет.

А р т ы к. Ой, жакшы болгон турбайбы.

*(Чечине баштайт. Анын көкүрөгүндө көп сандаган БГТО, ГТО, комсомол значокторду менен кошо бир медалы болот. Басинин медалга көзү түшөт.)*

Б а с и. Кана көрсөтчү! Баягы медалың ушулбу?

А р т ы к. Ушул...

Б а с и *(медалды кармалап көрөт).* Ушу сен эрдик жасадың ээ?

А р т ы к. Ананчы! Азамат бекенмин?

Б а с и. Азаматсың. А ок тийген жериң таптакыр айыгып кеттиби?

А р т ы к. А-а ошондо эле айыккан. Кичине эле жанып кеткен болчу да.

Б а с и. А эми айтчы, эмне үчүн командириңдин катын мага жибердиң?

А р т ы к. А-а... Мен али госпиталда болчумун. Бир кү-

нү командирибиз келип, мен сенин эрдигиң жөнүндө өзүңдүн жакындарыңа жазып жиберейин, сүйүнүп калышсын деп калды. А менин эки эле жакын кишим бар дедим. Бири — чоң энем, айылда жашайт, экинчиси — колуктум, шаарда жашайт. Кечирип кой, мен сени ошентип койдум. Чоң энем кат таанып байт дедим. Кокус менин жарадар болуп ооруканада жатканымды билсе, ал киши ийнине куржунун асынып, колуна таягын алып алып, мени көздөй жөнөп берет. Ошондуктан, кары кишини убара кылбай эле, колуктума жаза бериңиз. Ал бийкеч биздин ким экенбизди билип койсун дегем...

Б а с и. Жакшы кылыпсың. Мен ал катты апама окуп бергенмин. Апам бечара куду өз баласына сүйүнгөндөй сүйүнгөн. Ал сени жакшы көрөт эмеспи.

А р т ы к. Мен дагы ал кишини өз энемдей жакшы көрөм.

Б а с и. А менин жообумду командириң сага айттыбы?

А р т ы к. О-о, ананчы! Дем алыш учурунда баарыбызга окуп берген. Ошондо менин көңүлүмдүн көтөрүлгөнүн айтпа, сыймыктанганымды айтпа... *(Диванга отура берип, өз сүрөтүнө көзү түшөт)*. А-а, биз жаткан турбайбызбы бул жерде бакыйып...

Б а с и. Кечирип кой, тосуп чыга албай калдым. Жакшы эле уктабай, саат экини күтүп отурдум эле, кокусунан, үйгө киши келип калды...

А р т ы к. Тосуп чыкпаганың деле жакшы болгон экен. Эшик абдан суук болуп турат. Анын үстүнө биздин поезд жыйырма минут кечигип келди. Мен бир чети, сени вокзалда болсо экен деп тилеп келатсам, бир чети, уйкудан калып, суукта үшүп турса керек, байкушум деп, аяп келаттым.

Б а с и. А келсең, вокзалда мен жокмун...

А р т ы к. Келсем, сен жоксуң. Бардык жүргүнчүлөрдү тосуп алып жатышат. А мен болсо жападан жалгыз эки жагымды элеңдеп туруп калдым.

Б а с и. Бечарам.

А р т ы к. Тосуп чыкпаганыңа деле кайыл элем. Бирок бүгүн өзүңдү көрөмүн деп делбирип келгенмин. Ушуга аябай ичим ачышты. Туруп, туруп, мейли эми, азыр болбосо, шаар менен учурашабыз дедим да, [illegible] мейманканага кеттим. Мейманканага [illegible] туруп, орун жок. Экинчисине барсам — ор[illegible] [illegible]найып дагы...

Б а с и. А эмне үчүн туура эле [illegible] [illegible]үнө [illegible] бул



үйдөн ким кубалап чыкмакчы эле? Мурда деле түнөп калып жүрбөдүңбү?

А р т ы к *(жылмаят)*. Калп айтам. Туура эле ушул жерге келдим... Карасам, таң атканга чейин сени көрбөстөн туралчудай эмесмин. Болбосо, вокзалдын өзүндө деле түнөп калмакмын.

Б а с и *(жылмаят)*. Апенди... Коош, ушинтип кутулуп келип калдың? Эми эмне кыласың? Кайра өз заводуңа барасыңбы?

А р т ы к. Жок, Баси. Өз кыштагыма кетем.

Б а с и. И-и? Шаарлык болмокчу эмес белең?

А р т ы к. Чынымды айтсам, шаарлык болоюн деген деле оюм жок эле. Мен бул жерге окуп, билим алмакчы болуп келгенмин. Бирок, өзүң көрдүң, окууга өтө албай калбадымбы. Ошондо эле кетип калмакмын. Бирок, экзамен тапшырып жүрүп, сени менен таанышып, кийин сени таштап кете албай, аргасыздан заводго орношуп калганмын. А заводдон армияга алып кетишти...

Б а с и. А эмчи? Эми мени таштап кете бересиңби?

А р т ы к. Жок, Баси. Амалым жоктуктан гана кетип атам.

Б а с и. А анчалык эле кандай себеп болуп калды?

А р т ы к. Чоң энем чакырып атат. Беш күн болсо да жанымда бол дейт. Үйлөн... Сенин балаңды көтөрүп жүрүп өлүп кетейин дейт. А мен анын айтканын кылышым керек, Баси. Менин атам да, энем да ошол кемпир. Муштумдайыман тартып багып чоңойткон адам. Эми карыганда аны кароосуз таштап коюп, өзүмдүн бул жакта жүрүшүм окшобой атат. Аз болсо да жанында жашап, кызматын кылып, карызымды кайтарайын...

Б а с и. Туура кыласың.

А р т ы к *(кыйналып жатып айтат)*. Баси... Андан көрө, мени менен жүрбөйсүңбү?

Б а с и. Эмне үчүн?

А р т ы к. Мм... Жер көрөсүң, эл көрөсүң...

Б а с и. Рахмат, Артык. Баралбаймын. Жакында апам келет дебедимби, үйдө болушум керек.

А р т ы к. А сен ага чейин кайтып келип каласың! Мен өзүм алып келем! Мен дагы ал киши менен жүз көрүшүп, ал-акыбалын сурап кетишим керек. А Баси? Жүрсөң? Чоң энем абдан сүйүнүп калат эле.

Б а с и. А эмне үчүн ал киши менен барганыма сүйүнүшү керек?

А р т ы к. Билесиңби, өткөн жылы отпускадан кайтып кетип жатсам, кемпир ыйлактап, сенин кайтып келишиңе

3—439

бар боломбу, жок боломбу, сенин аялыңды да көрбөй калат окшоймун, сенин балаңдын үнүн укпай кетет окшоймун дей бергениң, мен анын көңүлүн көтөрүш үчүн: сен мен келгенче өлбөй тургун, чоң эне; менин Фрунзеде колуктум бар; аскерден бошоп келатып аны ала келемин; андан көрө тойго камына бер деп койдум эле. Бекер айткан экенмин. Мен кеткенден бери кемпир тойго даярданып атыптыр. Ал тургай, күн мурунтан элди да тойго чакырып коюптур. Жакында бир теңтушуман кат алдым. Бүт айыл сенин тоюңду жейбиз деп күтүп турушат деп жазыптыр. Эмне кыларымды билбей калдым. Коркоюп жалгыз барсам, чоң энем байкуш ошол күнү мүрт кетеби деп коркуп атам...

Баси. Ох, Артык, Артык, бала элесиң да... Кана, айтчы мен сени сүйөмүн деп айттым беле эч?

Артык *(сабыры суз)*. Жок...

Баси. Мен сени күтөмүн деп убада бердим беле?

Артык. Жок. Эмне үчүн минтип сурайсың?

Баси *(куду өзүнө өзү айткандай)*. Кудайга шүгүр. Эч кур дегенде сенин алдыңда айыбым жок.

Артык. Айыбың жок.

Баси. Артык, сен мага үйлөнгүң келет, ушундайбы?

Артык. Сени биринчи көргөн күндөн бери тилегең тилегим ушул. Сен билбейсиң, бул өткөн эки жыл мен үчүн ушунчалык кыйын да, ушунчалык рахаттуу да жыл болду. Мен ой-кыялымда сени менен гана жашап келатам.

Баси. Рахмат. Мен да сени жакшы көрөм Артык. Сен мага бир тууганымдай болуп калдың. Бирок, мен сага күйөөгө чыга албаймын...

Артык. Билем...

Баси. Эмнени билесиң?!

Артык. Мен сенин теңиң эмесмин.

Баси. Теңимсиң. Сен менден жогору турасың билсең. Бирок кеп мында эмес...

Артык. Анда эмнеде?

Баси. Мейли, айтып берейин. Менден көңүлүң калсын, күдөрүң үзүлсүн... Артык, мен бир аялы бар адамды сүйүп калдым. Ал адам сенин алдыңда эле ушул жерден чыкты. Чыгып, аялынын алдына кетти...

Артык. Мм... Эми эмне болот? Ал киши аялын таштап, сага үйлөнөбү?

Баси. Жок.

Артык. Эмне, сени менен жашаганды каалабай атабы?



Баси. Мен каалабадым аны менен жашаганды. Мен муну бүгүн түшүндүм.

Артык. Демек, башың бош экен да?

Баси. Бош...

Артык. Анда кеттик, Баси! Бизди той күтүп атат!

Баси. Жинди. Төө десем, бээ дейт...

Артык. Биз үйлөнөбүз... Балалуу болобуз... Балабыз сени «ап-оо» деп, мени «ат-оо» деп чакырат...

Баси. Тообо, ушундай да адамдар болот экен ээ?..

Артык. Мен ага жыгачтан жел бешик жасап, гүлдөгөн шабдаалынын шагына асып коём. Аарылардын ырын тыңшап, ойноп жата берсин...

Баси. Каяктагы шабдаалыны айтып жатасың?

Артык. Биздин үйдү туш тараптан шабдаалы дарактары курчап турат. Өтө көп шабдаалылар. Мен өзүм тигип көгөрткөнмүн. Мына бул колдорум менен. Беш жыл илгери. А азыр баары мөмө берип калды. Бирок мен алардын мөмөсүнөн дагы, гүлдөгөн мезгилин жакшы көрөм. Ой, ушундай ажайып гүлдөйт дейсиң. Үйүбүз суунун боюнда да. Шабдаалылар гүлдөгөн учурда, наркы өйүздөн сууга түшкөн кыз-келиндер, сууларын сузуп коюп, биздин үй жакты эле карап туруп калышат...

Баси. Үйүбүз суунун боюнда дейсиңби?

Артык. Кичинекей дарыянын жээгинде.

Баси. Үйүңөргө анын шоокуму угулуп турар?

Артык. Ооба, күнү-түнү дебей шаркырап турат. Анын суусу ушунчалык тунук, күндүзү болобу, же айдын жарыгында болобу, таштардын арасында жаткан форель балыктарын көрөсүң. Балыктар абдан баёо. Бир жолу мен ат жетелеп өтүп келатып, колум менен эле бирөөн кармап алганмын...

Баси. Эмне, атыңар да барбы?

Артык. Бир картаң бээбиз бар. Бирок жылына бирден кулун тууйт. Өзү абдан жоош. Дарыянын өйүзүндөгү шиберге кулуну менен аркандап коёбуз да, энем экөөбүз алмак-салмак саап өтүп турабыз. Бир жаман жери — такыр көпүрөдөн өтпөйт...

Баси. Көпүрөңөр кичине да. Эки-үч эле жыгачты жаткырып койгонсуңар...

Артык. Туура. Бирок сен каяктан билесиң?

Баси. Жазында суу киргенде, аны улам агызып кетип турат. Ооруканасына бараткан врач кыз, башка көпүрө издеп, сууну бойлоп чуркап жөнөйт...

Артык. Эгер ал врач кыз менин үйүмдөн чыгып, ме-

нин үйүмө кайтчу болсо, ал үчүн күн сайын жаңы көпүрө салып берип турат элем...

Баси. Эх, кандай бай адамдарсыңар...

Артык. Бул эмне дегениң?

Баси. Жанагы сенин алдында чыгып кеткен кишинин өз үйү, дачасы, машинеси, атак-даңкы бар. Ал булардын баарын жакшы көрөт. Эч кимисин эч нерсеге алмашпайт. Ал турмак сүйүүгө дагын... Сен болсо, бир сулуу кыштактын ээси экенсиң. Менин гана эчтекем жок.

Артык. Кааласаң, менин кыштагым — сенин кыштагың болот. Бул аздык кылса, мен сага Кыргызстандын баарын тартуу кылам!

Баси. Чын элеби?

Артык. Бүткүл тоо, токойлору менен, миңдеген дайра, көлдөрү; көркүнө көз тойгус чөлдөрү менен; мээнеткеч, сыпайы элдери менен. Бардыгы сеники болот!

Баси. Бардыгын мага берип коюп, өзүң эмне кыласың?

Артык. Уруксат этсеңиз өзүмдү да сиздин колуңузга тапшырсам. Өмүр бою кызматыңызда болот элем.

Баси. Колуңдан эмне келет?

Артык. Жоокер болуп, чек араңызды коргоймун. Уста болуп, үйлөрүңүздү курамын. Дыйкан болуп, эгиниңизди эгемин. Малчы болуп, малыңызды багамын. Карыпарыгыча айныбай өзүңүздү сүйүп өтөмүн. Көп сандаган балдарыңызга ата болуп беремин...

Баси. Болуптур. Ушу минутадан баштап, бүт Кыргызстан анын ээси менен кошо менин менчигиме айланып, турмушума кирсин.

Артык. Рахмат, ханышам...

*(Басинин алдына чөгөлөп, ага таазим кылат. Баси эңилип, анын маңдайынан өбөт).*

**Көшөгө**

# КҮНӨСТҮҮ АРАЛ

## *(Жети адам жана бир арыстан тууралу баяндаган эки бөлүмдүү фантазия)*

КАТЫШУУЧУЛАР:

Жаңыл.
Искендер.
Зулайка.
Алишер.
Серкебаев.
Осмон.
Айкыз.

Жаратылыш музейи деп аталган чакан зал. Залдын ичи жупуну. Дубалдарында тоо, токойдун чоңойтулган эки-үч даана фотосүрөтү илинген. Оң жак жана сол жак тарабында айрым жапайы парандалардын[1] жана суур, кашкулак, кирпи чечен сыяктуу майда жаныбарлардын кептери жайгашкан. Ал эми орто ченде, залдын төрүндө, чоң үңкүр бар. Үңкүрдүн ичин өскүлөң ак чөп каптап, ак чөптүн арасында кандайдыр кодоо дарактар өсүп, зор-зор таштар өркөчтөнүп чыгып турат. Үңкүрдүн оозунда балта, күрөк, чака шагыл, ак чөпкө окшогон нерселер жана бир нече ишке кийчү желектер[2] чачылып жатат. Булардан тышкары музейдин бир чакан столу, телефону, эки креслосу бар. Музейдин залы жердин астында, ошондуктан, терезелеринен түшкөн жарыкка карабастан, ичи караңгы.

Музейге биринчи болуп Зулайка келет. Ал көпкө чейин убаралanып жатып эшикти ачат. Эшик ачылышы менен арыстандын катуу арылдаганы угулат. Зулайка чырактарды жандырат, Залдын ичине бир сыйра көз жүгүртүп чыгат. Анан креслого отуруп, сумкасынан күзгү, эндик алып, эриндерин боёй баштайт.

Бир пастан кийин сырттан жашы кыркка барып калган, узун бойлуу, толмоч, тоголок бет эркек кирет. Бул — Серкебаев.

Серкебаев. Саламатсызбы.

Зулайка *(күзгү, эндигин жашыра коюп, ордунан турат)*. Келиңиз...

---

[1] Паранда — канаттуу;
[2] Желек — халат;

Серкебаев. Жанагы коомдук башталышта ачылып аткан жаратылыш музейи ушулбу?

Зулайка. Ооба.

Серкебаев. Уф... Араң таппадымбы. Жүз чакты үйдүн астына түшүп чыктым. Же эшигиңерде жазууңар да жок.

Зулайка. Али иле элекпиз.

Серкебаев. Илиш керек.

Зулайка. Илебиз.

Серкебаев. Коош, көрөлүчү музейиңерди...

Зулайка. А-а... музейибиз ачыла элек. Ачылганда келиңиз.

Серкебаев. А качан ачылат?

Зулайка. Дагы кичине ишибиз калды. Ошону бүтүрсөк эле, ачабыз.

Серкебаев. Ал ишиңер качан бүтөт?

Зулайка. Мүмкүн, бүгүн эле.

Серкебаев. Демек, бүгүн иштөөчү болсоңор, баарыңар ушул жерге чогулат турбайсыңарбы?

Зулайка. Ооба. Азыр келе башташат.

Серкебаев. Эң сонун! Мен күтөмүн. Ага чейин музейиңер менен таанышып турайын. *(Экспонаттарды көрө баштайт).*

Зулайка. Кечиресиз, сиз ким болосуз?

Серкебаев. Мен — журналистмин. Силер жөнүндө жазганы келдим.

Зулайка. О, жакшы болгон турбайбы. Көрүңүз, көрүңүз.

Серкебаев. Кашкулак... Суур... Кирпи чечен... Айбанаттар аз го? Же көргөзмөгө коюла электери да барбы?

Зулайка. Азырынча болгону ушул. Жаңыдан гана куралып атпайбызбы.

Серкебаев. Кап... Силерден көрөм деп келсем, силерде да жок турбайбы.

Зулайка. Эмне жок?

Серкебаев. Арыстан. Арыстан — менин эң жакшы көргөн жаныбарым.

Зулайка. Ой, арыстанды менен да жакшы көрөм! Менин шериктерим дагы!

Серкебаев. Ошондойбу? Анда эмне үчүн арыстаныңар жок?

Зулайка. Болот!

Серкебаев. Качан?

Зулайка. Жакында эле! Тигил үңкүрдү көрдүңүзбү? Ошонун ичине кичинекей оазис жасап атабыз. Оазисти



«Күнөстүү арал» деп атап койдук. Мына ошол «Күнөстүү аралда», жалгыз арыстан жашамакчы.

Серкебаев. О-о! А акыры мен издегенимди иба турган болдум.

Зулайка. Кудай буюрса. А азырынча болгонун көрүп туруңуз. Менимче, экспонаттарыбыз жаман эмес, кандай дейсиз?

Серкебаев. Жок, жаман эмес. Аздыгы эле болбосо сапаты жагынан кадимки музейдегилерден калышпайт. Мага, айрыкча, мына бул кептер жагып турат. Ким жасаган?

Зулайка. Искендер. Искендер Айтиев деген жигитибиз.

Серкебаев *(блокнот, калемин алып жаза баштайт).* Сүрөтчү Айтиевдин баласы эмеспи?

Зулайка. Жок. Искендердин атасы бечара эле адам. Соода тармагында иштейт.

Серкебаев. А өзүчү?

Зулайка. Зоология музейинде. Кеп жасайт.

Серкебаев. Демек, кеп жасоо — анын негизги кесиби турбайбы?

Зулайка. Кесиби боюнча — биология мугалими. Бирок, Искендер мугалим болуп иштеген эмес. Анын оймаксаты: илимпоз болуу. А зоомузейге кокусунан эле орношуп калган. Эртедир-кечтир ал жерден кетет. Үй алсам эле, кетем, деп жүрөт. Бир жылдын нары-берисинде үй тиет имиш.

Серкебаев. Музейди алдаганы аткан турбайбы.

Зулайка. Музейге беш жыл иштеп бериптир, ошонусу бир үйгө кантип арзыбасын.

Серкебаев. Айтыңыз да туура. Айтыңызчы, Искендер бул терилерди кантип табат?

Зулайка. Ар кандай жол менен. Бирөөн атат, экинчисин сатып алат.

Серкебаев *(азилге салып).* Үчүнчүсүн зоомузейден катып алат.

Зулайка. Анысын билбеймин. Билгеним, музей үчүн Искендер эчтекени аябайт. Жан-дили менен иштейт. Музейибиздин уюшулушуна да ошол себепкер. Албетте, өзү эле эмес. Жаңыл экөө.

Серкебаев. Жаңылыңыз ким?

Зулайка. Искендердин колуктусу.

Серкебаев *(жазууга камданат).* Фамилиясы?

Зулайка. Алтымышбаева.

Серкебаев. Академик Алтымышбаевдин кызыбы?

З у л а й к а. Анысын билбеймин. Деги ата-тегинин сизге эмне кереги бар? Иштеген жерин, кесибин билип алсаңыз болду да.

С е р к е б а е в. Аныңыз да туура. Жаңылдын иштеген жери, кесиби?

З у л а й к а. Киностудияда иштейт. Мультфильмдерге сүрөт тартат.

С е р к е б а е в *(жазып алат)*. Киностудия. Демек, биздин шаарда коомдук башталышта жаратылыш музейин ачуу идеясы Искендер Айтиев менен Жаңыл Алтымышбаевага таандык турбайбы?

З у л а й к а. Ооба, А биз шаардын тилектештерибиз, жардамчыларыбыз.

С е р к е б а е в. Биз дегениңиз кимдер?

З у л а й к а. Мисалы, Осмон Исмаилов. Үчүнчү төрөт үйүнүн врачы.

С е р к е б а е в. О, үчүнчүдө менин кызым төрөлгөн. Бирок аны аял киши төрөткөн. *(жазат)*. Демек Осмон Исмаилов, үчүнчү төрөт үйүнүн врачы.

З у л а й к а. Алишер Эгембердиев. Бу кишинин аты-жөнү сизге тааныш эмеспи?

С е р к е б а е в. Эт-сүт өнөр жайынын министрине тууган болот го?

З у л а й к а. Билбейт экенсиз. Алишер — штанга боюнча республиканын эксчемпиону. Азыр тренер. Өзүнө окшогон бир килейген кыргызды сексенинчи жылкы олимпиадага даярдап жатат.

С е р к е б а е в. А-а... Штангисттер менен ишим жок.

З у л а й к а. Мен деле кызыкпайм. Бирок Алишер менен таанышкандан бери алар жөнүндө ажайып нерселерди билип алдым. Көрсө, буларыңыз, сырткы сөөлөтүнө, күчүнө карабастан, абдан нервний келишет турбайбы. Мисалы үчүн, көп учурда, машыгуу мезгилинде жетишкендиктерин, элдин алдына чыкканда, сүрдөп, кайталай албай калат имиш. Шондуктан, элге чыгардан мурда нашатыр жыттап алышат экен. Алишер өз алдынча үч жыл бою республиканын чемпиону болуп жүрүптүр, а элдин алдында бир гана жолу. Тилекке каршы, шакирти да Алишердин жолу менен баратыптыр. Машыгууда күн сайын Союздун рекордун көрсөтүп аткан жигит, мелдештерде Фрунзе шаарынын рекордун араң көрсөтөт экен. Бечара Алишер эмне кыларын билбей жүрөт. Нашатыр да таптакыр жардам бербей калыптыр...

С е р к е б а е в. Кечиресиз, айткандарыңыз абдан кызык экен, бирок менин макалама эч тиешеси жок болуп атат. Андан көрө таанышуубузду улантaлы. Дагы ким калды?

З у л а й к а. Мен.

С е р к е б а е в. Аты-жөнүңүз?

З у л а й к а. Зулайка Сыдыкова.

С е р к е б а е в. Иштеген жериңиз, кесибиңиз?

З у л а й к а. Номур бешинчи мектеп. Мугалим.

С е р к е б а е в. О, атактуу мектепте иштейт турбайсызбы. Кыргызстандын белгилүү кишилеринин көпчүлүгү ушу мектептен чыгышкан. Министрлер, академиктер, жазуучулар.

З у л а й к а. Сиз ошо кишилердин бирисиз го?

С е р к е б а е в. Тилекке каршы, мен ал мектептен окуй албай калдым. Болбосо... Эми кызымды силерден окутайын деп атам. Быйыл жетиге толот.

З у л а й к а. Бериңиз, бериңиз. Ажап эмес, кызыңыз өзүңүз айткан кыргыздын белгилүү кишилеринен болуп чыкса...

С е р к е б а е в. Айтканыңыз келсин, ылайым... Демек, музейди музей кылып аткан ушу бешөөңөр турбайсыңарбы?

З у л а й к а. Ооба.

С е р к е б а е в. Түзүк, түзүк... *(Чөнтөгүнөн сигареттин кутусун алып чыгат. Кутуда сигарет жок болот)*. Кап, сигарет да түгөнүп калыптыр. Магазин алыспы? .

З у л а й к а. Ушу биздин үстүбүздөгү үйдүн бурчунда.

С е р к е б а е в. Сиздин шериктериңиз келгенче барып келе коёюн. *(Серкебаев чыгып кетет. Зулайка ордунан туруп жерде жаткан желектердин бирөөн кие баштайт. Жаңыл кирет)*.

Ж а ң ы л. Салам, Зулайка эже!

З у л а й к а. Салам, салам, Жаңыл.

Ж а ң ы л *(сумкасынан кичинекей уя алып чыгат)*. Эже, караңызчы.

З у л а й к а. Ой! Эмненин уясы?

Ж а ң ы л. Торгойдуку. Кечээ атам экөөбүз дачага барганбыз, ошол жактан таап келдим.

З у л а й к а. Эми муну бир ылайыктуу жерге коюш керек.

Ж а ң ы л. Анан коёбуз. *(Жаңыл уяны аманат гана орноштурат да, желек кие баштайт)*. Зулайка эже?

З у л а й к а. Ов!

Ж а ң ы л. Түшүндө эчки көрсө эмне болот?

З у л а й к а. Мм... Менимче, эчки — ооруу. Эмне, түшүңө эчки кириптирби?

Ж а ң ы л. Ооба. Шаардын борбор көчөсү менен бир кара кемпир он чакты эчки айдап баратыптыр. Туш тарабынан зуулдап машинелер өтүп турат. Ал кемпир камырабай эчкилерин айдап баратат. Карасам, кемпир — өзүмдүн чоң энем экен. Атамдын апасы. Өз апасы эмес, албегте багып алган апасы. Өз ата-энесин атам билбейт. Мен кемпирден көзүмдү албай, кемпирдин өмүрү үчүн кабатырланып карап турдум. Бир маалда кемпир зымырап бараткан троллейбустун далдаасында калды. Мен, коркуп, кыйкырып жибердим. Кыйкырып, өз кыйкырыгымдан ойгонуп кеттим.

З у л а й к а. Эчтеке эмес. Эчкилерди чоң энең айдап бараткан турбайбы. Ооруса, ошол ооруйт экен.

Ж а ң ы л. Фу, айтканын көр. Оорубасын бечара. Абдан жакшы кемпир. Өткөн жылы келип, бир ай биздикинде жашап кеткен. Экөөбүз бир бөлмөдө жатчубуз. Кемпир өзүнүн жашаган жери, ал жердеги эл, алардын кечирген турмушу жөнүндө божурап узак-узак сүйлөп берчү. Кемпирдин айтышына караганда анын жашаган жери бир ажайып жер экен. Тоо, токой... Бир жолу аябай куса болдум. Ошондо бардыгына кол шилтеп коюп, ошол жакка кетип калгым келди. Биротоло. Бүгүн да ошентип турам.

З у л а й к а. Ха, ишене койдук. Искендерди таштап, сен эч жакка кете албайсың.

Ж а ң ы л. Айтмакчы, ал телефон чалган жокпу?

З у л а й к а. Таң атпай эле ким сүйүү жөнүндө сүйлөшкүсү келсин.

Ж а ң ы л. Он күндөн бери кабары жок.

З у л а й к а. Анда өзүң кабарлашпайсыңбы?

Ж а ң ы л. Акыркы жолу урушуп ажырашканбыз. Ал мени катуу таарынтып койду.

З у л а й к а. Эмне деп?

Ж а ң ы л (*тайсалдап туруп жооп берет*). Мен анын үйүнө барган болчумун. Үйүндө ата-энеси жок экен. Ал менден никеден кийин боло турган нерсени талап кыла баштады...

З у л а й к а (*күлүп жиберет*). Тарынар нерсени тапкан экенсиң. Турмуштан артта калган турбайсыңбы. Эгер билсең, азыркы кыздар никенин көшөгөсү тартылганга чейин эле өз ролдорун астейдил түрдө репетициялай баштайт. Мына мен эле. Тоюм түшкөн күнү күйөөмдүн босогосун араң аттап киргенмин, аткени ичим челкейип калган болуучу...



Ж а ң ы л. А мен антким келбейт!

З у л а й к а (*аргасыз күлкүсүн токтотот*). Туура кыласың. Кийин өкүнөт экенсиң... Чынымды айтсам, азыр мен ошонун азабын тартып отурам.

Ж а ң ы л. Кандайча?

З у л а й к а. Эгер мен ошондо челкейип албаганымда, күйөөмдүн босогосун аттамак эмесмин. Ырас анын үйүнө кирбегенден кийин, азыр мына минтип, бир баланы кучактап отуруп калбайт болчумун.

Ж а ң ы л. Эчтеке эмес. Турмушуңузду кайра баштаңыз. Кайра сүйүңүз. Кайра күйөөгө чыгыңыз.

З у л а й к а. Айтарга оңой. Бир эрден чыккан, бир баласы бар, отуз жаштагы аялга түзүк-курак эркек карабайт. Азыркы эркектер өтө куу. Мисалы, отуз-курактагылары өзү теңдүү катындарга карашпайт, алар түз эле жыйырма жашар, мына сага окшогон жаш, сулуу кыздарга гана ашык болушат.

Ж а ң ы л. Баары эле эмес. Алишер байке, мисал үчүн сиздин теңтушуңуз, мурда катын да албаган. Мына ушу киши сизге үйлөнсөм дегенде эки көзү төрт болуп жүрбөйбү.

З у л а й к а. Бул туура. Бирок мен Алишерге тийбеймин.

Ж а ң ы л. Эмне үчүн?

З у л а й к а. Мен аны менен зеригип кетем, Жаңыл. Өзүң эле ойлоп көрчү? Менин эрим эртеден кечке бирөөгө темир көтөрткөндү үйрөтөт. Көтөртөт, түшүртөт. Көтөртөрт, түшүртөт. А кечинде үйгө келгенде шакиртинин канча кило темир көтөргөнүн сүйлөп берет. Шакирти бир килограмм ашыкча көтөрүп койгон күнү, сүйүнүп келет, кем көтөрүп калса, капаланып келет. А мен ал сүйүнгөнгө сүйүнүп, капаланганга капаланып турушум керек.

Ж а ң ы л (*күлөт*). Сиз апыртып жатасыз. Алишер байкенин штангиден башка да кызыккан нерселери бар. Мисалы, биздин музей. Кандай ынтызарлык менен иштеп атат.

З у л а й к а. Мунуң чын. Мына көрбөйсүңбү... (*Зулайка эшиктен кирип келаткан Алишерге баш шилтейт. Алишердин далысында торпоктой болгон таш бар. Алишер ташты үңкүрдүн оозуна таштайт да, өзү анын үстүнө отуруп калат*).

А л и ш е р. Уф... Далым уюп калды.

З у л а й к а. Каерден бери көтөрүп келатасың?

А л и ш е р. Үйдөн.

Ж а ң ы л. Ой-уй! Шаардын бир четинен экинчи четине ушунча ташты кантип көтөрүп келдиңиз?

З у л а й к а. Кеп анда эмес. Көргөн эл эмне деди десең?

А л и ш е р. Эчтеке дешкен жок. Карап-карап эле калып атышты.

*(Жаңыл менен Зулайка күлүшөт).*

З у л а й к а. Апенди.

Ж а ң ы л. Бирок, байке, мунуңузду каерге коёбуз?

А л и ш е р. Ал эмне дегениң? Үңкүргө да.

Ж а ң ы л. Үңкүргө эми таштын кереги жок. Андан ашыкчасы — ашыкча болот.

А л и ш е р. Кап. Кошунама эле берип койбой. Эшигимдин алдына олтургуч кылып алайын дегенине, ынабай койдум эле. Эчтеке эмес, кайра алпарып берем. Керектүү таштын ордугу жок деп айткан менин ыраматылык атам. *(Берки экөө дагы күлүшөт).* Айтмакчы Зулайка кызыңдын бала-бакчасын сүйлөшүп койдум. Дүйшөмбү күнү бирге алпарабыз. Отунду болсо, эмки жуманын аягында алып келип берем. Ага чейин эптеп чыдап тур.

З у л а й к а. Рахмат, Алишер. Жакшылыгыңды унутпаймын.

А л и ш е р. Үйүң эмне болуп атат, чоң кыз?

Ж а ң ы л. Билбейм. Өз укугумду Искендерге өткөрүп бергемин. Ошо чуркап жүрөт.

А л и ш е р. Эптеп алып калгыла. Үй деген кыйын иш. Мени көрбөйсүңбү. Отузга чыкканда араң бир бөлмөгө ээ болуп отурам.

З у л а й к а. А мен отузга чыгып деле бирөөнүн үйүндө жашап атам.

А л и ш е р. Менин үйүм — сенин үйүң, айымым.

З у л а й к а *(мулуюп коёт).* Аны көрө жатарбыз... *(Осмон кирет).*

Ж а ң ы л. Ана, Осмон байке да келди. Эми иш баштайлы.

А л и ш е р. Искендерди күтпөйбүзбү?

О с м о н. Искендер эшикте машинесин жайлаштырып жүрөт.

З у л а й к а. Иштесек, иштейли.

А л и ш е р. Бүгүн эмне иш кылабыз, өзү?

Ж а ң ы л. Кичинекей дарыя жасайбыз.

А л и ш е р. Каерге?

Ж а ң ы л *(үңкүрдүн ичине кирип көрсөтөт).* Мына бул ойго.



А л и ш е р. А-а, түзүк. Анда өзүң усталык кыл, биз сага жардамчы бололу. *(Күрөк менен чакага шагыл сала баштайт).*

З у л а й к а *(ак чөп менен иришип калат).* Жолдош катын доктор, иштериң кандай? Эмне кабагың салыңкы?

О с м о н *(отуз жашта, узун бойлуу, арыкчырай жигит. Ал да желек киет).* Бир кыргыз менен урушуп келатам.

А л и ш е р. И-и?

О с м о н. Аялын төрөттүм эле. Аялы кыз төрөгөн. Бир жума болсо да, келип, кызын көрбөйт, аялынын ал-акыбалын сурабайт. А кечээ аялы кызын бирөөнүн уулуна алмаштырып алыптыр. Чакырып алып, бул эмне кылганың деп сурасам, ыйлайт. Үйүмдө үч кызым бар дейт. Бул жолу да кыз апкелсең, эрим, үйгө киргизбеймин деп айткан дейт.

А л и ш е р. Айван кыргыз экен.

О с м о н. Мен да өзүнө ошентип айттым.

А л и ш е р. Айтсаң эмне дейт?

О с м о н. Эртең келип аялын чыгарып кетмек болду.

Ж а ң ы л. Байкуш аял. Убал болгон экен.

О с м о н. Акмак десе. Мен күн сайын бирөөлөрдүн баласын төрөтөм, өзүм балам жок деп кудайга зарлап жүрөм. А бул каргыш тийгир болсо, периштедей перзентин кыз экен деп жээрийт.

З у л а й к а. Бечара Осмон. Кайрадан үйлөнсөңчү.

О с м о н. Кайрадан үйлөнсөм да өз аялыма үйлөнмөкмүн. Аялымды жакшы көрөм, Зулайка. Сонун аял. Бир гана айыбы — төрөбөс. Бирок бул үчүн аны жазалашка болбойт да.

А л и ш е р. Туура кыласың, тууган. Ажырашпагыла. *(Зулайканын нары басып кеткенинен пайдаланып, уурлукча).* Эгер Зулайка экөөбүз баш кошуп калсак, биринчи балабызды өзүң төрөтүп, өзүң асырап аласың.

О с м о н. А сага баланын кереги жокпу?

А л и ш е р. Мага Зулайка дагы төрөп берет да.

О с м о н. Рахмат. Анда тезирээк үйлөнгүлө.

А л и ш е р. Мен жакшы эле аракет кылып жатам...

И с к е н д е р *(кирет).* Салам айттым баарыңарга!

З у л а й к а. Алик алдык баарыбыз!

И с к е н д е р. Жаңыл, сүйүнчү! Үйлүү болдуң! Мына ачкычы!

*(Көрсөтөт).*

З у л а й к а. Ай-ий, жакшы болгон турбайбы! Жолдоштор, уктуңарбы?

Осмон. Кут болсун, кут болсун.

Алишер. Кайран, Искендер, эптеп алган экенсиң.

Искендер. Ананчы! Закон боюнча үй Жаңылдыкы эле да. А бул бийкеч кол шилтеп койбодубу: койчу ошо эски үйдү талашып деп... Биздин учурда талашпасаң, күрөшпөсөң иш болобу.

Зулайка. Азаматсың, Искендер. Абдан туура кылдың. Кичине нары-бери чуркап койдуң эле, мына минтип үйлүү болуп калдыңар. Мына эми үйлөнсөңөр боло берет.

Искендер. Албетте! Биз бирге жашаарга өз үйүбүз жоктуктан гана созуп келатканбыз да. Эми, буюрса, бойдокчулук менен түбөлүк коштошобуз, ээ, Жаңыл? Атаңын көрү, ушундай үйгө жетем, анан башкача жашай баштайм деген үмүт менен беш жыл бою ар түркүн ити-куштардын сасыган терилерине саман-топон тыкмалап келатам. Эми жетишет! Үйүңөр өзүңөргө кут кылсын. Эми мен башка кызматка өтөм. Илимге кетем. Эртеңден баштап эле! Айтмакчы, Жаңыл, кечээ күнү сенин атаң бир кызматчысын иштен бошоткон имиш. Кызмат абдан жакшы, айлыгы дагы. Бирок эң негизгиси ал жерге орношкон кишиге аспирантуранын эшиги өзүнөн-өзү ачылат. Буга эмне дейсиң?

Жаңыл. Колуман келбейт, Искендер. Атамын пейилин билесиң го? Мени канчалык жакшы көргөнү менен, мындай иштерге келгенде, сөзүмдү укпайт.

Искендер. Кап... э, мейли. Ал жер болбосо, башка жер. Эң башкысы — үйүбүз бар! Өз үйүбүз! Мына ачкычы! Ме, өзүңдө жүрсүн.

Жаңыл. Үй сеники, Искендер. Сен жаша.

Искендер. Бул эмне дегениң?

Жаңыл. Мен кетпаратам.

Искендер. Кетпаратам? Каякка?

Жаңыл. Чоң энеме.

Искендер. Бирок... Кетсең: кайра келесиң да.

Жаңыл. Кеп ошондо болуп атпайбы? Биротоло ошол жакта жашаганы баратам.

Искендер. Уктуңарбы? Эмне унчукпайсыңар?

Алишер. Чын эле, Жаңыл, бул кандай болуп кетти? Шаарды таштап, ишиңди таштап, мына эми үйлүү болдуң, үйүңдү таштап... Эмне үчүн? Айран-таңмын...

Зулайка. А мен билип атам. Иштин жайын мындай, жолдоштор: Искендер Жаңылды таарынтып коюптур. Сен кечирим сурашың керек, Искендер.

Жаңыл. Жок, Зулайка эже, кеп анда эмес.

Искендер. Анан эмнеде?! Анан эмнеде?!



Жаңыл. Айтканым менен түшүнбөйсүң...

*(Баары оңтойсуз абалда үндөбөй туруп калышат. Серкебаев кирет. Ал элдин түрүн байкабайт. Мунусу менен беркилерди кыйын абалдан куткарып кетет).*

Серкебаев. Саламатсыздарбы.

Зулайка. А-а, келдиңизби... *(Шериктерине тааныштыра кетет).* Бул жолдош журналист экен. Биздин музей жөнүндө жазганы келиптир.

Серкебаев. Серкебаев. А сиздердин аты-жөнүңүздөрдү бу кишиден сурап алдым. Кылып аткан ишиңиздер жөнүндө да чала-була кабарым бар. Мени айрыкча мына бул үңкүрүңөр кызыктырып калды. Демек, мунун ичине жасалып аткан кичинекей оазисте, атап айтканда, «Күнөстүү аралда», арыстан жашайт турбайбы?

Алишер. Ооба.

Серкебаев. Арыстандын жайыты болсо бүтүп атыптыр. Эми анын өзүн качан көрөбүз? Бүгүн көрсөтө аласыздарбы?

*(Беркилер бири-бирин тиктеп калышат).*

Осмон. Биз, албетте, сиз каалаган арыстанды көрсөтө албайбыз. Бүгүн да, эртең да...

Алишер. Эч качан!

Серкебаев. Түшүнбөдүм?

Зулайка. Искендер, түшүндүрүп берчи.

Искендер. Билесизби... Биздин арыстан кадимки сиз ойлогон арыстандардан эмес. Бул бир ажайып арыстан. Аны көз менен эл көрө албайсыз. Көзүңүзгө кыялыңыз, ишенчиңиз жардамга келиши керек. А кыялыңыздын тутанышына, ишенчиңиздин жалындашына биздин үңкүр аздыр-көптүр көмөктөш болот. Мына ошондо гана сиз биздин арыстанды көрүшүңүз мүмкүн. Көрбөгөн чакта да, сиз анын демин, күчүн, сулуулугун сезишиңиз ыктымал. Биздин минтип тырбалаңдап иштеп аткандагы максатыбыз да мына ушул: сизге, сизге окшогондорго ажайып арыстанды көрсөтүү; алардын жан дүйнөсүн күнөстүү аралга айлантып, ага ал арыстанды аралатып жиберүү.

Жаңыл. Сулуу, күчтүү, эркин арыстанды.

Серкебаев. Оюңар абдан кызык экен.

Искендер. Албетте, ишибизди али бүтө элекпиз. Ошентсе да кызыгып калдыңыз, сизге көрсөтөлү. Алишер, чырактарды өчүрүп койчу.

*(Чырактар өчөт. Бирпастан кийин үңкүрдүн ичи кайрадан аз-аздан жарыша баштайт. Бара-бара жарык күчөп,*

*акырында үңкүрдүн ичи саратандын ысык аптабына капталып жаткан тоо, токойлуу кең корукка айланат. Кыйлага чейин корук мелтиреп тыптынч турат. Кийин бир-эки жолу сагызгандын шакылдаганы угулат. Анан коруктун ыраакы четинен баштап өскүлөң ак чөптүн ичке тилкеси жанга кирип, кандайдыр бир жаныбар, билинер билинбес болуп, бери карай чөптү жиреп жөнөгөнсүйт).*

Искендер. Жолдош Серкебаев. Күнөстүү аралдын аркы четин караңыз!

Серкебаев. Көрдүм! Көрдүм!

*(Арыстандын алыстан арылдаганы угулат).*

Искендер. Суу ичкени келатат.

Серкебаев. Укмуш... Куду өзү!

*(Арыстан ак чөптү жиреп, улам жакындай берет. Ошого жараша анын мезгил-мезгили менен чыккан үнү да күчөп, акырында беш-он метр жерден гана угулгансып калат. Ошо кезде ак чөптүн бетине анын айбаттуу көлөкөсү пайда болот).*

Серкебаев. Атаңын көр-ү-ү...

Искендер. Кичинекей дарыянын жээгине келип токтоду. Дарыяны эми жасап атабыз...

*(Үңкүрдөгү жарык акырындап өчүп башка чырактар кайра жанат).*

Серкебаев. Укмуш, укмуш... Кимиңердин башыңарга келип жүрөт бул ой!

Искендер *(Жаңылды көрсөтөт)*. Мына бул айым кыздын.

Серкебаев. Азамат экенсиз, карындашым, азамат экенсиз. Баары жакшы. Бирок...

*(Серкебаев оюн дароо айтпастан, беркилер күтүп калышат).*

Алишер. Эмне «бирок?»

Жаңыл. Айта бериңиз.

Осмон. Менимче, жанагы суунун жээгине келип токтогон жерде, көлөкөсүн эмес, өзүн көрсөтүп койсо, ого бетер жакшы болчудай.

Жаңыл. Тирүүлөйбү?

Серкебаев. Тирүүлөй же кейпин. Иши кылып чыныгы арыстанды.

*(Беркилер бирин-бири карап, Серкебаевдин орунсуз сөзүнө кечиримдүү жылмайып коюшат).*



Зулайка. Чыныгы арыстан болсо, кана?

Алишер. Азыр Кыргызстандын эч жеринен арыстан табылбайт. Баарын атып, тутуп жок кылышты.

Серкебаев. Бирок үнүн таапсыңар го?

Искендер. Үнүн Москванын көчмө зоопаркына барып жазып келдик. Азыр биздин шаарда москвалык зоопарк оюн көрсөтүп атпайбы. Ошолордун жалгыз арыстаны бар экен.

Серкебаев. Билем. Картаң арыстан.

Искендер. Ошонун үнү.

Жаңыл. Айтмакчы, жолдош журналист, сизге биз фельетон боло турган маалымат бере алабыз. Биз зоопаркка барган күнү ошо арыстан менен болгон бир укмуш көрүнүшкө туш келдик.

Серкебаев. Кана, кана?

Жаңыл. Өзүңүзгө маалим, биздин эл динчил, болорболбос жорук-жоосундарга ишене берет. Мисалы, алардын оюу боюнча, жыландын баш сөөгү, бүркүттүн тырнактары, карышкырдын тиштери, арыстандын жүнү кишини ар кандай жамандыктан сакташ керек. Билесизби муну?

Серкебаев. Билем. Айта бериңиз.

Жаңыл. Ошентип, биз барсак, жанагы арыстанды биздин шаарлыктар жана шаардын жака-белинен келген эл ороп алыптыр. А зоопарктын бир кызматчысы, орто жашап калган киши экен, мас болуп алып, аларга арыстандын жүнүн жулуп алып сатып жатат.

Серкебаев. Коюңузчу? Кантип?

Жаңыл. Кантип? Учу илмек узун зым кылып алыптыр. Арыстан тескери караган мезгилде, зымдын илмегине анын жүнүн нарыдан-бери орой салып, бир тартып алат экен. Зым менен кошо беш-алты даана жүн илинип чыгат. А жүндү ошол замат сунулуу турган көп сандаган колдордун бириндеги бир сомдукка алмашып жатат. Бечара арыстанды айтпайсызбы, жүнү жулунганда гана «Ар-р» деп карап коёт да, кайра көзүн сүзүп туруп калат. Ой, ушундай боорубуз ооруду, байкушка.

Серкебаев. Оорубай анан. Ошо кезде ар бириңер арыстанды бул кордуктан куткарып алгыңар келгендир?

Баары. Ооба!

Серкебаев. Анан... куткарып алдыңар?

Зулайка. Каякта дейсиз.

Серкебаев *(кытмыр жылмаят)*. Куткарып алдыңар. Куткарып алдыңар. *(Баарысы Серкебаевди түшүнбөй карашат).*

Искендер. Эмне дейсиз?

Серкебаев. Мен айтып атам: адегенде ар бириңде ошондой ой пайда болду, анан ал ойду талкуулап чыгып, кийин ишке ашырдыңар. Албетте мунун баарын жакшы ниет менен жасадыңар, ошондуктан мактоого татыктуусуңар.

*(Беркилер бири-бирин карап туруп, күлүп жиберишет).*

Осмон. Тилекке каршы, биз сиздин мактооңузду кабыл кыла албайбыз. Бечара арыстан дагы эле өз капасында жашап атат.

Серкебаев. Кеп ошондо болуп атпайбы. Арыстан өз капасында жок.

Алишер. Жок?

Серкебаев. Капасы бош турат. Өзү жок.

Искендер. Чын айтып атасызбы?

Серкебаев. Чын.

Искендер. Уктуңарбы?

Жаңыл. Эң сонун болуптур. Жашасын эркин арыстан!

Серкебаев. Сиз аны эркиндикте деп ойлойсузбу?

Жаңыл. Ананчы! Ырас, капастан кутулгандан кийин эркиндикте да?!

Серкебаев. Эмне үчүн? Өз капасынан чыгып, биреөнүн капасына кирип кетиши ыктымал.

*(Беркилер бирин-бири тиктешет. А Серкебаев баарын сынай карап турат).*

Алишер. Анда ал каерде болушу керек?

Серкебаев. Фрунзеде. Тирүү болсо, белгисиз келечегин ойлонуп, караңгы подвалда жатат. Өлүк болсо...

Жаңыл. Өлүк? Эмне үчүн ал өлүк болушу керек?!

Серкебаев. Акчага айланыш үчүн. Же силердин «Күнөстүү аралды» көркүнө чыгарыш үчүн. Экөөнүн бирөө.

*(Беркилер дагы аң-таң).*

Осмон. Эмне?

Искендер. Оозунузга карап сүйлөңүз, жолдош...

Серкебаев. ...капитан. *(Серкебаев күбөлүк кагазын көрсөтөт).*

Искендер *(окуп чыгат)*. Чын эле... милициянын капитаны...

Серкебаев. ...жана Фрунзе шаарынын уголовный розыскасынын инспектору.

Зулайка. А-а, ушундай белеңиз... журналист?!



Серкебаев. Кечиресиз. Биздин иште кээде бирөөнүн кейпин кийүүгө туура келет. Ошентип, урматтуу жаратылыштын сүйүүчүлөрү, арыстанды эмне кылдыңар?

Осмон. Аны эмне үчүн бизден сурайсыз?

Серкебаев. Анан кимден сурашым керек?

Алишер. Биз каяктан билелп?!

Искендер. Токтоңузчу, чындап эле, арыстанды бизден көрүп атасызбы?

Серкебаев. Туптуура түшүнүпсүз.

Жаңыл. Жок, мен бул жерде кала албаймын. Кошкула! *(Эшикке карай жөнөйт).*

Серкебаев. Каякка?

Жаңыл. Эмне, мен камактамынбы?

Серкебаев. Азырынча, жок. Азырынча тергөө гана жүрүп жатат. Сиз сурак беришиңиз керек.

Жаңыл. Мен сизге эч кандай сурак-мурак бербеймин. Сурашка акыңыз жок.

*(Жаңыл кетет).*

Серкебаев. Кайтыңыз! Кайтыңыз деймин! Эскертип коёюн, өзүңөргө кыйын болот! Карап туруңуз, капаска отургузам... арыстандын ордуна!

*(Ушу тапта арыстандын айкырыгы чыгат. Ошону менен көшөгө жабылат).*

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Күздүн күчүнө кирген учуру.

Тоолорду, ойлорду, кокту-колотторду каптаган чытырман токой кызыл-тазыл болуп жалындап турат. Жаңгак, алма, алча ит мурун, долоно, жүзүм сыяктуу жапайы дарактардын мөмөлөрү бышып, сабактарынан үнсүз үзүлүп, жердеги калың бариктердин үстүнө шыртылдап жаап жаткансыйт. Тоонун чокусунан чыйк ылдый, коюу шактардын арасынан чагылгандай жарк-журк чагылыша калып, апаппак шаркыратма сойлоп түшөт. Ылдый жакта, шаркыратманын тушунда, жоон-жоон жаңгактардын астында, чакан-чакан үч үй турат. Үйлөр үч бурчтук болуп салынган: экөө нары, шаркыратмага жакын; бүрөө бери, алды жакта. Үйлөр бири-бирине окшош: дубалдары апаппак, тамбаштары кыпкызыл. Бирок наркы экөөнүн пешайваны, жок; а маңдайларына жазуу кадалган: бирөөнө «Милиция», экинчисине медпункт деген. Алдыңкы үйдүн жазуусу жок, бирок пешайвандуу. Пешайван үйдүн эки жагындагы жана маңдайындагы дубалдарды курчап турат. Пешайвандын супасы бар. Супага суурдун, түлкүнүн, карышкырдын, аюунун жана арыстандын талпагы төшөлгөн. Пешайвандын дубалдары менен түркүктөрүнө болсо, жапайы текенин, бугунун, эликтин мүйүздүү баштары кадалган жана түрдүү түмөн чөптөр, куштардын канаттары, кыргыз

мылтык, капкан сыяктуу буюмдар илинген. Дагы бир көзгө урунар нерсе: пешайвандын түркүктөрүнө, куду бокс ойноочу аянттын үстине тартылган аркандай, айланта аркан тартылып коюлган.

Үйдөн кичинекей кара кемпир чыгат. Кемпирдин колунда эчкинин желин калтасы, оймок, жубалдызы бар. Кемпир супага олтуруп, калтанын жыртылган жерин жамай баштайт. Бул — Айкыз кемпир. Жаңылдын чоң энеси. Бирпастан кийин Жаңылдын өзү да келет. Ийинине өз буюм-кечеси салынган торбону илип, узун таяк таянып алган.

Ж а ң ы л. Чоң эне!

К е м п и р. Энең айлансын сенден. Бу кандай шамал айдап келди сени, мага? *(Ордунан туруп, Жаңылды өбөт).*

Ж а ң ы л. Мен биротоло сизге кыз болгону келдим. Атам менен апам жибериштi. Кемпир карып калды, барып беш күн болсо да тиричилигине каралашып, жүгүн жеңилдеткин, биздин кемпирге кылар жакшылыгыбыз ушул дешти.

К е м п и р. Ооба, сенин ата-энең ошого жарай турган кишилерден.

Ж а ң ы л. Чын, эне, ушинтип айтышты. Анан мен өзүм да дароо макул болдум.

К е м п и р. Эмне үчүн дароо макул болосуң?

Ж а ң ы л. Куса болуп кеттим. Үйдө күндө жаңжал, ызы-чуу...

К е м п и р. Ботом, эмне болуп?

Ж а ң ы л. Эжекебайым бул эри менен да ажырашып, эки баласын ээрчитип, үйгө келип алган. Иничегим болсо, күндө, күн алыс мас болуп, милицияга түшөт. Институттан айдалган. Апам атамды жаш аялдардан кызганып, анын үстүнөн чоң жерлерге арыз жазат. Өзүмдүн иштерим да жакшы эмес. Бирөөгө катуу ашык элем, бара-бара сүйүүмдүн кызыкчылыгы таркап баратկансыйт. Иши кылып, чоң акырында ал сиз тарапка карай оогондугунан, тура калып баса бердим.

К е м п и р. Ажап кылыпсың. Куп кылыпсың. Экөөбүз бири-бирибизге эрмек, жөлөк-таяк болуп, чүңкүлдөшүп жашай беребиз. Мен сени эрге берем, балдарыңды багам. Сен болсо, өлсөм жакшылап кошуп ыйлайсың, сый-сыпат менен көмөсүң. Кана, төргө өт. Кардың ачкандыр таза? Азыр алдыңа дасторкон салам...

*(Кемпир ичкери кирип кетет. Жаңыл пешайвандын жасалгасын таңыркап да сонуркап да карап калат. Кемпир дасторкон көтөрүп кайра чыгат).*

К е м п и р. Мен сага айтсам керек, чоң атаң ыраматылык мерген болуучу. Жакшы адам эле жаның жаннаты



болгур. Аз калды, мен да эми анын алдына барамын. Кана, отур...

*(Жаңыл арыстандын талпагына олтурат. Кемпир анын алдына дасторкон жайып, нан, айранын коё баштайт. Май салынган, айран куюлган идиштери жыгачтан, каккара).*

К е м п и р. Жей кой, айланайын, иче кой. Эчкинин айраны, эчкинин майы. Дары болот...

*(Ушу тапта бир дардайган чоң жигит кирип келет. Кийгени колдо ийленген тери камзир[1], тери шым; башында эски калпак, бутунда ултарма чарык. Белине жоон чылбыр ороп, чоң айбалтаны кыстарып койгон. Сакал, муруту өскөн. Колуна өлгөн кекиликти чубалтып кармап алган. Жигит кирер замат «чоң эне» деп чакырат да, бирок Жаңылды көрүп, аны таңыркап карап туруп калат).*

К е м п и р. А-а, сенсиңби, Алишер. Кел, кел. *(Колунан кекиликти алат).*

Бул кыз сенин Фрунзедеги акеңдин кызы болот. Өт, жанына отуруп оокат кыл.

*(Алишер Жаңылга бир ырсайып коюп, тарткынчыктап барып, анын маңдайына отурат. Отурар замат, ага өнөкөт болсо керек, дароо калпагын алып, колтугуна кыпчып коёт. Анын устара менен алынган капкара чачынын арасында, куду маңдайынан тартып, как чокусуна жеткен беш салаа болгон, аппак, чачсыз жолоктору бар. Жаңыл ал жолокторду таңыркап карап калганда, Алишер муну байкап коюп, калпагын кайра кийип алат).*

К е м п и р *(Алишерге кекиликти көрсөтөт).* Дагы тишиң менен мууздапсың ээ, үйүң күйгүр? Мен сага бычак сатып бербедим беле?

А л и ш е р *(күнөөкөр түр менен).* Жоготуп койдум.

К е м п и р *(анын алдына да кара кесеге айран куюп келип коёт).* Нандан туурап ичип ал. *(Жаңылга).* А сен эмне эле муну аңкайып карап калдың? Бул да менин балам болот. Үч жашында ата-энеси өлүп, багар-көгөрү жок калганда, өзүм асырап алгамын. Мына эми адам болуп калды, байкушум. Ич, иче кой. *(Алишердин кесесине нан туурайт).* Эми катын алып берсем, карызымдан кутулат элем. Бирок, катындын уругу куруп, буга такыр катын чыкпайт.

---

[1] Камзир — чыптама

Алишер. Зулайка жүрбөйбү. (*Жаңылды карап алып, өз сөзүнө уяла түшөт*).

Кемпир. Зумураң калгыр, ошондон көңүлүң калбай койду. Кыз кезинде эле Зулайка дечү элең, эми күйөөдөн чыгып келсе деле, оозундан түшүрбөйсүң. А мага Сыдык тегирменчинин ошол кызы эч качан жаккан эмес. Кыз кезинде шайкелең эле, эрге тийип, балалуу болуп да токтолбоптур. Ал сени жаш баладай ойнотот.

Алишер. Ойнотуп көрсүнчү...

Кемпир. Анын үстүнө, ал бедаба Серкебаевка күйөөгө чыгам деп жүрөт имиш го?

Алишер (*«Милицияны» бир карап алат*). Сержант Серкебаев Фрунзеге которулуп кетем деп, чоңдорго арыз берип жүрөт. А Зулайка болсо, мен бир Фрунзелигиң менен Фрунзеде жашап келдим, эми ал жакка итим да барбайт деп жатат. Ошентип экөө эки сөздү сүйлөп жатышса, баш кошушмак беле...

Кемпир. Болуптур, мен тегирменчиге, кызыңды бер деп көрөйүн. Бирок сен өзүң да аракет кыл, Зулайканын көңүлүн ал. Болбосо, атасы макул дегени менен да, кызы тийбейм деп турса, эчтеке чыкпайт. Ошент. Өзүңдү жакшыраак алып жүргүн. Бул турушуң менен Зулайкага жакпайсың, ал шаар көрүп келген неме. Карасаң, үстү башыңдын баары алча, алма, бүлдүркөндүн ширеси. Эсил гана эмгегим, кечээ эле жакында тигип бердим эле... Айткандай, өткөн жекшембиде эмне арак ичтиң, ырысы жок? Мас болуп алып, картөшкө казып жаткан катындарды кубалапсың го?

Алишер (*күнөөкөр түр менен*). А-а, жанагы сержант Серкебаев да... Туулган күнүм, стакан кагыштырып кой, деп, жалынып туруп алды...

Кемпир. Туулбай туна чөксүн ошо сержантың. Өзү ичкени аз келгенсип, сени да көндүрмөк болду... Ичпегин, бейтаалай! Сага жакпайт, жиниң кармайт. Ансыз да, эл ичинде: жиндүү Алишер, жапайы Алишер атыгып жүрөсүң.

Алишер. Айтса, айта беришсин, эмнем коромок эле.

Кемпир (*өтүнгөн түр менен*). Койсоңчу ошол таш үйдө жашаганыңды? (*Алишер буга ынаркабай, ордунда ойдолоктоп алат. Бошогон кесесин бат-бат колдору менен жалай салып, дасторконго бата кылып, ордунан туруп кетет. Кемпир менен Жаңыл ал узап кеткенче артынан карап калышат*).

Кемпир. Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы. Миң жолу айтып да, таш үйдө жашаганын койдура албадым.



Жаңыл. Ал эмне деген үй?

Кемпир. Мен сага айтсам керек, биздин токойдо жепирейген бир таш там бар. Эл аны жапайы адамдын үйү деп коюшат. Кечээ жакынга чейин эле анда жапайы адам жашачу.

Жаңыл. Жапайы адам?!

Кемпир. Ооба. Бирок азыр ал жерден кеткен. Алишер барып жатып жүрүп аны өз үйүнөн жеритип жиберди. Ырас, мындан сегиз жыл илгери бир келип, уктап жаткан Алишердин башын апчып кетиптир. Байкадың бекен, Алишердин башында беш салаа болгон тыртыгы бар, ошол жапайы адамдын тырнактарынын изи. Ошондон бери бечара баламдын акылы да кирди-чыкты болуп калды. Сопсоо эле жүрүп, кокусунан, жини кармап калат, айрыкча бирдеме ичип алган күндөрү...

Жаңыл. А эмне үчүн ал үйдө жашайт?

Кемпир. Ал жердин булбулу көп. Жазында барып калган киши булбулдун үнүнө кулагы тунат: ал жагынан да безилдеп сайрап аткан, бул жагынан да... А Алишер кичинесинен алардын үнүн жакшы көрөт. Мына ошол үчүн гана... Жыл сайын жаз келер замат таш үйдө жашаганы үйдөн кетип, кайра кыш түшкөндө гана бир келет. А өткөн жылы, ал турмак, кыштап да калды. Эмне десем, кээ бир түндөрү, очокко оттон улуу жагып алып, тыңшап отурсам, тышта булбулдар сайрап аткансып туюлат дейт. Оф, жараткан, бала кичине майып болуп калды...

Жаңыл. А өзү бир иш кылабы?

Кемпир. Отунчу. Жайын, кышын лесхозго отун даярдайт. Токойдо жыгылган отун көрсөң эле, Алишердин отуну дей бер... Кел, дасторконго дуба кылалы. Оомин, эккентеккенге тийсин сообу... (*Кемпир дасторконду жыйыштыра баштайт. Жаңыл ага жардам берет*). Эми сен мына бул эчкинин калтасын жамагын, а мен Алишердин кекилигин тазалайын.

Жаңыл. Мунун эмнесин жамайын? (*Калтаны колуна алат*).

Кемпир. Жыртылган тешигин. Бул эчкинин улагы бир балээ чыкты, түрткүлөп атып эле, калтаны тешип, эмип алат. Башка эчкилердин желинине уйдун богун шыбап коём, улактары эмбейт, а бул, башыңды жегирдин улагы, эмне кылсам да, эмип алчу болду.

(*Кемпир ичкери кирип кетет. Жаңыл калта менен иришип калат. Ошол учурда тамдын арт жагынан кимдир бирөөнүн ырдаганы угулат*).

Ы р. «Ээй, кичине гана тору тай,
Сууга салсам бойлобойт,
Кысталактын кыздары,
Мени менен ойнобойт».

*(Үйдүн бурчунан ырдаган кишинин өзү чыга келет. Токойчунун формасын кийген, ийинине боосу узун сумка асынган боз улан экен. Улан, Жаңылды байкабай ырдап келе берет).*

«Мени менен ойносо,
Кош билерик саламын,
Колукту кылып ала-мын...

*(Жаңылды көрүп тып басылат).*

Эй, сен кимсиң?

Ж а ң ы л. Мен — Жаңылмын. Фрунзеден келдим. Айкыз кемпирдин небереси болом. А өзүңчү?

И с к е н д е р. А мен — Искендермин. Айкыз кемпир мага да чоң эне болот. Бакма кызынан калган баласы болом.

Ж а ң ы л. Сен, эмне, токойчусуңбу?

И с к е н д е р. Ооба, ушу турган токойдун баары мага карайт.

Ж а ң ы л. Бай турбайсыңбы.

И с к е н д е р. Айтасың. *(Кемпир чыгат).* Арыба, кара кемпир. Көрүшпөгөнүбүзгө бир жума болуп кетти го?

К е м п и р. Көрүнгөн дарактын түбүндө түнөп жүрсөң анан...

И с к е н д е р. Иш көп болуп атат энеси. Ме чайыңды. *(Сумкасынан эки тоголок чай алып берет).*

К е м п и р. Ушул элеби?

И с к е н д е р. Анан бир сомуңа канча келмек эле?

К е м п и р. Түндө түшүмө ыраматылык чоң атаң кириптир.

И с к е н д е р. И-и, ал киши бейиштин төрүндө отуруп алып, сени өзүнө чакырып атыптыр. Хэ! Укканбыз бул жомокту. Миллион жолу.

К е м п и р. Андан көрө Алишер экөөң камына бергиле.

И с к е н д е р. Эмне деп камынмак элек? Сен өз өлүмтүгүңдү мындан он жыл илгери эле даярдап койгонсуң.

К е м п и р. Ыйлаганды үйрөнгүлө. Алишер экөөң мага бала болуп тирүүмдө жыргаткан жоксуңар. Эми өлгөнүмдө түзүгүрөөк ыйлап койгула, арбагым ыраазы болсун. Айтмакчы, сен баягы кошокту унуткан жоксуңбу?

И с к е н д е р. Кадырың жан болсун.

К е м п и р. Эмесе бир ыйлап койчу.

И с к е н д е р. Э-э, жок. Адегенде өл. Кишини биротоло жинди кылып алгысы бар.

К е м п и р. Кел эми, чоң энеңди сүйүнтүп койчу?

И с к е н д е р. Дүкөнгө жакшы көйнөк түшүптүр. Беш эле сом турат экен.

К е м п и р. А болуптур, берейин.

И с к е н д е р. Насыяга көнбөйбүз. Оозубуз күйүп калган. *(Айкыз кемпир белдемчесинин катынан беш сомдук кагаз алып чыгып, аны ары-бери оодарып, бергиси келбей калат. Искендер акчаны жулуп алат).* Кыйылбай бере бер, пулуна жараша ырдап берем.

К е м п и р. Ырдап эмес, ыйлап, келесоо.

И с к е н д е р. Ооба, ыйлап. Кана эми өлө бер.

*(Кемпир талпактардын үстүнө суналып жата кетет. Искендер түркүккө жөлөнүп турган Жаңылдын таягын таянат).*

Сен өлүп жадабадың, мен көмүп жадабадым. *(Калп эле ыйлай баштайт).* О-о-о, асырап сактап бакканым — энем, оо-о, апамдын ордун басканым — энем...

*(Көз кыйыгы менен Жаңылды карап коёт. Жаңыл бул көрүнүштү аң-таң болуп карап турат. Кокусунан кемпир өйдө болот).*

К е м п и р. Ырасын айтсам, мага ушул кошок анча жага бербейт.

И с к е н д е р. Сөзү сиздики, обону биздики.

К е м п и р. Мен сага башка кошок кошуп берем. Анда мен өзүмдүн кандай касиеттүү эмчи-домчу экенимди, ар түркүн ооруларды айыктырып, канча кишинин сообуна калганымды айтамын. *(Жаңылга)* Сен да үйрөнөсүң.

*(Жаңыл макулдугун билдирип башын ийкейт).*

И с к е н д е р. Жакшы болбодубу, экөөлөп ырдап жүрөбүз.

К е м п и р. Ырдап эмес, эси жок, ыйлап дегин.

И с к е н д е р. Ооба, ыйлап *(Кемпир кирип кетет).* Кой, айланайын, акчасын кайра бер дей электе, барып, көйнөктү сатып ала коёюн.

Ж а ң ы л. Дүкөнгө барсаң, мага бир тиш жуугуч ала келип берчи. *(Пул бермекчи болот).*

И с к е н д е р. А биздин дүкөндө тиш жуугуч деген болбойт.

Ж а ң ы л. Эмне үчүн?

И с к е н д е р. Биз тишибизди алма жеп эле тазалап алабыз. Алма тишти жакшы агартат.

Ж а ң ы л. Кызык экен. Бирок алма дайыма эле болуп турбайт да? Мисалы, жазында аны каяктан таап жейсиңер?

И с к е н д е р. Бариктердин астынан. Кар кетер замат кайрадан колубузга куржун, таяк алып, күзүндө терилбей калган алма, жаңгактарды терип киребиз. Кээде алма, жаңгактарга аралаш, түркүн түстөгү алчалар да учурап калат.

Ж а ң ы л. Укмуш...

И с к е н д е р. Кой, мен кеттим. Жакшы кал, кызайым.

Ж а ң ы л. Жакшы бар.

К е м п и р *(үйдөн чыгат. Колунда куржун, таягы бар. Искендердин артынан карап калат)*. Ананайыным, жакшы киши болот. Бүт айлыгын төкпөй-чачпай колума алып келип тапшырат. А өзү минтип кичинеден сурап алат. Богүнчө эс ал, а эртенден баштап ишке бирге чыгабыз.

Ж а ң ы л. А эмне иш кылабыз?

К е м п и р. Жаңгак теребиз, кызым. Лесхозго жаңгак терип беребиз. Азыр биздеги жумуш — жаңгак. Чөптү чаап, жыйнап алдык; алма, алчанын планынан кутулдук, картөшкө казылып бүтүп калды... Эми ушу жаңгакты коротпой терип, өткөрүп алсак, быйылкы жылдын түйшүгүнөн такыр кутулат элек.

Ж а ң ы л. Эмне, бул жерде сага окшогон кары кемпирлерди деле иштете береби?

К е м п и р. Жок, кары кишилер өзү иштейт. Албетте, колунан келген иш болсо...

*(Кемпир супадан түшүп эле, таягы менен жердеги калың бариктерди оодарыштырганча, бариктердин арасынан чыккан жаңгакты куржунуна салганча, жай узап кетет. Жаңыл кайтадан эчкинин желин калтасын колго алат. Бирпастан кийин анын мындай жагынан бир жаш аял басып келет. Аялдын ийининде куржуну, колунда таягы бар. Бул — Зулайка).*

З у л а й к а. Арыба, сиңдим.

Ж а ң ы л. Бар болуңуз.

З у л а й к а. Бу сен биздин жерликтерге окшобойсуң го?



Ж а ң ы л. Мен Фрунзеден келдим.

З у л а й к а. И-и, киндик энемдин неберелеринен болосуң го? Фрунзеде балам бар деп жүрчү эле. Кел, өөп коёюн... *(Жаңылдын маңдайынан өөп, анан жерге отура кетет. Куржундагы жаңгактан шалдыраган үн чыгат)*. Оф... Чоң энемди көрүп келейин деген экенсиң да? Түзүк, түзүк.

Ж а ң ы л. А мен биротоло келдим.

З у л а й к а. А-а, киндик энеме эрмек табылып, таза жакшы болгон турбайбы. Ал киши үйдөбү?

Ж а ң ы л. Жаңгак тергени кетти.

З у л а й к а. Кап, дарыланайын деп келбедим беле... А-а, тигинде доктор келатат. *(«Медпунктту» көздөй ак желек кийген, кичинекей сандыкча көтөргөн жигит өтөт)*. Ай, Осмон!

*(Жигит аларды көрүп жолунан бурулат).*

О с м о н. А-а, Зулайка... Арыба.

З у л а й к а. Бар бол. Мына бул кулагыма бир нерсеңди сүйкөп койчу, бай болгур. Кечээ киндик энеме тештирттим эле, бүгүн шишип калыптыр.

О с м о н. Ушу жез кемпириңерди бир сотко берем. *(Осмон үй жакты бир карап коёт да, кийин жерге отуруп, сандыгын ача баштайт. Сандыгында медициналык аспаптар, дары-дармектер болот).*

З у л а й к а. И-и, ал кемпир сага эмне кылды?

О с м о н. Эмчи-домчулардын заманы эчак өткөн. Азыр ооруган киши фельдшерге, мына мага келиши керек, билдиңби? А силердин элиңерчи? Башы ооруса да, ичи ооруса да Айкыз кемпирге чуркашат. А төрөгөндө болсо, эрте күндө. Мына келгениме беш жыл болуп баратат, бир да киши оорудум деп, алдыма басып келе элек, төрөтөм деп, районго аял алпара элекмин. А райондогулар мени урушат: деги сен эмне кылып жүрөсүң ал жерде, айлыкты эмне үчүн алып жүрөсүң, дешет. Мен болгон ишти айтам: биринчиден, бул жердин калкы өлөр-өлгөнчө оорубайт, а кокус ооруп калса, булардын бир кемпири бар, ошого барышат, кемпир болсо, чөп-чар, мөмө-чөмө, жан-жаныбарлардын майы, эти, өтү сыяктуу нерселер менен эле айыктырып алат; аял төрөсө да ошол кемпир төрөтөт дейм. Антсем, дагы жемелешет: бир картаң кемпирге кантип күчүң жетпейт, сен ал эскинин калдыгы менен аёосуз күрөш жүргүзүшүң керек, дешет; бул үчүн дейт, ооруларды өзүң издеп табышың керек, боюнда бар аялдарды күн мурунтан билип, аларды аңдып жүрүшүң керек дейт. Эмне кылмак

элем, моюн сунам да. Көрбөйсүңбү, эртеден кечке минтип токойду кезип жүрөм...

*(Зулайка менен Жаңыл бири-бирине жылмайып коюшат).*

Зулайка. Жолуң болуп атабы анан?

Осмон. Ооруган киши жок. Бирок боюнда бар аялдардын саны алтоого жетип калды. Буюрса, дагы кошулат... *(Зулайканын курсагын, анан өзүн карап, мулуюп коёт. Зулайканын жүзү өзгөрө түшөт).*

Зулайка. Кадырың жан болсун. Канчалык көбөйбөсүн бул жердин аялдары сага төрөгөнү барышпайт.

*(Осмон мойнуна тыңшагыч аспабын, колуна ак мээлейин киет; анан аспабын Зулайканын көкүрөгүнө коюп, анын жүрөгүнүн кагышын текшерет).*

Зулайка. О, кокуй, эмне кылып атасың? Менин эч жерим оорубайт, кулагыма эле май-сайынды сыйпап кой.

Осмон. Э-э, эмнени билесиң сен. Кулагың ооруйбу, тырнагың ооруйбу, баары бир барып жүрөгүңө таасир этет. Сактыкта кордук жок, текшерип койдум. *(Тыңшагычын сандыкка салып, Зулайканын кулагына май сыйпай баштайт).* Мен мына бул карындашты таанsocбадым да?

Зулайка. Киндик энемдин небере кызы. Фрунзеден келди. Эми биротоло ушул жерлик болом дейт.

Осмон. Хе... Бирөөлөр Фрунзени көрүүгө зар болуп жүрсө, бирөөлөр андан безип бул жакка келет.

Зулайка. А ким Фрунзени көрүшкө зар болгон?

Осмон. Мен, мисалы үчүн.

Зулайка. Андай экенсиң, эмне кылып жүрөсүң бул жерде, кетпейсиңби ошол жакка?

Осмон. Ыктыяр өзүмдө болсо кана, ушинтип силерге илимимди кор кылып жүрөт белем. Бошотушпай атпайбы! Болду... *(Осмон ишин бүтүп, сандыгын жабат. Ушул учурда Зулайканын далысынын алакандай жерин жапкан кандын тагын көрүп калат).*

Зулайка. Ботом, далың эмне кан болгон?

Осмон. А-а... Жанагы отунчу Алишер балтасы менен бир колун билегине чейин үзө чаап алыптыр, ошону таңгамын.

Зулайка. Койчу?!

Осмон. Келатсам, бирөө жараланган аюудай өкүрүп атат. Чуркап барсам, отунчу. Өзү бир жерде туйлап жатат, колу ары жакта, аппак чөптүн арасында сыраңдап бийлеп жүрөт.



Зулайка. Ой, кудай ай...

Осмон. Болуптур эмесе, жакшы калгыла. *(Ордунан турат. Ошол учурда токойду жаңырткан балтанын үнү угулат).*

Зулайка. Жаныңды жепсиң ээ?

Осмон. Өлөйүн. Кайсар неме да, бир колдоп иштеп жатат.

*(Осмон «Медпунктка» карай басып кетет. Зулайка менен Жаңыл үн-сөзсүз тиктешип отурушуп калышат).*

Зулайка. Жүрчү, барып келели.

*(Экөө эми эле жөнөшкөндө, белине жоон голону көтөргөн Алишер чыга келет. Эки колу тең сопсоо экен).*

Зулайка. Алданыппыз.

Жаңыл. А эмне үчүн ал калп айтат?

Зулайка. Азыр билебиз... Алишер! *(Алишер токтойт. Жеңи менен маңдай терин сүртөт.)* Осмондун далысы неге кан болуп жүрөт?

Алишер. А-а... Мен колумдагы кекилик менен бир койгомун.

Зулайка. А эмне үчүн?

Алишер *(«Милиция» жакты карап алат).* Ал сени... сержант Серкебаевдин идарасына келип жүрөт деп айтты.

Зулайка *(дароо мисирее түшөт, итиркейи келе калат, бирок ошол эле замат Жаңылды бир карап алып, жасалма жайдарыланат).* А сенин буга эмне ичиң күйөт?

*(Алишер жооп бербей басып кетет. Зулайка анын артынан жылмайып карап калат).*

Кой эми, мен да жаңгагымды терейин.

*(Жаңгак тергенче, басып кетет. «Медпункттан» Осмон чыгат. Бир колунда акиташ чыланган чакасы бар. Чаканы жерге коюп, үйүн актап кирет. Жаңыл аны бирпас карап турат).*

Жаңыл. Аппак эле үйдү эмне актап атасыз?

Серкебаев. Бекерчиликтен. Бир иш кылыш керек да.

*(Жаңыл жылмайып коёт. Ушул учурда «Милициянын» эшигинен да бир эркек чака көтөрүп чыга келет. Анын да кийгени желек. Эркек чаканы жерге коюп, керилип-чоюлуп, эсинеп алат да, анан дубалды актай баштайт. Жаңыл аң-таң болот. Супадан түшүп, анын жанына басып барат).*

Жаңыл. А деңиз!

*(Эркек дароо ишин токтотуп, Жаңылды утурлай басат)*

Серкебаев *(честь берет)*. Милициянын сержанты Серкебаев! Кулак сизде, гражданка?

Жаңыл. Саламатсызбы?

Серкебаев. Саламатчылык. Кандай арыз-муңуңуз бар?

Жаңыл. Эч кандай. Кызык, үйүңүз апаппак эле экен...

Серкебаев. А-а, кыларга иш жок...

Жаңыл. Кантип? Сиз үчүн делеби?

Серкебаев. Менин милдетим: тартипти сакташ, законду кармаш. А бул жерде, тилекке каршы, тартип менен законду бузган киши болбойт. Баары иш менен алек, тартип менен законду бузушка чололору тийбейт.

Жаңыл. Кантип эле? Кур дегенде мас киши болушу керек да?

Серкебаев *(үшкүрүп коёт)*. Жок... Астапурулла, бир отунчу бар, Алишер аты. Ошол гана кез-кез ичип коёт. Бирок аны апкелип камашка уруксат эмес.

Жаңыл. Эмне үчүн?

Серкебаев. Лесхоздун эң жакшы көргөн отунчусу. Лесхоз районго эки миң кубометр отун тапшырса, ошонун жарымын Алишер даярдайт. Иштемчил жигит. Албетте, мындай адамын лесхоз милицияга бербейт да. Ушундай карындашым, бул жерде милиционер болуп иштеген киши жарыбайт.

Жаңыл. Түшүнбөдүм... Сиз, эмне, кылмыштын жоктугуна нараазы болуп атасызбы?

Серкебаев. Ананчы! Милиция кылмыш менен милиция да. Кылмыш жок болсо, милициянын эмне кереги бар? Кылмыш бар жерде милициянын баркы бар, кылмыш жок жерде, ага эч ким карабайт. Мына, мисал үчүн, мени алалы... Бул жердин калкы мени бекерчи, арам тамак деп, жаман көрүшөт. Бир чети алардыкы да туура: өкүмөттүн берген айлыгын алыштан башка, эч иш кылбайм. Келгениме мына он жыл болуп баратат, бир кылмышкер кармап камай элекмин. *(«Милицияны» көрсөтөт.)* Мына бул ак үй — менин ишканам, кылмышкер үчүн — түрмө. Жүрсөң көрсөтөйүн... *(Экөө «милициянын» босогосуна жакындашат)*. Мына... Үй экиге бөлүнгөн. Решетканын нары жагында — кровать, бери жагында — стол. Закон боюнча решетканын нары жагы — кылмышкердики, бери жагы меники болушу керек. А иш жүзүндө кандай? Иш жүзүндө, экөө тең мага таандык: кроватка жатам, турам; а столго отуруп алып, мени Фрунзеге которгула деп чоңдорго арыз жазам.

Жаңыл. Кызык... Ушундай жерден кеткиңиз келеби? Кылмыш жок болуп, түйшүгүңүз аз болсо, кайра жакшы эмеспи?

Серкебаев. Жаңылышасыз, айымкыз. Жана эле айтпадымбы, милиция кылмыш менен милиция деп. Кылмыш болбосо, милиционер өспөйт. Мына мени көрбөйсүңбү: он жыл болду ушул жерге келгениме. Сержант элем, сержант бойдон жүрөм. Буга ким күнөлүү? Албетте, кылмыштын жоктугу. Кылмыш болсо, мен аны жасаган кишини таап, закондун колуна тапшырып, көзгө көрүнмөкмүн: чиним жогоруламак, айлыгым көбөймөк.

Жаңыл. Эми түшүндүм.

Серкебаев. Эчтеке эмес. Жакында акыркы арызыма жооп аламын. Бул сөзсүз сенин пайдаңа чечилет деп жатышат, райондогу тааныштарым. Кудай буюрса, эмки айда бул жерде изим гана калат.

*(Жаңыл сыпаалык үчүн гана башын ийкеңдетип коюп, артына кайтат. Ошол кезде өз үйүнө кирип бараткан куржун, таякчан чоң энесин көрөт. «Милициянын» арт жагынан кой маарайт. Жаңыл ошол жакты карайт)*.

Серкебаев. Менин койлорум.

Жаңыл. Бай турбайсызбы.

Серкебаев. Алтоо болуучу. Бирөөн акчага айлантып, арызга кошуп, областка жөнөтүп жибергемин. Дагы бирөөн ушул жерден кетип калышыма жардам болор бекен деп, жолуна кудайы айтып койдум, кетип бараткнымда бул жерликтерге таштап кетем, союп жешип, менин ишимдин ийгилигин тилеп коюшсун.

Жаңыл. Жакшы калыңыз.

Серкебаев. Жакшы бар. Айтмакчы, карындашым, ким болосуң? Каяктан каякка карай баратасың?

Жаңыл. Фрунзеден келдим. Айкыз кемпирге небере болом.

Серкебаев. А-а... Фрунзеде менин досум жашайт. Азыр ал милициянын капитаны болуп калды. Эх, Фрунзе, Фрунзе...

*(Жаңыл пешайванга кайтып келет. Серкебаев менен Осмон үйлөрүнө кирип кетишет. Күн кечтеп, акырындап айланага караңгылык түшөт. Жаңыл калдайган дарактардын арасынан көтөрүлүп келаткан айга суктана карап калат. Кыялдана ыр окуйт)*.

Жаңыл. «Кандай суук күз деги!
Салынып ак шалыны,
Кийинчи желегинди.

Карасаң, карарган карагайлар арасынан
Келатат көтөрүлүп ай жалыны...[1]

*(Кокусунан жакын жерден арыстандын арылдаганы угулат. Жаңыл кыйкырып жиберип, артына кетенчиктейт. Үйдөн кемпир башпагат).*

Кемпир. Коркпо, кызым. Бул арыстан күн сайын бир жолу келип кетет. Бирок аркандан өтө албайт, арканга мен дем салып койгомун. Аңкайып туруп, туруп кайра кетет.

Жаңыл. А эмне үчүн келет?

Кемпир. Жубайын жоктоп. Жубайын сагынып. Сен басып турган тери ушул арыстандын жубайыныкы. Раматылык чоң атаң аткан.

Жаңыл. Ой, эмне үчүн атат?

Кемпир. Анын атайын деген ою жок болуучу. Ал аны тутамын деп ниеттенген. Балакет болуп, кайсы бир чоң шаардан бир топ кишилер келип, ушу силердин токоюңарда бир жуп арыстан бар экен, ошону тутуп бер дешкен. Чоң атаң бир жума макул болгон жок. Мен эч кандай арыстанды билбейм деп туруп алды. Эки арыстанды абдан жакшы көрчү. Мен дагы. Биз аларды күнүгө жолуктуруп, дайыма алардын ээн-эркин турмушуна, сулуулугуна суктанып жүрчүбүз. Чоң атаң алардан ажырагысы келген жок. Бирок ортого жергиликтүү өкүмөт түшүп калды. Алар байкуш чалды алдашты-соолашты, жемелешти, акырында коркутушту. Иши кылып көндүрүштү. Чоң атаң адеп мына мунусун, эркегин тутту. Тутуп колу бутун байлап аткан мезгилде, ургаачысы, сенин аяк астыңда жатканы, кокусунан келип, чоң атаңа кол салды, чоң атаң аны коркутуп, өзүнөн качыра атам деп, шашканынан, как башына атып алыптыр. Ошол келген кишилер эркегин капаска салып алып кетишкен, а мунусу калган. Көп өтпөй чоң атаң каза болду. А бул байкуш, тогуз жыл дегенде, бир ай болду, кайдан жайдан экенин билбейм, кайтып келип калды. Келгенден бери, күн кур эмес, караңгы киргенде бир маал ушинтип келип, жубайы менен сүйлөшүп, сырдашып кетет, бейтаалай... *(Арыстан арылдайт. Пешайвандын алдындагы аянтка анын көлөкөсү түшөт).*

Жаңыл. Ой, чоң эне, корком!

Кемпир. Корксоң жүр үйгө кирели, Алишердин кекилиги да бышып калды. *(Экөө үйгө кирип кетишет. Айдын жарыгында арыстандын арылдаганы, сүтактын сайраганы, шаркыратманын шоокуму угулуп турат. Акырын ай батат.*

[1] Афанасий Фет



*Таң атат. Күн чыгат. Арыстандын, сүтактын үнү басылып, анын ордуна, тоңкулдактын, сагызгандын, күкүктүн үнү пайда болот. Күкүктүн үнүн туурап, куржун асынып, таяк кармап, өз үйүн карай Жаңыл келет).*

Жаңыл. Куу арча башын сактаган күкүк.
Куйругун күнгө кактаган күкүк.

*(Күкүктөн «күкүк» деген жооп болот).*

Карагай башын сактаган күкүк,
Канатын күнгө кактаган күкүк.

*(Күкүк дагы жооп берет. Бирок бул жолкусу күкүктүгүнө анча окшобой калат. Жаңыл бурулуп, өзүнө карай күлүп келаткан Искендерди көрөт. Искендер баягы эле формасы, сумкасы менен.)*

Жаңыл. Ой, сен белең?

Искендер. Сүйүнчү! Жаңгак планын толтурдук.

Жаңыл. Ырас элеби?

Искендер. Азыр мен акыркы машинени жүктөп берип келатам.

Жаңыл. И-и, жакшы болгон турбайбы.

Искендер. Эми мына бул куржундагы жаңгакты «пландан тышкары» деген эсепке кошобуз. *(Азилдешип, Жаңылдын калтасын бир муштайт).* Билдиңби?

Жаңыл *(сөөмөйү менен Искендердин мурдун басып коёт).* Билдим.

Искендер. Кел эми, ошол үчүн кичине эс алып алалы.

Жаңыл. Кел.

*(Отурушат. Искендер чөнтөгүнөн эки алма алып, бирөөн Жаңылга берет).*

Искендер. Жолдо келатып үзүп алдым.

Жаңыл. Рахмат.

*(Экөө бир-бирине мулуңдап, алмаларын кычыратып жеп калышат).*

Искендер. Жаңыл?

Жаңыл. А?

Искендер. Бир сөз айтсам таарынбайсыңбы?

Жаңыл. Кандай сөз?

Искендер. Мен сени жакшы көрөм деген.

Жаңыл. Жинди. Ушундай сөзгө да киши таарынчу беле. Айта бер.

Искендер. Мен сени жакшы көрөм.
Жаңыл. Мен дагы.
Искендер. Мен сени өпкүм келип турат.
Жаңыл. Өбө бер. *(Искендер маңдайынан өөп коёт).* А мен кинодогудай өпкөндү жакшы көрөм.
Искендер. А.. Кинодо кандай өбөт?
Жаңыл. Мындай... *(Искендердин мойнунан кучактап, анын эриндеринен узакка өөп калат).*
Искендер. Кинодо жакшы өбөт экен. Келчи мен дагы ошентип өөп көрөйүн...

*(Дагы өбүшөт. Ушу тапта аларды жандап Осмон өтөт. Осмон баягыдай эле ак желекчен, колунда сандыкчасы бар. Жаңыл секирип турмакчы болот. Искендер аны кучагынан бошотпойт).*

Искендер. Чиш... Ал бизди көрбөйт.

*(Осмон аларды байкабай өтүп, үйүнө кирип кетет).*

Мен сага үйлөнгүм келет. Мен энеме айтып уруксат сурайм.
Жаңыл. Айт.
Искендер. Бүгүн эле айтам. Жок, азыр эле! *(Ордунан атып турат).* Энем тигил жакта жаңгак терип жүрөт. Мен аны таап, айтып, анан кайтып келем. Сен эч жакка кетпей тур, макулбу?

*(Искендер чуркап кетет. Ошол учурда өз «Милициясынан» Серкебаев чыгат. Ийинине бир эски чемодан артынып алган, колунда узун таяк. Кичине каифи бар. Эшигин жапкандан соң эле ырдап жөнөйт.*

Серкебаев. «Э-э-эй, байтак, байтак, байтак жол,
Байтак жолдон көч келет,
Байтал минген кыз келет,
Эки бети алмадай,
Күйүп жаным калбады ай...»

*(Жаңыл шыңкылдап күлүп жиберет. Сержант чочуп кетип эки жагын каранып калат).*

Серкебаев. А-а сенсиңби. Жаңыл. Кана эмесе, бир куттуу болсун айтып кой: сержант Серкебаев Фрунзе шаарына кетип баратат!
Жаңыл. Кут болсун, жолдош сержант.
Серкебаев. Эми, кудай буюрса, «сержант» атыман кутулам го. Буюрса, мындан нары өзүмдү «жолдош кенже



лейтенант», «жолдош лейтенант», «жолдош улук лейтенант», «жолдош капитан», «жолдош майор», «жолдош подполковник», «жолдош...» Оф! *(Деми кыстыгып, жакасынын топчусун чечип калат).*
Жаңыл. ...полковник.
Серкебаев. Ооба, «жолдош полковник» дедиртем.
Жаңыл. Эмне экен, шаардын шартында бул тилегиниз орундалышы ыктымал.
Серкебаев. Оозуңа май, карындашым. Болуптур эмесе, мен жолумдан калбайын. Жолдо койлорумду таап, алдыма салып алышым керек.
Жаңыл. Айтмакчы, койлоруңуздун бирөөн кудайы айтпадыңыз беле? Таштадыңызбы?
Серкебаев. А-а... Таштасам албай коюшту. Биз дейт, бекер жатып табылган койдун этин жебейбиз, дейт. А мен жалынганым жок. Кайыр!
Жаңыл. Кайыр!
Серкебаев *(ырдап, жолуна түшөт).* «Э-э-эй, байтак, байтак, байтак жол...»

*(Жаңыл анын артынан жылмайып карап калат. Бирпастан кийин анын алдына шашып-бушуп Зулайка кирип келет. Ийининде куржуну, колунда таякчасы бар).*

Зулайка. Алишерди көрдүңбү?
Жаңыл. Жок. А Серкебаевди көрдүм.
Зулайка. Өлүгүн көрөйүн ошонун. Кетти ал. Бирок жөн кетпестен, менин Алишеримди мас кылып коюп кетиптир, үйүң күйгүр. *(Отура кетет).* Оф... Каякта жүрөт болду экен?
Жаңыл. Мас болсо, жаткандыр да бир жерде.
Зулайка. А-а, сен али Алишердин пейилин биле элек экенсиң. Алишер мас болсо, кутурган бүурага окшоп калат: көзүнө көрүнгөн кишини качырып сала берет.
Жаңыл. Мунусу жаман экен.
Зулайка. Бир жиндилик кылып, киндик энемдин каарына калбагай эле. Менин коркконум эле ошол.
Жаңыл. А чоң энем эмне кылмак эле?
Зулайка. О-о, кокуй, ал кишинин ачуусу келбесин. Ачуусу келсе барбы, кудай анын бетин ары кылсын, эч кимди аябайт. Мен сага бир мисал айтып берейин... Ушул Алишер баласы менин тоюм түшүп жатканда, сопсоо эле туруп, менин күйөөмдүн минип келген атын союп таштаган. Мына ошондо киндик энем Алишерди алдына салып айдап барып, эки саатка шаркыратманын астына тургузуп койгон.

Ж а ң ы л. Ой! Ооруп калбайбы киши?!

З у л а й к а. Ооруду, албетте. Бирок, киндик энем өзү эмчи-домчу эмеспи, ар түркүн дары-дармектерди ичирип, шыбап жүрүп, бир айдын ичинде кайра айыктырып алды. Ошондон бери мен киндик энемден корком...

Ж а ң ы л. Айтыңызчы, Зулайка эже, Алишер акем неге сиздин күйөөңүздүн атын союп жүрөт?

З у л а й к а. Кызганып. Ал мени алам деп жүргөн. Бирок менин атам өз билгенин кылып, Фрунзеде жашаган бир досунун баласына берип жиберген. Ушундай, ал мени жакшы көрөт...

Ж а ң ы л. А сизчи?

З у л а й к а. Мен дагы. Эми биз баш кошобуз. Кечээ кечинде экөөбүз ушинтип убадалашканбыз. Бүгүн эртең менен киндик энем биздикине барыптыр, атам менен апам менин көзүмчө макулдугун беришти. Мен азыр Алишерди таап, ошол кабарды сүйүнчүлөйүн десем, ал жок. Кой, жарык-жаанда мен аны издеп табайын...

*(Зулайка кетет. Ал кетер замат «Милициянын» ичинен Алишер чыга келет. Белинде чылбыр, ийининде балта. Өзү өлгөнчө мас, шилекейи куюлуп, көздөрү жанып, эки аттап келип, Жаңылды басып калчудай түрү бар. Жаңыл чаңырып жиберип, пешайванга карай качып берет. Бирок аны Алишер таң калтырат: ал өзү Жаңылдан бетер коркуп кетип, бет алды качып жөнөйт. Жаңыл анын артынан жылмайып карап калат. Ошол кезде Искендердин үнү угулат).*

И с к е н д е р. Жа-ңы-ыл!

Ж а ң ы л. А-а-у-у-у!

*(Искендер чуркап келет).*

И с к е н д е р. О, Жаңыл! Энем уруксат берди! Батасын берди! Ылайым кошо арып, кошо карыгыла, оомин деди!

Ж а ң ы л *(Искендердин кучагына өзүн таштайт)*. Ох, Искендер!

*(Экөө бири-бирине жөлөнүп туруп калышат. Ошол учурда арыстандын арылдаганы угулат).*

Ж а ң ы л. Тигине арыстан баратат!

И с к е н д е р. Көрүп турам. Сенин көздөрүңөн. Ак чөптүн арасында баратат. Жону гана араң көрүнөт.

Ж а ң ы л. Суу ичкени баратат.

И с к е н д е р. Ооба, суу ичкени баратат.

*(Көшөгө жабылат).*





Көшөгө кайра ачылганга чейин арыстан арылдап турат. Көшөгө ачылат.

*Жаратылыш музейи. Музейде баягы эле кишилер. Баягы эле алакыбалда турушат.*

И с к е н д е р. Токтоңузчу, чындап эле арыстанды бизден көрүп атасызбы?

С е р к е б а е в. Туптуура түшүнүпсүз.

О с м о н. Таза эми балээге калбадыкпы.

З у л а й к а. Жолдош капитан, сиз бизди бекеринен эле айыптап атасыз. Биз арыстандын тагдыры жөнүндө эчтеке билбейбиз.

Ж а ң ы л. Жок. Билебиз. Баарыбыз билебиз. *(Шериктери Жаңылды кабатырлана карап калышат)*.

И с к е н д е р. Жаңыл! Жаңыл!

Ж а ң ы л. Арыстан капазынан өзү качып кетти. Өзү амал таап, өз күчү менен. Байкадыңызбы, капазга эч ким кол тийгизген эмес?

С е р к е б а е в. Ооба. Кулптануу капаз кулптануу бойдон турат. Эч жери майышпаптыр, эч жери чоюшпаптыр.

Ж а ң ы л. Туура. Арыстан жерди казып, капаздын артынан сойлоп чыккан.

С е р к е б а е в. Жер жумшак бекен?

Ж а ң ы л. Жер жумшак экен.

С е р к е б а е в. Анан?

Ж а ң ы л. Ошол түнү ай жарык болчу. Шаардын эли кызуу уктап аткан, көчөлөр ээн. Арыстан үйлөрдүн, дарактардын көлөкөлөрүн тандап жүрүп отуруп, таңга маал шаардан чыгып, кең талаага туш келет. Бирок талаада эл-журт болот. Алардын көзүнө чалдыкпас үчүн, дароо камыштардын арасына жашынат, ошол жерде күндү кечкиртет. А кечинде, караңгы киргенде, кайрадан жолго түшөт. Ошентип жүрүп отуруп, беш кечте, беш күндүз дегенде...

И с к е н д е р *(чаңырып жиберет)*. Жаңыл! Жаңыл! Андан ары айта көрбө! Кудай акы айта көрбө! Бул адам— жаман адам. Биздин арыстанды тутуп келип, кайтадан капазга салып коёт!

А л и ш е р. Ооба, Жаңыл. Бул ушинтет!

З у л а й к а. Айтпа, Жаңыл!

О с м о н. Туура, Жаңыл. Мен да ишенбей калдым бу кишиге.

*(Серкебаев баятан бери отурган жеринен туруп келет. Негедир көңүлү көтөрүңкү).*

С е р к е б а е в. Коркпогула. Мен эч качан антпеймин.

Мага да арыстан керек. Менин да ошондой арыстаным болгонун эңсейм. Силердин арыстаныңар — менин арыстаным. Ылайым биздин ыкыбалыбызга ал дайыма өзүнүн күнөстүү аралында ойноп-күлүп, ээн-эркин жүрө берсин. Мен анын капаздан чыгып кеткенине кейип келген эмесмин мында, мен аны андан аркы өмүрү үчүн кабатырланып келген болчумун эми менин көңүлүм тынчыды. Рахмат баарыңарга. Кошкула.

*(Серкебаев чыгып кетет. Баарысы иштин минтип бүтүшүнө аң-таң болуп, сүйүнүп калышат. Бири-бирин карап туруп, күлүп жиберишет).*

З у л а й к а. Ажайып киши экен.

А л и ш е р. Ох, жүрөгүм араң ордуна түшпөдүбү.

О с м о н *(саатын карайт)*. Жолдоштор, убакыт да бир мунча болуп калыптыр. Биротоло түшкү оокатты ичип алып туруп, анан иштесек кантет?

И с к е н д е р. Мейли. Силер баса бергиле, менин Жаңылга айтар бир ооз сөзүм бар.

*(Зулайка, Алишер, Осмон чыгып кетишет).*

Ж а ң ы л. Коош?

И с к е н д е р. Мен сени жакшы көрөм.

Ж а ң ы л. Мен дагы.

*(Өбүшүп калышат. Ушу тапта бүт залды толтура арыстандын айкырыгы угулат).*

Ж а ң ы л. Арыстан...

И с к е н д е р. Көрүп турам. Сенин көздөрүңдөн...

**К ө ш ө г ө**

## ДАРЫЯНЫН ШООКУМУ

### *(Эки бөлүмдөн турган, эпилогу бар притча)*

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

О р м о н чолок.
К о л д о ш жинди.
С у у с а р сулуу.
Д е р в и ш ава.
Н у р и я актриса.

Суусу какшып калган кең сай. Сайдын ар кайсы жеринде тал, чычырканак, ит мурун сыяктуу бадалдар сербейет. Бадалдардын арасында чоң-чоң ак таштар жатат. Мына ушул бадал, таштардын үстүндө, сайдын бийик жээктерин кулачтап, узун, бирок кууш көпүрө асылып турат. Көпүрө кырчын талдын шактарынан токулган, ал абдан эски, азыр аны менен эч ким каттабайт. Азыр эл көпүрөнүн асты менен сокмо жол салып алган. Көпүрөнүн сол жак учунан кыйгач кирип, оң жак учунан кыйгач чыгып кетишет...

Көпүрөнүн сол жак учундагы жээктен чыңк ылдый жыгач ноо түшөт. Ноо төмөн жактагы эки бөлмөлүү жана пешайвандуу тегирмендин парасына суу куят. Бирок азыр суу жок болгондуктан, тегирмен жүрбөйт. Эшиги аңгырап ачылып, ишсиз, жансыз турат. Тегирменчи да көрүнбөйт. Бирок эшиктин алдында, пешайванда, анын буюм-кечелери: жыйылган төшөнчүсү, казан-аягы жатат...

Көпүрөнүн оң жак учу барып такалган жээкте, тегирмендин дал тушунда, жалгыз түп тал бар. Талдын астында төрт бурчтуу супа көтөрүлүп, супанын ортосуна чоң кумара орнотулган; а кумаранын оозуна жыгач капкак жабылып, капкактын үстүнө кичинекей таш кесе коюлган...

Бадал, таштардын арасынан купкуу болгон кичинекей чал чыгат. Чалдын далысына артынган чоң кумганы бар, колунда таяк. Бул — Дервиш. Абышка талдын түбүндөгү супага келип отуруп, ийninен кумганды чечет. Кумганда суу болот. Сууну кумурага оодарып куят, анан бирпаска эс алып отуруп, кийин келген жагына кайта кетет. Көп убакыт өтпөй, бадал, таштардын арасынан кетмен сүйрөгөн Ормон келет. Ал оң бутуна кичине саал сылтый басат. Жашы элүү менен элүү бештин ортосунда. Бою узун, арыкчырай. Кийгени эски калпак, эски жегде[1], жамачылуу шым, кончу жырык теке өтүк[2]...

[1] Жегде — түштүктө эркектер кийчү жакасы тепчиленген кийим.
[2] Теке өтүк — жапайы текенин терисинен тигилген өтүк.

Ормон бир нерсе жоготконсуп, бир нерсе издегенсип, жерди карап келет. Көпүрөнүн астынан өтө бererде, кокусунан, чөгөлөй калып, жаагын жерге такап, кыйлага чейин тыңшап калат. Өзүнчө мулуюп коёт. Ордунан туруп, жалгыз тал жакка бет алат. Супага келип отуруп, кесе менен кумурадан суу сузуп ичет. Эс ала түшөт...

Ормон. Кудайга шүгүр.. Рахмат, Дервиш ава. Бейишке кир, ылайым. Сен болбосоң, бул какшыган сайда какшып өлмөк экенмин... Эчтеке эмес. Куда кааласа, акыры бир күн жер жибип, булактар ийип, кайтадан сайга суу кирет, дарыяга айланат... Эх, шоокумуңдан айланайын дарыям... *(Куду дарыянын шоокумун угуп аткандай, бирпаска көшүп отуруп калат.)* Анда менин тегирменим да кайтадан күркүрөп тилге кирет, жака-белдеги эл илгеркидей куржун-кабын көтөрүнүп, чубап келе баштайт. Мынабу сокмо көпүрө менен. Көп картайып калды байкушум...

*(Бирпас көпүрөнү тиктеп отурат да, анан ордунан туруп, тегирменди көздөй жөнөйт. Тегирменге келип, аны көптөн бери көрбөй сагынып калгансып, ичи-тышын кыдырата карап туруп калат. Ушу тапта көпүрөнүн астынан Колдош чыгат. Артына оголе чоң кагаз жашикти көтөрүп алган. Туура Ормонду көздөй бурулат. Колдош Ормонго теңтуш. Беттери капкара болгон, бакжайган семиз адам.)*

Ормон. Атаңын гөрү-ү-ү! Эми сен почтону куржунга апкелбей, жашиктеп ташый баштагансың го? Туура кылasың, куржунга бир эле жумалык почта сыгат, а бу жашигиңе бир айлыгы да бата берчүдөй.

Колдош. А гөр чолок десе... *(Жашигин жерге коюп, жанына отура кетет.)* Сага баары бир эмеспи: апта сайын апкелемби, ай сайын апкелемби. Сен газет, журнал окубасаң, сага бирөө кат жазбаса. Неге шашасың? Бир айда бир келип, пенсиңды берип турсам болду да. *(Эстей коюп.)* Астафурла, сөзүмдү кайта алам: сага кат бар, чолок.

Ормон *(өзү да таң калат)*. Кат? Кимден?

Колдош. Кимден экенин караганым жок. Фрунзедеги артист кызыңдан да, кимден болмок эле. Же баягы качып кеткен артист катыныңдан бекен? *(Каткырып күлөт. Ормон да аргасыздан жылмайып коёт. Колдош жашигине колун салып, бир таңгак гезит, бир чеңгел кат алып чыгат.)*

Ормон. Ой жинди, чын эле жашигиңдин ичи жык почтобу?

Колдош. Жок, чолок, почто ушул эле. Калганы жөжө.

Ормон. Жөжө?

Колдош. Ооба?



Ормон *(жашыкка башпагат)*. О-у-у, атаңдын гөрү! Оголе көп го?

Колдош. Туптуура жүз.

Ормон. Жүз... А бири паланча граммдан болгондо да, паланча кила жүк болот экен. Кантип көтөрүп келатасың? Машина табылбадыбы?

Колдош. Бир таксиге сүйлөшсө, ушу турган жети чакырым жерге жети сом бересиң дейт. Жүз жөжөгө жети сом берип отурсам, миң жөжөгө жетимиш сом болуп кетет экен. Кой дедим.

Ормон. Миң жөжө?

Колдош. Тиякта дагы тогуз жүзү калды. Бир тааныштыкына киргизип коюп келдим. Дагы тогуз жолу каттасам, баарын ташып алам.

Ормон. Ой, жинди... Анын баарын каякка батырасың? Коргонуң тоокко толуп бүтүптүр го?

Колдош. Аның ырас, толуп бүттү.

Ормон. Өзүнчө эле тоок перме болуп кетипсиң.

Колдош *(курсант болуп күлөт)*. Э-жок-э. Пермеликке жете элекмин. Мен утуру чоңойгонун сатып турам. Сатпасам, ырас, жетмекмин. Сатып-сатып отуруп, азыр колумда жети жүзү калды. Аларды да эми сата баштайм. Ар бири он беш сомдук болуп калды.

Ормон. Атаңдын гөр-үү! Тоок ушундай кымбатпы?

Колдош. Ананчы! Дос, базарга барбайсың, наркты билбейсиң. Тоокту тоотушпайт, а тоок дегенде иш көп билсең. Акын Токтогул ырдаган: «Эсиң кетсе, эчки бак, эчки тууйт эки улак» — деп. А мен, Колдош жинди, айтамын; эсиң барда тоок бак деп. Турмушту оңойм десең, мына менден үлгү ал. Өзүң көрүп, согуштан кайтып келгенден бери биргат болдум, уй пермелик кылдым, магазинде иштедим... Койчу, көп иштин башын кармадым. Бардык жерде кымтып-кумтуп, коркуп-үркүп жашадым. Бирок жукпады. Тоок бакканымдан бери гана алаканыма карга чычты. Азыр, кудайга шүгүр, элдин алды болбосом да, орто бабымын. Тун уулумду, миң сом сарп кылып, аспирантураа жайгаштырдым, тун кызымды эки миң менен институтка өткөрдүм. Ортончу уулумду университетине киргизейин деп калдым эле, өзү болбой койду. Окубайм, андан көрө катын алып бер да, машина сатып бер дейт. Буга да макул болдум. Начайлык доско айтып, милицияга орношуп койдум. Бекер жүргөнчө бекер кийим кийип, айлык алып турсун. Милицияда кор болбойт, киши. А катынды болсо караштырып атам. Өзүнө койсо, Ботобай маңканын

эле кызына үйлөнүп алгысы бар. Бири-бирибизди сүйөбүз дейт. Араң айныттым.

Ормон. А эмне үчүн айнытасың?

Колдош. Куник да, дос. А катынын сулуу болуш керек.

Ормон. А өзүңдүн катының сулуубу?

Колдош. Кеп ошондо болуп атпайбы. Балдарыма мындай аялды каалабайм... Эх, чологум, эгер билсең, ушул күнгө чейин Суусар сулуу түшүмө кирет. Өзүм албарстыдай катындын койнунда жатам, а түшүмө Суусар сулуу кирет...

Ормон. Өзүңдөн көр.

Колдош. Өзүмдөн көрөм. Өзүм гана күнөөлүмүн... *(Экөө тең бирпаска түнжурап отуруп калышат.)* Жок, бул жерде сенин да күнөөң бар.

Ормон. Кандайча?

Колдош. Ал сени менден артык көрчү.

Ормон. Мунун эмнеси күнөө?

Колдош. Э койчу, өткөндү козгоп... Мен сага эмне деп жаттым эле?

Ормон. Эсиң барда тоок бак деп...

Колдош. Туура. Тоок бак, дос...

Ормон. Өмүрүмдө тоок багып көргөн эмесмин. Тоок өтө балит келет. Баары жокту булгап жиберет. Бир жолу сенин коргонуңдун жанынан өтүп баратып, анын ичинен чыккан жытка мурдум жарылып кете жаздаган. Билбейм, кантип чыдап жүрөсүң...

Колдош. Тооктун өзү сасык болгону менен, пулу сасыбайт. Менин катын-балам да биринчи жылдары мурдун чүйрүп жүрүштү, кийин көнүп кетишти. Акча көндүрөт. Сен да көнүп кетесиң.

Ормон. Көнбөй эле койдум. Пулуңдун да кереги жок. Пенсиям жетет, бир башыма.

Колдош. Сен жөн эле багыштан коркуп атасың. Коркпо. Экөөлөшөбүз. Менин тажрийбам бар.

Ормон. Токточу.. Сен мени кадыресе эле үгүттөп кирдиң да?

Колдош. Ананчы. Мына бул жашикте жүз жөжө. Эртең тогуз жүзүн ташып келем. Миң жөжө тегирмениңе бемарал батат. Эки бөлмө эмеспи.

Ормон. Тегирмениңе?!

Колдош. Ооба. Андан көрө сен тез арада печке курушуң керек. Жөжөлөр али жаш, бул суукта кырылып калат. Айтмакчы, сен печке дегенди да билбейсиң, өмүр бою очок менен оокат кылып келесиң. Эч нерсе эмес, эртең печ-



ке да ала чыгам. Мм... Дагы эмне керек? Жем. Суу. Бүгүнкүгө жемди кампаңдан алып тур. Албетте, буудайды ирик бойдон жей алышпайт, майдалап бер. А суу болсо, тигине, кумурада турат. Эртеңден баштап сууну өзүмө коюп кой, машинелеп ташып берип турам. А сен болсо бул жерде отуруп алып жем чачып, суу куюп бергенди гана билесиң. Үч айдын ичинде жөжөлөр союшка жарап, жумуртка бере баштайт.

Ормон. Атаңдын гөр-ү-ү. Эт, жумуртка жеп жыргайт турбайбызбы?

Колдош. Ананчы, гөр чологум. Жумуртка, эт деген нерсе жер-сууга батпай кетет. Эх, Германияны басып киргенибизде бир кыштактан бир укмуш тооккана көрдүм эле ошондой тооккана курсам! Жумуртка демекчи... Жаз, жай, күз бою тооктор мына бул токойдун ичине тууйт. Утуру тууганын утуру терип турабыз. Бул үчүн сен талдын чыбыгынан он чакты себет токугун.

Ормон. Макул, таксыр. А кышында кантебиз?

Колдош. Кышка чейин бир сарай салабыз.

Ормон. Ой, ага жыгач, кыш керек...

Колдош. Баарысы ушул сайдын өзүнөн чыгат. Дубалына-таш, жыгачына тал турат.

Ормон. Мм.. Дагы бир суроо.

Колдош. Сура, дос.

Ормон. Мен каерде жашайм?

Колдош. Сенби? Сен... тооктор менен кошо жашайсың. Тегирмениңдин бир бурчуна сөрү жасап ал.

Ормон *(аргасыздан күлөт)*. Ой, сени эл бекеринен эле жинди деп жүрүптүр.

Колдош. Жинди деп менин кайсар мүнөзүмдү гана айтышат, акылымды эмес, гөр. Бул дагы жаш кезимде аталып калган.

Ормон. Туура, сен жинди эмессиң. Сен.. Сен — капиталистсиң!

Колдош. Бул эмне дегениң?

Ормон. Билбейсиңби? Мектепте окубадык беле: феодализм, капитализм, социализм деп... Кыргыздар мурда феодализм доорунда жашаган. Анан эле социализмге өтүп кетишкен. Капитализмди аттап. А сен, Колдош, аттагың келбей атат. Акырын басып, капитализм эмне экенин көрүп өткүң келип турат.

Колдош. Демек, мен элдин артында калган адам экенмин да?

Ормон. Ооба. Капитализмге алаксып калып атасың.

Колдош *(ордунан чапчып турат)*. О энеңди урайын,

ит чолок. Баятан бери мен муну жакшылык ишке үгүттөп атса, а бул мени шылдыңдайт.

Ормон (күлөт). Рахмат, дос.

Колдош (*жашиктен алган почтосун кайтадан салыштыра баштайт*). Эл мени жинди дейт. Анык жинди мына сенсиң. Ээн сайда, ээн тамда отуруп алып, жер астынан дарыя агат, ал жер үстүнө чыгып келет деп жөөлүйт. Эч кандай дарыя-парыя жок жер астында!

Ормон. А сен каяктан билесиң?

Колдош. Жүз жолу тыңшап көрдүм!

Ормон. Дагы жүз жолу тыңша.

Колдош. Бекерпоз! Отурат кечке какшыган сайды карап. Кайгы-капасы да жок, мунун. Ме катыңды!

*(Бир конвертти ыргытат.)*

Ормон. Ой, бул кат кызымдан эмес.

Колдош. Качып кеткен артист аялыңдан. Ырас кылган ошол катын. Ушул жерде кантип катын жашасын? Ушу сени менен кайсы катын оокат кылсын?

Ормон. Облсовестен экен.

Колдош. Эмне? А... алар эмне деп жазат сага?

Ормон. Мен бир жолу машине бергиле деп арыз жөнөттүм эле, ошонун жообу го. (*Окуйт.*) «Урматтуу жолдош Ташматов Ормон! Биз сиздин арызыңызды канааттандырдык. Сизге «Запорожец»... акысыз.. Бөлүнүптүр да...

*(Колдош көтөрмөкчү болгон жашигин секин жерге коёт.)*

Колдош. Кана... (*Ормондон катты алып окуйт.*) «Запорожец»... акысыз... А мен акысын төлөп аларга да жетпей жүрөм. Очиритим отуз тогузунчу. А сага болсо минтип... Ырысың бар экен, чолок. Сенин ырысың — бутуңа келип тийген немистин огу.

Ормон. Жок, жинди. Менин ырысым — мага атылган окто эмес, мен аткан окто.

Колдош (*ачуулуу*). Андай окту мен да атканмын! Сен эки жыл атсаң, мен туптуура үч жыл аттым! А сен бул үчүн пенсия аласың, сага бекер машине бөлүнүп отурат! А менчи? Пенсияга алтымыш жашта араң чыгам, а машине отуз тогуз кишиден кийин тиет, тийсе! Ал да болсо, минтип жөжө көтөрүп жүрүп тапкан пулума берилет.

Ормон. Инвалид болбосоң, ошентет да, анан.

Колдош. Ошону айтып жатам: ырысың бар экен деп. Үч жыл... Миллион ок атылды мага карай, бул үч жыл ичинде! Бирөө бир жеримди чырпып өтпөптүр, кысталак...



Ормон. Душмандын огу дайыма эле эстүү боло бербейт, гөр. Кокус өзүңө окшош жиндиси туш келип, чырпып-чымчып отурбай, башыңды көзөп кетсе, эмне кылат элең?

Колдош. Мунуң да туура... Э мен жөн эле айтып жатам. Сен кыйналып тапкан береке-байлык биреөлөргө оңой-олтоң келип атса, аргасыздан ичиң тарып, бакыл болуп кетет экенсиң.

Ормон (*күлөт*). Ой, апендим-эй, апендим...

Колдош. Кой, мен кеттим... (*Жашигин көтөрүп, өйдө болот.*) Машинең кут болсун, дос.

Ормон. Рахмат.

Колдош. Айтмакчы, аныңды апкелип алып каерге минесиң? Мына бул сайгабы?

Ормон. Машинени мен минбейм.

Колдош. Эмне, сатасыңбы? Анда өзүмө сата көр. Акчасын нак санап берем. Төрт миң сом өкүмөт наркы. Кош десең, кичине кошомун.

Ормон. Болбойт, Колдош. Машинени мен күйөө баламы менен кызыма тартуу кыламын. Жаш немелер, балдарын салып алып, ойноп жүрүшсүн. Колумдан келген жардамым ушул экен. А өзүмө машиненин кереги жок.

Колдош. А-а... Мен дагы жанагы милиция баламa сатсаң. А өзүмө «Волга» обесатып берейин дедим эле, (*Жашигин көтөрүп алып супага бащайт кылып атышат... (Жашигин көтөрүп алып супага барат. Кумурадан суу ичип, анан нары кетет. Ошого чейин Ормон аны узата карап туруп, жылмайып коёт. Кийин тегирменине кирип, буканын мүйүзүн алып чыгат. Мүйүздүн учу араланган, учунан үйлөсө, волторнанын үнүнө окшогон коңур үн чыгат. Бир кезде Ормон бул мүйүз карнайы менен өз тегирменине элди чакырып жүргөн; мүйүз карнайдын үнүн уккан киши тегирмен бош экен деп түшүнгөн. Ормон азыр да карнайын чалмакчы болот, бирок карнайдын ичине чаң толуп калгандыктан, үн чыкпай коёт. Ормон аны тазалай баштайт. Мына ушул учурда ал кыйчкуйч деген үндү угат. Караса, көпүрөнүн үстүндө бир аял басып келатат. Кийимине караганда, шаарлыка окшойт. Колунда чоң сумкасы бар. Аял куду көпүрөнүн үзүлүп кетишинен коркконсуп, этиаттап кадам шилтейт. Бир-эки секундга Ормондун эси оой түшөт. Кийин ордунан чапчып туруп, кыйкырып калат.)*

Ормон. О кайт! Кайт дейм, ким болсоң дагы! О көпүрө эски, учуп өлөсүң! Бу жинди неме го?!. (*Аял токтойт. Суусар экен көрсө. Суусар чын эле сулуу аял, ал элүү жашта, бирок андан алда канча жаш көрүнөт.*)

Суусар. Арыба, Ормон!

Ормон. Суусар... Сенсиңби?!

Суусар. Менмин, Ормон, менмин... Кандай, амансенсиңби?

Ормон. Кудайга шүгүр...

Суусар. Бу сайдын өйүз-бүйүзүндөгү эл кайда житип кеткен?

Ормон. Эл азыр башка жерде, шаар тибиндеги селодо жашайт. Ушундай бара берсең, табасың.

Суусар. А дарыяга эмне болгон?

Ормон. Дарыяны суу сактагычка буруп кетишкен.

Суусар. Сайдын өзүнөн деле көп булак акчу эле...

Ормон. Булактар жер асты менен агып калган.

Суусар. Эмне үчүн?

Ормон. Табийгаттын иши да. Төрт жыл илгери катуу кургакчылык болуп, булактардын баары кумга сиңип кетти. Азыр алар бир бирине кошулуп, улуу дарыяга айланып, тээ тереңде агып атышат.

Суусар. Аны сен каяктан билесиң?

Ормон. Эмнени?

Суусар. Булактардын дарыяга айланып, тээ тереңде агып атканын?

Ормон *(наразылык менен күлөт)*. Хэ... Сен да куду менин жердештериме окшоп атасың. Алардын да эч кимиси мага ишенбейт. А мен, билсең, дарыяны көрүп турам, анын шоокумун угуп турам, андан келген муздак желди сезип турам!

Суусар *(таңыркайт, ишенип-ишенбейт)*. Койчу?

Ормон. Бери түшчү...

*(Ормон шашып-бушуп сайдын орто ченине барып чөк түшөт, жаагын жерге такап, тыңшап калат. Суусар кызыгып түшүп келет.)*

Ормон. Мына.. Тыңшап көрчү... *(Суусар тыңшап көрөт.)* Угуп атасыңбы?

Суусар *(өйдө болот)*. Жок.

Ормон. Кап... Кулагың көнө элек да. Көп-көп жолу тыңшашың керек.

Суусар *(кайтадан Ормонду таңыркай карайт)*. Токточу... Сен, эмне, ошо дарыяны күтүп отурасыңбы, бул ээн сайда?

Ормон. Ананчы! Эртедир-кечтир ал жер бетине агып чыгат да! Бул үчүн жаан гана керек. Катуу-катуу жаан!

Суусар. Ой, Ормонум-ой, Ормонум. Сен жаш кезиңдегидей эле кыялкеч турбайсыңбы. Өзгөрбөпсүң.



Ормон. А эл мени кыялкеч дебейт, эл мени апенди Ормон дейт. Эч кимиси ишенбейт, менин айтканыма...

Суусар. Сен, эмне, бул жерде жалгыз жашайсыңбы? Катының көрүнбөйт да?

Ормон. Катын каза болгон, Суусар. Эки жыл илгери.

Суусар. Ой, кечирип кой, Ормон. Уктум эле. Бечара Бурул...

Ормон. Ушундай...

Суусар. Ошондон бери үйлөнбөдүңбү?

Ормон *(жылмайып коёт)*. Үйлөндүм. Өткөн жылы кызым менен күйөө балам бир аял таап келип беришкен. Өздөрү менен бирге иштеген неме экен...

Суусар. Артистпи?

Ормон. Ооба... Бирок өнөрү анча күчтүү эмес го сыягы, майда-чүйдө ролдорду ойноп жүрөт имиш. Кичине ичип коёт. Үч эрден чыгыптыр. Бала төрөбөптүр. Тууган-туушканы жок, мага окшогон жетим экен. Бир сыйра кийимкече кылып, молдого нике кыйдыртып алдым. Жаш экенсиң иште деп, колхоздун бала бакчасына орноштуруп койдум. Бирок шаарлык катыным мени менен алты ай араң жашады. Зеригип, быйыл кышында шаарына кайта кетип калды. Кеткенде да мага айтпастан, качып кетти. Мен кейигеним жок, түшүндүм. Бирок талагын алып кетпегенине наразы болуп жүрөм. Өзүң билесиң, менин никемде туруп, башка эрге тие албайт да.

Суусар *(күлүп жиберет)*. Апендим, шаардык аялдар талак дегенди билбейт да.

Ормон. Же ошондойбу...

Суусар. Ох, суусап кеттим.

Ормон. Бул сайдан өткөндүн баары суусап өтөт.

Суусар. А суу жок. Болсо да бербейсиң. Алыстан ташып ичем деп айтасың.

Ормон. Мурда ошентчи элем. Үч жылдан бери эл менден суу сурабай калды. Үч жылдан бери өткөн-кеткен Дервиштин суусун ичет. Жүр...

Суусар. Ал эмне деген суу?

Ормон. Азыр айтып берем...

*(Суусарды супага баштап келип, суу сузуп берет.)*

Суусар *(сууну ичкенден кийин)*. Ох, абдан ширин экен, суу. Муздактыгын айт... Кимдин суусу дедиң?

Ормон. Дервиштин.

Суусар. Анын ким?

Ормон. Дервиш деген — дервиш. Эл-жер кыдырып жүргөн адам. Үч жыл илгери ушул жерден өтүп баратып,

ушул талдын түбүндө эс алган; мына бул кумураны далысына артынып алыптыр, колунда таяк; менден суу сурады, мен суу алып чыгып бердим. Суу ага абдан жагып калды. Булактын суусу экен деди, тамшанып. Мен булактын каерде экенин айтып койдум.

Суусар. А каерде?

Ормон. Беш-Кемпирде эмеспи, унутуп калдыңбы?

Суусар. Ой, Беш-Кемпирге беш чакырым бар да? Сен сууну ошол жактан ташып ичесиңби?

Ормон. Андан жакын жерде суу жок. Бирок мен азыр сууга каттабайм. Дервиш ава алып келет, минтип.

Суусар. Мен түшүнбөй атам: ал киши, эмне, сени менен жашайбы?

Ормон. Жок. Ошол булактын боюна кичинекей кепе салып алган. А бул жакка күнүгө эки маал келип, минтип кумурасын толтуруп кетет.

Суусар. Эмне үчүн?

Ормон. Сага окшогон жолоочулар ичип өтсүн деп.

Суусар. Бекерге элеби?

Ормон. Бекерге эле.

Суусар. Ишенич кыйын.

Ормон. Ал кишинин өмүр бою кылган кесиби ошол экен. Каерде суусуз жер болсо, каерден суусап эл өтсө, ошол жерге мына мындай жалгыз түп дарак көгөртүп, анын түбүнө супа көтөрүп, өткөн-кеткен жолоочуга суу сунуп турат. А кокус ал жерден киши өтпөй калса, же агын суу келип, чаңкоо канса, чал артына кумурасын артынат да, жаңы конуш издеп жөнөйт.

Суусар. Ажайып адам экен. Өмүрүмдө көргөн эмесмин, мындай кишини.

Ормон. Келип калса, көрсөтөм. Экөөбүз абдан ынакпыз. Айтмакчы, жер астына аккан дарыяга ошол киши ишенет.

Суусар. Мен силерге таң калам. Таң калам да, таң берем.

Ормон (*уялыңкы жылмайып коёт*). Өзүң жөнүңдө сүйлөчү. Турмушуң кандай? Каерлерде жүрүп, каерлердин суусун ичип келатасың?

Суусар. Ой менин жүрбөгөн жерим, ичпеген суум калбады, Ормон. Колдоштон кийин тийген күйөөм партиялык кызматчы эле. Ошо кишинин артынан ээрчип, Кыргызстандын бүт булуң-бурчунда жашап келдим окшойт. Азыр эрим пенсияда, Таш-Көмүрдө турабыз. Сегиз бөлмөлүү үйүбүз, «Волга» машинебиз бар. Бирок... сегиз бөлмөдө экөөбүз гана жашайбыз, а «Волганы» минер киши жок,



гаражда каңтарылып турат: күйөөм карып калды, анын үстүнө оорукчан...

Ормон. А бала-чакаңарчы?

Суусар. Бала көрбөдүк. Колдош жинди ичиме тепкилеп жүрүп, биринчи баламды боюман түшүрүп койгон, көрсө ошондо биротоло туубас кылып таштаган экен...

Ормон. Ушундай де... А мен ойлоп жүрүптүрмүн...

Суусар. Таш-Көмүр ысык шаар... Абдан ысык шаар... Суудан дагы сузуп берчи... (*Ормон суу сузуп берет. Суусардын көзү жашөөрүй түшөт, анысын билгизбей арчып алат, сууну тегирменди карап отуруп ичет.*) Мынабу тегирменди курганың эсимде. Согуш бүткөн жыл эле. Солдат формасын кийген жаш, сулуу жигит болучусуң...

Ормон. А сен он жети жашар секелек кыз элең. Күн сайын мага жардамга келчүсүң.

Суусар. Өзүң жалгыз иштеп атсаң анан...

Ормон. Тегирмен куруш — менин бала кезимден кызыккан максатым эле. Эшигибиздин алдынан агып өткөн кичинекей суунун жээктерине күн сайын ондогон оюнчук тегирмендерди, ондогон жыгач көпүрөлөрдү салып ойночумун...

Суусар. Мен сен салган тегирмен экөөбүздүкү болот деп ойлодум эле...

Ормон. Мен дагы...

Суусар. Өлүгүңдү көрөйүн, Колдош жинди алып качпаганда...

Ормон. Ооба, Колдош баарын бузуп кетти...

Суусар. Ошондо сен жаңжал салып артыман кууп келгениңде, мен сени менен эрчишип кетет болчумун. Бирок сен келген жоксуң. А-а, бирөө менен бир түн жатып койгон аялдын мага не кереги бар дедиң да. Менчелик сүйгөн эмес экенсиң, көрсө...

Ормон. Жо-жок, мен сени абдан жакшы көрчүмүн. Сени сүйгөндөй эч кимди сүйө элекмин... азырга чейин. Бирок ошондо... Жаштык кылыптырмын, акылсыз экенмин. Бирөөнүн аялын кантип тартып алам деп ойлопмун...

Суусар. А мен болсо, Ормонго тийбегенден кийин, ким менен жашасам баары бир эмеспи деп койдум. Бирок Колдоштон өчүмдү алдым. Ал мени бактысыз кылса, мен дагы аны бактылуу кылган жокмун. Күн сайын сени мактап ичин күйгүзчүмүн. Бул үчүн ал мени аябай сабачу, а мен болбой эле сени мактай берем. Акырында коё берип, жаны тынды. Уф... Кой, мен барайын... (*ордунан турат*).

Ормон. Айтмакчы, кимдикине баратасың?

Суусар. Менин кимим бар дейсиң. Баягы эле жал-

гыз таякем да. Катуу ооруп калыптыр, байкушум. Ошону кичине багайын деп келатам.

О р м о н. А! а, дурус, дурус... *(Суусар кетет. Ормон анын артынан карап туруп, кийин тегирменине басып келет. Көңүлү көтөрүлө түшөт. Иш кылгысы жок. Кетеремишке бир нерселерди кармалап, ары-бери басып турат. Бирпастан кийин бир колуна чөөгүн, бир колуна куураган чырпык сүйрөп, Дервиш келет).*

О р м о н. О-о, келиңиз, Дервиш ава.

Д е р в и ш. Бир чай кайнатып ичеличи. Таза каным качты, бүгүн.

О р м о н. Макул, макул. Азыр эле кайната коёбуз. Эртең менен эки катырма жасап койгонмун, аны жейбиз.

*(Чалдын колунан чөөгүндү алып, очокко коёт. Дервиш шырдактын үстүнө отура кетет. Отурганда да коомай отуруп, ошол замат койнуна колун салып, кичинекей жумуртка алып чыгат).*

О р м о н. Ой, ава, ал эмненин жумурткасы?

Д е р в и ш. Кекиликтики. Басып жаткан мекиянга бир кырсык тийген окшойт, үч күндөн бери уясына жолобойт. Жумурткалар айып болбосун деп койнума салып алдым.

О р м о н. Жакшы кылыпсыз. Канчоо экен?

Д е р в и ш. Сегиз.

О р м о н. О, бир куймак кылганга жарайт экен.

Д е р в и ш. Кокуй, жегенге апкелди дейсиңби?

О р м о н. Анан эмнеге...

Д е р в и ш. Ачып чыгарам.

О р м о н. Ачып чыгарам? Кантип? Сиз кекилик эмессиз да?

Д е р в и ш. Э, апендим... Жумурткага жылуулук болсо эле болду. Койнума катып жүрүп эле чыгарып алам. Бир жолу ушинтип бөдөнөнүн беш жумурткасын ачканмын.

О р м о н. Кап, өмүрүмдө кекиликтин жумурткасын жейелек болчумун. Мейли, жумурткасы болбосо, жөжөсүн жейбиз, ача бериңиз.

Д е р в и ш. Бирок, жөжөлөрдү коё беришибиз керек...

О р м о н. Эмне үчүн?

Д е р в и ш. Чоңойуп, кекилик болсун.

О р м о н. Ой, ава, кекилик болуп алгандан кийин алар бизди таанылбай кетет да? Анан тузак коюп, мылтык атып жүрөбүз артынан.

Д е р в и ш. Ошондой го... бирок...

*(Ушу тапта кагылган казыктын үнү угулат. Караша, Колдош экен: сайдын орто ченине казык кагып атыптыр; жанында баягы чоң жашиги турат. Ормон менен Дервиш бирин бири түшүнбөй карап калышат).*

К о л д о ш. О, ассаломалейкум, коңшулар!

О р м о н. Биз сага качантан бери коңшу болуп калдык?

К о л д о ш. Мына азыртадан баштап. Көрүп турбайсыңарбы, чатыр тигип атам. Бүгүн чатыр тигем, а эртеңден баштап тооккана салам.

Д е р в и ш. Тооккана?

К о л д о ш *(бери карай басып келет).* Ооба, Дервиш ава. Тооккана. Болгондо да абдан чоң тооккана. Бир тоок багарлык кылайын, кысталак. Бүгүн миң жөжө сатып алдым. Үйүмдө жети жүздөй мекиян жүрөт. Баарын бириктирсем, өзүнчө эле тоок ферма болот. Ормон чолокко окшогон бекерпоздорго акча табыштын жолун үйрөтөйүн. Теңшерикке тоок багалы десем, ынабайт байкуш. А жолдо баратып ойлоп көрсөм, өзүмдүн эле бакканым оң экен. Жер кеңири. Жемди болсо, табам. Бир жаман жери суусу чатак. Мына ушул жагынан сиз жардам бересиз, ава. Күнүнө үч маал толтуруп турсаңыз болот, тээтиги идишиңизди.

Д е р в и ш. Ботом, ал идиштен кишилер суу ичет да?

К о л д о ш. Эми кишилерге суу жок, эми тооктор ичет сууну. Кишилерден пайда жок сизге, а тооктордон — бар.

Д е р в и ш. Кандайча?

К о л д о ш. Адамдар ичсе бекер ичет суунузду, а тооктор ичсе, акысын аласыз. Ар бир толтурганыңызга бир сомдон. Күнүнө үч сомго иштейсиз. Отуз күндө токсон сом аласыз, менден. Бул деген — дипломдуу кызматчынын айлыгы.

Д е р в и ш. Колдош, мага айлыктын кереги жок. Мен тооктор үчүн эмес, адамдар үчүн кызмат кылгым келет. Өлөр өлгөнчө. Мени бузба.

К о л д о ш. Э-эй сиз дагы бир апенди киши экенсиз да... Ормон чолок, чайың кайнаса, куйчу, чай ичип отуруп сүйлөшөлү. Кошуналарча.

О р м о н. Колдош, биз, сени менен коңшу болгубуз келбейт.

К о л д о ш. И-и? Менин, эмне, котурум бар бекен?

О р м о н. Сенин тоокторуң бар. Баары-жокту арам кылат.

Д е р в и ш. Туура, арам кылат. Андан дагы, тооктор мына бул бадалдын арасында жашаган жапайы жан-жаныбарларды — коён, кекилик, кыргоол, булбулдарды үркүтүп жиберет, алар жээрип кетет бул жерден.

Ормон. О! Бул жагын такыр эстебептирмин. Дервиш авам туура айтат, Жок, Колдош, сен бул жерге отурукташпайсың. Байлыкты башка жерден изде.

Колдош. Эй, ит чолок! Мен бул жерге отурукташканды сенден сурабаймын. Сизден дагы, ава. Бул жер — жаткан ээн сай, кудайдын жери. Силерге да, мага да бирдей. Шондуктан, ызатыңардын барында, мага жол көрсөтпөй жөн тургула, болбосо, өзүңөрдү кууп чыгам, бул жерден.

Ормон. Эй жинди, кала берсе, тооккананды сайдын ортосуна саласыңбы? Суу улуу келсе, агызып кетпейби, аныңды?

Дервиш. Туура... Тоокторуңду кошо...

Ормон. Өзүң менен бирге...

Колдош *(күлөт)*. Кайсыл улуу сууну айтасыңар? Силердин жер астында аккан дарыяңарбы? Эгер ошол дарыя болсо, анда агыза берсин, эч кимге доом жок. *(Берки экөөнүн айласы түгөнөт. Ормон чыдабай, жөн эле Колдоштун ичин күйгүзүшкө өтөт)*.

Ормон. Билесиңби, жанараакта ушул жерден Суусар сулуу өттү. Экөөбүз көпкө чейин эзилишип сүйлөшүп отурдук. Мен дейт, Колдошту эч качан сүйгөн эмесмин дейт. А сени дейт, ушу күнгө чейин унуталбай жүрөм дейт...

Колдош. Калп.

Ормон. Эмне калп?

Колдош. Суусардын ушул жерден өткөнү.

Ормон. Өлүп кетейин, таяжеси ооруп, ошону баккаsuccessfully келиптир.

Колдош. Анан, ошентип айттыбы?

Ормон. Так ушинтип айтты.

Колдош. Калп.

Ормон. Мен дейт, Колдош менен жашап жүрсөм да, бүт ой-кыялым сенде болчу дейт. Атыңды оозуман түшүрбөй мактай берүүчүмүн, бул үчүн Колдош мени сабачу эле, а мен мактай берер элем дейт. Ошондойбу?

Колдош. Жап оозуңду, ит чолок!

*(Колдош кокусунан Ормонду кекиртектеп муунтуп калат)*. Өлтүрүп коём!

Ормон. Мен дейт...

Колдош. Өлтүрүп коём деп атам!

Дервиш. О кокуй, Колдош, чын эле өлтүрүп койбогун!

Ормон. Мен дейт...



Колдош. Өлтүрөм!

Дервиш. Өлтүрөсүң! Өлтүрөсүң! Мына эми өлтүрүп койдуң... *(Ормондун деми чыкпай, сулап жатып калат. Колдош коркуп аны коё берет. Дервиш экөө эси оол Ормонду карап турушат. Кыйладан кийин Ормон көзүн ачып, тилге кирет)*. Сени эч качан аял сүйгөн эмес.. А мени сүйгөн...

**Көшөгө жабылат**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Мурдагы эле көрүнүш — сай, көпүрө, тегирмен, жалгыз талдуу супа. Бирок азыр көпүрөдөн өйдөрөөк жерден, куду көпүрөнүн өзүнө окшоп, сайдын ал өйүзү менен бул өйүзүн эңдеген, тактайдан курулган бийик дубал өтөт. Дубалдын орто ченинде дарпче бар. Бул Колдоштун тооккanasынын дубалы, ошонун даричасы. Тооккананын ичинен тооктордун ызы-чуусу, Колдоштун: «Тү-тү-тү-тү-ү-тү» деген үнү угулуп турат.

Тегирмендин пешайванында Дервиш чай ичип отурат. Ал тоокканa жакты жактырбай карап коёт. Тегирмендин ачык турган эшигинен Ормон чыгат.

Ормон. Кызык... Тегирмендин кампасында дайыма жык буудай турат. Кокусунан суу келип калса, тегирмен куру айланып калбасын деп толтуруп койгонмун. Бирок кийинги учурда кампа өзүнөн өзү эле бөксөрүп баратат.

Дервиш. Тегирмендин эшиги дайыма ачык турбайбы. Колдоштун тооктору кирип, жеп жүргөндүр да.

Ормон. Тоогуңду урайын, Колдош... Көрүнгөн жерде жүрө берет, көрүнгөн жерге тууй берет, баскан жерин булгайт. Бир балээ болду, мунун тооктору...

Дервиш. Айта көрбө. Мен күнүгө эки жолу сууга каттайм. Куду булакка жетер-жеткенче ушунун тоокторун жолуктурам, алардын жумурткаларын аттап барам...

Ормон. Эки миңге жетип калды го тооктору.

Дервиш. Санак жетпейт. Бүт сайды каптады.

Ормон. Карасаң какылдаганын... Ушулардын үнүнөн улам күндөн күнгө дарыянын шоокумунда жакшы ажырата албай баратам. Кулагым тооктун ызы-чуусу, Колдоштун «тү-тү-түсүнө» толуп бүттү.

Дервиш. Туура айтасың! Дарыянын шоокумун мен да укпайм, кыйладан бери.

Ормон. Булбулдун үнү өчтү. Кыргоол сайрабай калды...

Дервиш. Алардын баары жээрип кетти. Уяларына жаан жаап, ичинде жумурткалары сынып жатат...

Ормон *(чайдан ууртап коюп).* Фу, чайдын да даамы бузулду.

Дервиш. Сууда айып жок. Мен суунун бетин дайыма капкак менен жаап жүрөм. Сууда айып жок. Бул, билесиңби, эмнеге байланыштуу? Тооктордун жытына. Мына биз экөөбүз жайбаракат чай ичип отурабыз, а мурдубузга түш тараптан сасык жыт келип турат. Шондуктан ичкен чайыбыз да даамсыз, сасык сезилип атат.

Ормон. Акыйкат сөз. Бул жөнүндө мен ойлобоп турмун.

Дервиш. Мына көрбөйсүңбү, тооккана жактан кичине эле жел жүрсө, сасык жытты бизге айдап келет.

Ормон. Бул балээден кантип кутулса болот? Э кудай, ушу Колдоштун тоокторуна бир кыргын тийгизсеңчи, чекеден кырылып калсын.

Дервиш. О кой, жамандык каалаба бирөөгө.

Ормон. Тооктун бир жугуштуу оорусу болот дейт, ошондой оорунун бар жерин билгенде, атайын барып бир тоок сатып келип, Колдоштун тоокторуна кошуп жиберет элем.

Дервиш. Антпечи, күнөө болот.

Ормон. Аргасыз болуп атпаймынбы, ава. *(Тооокананын даричасынан Колдош чыгат. Башында эски шляпа, үстүндө кир көйнөк, кир шым. Бутунда резина өтүк, анысы да ботала-шатала. Колунда чыбыктан токулган себет бар. Колдош ага жумуртка чогултат. Жумуртканы ал туш келди жерден: бадалдын арасынан, чөп-кашектин ичинен, таштардын түбүнөн, тегирмендин ноосунан издейт... Даричадан чыгып, жумуртка издегенче, бадалдын арасына кирип кетет Ормон менен Дервиш аны көнүмүш түр менен карап коюшат).*

Дервиш. Акылым жетпейт, ошончо жумуртканы каякка батырып атат?

Ормон. Базарга алпарып сатып келип атпайбы, утуру. Базардан ашканын колхоздун балабакчасына өткөрүп берет. Өкүмөт наркы менен. Андан кала берсе үймө-үй кыдырып элге таратат, насыяга. Күзүндө картөшкө бересиң деп.

Дервиш. Даба жок, бул Колдошко.

Ормон. Тооктордун өзүн деле ошол жол менен пулга айлантат.

Дервиш. Акча деген нерсе чирип кетти го, мунда. Эмне кылаар экен ошонун баарын...

Ормон. Азырынча эчтеке кыла элек. Азырынча акчасын ушу тоокkананын бир жерине катып атат. Үйүнө бир



тыйын, алпарбайт көрүнөт. Жакында аялы келип, менин көзүмчө, ач калдык, ток калдык деп отуруп, араң он сом өндүрүп кетти.

Дервиш. Укмуш адам...

*(Бадалдын арасынан Колдош чыгып, экөөнө карай басат. Ал келер келгенче, келип отурган чакта да, нары-берисине көз чаптырып, жумуртка изденет).*

Колдош. О ассаламалекум, коңшулар.

Ормон. Биз сага коңшу эмеспиз..

Колдош *(ырсаңдап күлөт).* А мен өзүмдү силерге коңшумун деп эсептейм. Мына, коңшулугумду билгизип экөөңө жумуртка апкелдим, куймак куюп жегиле.

*(Ормон менен Дервиш бирин-бири таңыркай карайт. Колдош себетиндеги көп жумуртканын ичинен сынгандарын ылгап жерге коё баштайт.)*

Колдош. Карасам, өтө эле сыпайы коңшу экенсиңер. Өзүңөр сурабайсыңар басып келип. Же мен жокто кымтып-кымтып терип да албайсыңар. Же анча-мынча уурулук кылып жүрөсүңөрбү, чыныңарды айткылачы?

Дервиш. Ой, Колдош, бул эмне дегениң? Уят эмеспи...

Колдош. Жо-жок, силер андайга барбайсыңар. Шондуктан өзүм сыйлайын деп чечтим. Мына... бир, эки, үч... он жумуртка. Бир куймакка жарайт. Кадыр-көңүл сыйышса, эртең дагы апкелем. Чайдан куюңуз, ава.

*(Дервиш чай куюп берет).*

Ормон. Атаңдын гөр-ү-ү, Колдош жинди... Ушундай да март болосуңбу? Он жумуртка! Ону тең тооктуку! Болгондо да баары сынык. Анан ушунун баарын бекер берип атасын ээ?

Колдош. Ит чолок, дагы какшыгыңды баштадың. Мейли, какшыктай бер. Мен таарынбайм. Мен силерге жакшылык иш менен келдим.

Ормон. И-и, дагы кандай иш?

Колдош. Бирок адегенде кунт коюп уккула: жообун анан айтасыңар.

Ормон. Э, мейли. Айт жинди.

Колдош. Эмесе мындай: эртеңден баштап мага жумуртка теришесиңер. Бекерге эмес, албетте. Жүз жумуртка терсеңер, ону силердики болот. Буга кандай дейсиңер?

Ормон. Буга кандай дейсиз, Дервиш ава?

Д е р в и ш. Мен өмүрүмдө мындай иш кылып көргөн эмесмин.

О р м о н. Мен дагы.

К о л д о ш. Кылбасаңар, эми кыласыңар. Билсеңер силер үчүн абдан пайдалуу жумуш. Кечке чейин ар кимиң кеминде беш жүздөн жумуртка тересиңер. Демек, күнүгө элүүдөн жумуртка табасыңар. А элүү жумуртка базарда он сом. Он сом-он сомго кошулуп отуруп, бир айда үч жүз сомго айланат. Бул деген профессордун айлыгы. А силер отурасыңар кечке эчтеке кылбай: бириң жер астындагы дарыянын шокумун тыңшап, экинчиң өткөн-кеткен жолоочуга бекер суу берип...

Д е р в и ш. А бизге ошол ишибиз эле жакшы.

О р м о н. Уктуңбу тоокбагар: бизге ошол ишибиз эле жакшы экен. Демек, сасысаң, өзүң сасый бер, а бизди кошо сасытпа, тоокторуңа аралаштырып.

К о л д о ш. Отко айдаса, какырга качкан жан экенсиңер. Отургула бириңди бириң тиктеп. Бекерпоздор! *(Колдош туруп, тоокканасына басып кетет).*

О р м о н. Жалгыз өзү кыйналып аткан экен, эргул.

Д е р в и ш. Катын-баласын апкелбейби, жардамга.

О р м о н. Катыны оорукчан. Колдош аны иштетип, бала бактырып жүрүп куду күрп болгон тоокко окшотуп салган, араң эле басып жүрөт, бечара. А балдарынын экөө шаарда, бирөө — милицияда, а калгандары жаш, ишке жарабайт.

Д е р в и ш. Кыйын болгон экен байкушка.

О р м о н. А ким аны кыйнап аткан?

*(Унчугушпай калат. Дервиш койнуна колун салып, бир жумуртка алып чыгат, аны кулагына тутуп тыңшап, жылмайып коёт).*

Д е р в и ш. Чыйпылдап атат...

О р м о н. Кана... *(Дервиш жумуртканы Ормондун кулагына тосот).* Чын эле... Жаныбар эй...

Д е р в и ш *(жумуртканы кайра катып).* Кой, мен дагы бир жолу булакка барып келейин. Оомин!

О р м о н. Оомин... А мен болсо бүгүн тегирмендин арыгын чабам. Жыл сайын чаап коём — жыл сайын чөп басып калат.

Д е р в и ш. Жакшы кыласың, чаап кой... *(Дервиш чөөгүнүн көтөрүп жолго түшөт. Ормон кетменин издемекчи болот. Бирок ушул учурда көпүрөнүн астынан Суусар чыгып, анын ой-санаасын бөлүп кетет. Суусар тегирмен жакка бурулат. Колунда сумкасы бар).*



О р м о н. Эмне, үйүңө кайттыңбы?

С у у с а р. Жок. Базарга барып таяжеме кант-чай сатып келейин. От, кичине эс алып алайынчы...

О р м о н. Кел, кел...

*(Төшөнчүсүн оңдоп, орундук көрсөтөт. Суусар отурат. Жүз арчусу менен жүзүн арчыганча, тоокканага сарасап салат).*

С у у с а р. Элдин баары эле Колдоштун тоокканасын сөз кылышат, көрсө ушул турбайбы...

О р м о н. Ушул.

С у у с а р. Мм... Эмне, Колдош абдан байбы?

О р м о н. Бай.

С у у с а р. А байлыгын эмнеге жумшап атат?

О р м о н. Аны өзүнөн сура. Тигине чыгып келатат.

*(Дарычадан Колдош чыгат. Колундагы себети бар. Чыгары менен жумуртка издеп кирет. Суусар аны кызыгып карап калат).*

С у у с а р. Эмне издеп атат?

О р м о н. Жумуртка.

С у у с а р. Мм... Бала кезибизде сен, мен, Колдош үчөөбүз болуп, колубузга ушинтип себет кармап, ушул сайдын жээктеринен козу карын терчү элек. Колдош азыр куду козу карын терип жүргөнсүп кетти, мага...

О р м о н *(күлөт).* Эй, Колдош, бери бас! *(Колдош Суусардан көзүн албай, басып келет).* Мынабул жолоочу аял козу карын терип жүрөт дейт.

К о л д о ш. Ушак. Козу карынды мен бала кезимден бери тербей койгонмун. Азыркы тергеним — жумуртка.

О р м о н. Мен да айттым, бу кишиге.

К о л д о ш. А бу киши — өзүбүздүн киши го?

С у у с а р. Арыба, Колдош.

К о л д о ш. Кел, Суусар *(кол алышат.)*

С у у с а р. Демек, азыр козу карын ордуна жумуртка терип калдым дечи?

К о л д о ш. Ошондой. Суусар. Тиричилик экен. Ормонго окшоп жалгыз бой болсом, козу карың менен деле оокат кылып кетет болчумун. А менин балдарым бар. Бирөөн үйлөш керек, бирөөн күйөөгө бериш керек дегендей...

С у у с а р. Аның туура. Бирок сени өтө бай дешет го эл-журт?

К о л д о ш *(курсант болуп күлөт).* Ошондой дештиби сага?

С у у с а р. Эмне, жалганбы?

Колдош. Жок, чын. Кудайга шүгүр, өзүмө жетерликмин. Өкүмөттүн кассасында он минден ашык акчам бар. Мынабул тооккананын ичинде сегиз миң жатат катылып. Мындан тышкары беш жылкым, төрт өгүзүм жүрөт тээ тиги тоонун арасында. Тооктун болсо эсеби жок, жалаң жумуртка бергени минден ашык. Ушундай...

Суусар. Мактана турган жөнүң бар экен.

Колдош. Турмуш ушундай жашашты талап кылып атат, Суусар. Акчанын кадыр-баркы өстү. Акчалуу адам — адам, акчасыз адам — адам эмес, азыр. Акчаңа жараша мамиле кылып калды, кишилер. Мына мени алып көр да, Ормонду алып көр. Ормон ким? Бир ээн сайды ээлеп жаткан апенди. Мунун бар, жок экени менен эч кимдин иши жок. А мен, Колдош жинди, бир кезде сен тоотпой жүргөн Колдош жинди, эми келип милициянын начальниги менен досмун, райпонун башчысы менен айына бир жолу тоого чыгып кекилик атышам, арак ичишем; кудай өзү кечирсин... башка иштерге да бирге барам. Эмне, ушундай адамдар жиндилигим үчүн мени теңтуш кылып жүрөт дейсиңби? Жок! Акчам үчүн. Акча — жаманды жакшыга теңейт. Ар замандан бир заман ошентип келген жана ошентип кете берет...

Ормон. Көрдүңбү, Суусар? А сен ушундай эрди чанып таштап кетесиң.

Суусар. Мен эмес, бул таштаган мени, же жалганбы?

Колдош. Жаш экенбиз. Сен дагы, мен дагы...

Суусар. Ой, сенин арманың бар го дейм?

Колдош. Арманым аттын башындай, Суусар. Жиндилик кылган экенмин.

Ормон. Көрсө.

Колдош. Кыпчылбай отур, чолок.

Суусар. Сен көп эле жиндилик кылгансың. Кайсынысын айтып жатасың?

Колдош. Экөөбүздүн акыркы чатагыбызды айтам.

Суусар. А-а...

Колдош. Ошондо моюнга алып койгонунда, күнөөңдү кечирмекмин.

Суусар. Менин моюнга алгыдай күнөөм жок болучу.

Колдош. Бар эле.

Суусар. Жок.

Колдош. Мунун бет тырмалыгын көрсөң. Ушунча жылдан кийин да таналбайт. Ой, кур дегенде, азыр айтып койчу: ооба, ошол түнү, сен жокто, мага бирөө келген эле деп!



Суусар. Эч ким келген эмес.

Колдош. Келген.

Суусар. Каяктан билесиң?

Колдош. Кардын бетиндеги изден.

Суусар. Из үйгө чейин гана келген, үйгө кирген эмес.

Колдош. Болуптур. А тамагың неге көгөргөн?

Суусар. Түндө мен өзүмдү өзүм муунтканмын... Өлгүм келген...

Колдош. Эмне үчүн?

Суусар. Сенден тажагандан.

Колдош. Калп!

Суусар. Эмне калп?

Колдош. Өлгүң келгени. Өзүңдү өзүң муунтканың. Тиштердин изи болду алдагы! *(Суусар үнчүкпайт)*. Уятсыз... Болор иш го болуптур. Эми ушуну, касам ичип, көз көрүнөө тангандын ордуна, болду эле деп койбойсуңбу? Моюнга алсаң, мага кыйла жеңил болбойбу. *(Колдош кокусунан Суусардын алдына чөгөлөй түшөт)*. Мейли, аты жөнүн айтпа. Жөн гана: ооба, шайтан жолдон чыгарды, мындан нары кайталабайт деп койчу. Суранам, ошентчи? Кана?

Ормон. Эй, жинди... Сага эми анын эмне кереги бар?

Колдош. Кыпчылба, ит чолок!

Суусар. Жок. Эчтеке болгон эмес.

Колдош. Шуркуя! Мен өзүм болчумун, ошол эркек!

Суусар. Өзүм?

Колдош. Ооба, өзүм! Сени сынагым келген! Сынадым! А сен сыноодон өтө алганың жок! Ким экениңди билгизип койдуң. Мына ушундай, Суусар сулуу!

*(Суусар бирпаска үнчүкпай отуруп, анан күлүп жиберет)*.

Колдош. Эмнеге күлөсүң?

Суусар. Акыры өзүң моюнга алдың, ээ? Эми мен да моюнга алайын: мен билгенмин сен экениңди. Ошондо эле.

Колдош. Койчу? Кантип?

Суусар. Жытыңдан. Сен караңгыда кирип келип эле менин төшөгүмө жыгылдың. Адегенде чоочуп кетип кыйкырмакчы болдум. Бирок ошол замат мурдума сенин кожурсук жытың бур эте түштү. Тааныдым. Бирок, бул жинди дагы эмнени ойлоп тапты, билейинчи деген ойдо, сыр бербестен, сага кадимкидей каршылык көргөздүм. А сен мени өпкүлөп... тиштегилеп алып, өз үйүңдөн качып кеттиң. А эртең менен эрте кайтып келип, эчтеке билмексен болуп, ой, мынабу кимдин изи, ой, мойнуң неге көгөргөн

деп суракка ала баштадың. А-а, ушундай беле максатың дедим да, мен да тана баштадым. Ошол.

Колдош. Эмне үчүн танасың? Билсең, билдим эле деп койбойсуңбу?

Суусар. А мен сенин ушундай жиндиликтериңен кутулгум келди. Биротоло.

Колдош. Эх, Суусар, Суусар, чеки кылгансың, сен ошондо...

Суусар. А мен эч өкүнбөймүн. Менин өкүнүчүм башка ошо сен менин жообумду берген кезде, Ормон үйлөнүп алган эле. Болбосо...

Колдош. Болбосо?

Суусар. ...мен мунун бутуна жыгылып, мени аял кылып ал, мен өмүр бою кулуң болуп өтөмүн деп жалынып-жалбармакмын.

Ормон. А мен сени жалынтпай эле алат болчумун.

Колдош. Сенби? Эй, ит чолок, эгер Суусарды катын кылып алыш оюңда болсо, мен алып качканда эмнеге артынан кууп келбедиң? Эмне үчүн аны менден талашпадың?

Ормон. Бул — менин арманым.

Суусар. Болду эми. Өтөр иш өттү. Эми эчтеке өзгөрбөйт. Кошкула... *(Суусар супага карай басат Супага барып суу ичет. Кийин берки экөөн бир карап коюп, андан нары кетет. Эки эркек анын артынан узата карап турушуп, анан бетме-бет бурулушат. Негедир бири-бирине жини келе түшөт).*

Колдош. Ит чолок!

Ормон. Жинди!

*(Колдош себетин алып, ачуулу жөнөп берет, Ормон да кетменин алып, жолго түшөт. Кыйлага чейин тоокторсдун ызы-чуусу гана угулуп турат. Акырында көпүрөнүн астынан чемодан көтөргөн дагы бир шаарлык аял чыгып келет. Мунун бою пас, арык, жүзү ажардуу, бирок көбүрөөк боёнуп алган. Аял түз эле тегирменди көздөй бурулат. Пешайванга жетип-жетпей кыйкырып кирет. Бул Нурия, актриса).*

Нурия. Дон Кихот! Дон Кихот! Бери чык, бери чык, сенин Дульсиняң келди! Дон Кихот Какырсайский! *(Пешайванга чемоданын коюп, ичкери башпагат).* Жок го, менин чологум. *(Супага барып суу ичет, эс алып отуруп калат. Бирпастан кийин бадалдын арасынан себетин көтөрүп Колдош пайда болот. Ал кичине уурданган түр менен басып тегирменге кирип кетет. Актрисаны көрбөйт, а актриса аны кызыгып карап отурат. Колдош бат эле кайтып чыгат. Бул жолу колуна буудай түйүлгөн түйүнчөк кармап алат. Эки жакты элеңдеген бойдон тоокканага карай жөнөйт. Нурия акырын кыйкырып коёт).*

Нурия. Эй, Колдош!

*(Колдош чочуп, себети менен түйүнчөгүн таштап жиберет. Себетинен жумурткасы, түйүнчөгүнөн буудайы төгүлөт. Өзү селейип катып калат. Аял жылмая күлүп, аста басып келет).*

Колдош. А-а... сен билсең... Нурия?

Нурия. Менмин, Колдош. Менмин. Салам. *(Колун берет).*

Колдош. Арыба... *(Актрисанын колун коё бергенден кийин, оңтойсуз абалда жердеги буюмдарын карайт).* Кишини да чоочутуп жибердиң...

Нурия. А эмнеге чоочудуң?

Колдош. Кокусунан кыйкырсаң анан... Карачы жумурткаларым сынып калды. *(Отуруп, жумурткаларын тере баштайт. Нурия болсо төгүлгөн буудайды чогултуп кирет).*

Нурия. А буудай сеники эмес.

Колдош. Ал эмне дегениң?

Нурия. Сен тегирменге кирип баратканда колуңда себеттен башка эчтеке жок болучу.

Колдош. Ой сен-эй... Туура. Жумуртка издеп кирип барсам... Кампада жык буудай туруптур. Мен айттым: бубаары бир бул тегирменге эч качан суу келбейт; бул буудай эч качан унга айланбайт; андан көрө, бүгүн тооктору мдун жеми жок, кичине алып чачып турайын дедим.

Нурия. Бирок бул уурулук да?

Колдош. Уурулук, уурулук.

Нурия. Экинчи уурдай албайсың. Бүгүндөн баштап тегирменди өзүм кайтарам. Ормон өтө эле ишенчээк, дайыма эшигин ачык таштайт.

Колдош. Айтмакчы, сен кетип калган катын эмес белең, дагы эмнеге келдиң?

Нурия. Ал менин ишим.

Колдош. Мүмкүн. Бирок Ормон...

Суусар. Эмне Ормон?

Колдош. Ал үйлөнүп албадыбы.

Нурия. Жаныңды жебе? Сен калпты көп айтчу элең?

Нурия. Ишенбесең кой. Өзү келгенде билесиң.

Нурия. Өзү каякта?

Колдош. Аялына кеткен. Аялы жаңы поселокто жашайт.

*(Бирпаска экөө тең үндөшпөйт. Актрисанын көңүлү чөгө түшөт).*

Н у р и я. Ошондой дечи... Бекер келиптирмин да демек.
К о л д о ш. Бекер келиптирсиң.
Н у р и я. Чала болот мага. Баарына өзүм айыптуумун.
К о л д о ш. Ой, буга эмне мынчалык кейидиң? Же сага ушу Ормон чолокчолук эр табылбай калабы? Чын чынына келгенде ал сага арзыбайт. Өзүңдү карачы: жаш десе — жашсың, сулуу десе — сулуусуң. Анан кала берсе, артиссиң. А Ормон ким? Сайда саны жок неме.
Н у р и я. Жок, Колдош, Ормон ажайып адам. *(Колдоштун жини келе түшөт).*
К о л д о ш. Эмнеси ажайып? Эмнеси ажайып?!
Н у р и я. Ал жер асты менен аккан дарыянын шоокумун уга билет. Анын жер астында дарыясы бар!
К о л д о ш. О жок ал дарыя! Ал келесоо өзүн өзү ошентип алдап жүрөт. Эч ким ишенбейт ага!
Н у р и я. А мен ишенем.
К о л д о ш. Демек сен да келесоосуң!
Н у р и я. Ормон абдан адамгерчиликтүү, боорукер. Өзүң көрүп өткөн жылы мен катуу ооруп калбадымбы. Ошондо ал эмнелерди гана кылбады мени айыктырыш үчүн?! Мен кырк күн дегенде төшөктөн турдум. Кырк күнү кыргоол сорпосун берип бакты; ар түркүн дары таап келип, дарылады; кырк күнү жаш баладай колуна көтөрүп эшикке алып чыгып турду... Ошого чейин мен ооруган жан эмес элем, ошондо ооруп, өмүрүмдө адам баласынан көрбөгөн жакшылыкты көрдүм, муну мен эч качан унутпаймын...
К о л д о ш. Унутпаганың ошобу: айыкканыңдан кийин эки ай өтпөй Ормондон качып кетип калдың.

*(Нурия кыйлага чейин үнчүгө албай калат).*

Н у р и я. Мен Ормондон качкан жокмун. Мен театрга качып кеттим.
К о л д о ш. Баары бир эмеспи.
Н у р и я. Баары бир эмес. Сен муну түшүнбөйсүң...
К о л д о ш. Ошондой дечи... Э мейли. Эми эмне кыласың?
Н у р и я. Кетем да айтып, эмне кылмак элем.

*(Кокусунан катуу күн күркүрөйт. Тоокканадагы тооктор коркуп, ызы-чуу түшүп калышат).*

К о л д о ш. Менин тоокторум.



Н у р и я. Билем. Автобуста келатып укканмын, бул тоокканa жөнүндө. Эки мас эркек сөз кылып келишти. Көрсө, сен чириген бай турбайсыңбы?
К о л д о ш *(курсант болуп күлөт).* Баймын, актрисам, баймын.
Н у р и я. А акчаңды каякка коротосуң?
К о л д о ш. Аялдарга.
Н у р и я. Койчу?
К о л д о ш. Эмнеге таң каласың?
Н у р и я. Ушу сен...
К о л д о ш. Ушу мен! Сен менин кебете-кешпириме караба. Дайыма эле ушинтип жүрөт деп ойлойсуңбу? Үйүмдө мончом бар, жуунсам-тазарам; гардероб толгон кийимкечем бар, алардын арасынан сенин артисттериң табалбай жүргөн тери тон, жинси шым табылат керек болсо, буларды кийсем, өзгөрөмбү? Өзгөрөм. Анан, сенде бар телефон бизде да бар: шыңгыр эткирсем, милициянын же райпонун машинеси жетип келет, лып этип. Ушундай, актрисам, биз дагы тудабай, судабайды билебиз.
Н у р и я. Билет экенсиң... Эми айтчы: аялдарга акчаңды кантип сарп кыласың?
К о л д о ш. Хе, дагы эле мени тоотпой атасың?. Мейлиң... Алтын, күмүш, жез шакек деген бар экен. Японияда таза жибек көйнөк, Италиядан жалтырак туфлийлер, Франциядан жыттуу атырлар келет экен биз жакка; аларды складдарга катат экен, бизге окшогонго ашыра сатат экен, сатуучу агийнилер... Түшүндүңбү?
Н у р и я. Түшүндүм. Дагы бир суроо.
К о л д о ш. Сураңыз, жооп беребиз.
Н у р и я. Аялдар... сенин ошондой белектериңди алганда... абдан кубанышабы? Сага эмне дешет?
К о л д о ш. Суроонуз түшүнүктүү, карындаш. Аялдар менин белегимди алып атканда, биринчи иретте, көздөрү жайнай түшөт; анан күлүп жиберет; кийин менин көзүмчө күйөөсүнө звонить этет: «Ай, бул менмин... Бүгүн сен баланы садиктен алып койчу, мен иштен кийин Айнаштыкына барып келейин» деп... Дагы суроонуз барбы?
Н у р и я. Жок, Колдош. Суроо бүттү. *(Аялдын ындыны өчүп, үнчүкпай калат).*
К о л д о ш. Анда сага суроо. Сен өзүң... белек алганга кандайсың?
Н у р и я. Эмне, берейин дейсиңби?
К о л д о ш. Алсаң, белек сенден айлансын. Эмнени каалайсың?
Н у р и я. Менби? Мына муну... *(Колундагы мыжыгып*

*отурган буудайды Колдоштун бетине чачып жиберет. Колдош ордунан тура качып, ырсаңдап күлүп калат).*

Колдош. Ай-ай-ай! Ой, ушу азилди да түшүнбөйсүң...

Нурия. Желмогуз...

*(Күн дагы күркүрөйт. Ошол эле замат чагылган жаркылдап, жамгыр жаап кирет).*

Колдош. Ох-хо... Бу күндүн түрү жаман. Кой, жарык-жаанда тоокторумду камайын... *(Кетет. Биртикеден кийин тооккана жактан: «Тү-тү-тү-тү» деген үнү чыгат.... Күндүн күркүрөгөнү, чагылгандын жаркылдаганы, жамгыр барган сайын күчөй берет. Кеч кирип, айлана караңгылаша баштайт. Аял жалгызсырайт, эмне кылаарын билбей, нары-бери басат. Түркүктө илинип турган ташпанарды көрүп, аны жандырат...*

*(Бир мезгилде башынан аягына чейин суу болгон Ормон чуркап келет. Колунда кетмен. Көңүлү куунак, күңкүлдөп ырдап кирет. Актрисаны көрүп, бирок аны чырактын жарыгында дароо тааный бербей, чоочуп кетет).*

Ормон. Эй, сен кимсиң?

Нурия. Менмин, Ормон. Нуриямын.

Ормон *(куунак түрдө)*. Ой, кайсы шамал айдап келди, сени?

Нурия *(көңүлү көтөрүлө түшөт)*. Көрүп турбайсыңбы: мына бул шамал:..

Ормон. Оой-ой, ушул сенин шамалыңбы? Андай болсо, кайда жүрдүң ушу күнгө чейин? Качантан бери жамгыр күтөм: жамгыр жаабайт...

Нурия. Ар нерсенин өз учуру болот да...

Ормон. Кана жаныбарым, жаай турган болсоң, жаа түзүгүрөөк. Бир ай жаасаң да каршылыгым жок. Ажап эмес: ушул жаан менен менин булактарым ийип, жер бетине чыгып келишсе...

Нурия. Тилегиң ишке ашсын, ылайым. *(Бул сөздөрдөн улам Ормондун ого бетер жүрөгү жибип, Нурияны баягыдан кунт коюп карайт).*

Ормон. Токточу... Жаңылбасам, сен экөөбүз бир кезде эрди-катын белек?

Нурия. Ооба.

Ормон. Анан эмне болуп беш айдан бери бирге жашабайбыз?

Нурия. Менин жиндилигимен. Мен быйыл кышында Фрунзеге кетип калбадымбы.

Ормон. Качып.



Нурия. Качып...

Ормон. Эмнеге качасың? Кеткиң келсе, айтып эле кетпейсиңби? Ормон, мен сенден тажадым; сенин какыр сайыңдан зериктим; кышыңдан жүдөдүм; шаарымды сагындым, дебейсиңби түшүнөт элем да?

Нурия. Оозум барбады антишке. Сен мага ушунчалык көп жакшылык кылдың...

Ормон. Мм... А-а... Эми эмнеге келдиң? Жашаганыбы, же...

Нурия. Жашаганы. Кабыл кыласыңбы?

Ормон. Айлам канча.

Нурия. А-а... *(Бир нерсе сурамакчы болуп баратып; кайра айныйт)*. Ой, аябай суу болупсуң... Чечинип, башка кийим кийчи.

Ормон *(күлөт)*. А менин болгон кийимим ушул. Эсиңден чыгып калдыбы? *(Актриса анын эки жеңин кармалап турат да, кокусунан, башын Ормондун көкүрөгүнө жөлөп, кучактап калат. Караңгыда кичине ыйлап да алат).*

Нурия. Айланайын... Сагынып кеттим...

Ормон. Ой... Ой...

Нурия. Уф... Азыр... *(Дароо чемоданын ачып, жаңы костюм, жаңы көйнөк алып чыгат.)* Мына муну кийип алчы...

Ормон. Бул эмне? О кокуй-уй, буларды азыр кийсем, айып болот да, жуунайын адегенде...

Нурия. Мейли. Мен өзүм киринтип туруп, анан кийгизем. Эсиңдеби, мен ооруганда куду жаш баланы киринткендей киринткенсиң? Мен да сени ошентип киринтемин.

Ормон *(күлөт)*. Айтмакчы, менин кызым менен күйөө балам жүрөбү?

Нурия. Алар Казакстанга гастролго кетишкен.

Ормон. А сен неге барган жоксуң?

Нурия. А мен сага келдим.

Ормон. Гастролго?

Нурия. Гастролго...

Ормон. А-а... кайта качан качасың?

Нурия *(күнөөкөр түрдө күлөт)*. Күзүндө. Жаңы сезон ачылганда.

Ормон. О-у-у, күзгө чейин көп бар али.

Нурия. Мен театрсыз жашай албайм, Ормон. Өзүм начар артистмин, майда-чүйдө ролдордо ойнойм. Бирок театрга аябай көнүп калыпмын. Мен театрда туулуп, тетатрда өскөн жанмын. Айтсам керек, апам да, атам да артист болучу...

Ормон. Айткансың.

Н у р и я. Театр мен үчүн, сага сенин жер астынан аккан дарыяң кандай болсо, куду ошондой.

О р м о н. Түшүнөм.

Н у р и я. Мына ушул түшүнүгүң үчүн мен сени жакшы көрөм. *(Ормондун жаагынан өөп коёт)*. Көрөсүң, эми мен сенден ажырабайм. Өмүр бою сени сыйлап өтөм. Карысаң, оорусаң, мен ооруган кезде мени сен кандай ардактасаң, ошентип ардактайм. Өзүң билесиң, менин эч кимим жок. Эми сени жөлөк-таяк тутам.

О р м о н. А мен сени. *(Аялды эркелете имерет)*.

Н у р и я. Ой, бирөө келатат!

О р м о н. Дервиш ава.

Н у р и я. Байкушум, аябай суу болуптур...

Д е р в и ш *(пешайванга кирип келип)*. Ох-ох... Ормон, бу жаанды кудай берди го?

О р м о н. Кудай берди, ава, кудай берди.

Н у р и я. Жакшысызбы, ава.

Д е р в и ш. Ой... Бул биздин артист кыз го?

О р м о н. Ошол. Келип калыптыр.

Д е р в и ш. А балли. Жакшы кылыпсың. Кез-кезде Ормон экөөбүз сени сөз кылып калчу элек, кандай жүрөт болду экен деп.

Н у р и я. Рахмат сиздерге. Келиңиз, мына муну жамынып алыңыз. *(Жыйылган төшөнчүдөн төшөк алып, чалдын ийнине жабат)*.

Д е р в и ш. Рахмат, балам. Өмүрүң узун болсун. *(Чал койнуна колун салып, бир нерсени абайлап алып чыгат)*. Ормон, карасаң...

О р м о н. Кана. Кана?

Н у р и я. Ой ава, аныңыз жөжөбү?

О р м о н. Ооба, кекиликтики. Авам өзү ачып чыкты.

Н у р и я. Өзү? Кантип?

О р м о н. Ушинтип эле. Жумурткаларды койнуна катып жүрүп.

Н у р и я. Ой тообо...

О р м о н. Жаныбар...

Д е р в и ш. Жолдон шашып келатсам, ушундай катуу жаан жаап, күн күркүрөп, чагылган жарылып атканына карабастан, кулагым бир укмуштай назик, тааныш үндү уккансыды. Токтой калып, тыңшасам, койнумда ушул жөжө чыйпылдап атыптыр...

О р м о н. Бул жакшылыктын белгиси, ава.

Д е р в и ш. Мен да ошондой деп ойлоймун. *(Абышка жөжөсүн койнуна катат. Караңгылыктан Колдош чуркап чыгат)*.



К о л д о ш. Ой, түбү түшөт го бүгүн бул асмандын! Менин тоокканамдан тамчы өтүп кетти.

О р м о н. Жаай бер, жамгырым, жаай бер.

Н у р и я. Жаа, жаа, жамгырым...

К о л д о ш. И-и, экөөң дагы табышып алдыңарбы?

Н у р и я. Колдош сени үйлөнүп алды деп айтты...

О р м о н. Ушунун сөзүнө ишенесиңби.

Н у р и я. Сени көргөнгө чейин ишенип отурдум.

К о л д о ш. Арыңар жок экен, бир ажырашып, бир жарашып...

О р м о н. Токтогулачы! *(Баарысы тыңшап калышат. Мурдагыдай эле тынымсыз күн күркүрөп, чагылган жарылып, жаан шатырап куюп турат. Эми ушул табыштардын арасынан, адегенде акырын, кийин бара-бара күч алып, суунун шоокуму угулат)*.

О р м о н. Угуп атасыңарбы?

Д е р в и ш. Ооба, ооба...

Н у р и я. Дарыя!

О р м о н. Дарыя!

Н у р и я. Ормон, бул сенин дарыяң! Мына келип калды! Ой-уй-уй, кандай улуу суу!

К о л д о ш *(үрөйү уча кыйкырат)*. Бул — сел! Менин тооктору м! Акчам! *(Безилдеп чуркап кетет)*.

О р м о н. Э-эй, жинди, агып өлөсүң! О кайт!

Д е р в и ш. Кайт! Кайт! *(Кокусунан тегирмендин ичинен күркүрөгөн добуш чыгат)*.

О р м о н. Тегирмен жүрдү! Тегирмен жүрдү!

Н у р и я. Тегирмен жүрдү! Тегирмен жүрдү! *(Ормон тегирменге чуркап кирип, ошол замат бир ууч ун уучтап чыгат)*.

О р м о н. Мынакей! Мынакей! Ун!

Д е р в и ш. Айтканың келди, Ормон. Айтканың келди...

Н у р и я. Олуя экенсиң, Ормонум. Олуя экенсиң...

О р м о н. Ошончо жыл, ушунча күн күттүрдү бул дарыя мени...

Д е р в и ш. Акыры тилегиң ишке ашты... *(Ушу тапта актриса ачуу кыйкырып жиберет.)*

О р м о н. Эмне болду? Эмне болду?

Н у р и я. Тиги... тиги көпүрөдөн бирөө өтүп баратат!

*(Чагылгандын жарыгында элес-булас көрүнүп, бир караан көпүрөдөн өтөт. Караан куду зым үстүндө баскан дарчыга окшоп, абайлап кадам шилтейт. Капкара сөлөкөтү, апаппак бети айбаттуу көрүнөт)*.

Д е р в и ш. Чын эле киши бараткансыйт...

Н у р и я. Аял окшойт...

О р м о н. Бул — Суусар. Базардан келатат. Суусар! О-о, Суусар! *(Караан унчукпайт)*. Жооп бербейт да, ал эмес окшойт... Э-э-эй! Ким болсоң да абайла! О көпүрө эски, учуп өлөсүң.

*(Үчөө тең көпүрөдөн көздөрүн албай кабатырланып карап турушат)*.

Д е р в и ш. Кудай сактай көр...

О р м о н. Жок, мен эртең эле бул көпүрөнү оңдошко киришем. Эми суу келди, тегирмен жүрдү; демек, элдин баары эми ушу көпүрө менен катташат; куду илгеркидей; башка жол жок...

Д е р в и ш. Башка жол жок.

О р м о н. Кап... Мурда эмнеге ушул ой башыма келбеди экен? Бекер отургуча эчак оңдоп коймокмун...

Н у р и я. Эчтеке эмес. Эртең киришесиң. А мен сага жардам берем.

Д е р в и ш. Мен дагы. Жок... Мен эми кетишим керек, бул жерден.

О р м о н. Эмне үчүн?

Д е р в и ш. Суу келбедиби, эми менин бул жерге керегим жок. Суусуз жерге барышым керек. А суусуз жерлер али көп... Өтө көп. *(Ормон менен Нурия буга эмне дээрин билишпей аңырайып туруп калышат. Ошо кезде тоокананын качырап сынганы угулат; тооктор ызы-чуу түшөт; Колдоштун жараланган аюудай чаңырган үнү угулат)*.

К о л д о ш. Э-э-эй, эл-журт! Жардамга! Мен акчамды табалбай атам! Жардамга! Акча-а-а-ам...

О р м о н. Жүргүлө! *(Ормон ойлонбой туруп, жардамга чуркайт. Шашып баратып түркүктөгү чыракты коюп кетет. Чырак жерге түшүп, шишеси сынат, өчөт. Эми адамдардын сөлөкөтү чагылгандын жарыгында гана көрүнөт. Үндөрү угулуп турат)*.

Н у р и я. Каякка! Ормон! Ормон! Кайт, агып кетесиң!

Д е р в и ш. Ормон, этият бол! Суу улуу!

О р м о н. Колдош! Колдош! Каяктасың?!

К о л д о ш. А-а-а-а! Агып кетти! Акча кетти... Тооктор... Ойрон болдум!

О р м о н. О ташта акчаңды! Ташта тоогуңду! Бери бас, агып өлөсүң!

Д е р в и ш. О бери чык, Колдош! Ташта баарын!

Н у р и я. Ташта баарын, жинди! *(Колдоштун өңгүрөп ыйлаганы угулат, сөздөрүн ажыратып болбойт. Беркилер кабатырланып кыйкыра беришет)*.



О р м о н. Колдош! Колдош! Колдош!

Д е р в и ш. Колдош! Колдош! Колдош!

Н у р и я. Колдош! Колдош! Колдош! *(Көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Сайды толтура улуу дарыя агып жатат. Мурдагыдай эле күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жаан куят. Буларга кошул-ташыл болуп адамдардын кыйкырык өкүрүктү, тооктордун ызы-чуусу келип турат. Бир жагынан тегирмен курулдөйт. Ушул акыбалда көшөгө жабылат)*.

## ЭПИЛОГ

Эртеси эртең менен. Күн ачык. Кечинде буркан-шаркан түшүп аккан суу соолуган. Бирок ал какыр сайга көп өзгөрүш киргизип кетиптир. Биринчиден, Колдоштун тооканасы деген жок, андан жалгыз гана түркүк калыптыр, анысы да кыйшайышып, жарымына чейин кумга батып турат. Тоок аттуудан көрүнбөйт. Суу бадалдардын башын бир жакка жапырып таштаган. Алардын шактарында, тооктордун өлүгү пахтасы чубалган төшөк, ичинде жумурткалары сынган себет илинип турат; а кайсы бир чырпыкта жүз сомдук акча делбирейт...

Тегирмендин пешайванында үч адам — Колдош, Дервиш, Нурия отурат. Колдош шолоктоп ыйлап атат. Анын кийим-кечеси суу, бети башы кир, а бир бутунда өтүгү жок. Дервиш койнуна колун салып, унчукпайт. Нурия болсо очокко от жагып жатат.

Н у р и я. Болдучу эми, Колдош. Тоок табылат, акча табылат. Өзүңдүн аман калганыңа сүйүнсөң. Ормон болбосо, өзүң да агып кетет элең.

Д е р в и ш. Ооба, Колдош, шүгүр да...

К о л д о ш. Силерге айтканга оңой! *(Ачуусу келип берет)*. Сегиз миң сом пул, эки миң тоок, миллион жумуртка... Ой-бой-бой...

Н у р и я. Ох, дүнүйөң кургур ай... *(Бадалдын арасынан белине балта кыстырган, талдын шагын сүйрөгөн Ормон чыгат. Көңүлү куунак. Азилге салып ырдап келет.)*

О р м о н. Э-э-эй, кызыл жоолукчан.
Кандай турмуш жайыңыз?
Курсак ачып кетти го,
Кайнады бекен чайыңыз...

Н у р и я. Кайнады! Кайнап калды! *(Ормон сүйрөгөн шагын көпүрөнүн астына таштайт. Ошо кезде, кокусунан, чырпыкка сайылып турган жүз сомдукту көрүп аны ажыратып алат)*.

О р м о н. Э-э-эй, туугандар, биздин ит мурун акча мөмөлөй баштаптыр! Карасаңар!

К о л д о ш *(дароо ордунан чапчып турат)*. Менин акчам! Тийбе, чолок! *(Бир өтүгү жок буту менен сырңдап чуркап барып, Ормондун колунан акчаны жулуп алат)*.

О р м о н. Ал, ал, байкушум. Өзүңө эле кут кылсын. Сайды бойлоп издеп чыксаң, балким, калгандарын да таап аласың.

К о л д о ш. Туура айтасың... *(Колдош чындап жинди болгонсуп, сайды бойлой жөнөйт. Бирок тескери жакка, жогору карай басат)*.

*О р м о н. Эй, жинди, каякка? Суу ошол жактан кел*бедиңби? А сенин тоокканаң мына бул жерде болучу...

К о л д о ш. Демек, мына бул тарапка агып кеткен экен да...

*(Эми ылдый жөнөйт, Ормон башын чайкап коюп, көпүрөнүн үстүнө кетет. Чыгып, көпүрөнү сынап, нары-бери басат. Жанында Дервиш келет.)*

Д е р в и ш. О р м о н... Суу соолуп калды да?

О р м о н. Эчтеке эмес, ава, дагы келет. А мен баары бир бул көпүрөнү оңдошум керек.

Д е р в и ш. Жо-о-ок... Менин айтайын дегеним... суу соолуп калды да, демек, адамдар бул жерден мурдагыдай эле чаңкап өтүшөт да?

О р м о н *(эми түшүнөт)*. Албетте, ава! Сиз калышыңыз керек бул жерге.

Д е р в и ш. Ошону айтам да... Демек, мен кумураны тазалашым керек экен. Кумура кумга толуп калыптыр...

О р м о н. Тазалаңыз, тазалаңыз...

*(Дервиш супага карай басып кетет. Көпүрөгө Нурия басып келет)*.

О р м о н. Кел, тиги шакты алып бер! *(Нурия жерде жаткан талдын шагын алып берет)*.

Н у р и я. Ормон!

О р м о н. Я?

Н у р и я. Мен түндөсү көпүрөдөн өтүп бараткан аялды эстеп атам... Ал аман-эсен өтүп алды бекен? *(Ормон жооп бере албай, селейип туруп калат)*.

О р м о н. Билбейм... Мен аны такыр унутуп коюптурмун...

Н у р и я. Биз Колдош менен алек болуп калбадыкпы.

О р м о н. Ооба...

Н у р и я. А кокус жээкке жетпей, шулп этип суута кулап түшкөн болсочу? Анда агып кетти да?

О р м о н. Кудай сактасын... Кудай сактасын... *(Бадалдын арасынан Колдош чыгып келет. Баягыдай эле сабыры суз, баягыдай эле сыңар өтүкчөн)*.



К о л д о ш. Жок... Бир сом да жок... *(Кокусунан бадалдардын арасынан короз кыйкырат. Баары тыңшап калышат)*.

Уктуңарбы, менин корозум!

Н у р и я. Албетте, сенин корозуң! Мына көрчү, а сен ыйлайсың. *(Ошо кезде мекиян тооктун какылыктаганы да угулуп калат)*.

К о л д о ш. Мына! Мекиян да аман калыптыр!

О р м о н. Ыкыбалың бар экен, жинди. Бир мекиян бир короз — Адам ата менен Умай энеге барабар. Сен бул экөөнү көбөйтүп аласың.

К о л д о ш. Болду! Мен кайрадан тооккана салам!

О р м о н. Мм... Сайдын ортосунабы?

К о л д о ш *(ойлонуп калат)*. Жок. Жээкке.

О р м о н *(мулуюп коёт)*. Ошентсең...

К о л д о ш. Мен баштадым!

*(Ошентип, эски тоокканасынан калган жыгач тактайларды чогултуп кирет. Адегенде жалгыз түркүктөн баштайт. Түркүктү кумдан эптеп суурул жээкке алып барып орнотуп кирет. Ормон менен Нурия да иштерин улантышат.)*

*Дервиш кумурасын тазалап агат...*

*(Кокусунан, Ормон сайдын баш жагын карап, кулагын түрүп калат. Ошол эле учурда Дервиш да башын көтөрүп, бир нерсени тыңшайт. Анын артынан Нурия, анан Колдош дагы ошондой акыбалга келишет. Төртөө тең бирин бири карабастан, ар кимиси өз алдынча тыңшап, өз алдынча дагып турушат. А уккандары — дарыянын шоокуму. А дарыя болсо алыста, алыста, тээ жердин тереңинде агып аткансыйт. Анын үнү ушунчалык уккулуктуу, жанга жагымдуу. Төртөө ошол көрүнүштө бир минутадай турат. Анан акырын көшөгө жабылат)*.

# РАЗИЯНЫ ЭСКЕРҮҮ

## *(Эки бөлүмдөн турган драма)*

КАТЫШУУЧУЛАР:

Башкы режиссер.
Башкы сүрөтчү.
Деректир.
Зыйнат — башкы режиссердун жардамчысы.
Жаңы актриса.
Мукай — актер.
Бакир Алимбекович — актер, Зыйнаттын күйөөсү.
Надира — актриса, Мукайдын аялы.
Зуура Деркембаева — актриса, деректирдин аялы.
Чолпон Деркембаева — актриса, деректирдин кызы, башкы сүрөтчүнүн колуктусу.

Бүт окуя драма театрынын сахнасында өтөт. Оюндун башталышында сахнанын орто ченине көшөгө түшүп турат. Көшөгөнүн алды жагынан он чакты кресло, бир чакан стол коюлат. Креслолор — жарым айлананы түзүп, стол ортосунда болот. Столдун үстүндө бир шише шампан, фужерлер, сигарет жана күкүрт сыяктуу буюмдар бар, бирок азырынча алардын үстү ак дасторкон менен жабылуу. Сахнага күңүрт жарык тийип, жеңил музыка ойнолуп турат...

Залдын чоң эшиктеринин биринен театрдын башкы режиссеру кирет. Режиссер кырк жаштар чамасындагы сымбаттуу эркек. Үстүндө плащ, узун саптуу зонтикти таяк катары таянып алган. Ал түз эле сахнага чыгып барат. Бир паска стол менен креслолордун коюлушун карап туруп, анан музыка жана жарык берилүүчү бөлмөлөргө кайрылып, керектүү буйруктарды бере баштайт.

Башкы режиссер *(музыка берилүүчү бөлмөгө)*. Ширин! Токтот музыканды *(жарык берилүүчү бөлмөгө)*. Досумбек! Сахнага жарык бер. *(Жарык берилгиче күтөт)*. Көбүрөөк! Дагы! Болду. *(Сахнанын оң жагынан, колуна тамекинин күлүн төкчү идиш кармап, Зыйнат келет. Зыйнат отуз жаштардагы, ыраң-оройлуу келин. Зыйнатка)*. Ко-ош?

Зыйнат. Иш чатак, Касым Исаевич. Гастролго барбай калган артисттер бешөө эле экен. Ошол бешөө гана келишти.



Башкы режиссер. Мм... А башкы сүрөтчү менен деректирге айттыңбы?

Зыйнат. Алар менен жети киши болот.

Башкы режиссер. Болуптур. Чакыр баарын сахнага. *(Кетмекчи болуп, кайра токтойт)*. Айтмакчы, жаңы актриса кайда?

Зыйнат. Ага мен Разиянын бөлмөсүн ачып бердим. Даярданып атат. Ал да келсинби?

Башкы режиссер. Жо-ок. Анан. Өзүм айтам.

*(Кетмекчи болот)*.

Зыйнат *(эстей коюп)*. Ой, Касым Исаевич!

Башкы режиссер. Эмне?

Зыйнат. Жаңы актриса Разиянын музейде илинип турган көйнөгүн кийип чыгам дейт. Мен макул болбой атам.

Башкы режиссер. Азамат...

Зыйнат. Ким... азамат?

Башкы режиссер. Жаңы актриса. Мен дагы азыр ушуну ойлоп келаттым эле. Көрсөң экөөбүздүн оюбуздун бир чыкканын...

Зыйнат. Бирок, Касым Исаевич, өлгөн кишинин кийимин сахнага кийип чыккан кандай болор экен...

Башкы режиссер. Азамат... *(өз оюу менен алек болуп, сахнанын сол жагына чыгып кетет. Зыйнат ийнин куушуруп, анан сахнанын оң жагына карап, кыйкырып калат)*.

Зыйнат. Артисттер, сахнага!

*(Артисттер келгенче, колундагы күл төккүчүн арчып, стол, креслолор менен алек болот. Көп убакыт өтпөй бирден, экиден болушуп, артисттер чыга башташат. Адегенде Зуура менен Чолпон Деркембаевалар келишет. Зуура Деркембаева кырк беш жашта, а Чолпон жыйырма экиде. Чолпондун боюнда бар, ичи чыгып калган. Энеси да, кызы да сын-сыпаттуу аялдар)*.

Чолпон. Зыйнат эже, башкы режиссер бизди эмнеге чогултуп атат? Азыр репетиция да, спектакль да жок эмеспи?

Зыйнат *(мисирейген түр менен)*. Билбейм. Өзүнөн сура.

Зуура Деркембаева. Ботом, жаш кызга кабак-кашынды бүркөбөй эле жооп бербейсиңби?

Зыйнат. Кабак-каш меники, аны кандай кылсам, өзүм билем. *(Надира кирет. Надира отузга жакындап калган, узун бойлуу, арыкчырай аял).*

Зуура Деркембаева *(Надирага)*. Кудай-а тобо, эри деректирликтен түшүп, менин эрим деректир болгондон бери, бизге оң сүйлөбөйт ушул катын. *(Надиранын анча уккусу жок. Зыйнатка)*. Же эриңди биз алдыкпы, кызматтан? Өзүнөн көрсүн. Жазасын тартты. Дагы ушунчалыгына кудайга шүгүр дегиле. Түрмөгө отургузуп койсо, эмне кылат элеңер? Сенин эриңдин айынан биздин театрдын эң талантгуу деген актрисасы өлүп кетти.

Зыйнат. И-и, ал актрисанын өлүмү силерди оор кайгыга салып койбодубу. Мына бир жылдан бери кара кийип, аза күтүп отурасыңар.

Зуура Деркембаева. Кара кийип, аза күтпөсөк да, абдан кейиштебиз анын өлүмүнө. Разия — айкөл кыз эле, кереметтүү актриса болуучу. Жакшы өлсө, жаның кейийт экен.

Надира *(жылмайып, башын чайкайт)*. А тирүүсүндө Разияны мынчалык мактачу эмес элеңиз.

Зуура Деркембаева. Тирүүсүндө, сиңдим Надира, сен деле аны аша сүйүп жыргатканың жок.

Надира. Менин жөнүм бир бөлөк. Разия менен каршылашка менде өзгөчө себеп бар болуучу. Муну сиз жакшы билесиз.

Зуура Деркембаева. Билемин. Бирок негизги себеп: сен анын жаштыгына, сулуулугуна сугуң артып, чыгармачылык ийгиликтерине, атак-даңкына ичиң күйө турган. Менин дагы. Менин кызым Чолпондун дагы. Баарыбыз ага жамандык каалоочубуз. Бирок, өлгөндөн кийин, минтип, анын орду оңкулдап, кадыр-баркы билинип турат...

Зыйнат. Айрыкча, силердин үй-бүлөңөр үчүн.

Зуура Деркембаева. Бул эмне дегениң?

Зыйнат. Разия өлбөгөндө, минтип деректир болбойт элеңер. Өзүңөрдүн мурдагы ордуңарга, «Деректирдин орунбасары» деген тар кабинетте, деректирдин ордун чыңдап басып калыш үчүн анын үстүнөн чагымчылап, туштушка тоголок каттарды жаза бермексиңер... *(Кетет)*.

Зуура Деркембаева *(анын артынан)*. А-а, бечара сиңдим, карап көрсөм, күйүтүң күчтүү турбайбы... *(Бакир Алымбекович менен Мукай келет. Бакир Алымбекович кырк жаштар чамасындагы, орто бойлуу, жоон эркек. Мукай болсо, отуздан эми ашкан, узун бойлуу, сулуу жигит)*.



Мукай. Ох-о-о, бул эмне деген декорация болуп кетти? *(Столдун жабуусун ачат)*. Эх-эй! Карасаңар: шампан, конфет, сигарет... *(Баарысы столду ороп калышат)*.

Надира. Ой, чын эле...

Бакир Алимбекович. Эй, булардың бутафориясы эмеспи?

Мукай. Кеп ошондо болуп атпайбы. *(Шампандын бирөөн алып, чайкап көрсөтөт)*. Мына. Оозун карагыла, ачыла элек. Биздин мадырабаш бутафорлор ушундай жасай алабы?

Надира. Кызык, бул эмнеси ыя?

Бакир Алимбекович. Эмнеси болсо да, ушунун баары биз үчүн окшойт. Буюрса, бүгүн бир тойлойт экенбиз. Отургула.

Надира. Тойлорун го тойлойбуз, бирок бул эмне деген той?

Мукай. А мүмкүн... Чолпон менен Ыскак байкенин тою болуп жүрбөсүн? Ыя, Чолпон?

Чолпон. Кантип эле ошентип калсын. Биз той берсек, театрдын сахнасында бермек белек? Үйдө өткөрөбүз да. Ээ, апа?

Зуура Деркембаева. Кызым, Мукай какшыктап атат.

Чолпон. Эки той?

Бакир Алимбекович. Мукай, менимче, биз эми эки тойду бир жеп калдык го?

Чолпон. Кызык, эмне үчүн?

Мукай. Ооба, Бакир Алимбекович, кайсы эки тойду айтасыз?

Бакир Алимбекович. Үйлөнүү тоюн жана... жентек тоюн. *(Чолпон ичин кымтыланат. Мукай, Надира, Бакир Алимбекович күлүп калышат)*.

Зуура Деркембаева *(кызына, наалып)*. Чолпон, алдыңа кетейиним, кантип көрбөй турасың, булар бизди шылдыңдап атышат.

Чолпон. Уятсыздар!

*(Деректир менен башкы сүрөтчү чыгышат. Деректир элүүлөргө барып калган, кашка баш адам. Башкы сүрөтчү отуз бештерде. Сын-сыпаты келишкен жигит)*.

Надира. Тсс... Күйөө бала менен кайната келатышат...

Деректир. Ой-бой, бул эмне деген жыйын? Ортонордо шампан, конфет, сигарет...

Башкы сүрөтчү. Чын эле...

Зуура Деркембаева. Эмне, силер да билбейсиңерби?

Деректир. Жок.

Чолпон. А мына булар бизди мыскылдап атышат.

Деректир. Эмне деп?

Мукай. Жаңылыштыктан. Абды Деркембаевич. Биз бул дасторконду Чолпон менен Ыскак байкемдин тоюу экен деп ойлоптурбуз. *(Деректир менен башкы сүрөтчү сына түшөт. Бирок деректир билдирбейт, кайра Мукайдын калемпирдүү сөзүн пайдаланып кетет)*.

Деректир. А-а, ошондойбу... Шашпагыла, Чолпон менен Ыскактын тоюн да жейсиңер буюрса. Мына өздөрүнүн көзүнчө айтамын: «Той болсун, ата» — дешкен күнү той берем. Болгондо да кандай той! Шаардын эң сонун деген ресторанын, «Кожожашты», сатып аламын. Оркестри жана бүткүл кызматчылары менен. Бүт театрды чакырам. Таң атканча ичесиңер, бийлейсиңер, ырдайсыңар... Ээ, байбиче?

Зуура Деркембаева. Кудай буюрса, атасы. Той ээлерине жараша болушу керек да.

Чолпон. Ой, мага койсо, тойду эртең эле өткөргүлө дээр элем.

Надира. Мен сени түшүнөм.

Мукай. А-а, демек, кеп Ыскак байкемде эле калган турбайбы. А сиз эмнеге тойду созосуз?

Башкы сүрөтчү. Эй, дос, сен көп тырпырабачы. *(Мукай, Надира, Бакир Алимбекович күлүп калышат)*. Абды Деркембаевич, той деген биздин өз ишибиз эмеспи. Аны неге бул жерге талкууга саласыз?

Деректир. Э-э, дегинкисин айтам да...

*(Зыйнат кирет)*.

Бакир Алимбекович. А-а, мына башкы режиссердун жардамчысы келатат. Ушу кишиден сурайбыз... Балдардын апасы, сен бизди сыйлаганы чакырган окшойсуң?

Зыйнат. Мен эмес, башкы режиссер сыйлаганы атат, баарыбызды...

Мукай. А кайсы жазыгыбыз үчүн?

Зыйнат. Аны азыр өзү айтат.

Чолпон. А-а, мен билдим! Бүгүн Касым Исаевичтин туулган күнү. Аялы гастролдо эмеспи, ушул жерде белгилейин деген көрүнөт.



Зуура Деркембаева. Кокуй, андай болсо, шерменде болдук. Куру кол келбедикпи?

Деректир. Кап...

Зуура Деркембаева. Эми эмне кылабыз?

Надира. А менимче, Касым Исаевичтин туулган күнү августта... *(Касым Исаевич кирет. Плащ, зонтиги жок. Костюмчан. Колтугунда калың дептер бар)*.

Башкы режиссер. Сентябрде, Надира, сентябрде.

Надира. Ой...

Башкы режиссер. Демек, мен силерди өзүмдүн туулган күнүмө арналган майрамга чакырганым жок. Мен силерди... аза күтүүгө чакырдым.

Зуура Деркембаева. Аза күтүүгө?

Башкы режиссер. Ооба. Кана, отургула. *(Баары орун алышат. Башкы режиссер шампанды ачып, фужерлерге куя баштайт. Калгандар үнчүкпай, чыдамсыздык менен күтүп калышат)*. Ушундай, жолдоштор: бүгүн аза күтөбүз.

Чолпон. А-а... кимге?

Башкы режиссер. Разияга... Бүгүн анын өлгөн күнү. Бүгүн анын өлгөнүнө туура бир жыл болот. Чогулуп, эскерип коёлу, дедим.

Мукай. Ырас кылыпсыз. Рахмат сизге.

Деректир. Ооба, туура ойлоп таапсың. Разияны дайыма эскерип жүрүшүбүз керек. Бул бизге парз.

Зуура Деркембаева. Кайран кыз. Биздин театрга куду метеор сыяктуу жарк этип келди да кетти.

Мукай. Менин Айганышым... Менин Офелиям... Менин Джульеттам... Эмне деген образдар эле. Баарысы Разия менен кошо көмүлдү. Разиясыз ал катышкан спектаклдердин өзү да спектаклге окшобой калды. Надира... Чолпон... Силер мага таарынбагыла. Мына, силер Разия өлгөндөн бери анын ойногон ролдорун ойноп келатасыңар. Бири-бириңден талашып, бири-бириңден кызганып ойноюсуңар. Бирок бир жолу да Разиянын деңгээлине жеткире ойной элексиңер, ал ролдорду. Разиясыз, мен өзүм да эч кимге жарабай калдым. Мурдагы Курманбек, мурдагы Гамлет, мурдагы Ромео эмесмин, азыр. Көрсө, Разия мага өзүнүн талантынан бөлүшүп ойноочу экен...

Надира. Айтканың ырас. Биздин театрда Разиянын ордун басар актриса жок. Азырынча анын орду оңкулдап бош турат...

Мукай. Сен какшыктап атасың. Бирок какшыгында чындык жатат.

Башкы режиссер *(шампан куюлган фужерди*

*колуна алып, өйдө болот).* Кана эмесе, Разия үчүн ичели. *(Калгандар да орундарынан турушат).* Ылайым, жайы жаннаты болуп, арбагы бизди колдоп жүрсүн... *(Ичип жиберишип, кайра отурушат).*

М у к а й. Касым Исаевич, сиз Разиянын арбагы колдоп жүрсүн дейсиз. Бирок, өлгөн адамдын арбагы тирүүлөрдү колдоп жүрүш үчүн, ал арбак тирүүлөргө ыраазы болушу керек, аларды сүйүшү керек да, ушундайбы?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Ооба...

М у к а й. А мындай болсо, Разиянын арбагы бизди колдой турган эч жөнү жок. Тирүүсүндө биз Разияга эмне жакшылык кылып койдук? Байкушка күн көрсөтпөдүк.. Ушактадык, жамандадык. Ишине тоскоол болуп, бактысына кыянатчылык кылдык. А мүмкүн, өлүшүнө да биз себепкер болгондурбуз, ким билет...

Н а д и р а. Ким билет! Билбесең, эмне айтасың былжырап?

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Чын эле, Мукай, кичине ойлоп сүйлөсөң. Сен билбесең, билген кишилер бар да.

М у к а й. Мисалы, сиз. Мисалы, менин аялым.

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Ооба, экөөбүз.

Н а д и р а. Үчөөбүз...

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. А-а, сен Сулайман Сатаровичти айтып атасызбы? Бирок ал киши бул жерде жок эмеспи? Шондуктан аны эсепке кошподум. Албетте, аны менен үчөөбүз. Ушундай, Мукай, Разиянын өлүмүнө үч киши күбөбүз. Биз билебиз анын кандай өлгөнүн. Бул жөнүндө тергөөдө да, сотто да айтып бергенбиз. Өзүң көрүп турасың, сот эч кимибизди жоопко тарткан жок, баарыбызды бошотуп жиберди. Демек, Разиянын өлүмүнө эч ким күнөөлү эмес. Бул жөн гана кырсык болуп калды.

М у к а й. Кырсык... Мен буга башынан эле шектенип келгенмин. А бир айдан бери ого бетер шектене баштадым.

Н а д и р а. Эмне үчүн?

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Эмне үчүн?

М у к а й. Бир айдан бери менин аялым кыйналып уктачу болду. Түшүндө кимдир бирөөлөр менен жаңжалдашып, кыйкырып, өксүп ыйлап чыгат. А кыйкырганда дайыма Разиянын атын айтат. «Разия! Разия! Разия» деп.

Н а д и р а. Калп! Мен тыптынч уктайм. Түшүмө эч нерсе кирбейт.

М у к а й. А бүгүн түнү ушинтип кыйналып жатып, акырында ойгонуп кеттиң. Ойгонуп, кыйлага чейин шыпты карап ойлонуп жаттың да, анан, кокусунан, шолоктоп ыйлап кирдиң. Албетте, мени уктап атат деп ойлодуң. А мен көзүмдүн кыйыгы менен сенин айдын нуруна чагылышып агып жаткан көз жашыңды карап, дымып жаттым...



Н а д и р а. Жетишет! Жетишет! Жетишет!

*(Надира алакандары менен бетин жаап, ыйлап жиберет. Эл мелтиреп отуруп калат. Баарысынын жүзүндө тынчсызданую, кызыгуу пайда болот. Бакир Алимбекович гана кабатырланып, ордунан турат).*

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Касым Исаевич, мага уруксат бер, жумушум бар эле...

М у к а й. И-и, корко баштадыңбы?

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Эй, Мукай, эмнеден корком? Жакшылап карачы, ушу менин корко турган жерим калдыбы? Деректирликтен түшсөм, партбилеттен айрылсам... Дагы кандай жазадан корком, ыя? Же ушу актерлугумдан да куру калар бекенмин? Алгыла керек болсо, муну дагын. Ансыз да, мына бир жыл болду, түзүк-курук роль берип жыргата элексиңер...

М у к а й. Түзүк-курук ролго, Бакир Алимбекович, өзүңүз арзыбайсыз. Сизде актерлук касиет жок. Сизде бар болгону, актер деген диплом гана бар.

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Токточу... Сен бала, деги мени мынчалык эмне жек көрөсүң? Разия үчүн элеби же... дагы бирдемең барбы?

М у к а й *(чапчып турат).* Разия үчүн элеби дегенин көр мунун! Эй, доңуз, сага, эмне, Разиянын өлүмү аздык кылабы?

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Кой, Касым, мен кетейин, болбосо, бул күчүнө толуп турган азоо неме, бөөдө сабап таштайт. *(Кетмекчи болот).*

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Сабабайт. Отур андан көрө. Азыр иш баштайбыз.

Б а к и р А л и м б е к о в и ч. Иш? Кандай иш?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Отурсаң, анан айтып берем... *(Бакир Алимбекович отурат. Башкы режиссер кичине тыныгуу жасайт).* Жолдоштор, силерди бүгүн бул жерге чакырып, Разияны эскерип коелу деген ой мага бир жума мурда келди. Бир гана жума мурда колума мынабу дептер тийди. *(Дептерди көрсөтөт).* Бул дептер — Разиянын күндөлүгү экен.

М у к а й. Күндөлүк? Демек, Разия күндөлүк жазып жүргөн экен да? Кызык, мага эч айткан эмес...

Ч о л п о н. А кайдан таптыңыз, муну? Биз Разиянын буюм-кечелерин театрдын музейине алып келгенибизде, мунусу жок болуучу.

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Силерден мурда Разиянын үйүнө тергөөчү жана анын кишилери кирген. Муну мага Разиянын адвокаты берди. Музей үчүн.

М у к а й. А окуп көрдүңүзбү?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Албетте. Ошол эле күнү. *(Тыныгып туруп).* Күндөлүк мени аябай толкундатты. Бул бир ажайып адамдын өмүрү жөнүндөгү ажайып дастан экен. Мен окуп чыгаар замат, анын негизинде, Разия тууралуу спектакль коюуну чечтим.

М у к а й. Эң сонун ойлоптурсуз! Сооп иш кыласыз, Касым Исаевич.

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Албетте, спектакль биз көргөн, биз билген Разия жөнүндө болот. Демек, өзүбүз да ага персонаж болуп киребиз.

З у у р а Д е р к е м б а е в а. А пьесаны ким жазат?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Атайы пьеса жазылбайт. Күндөлүктү негиз кылып алып, калганын оюбуздан чыгарабыз. Мындайча айтканда, ар кимибиз өз образыбызды өзүбүз жаратып, өзүбүздү өзүбүз ойнойбуз.

Ч о л п о н. Кызык спектакль болот экен...

М у к а й. Дель арте театрын туурайт турбайбызбы?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Ооба, ошого жакын. Ушундай да чыгармачылык эксперимент жасап көрөлү.

М у к а й. Жасап көрөлү!

Д е р е к т и р. Эксперимент го эксперимент, бирок, Касым Исаевич, анын финансы жагы кандай болор экен?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Азырынча аны ойлобоңуз. Ойноп көрөлү. Эгер спектакль түзүк чыкса, репертуарга киргизебиз, болбосо, эксперимент бойдон калат. А экспериментке акчанын кереги жок.

Д е р е к т и р. А-а, анда иш башка...

З у у р а Д е р к е м б а е в а. А качан анан ишти баштайбыз?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Азыр.

Ч о л п о н. Ой, азыр элеби?

Б а ш к ы с ү р ө т ч ү *(ордунан туруп).* Байкашымча, силердин экспериментиңерге менин керегим жок окшойт.

Д е р е к т и р. Менин дагы *(турат).*

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Кызык! А биздин спектаклди ким көрөт, ким сынайт, ким кабыл кылат? Бирөөң театрдын директору, экинчиң — башкы сүрөтчү болсоңор... Спектаклдерге көрсөтпөгөндө кимге көрсөтөм, бул оюнду? Жарабайт мунуңар, отургула...



*(Деректир менен башкы сүрөтчү кыйылган түрдө отурушат).*

Ч о л п о н. Ой, Касым Исаевич, а Разиянын ролун ким ойнойт?

Б а ш к ы р е ж и с с е р *(жылмаят).* Абдан убагында бердиң бул суроону. Эми ушул тууралуу айтайын деп аттым эле, *(тыным жасайт).* Билесиңби, Чолпон кыз, Разиянын ролун так өзүңө берейин деп тургаммын...

Ч о л п о н. Анан?!

З у у р а Д е р к е м б а е в а. А анан эмне болду?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Ошо күнү менин кабинетиме бир кыз кирип калса болобу. Жашы жыйырма бештерде, узун бойлуу, сулуу...

З у у р а Д е р к е м б а е в а. Ал эмне деген кыз экен, ботом?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Актриса экен. Бизде иштесем дейт.

Ч о л п о н. Анан сиз Разиянын ролун ошого бере салдыңызбы?

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Ооба... Кыз күндөлүктү бир түнгө алып кетип, эртесинде келип, ишке киришти. Мына бир жумадан бери ушу сахнада даярданып жатат. Анчамынча мен жардам кылган болдум... Декорация, музыка, жарык берилиш жагынан...

З у у р а Д е р к е м б а е в а. Ботом, ал актрисага башкы ролду берерден мурда, аны театрга кабыл алыш керек да?

Ч о л п о н. А кабыл алыш үчүн, мына бүгүнкүдөй көркөм советке салып, анын жөндөмдүүлүгүн сынап көрүш керек.

Д е р е к т и р. Туура. Касым Исаевич, сен өзүмчүлдүк кылып кетипсиң, биз менен кеңешиш керек болуучу.

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Кадырыңар жан болсун. Мен ошо силерге сынатайын, силерге жакса алайын, жакпаса, жок деген жообумду берейин деген ойдо гана, ал кызга Разиянын ролун тапшырдым. Мына бүгүн баарыбыз бирге олтуруп андан экзамен алабыз. Чынын айтыш керек, ар кандай актриса үчүн, бул — кыйын экзамен...

М у к а й. Жолдоштор, Касым Исаевич эки ишти бир кылган турбайбы; бүгүн биз, биринчиден, жаңы спектаклди ойносок, экинчиден — жаңы актрисанын өнөрүн көрөт экенбиз.

Б а ш к ы р е ж и с с е р. Ооба.

Д е р е к т и р. А-а, андай болсо, мейли...

Башкы режиссер. Эмесе, оюнду баштайлы, жолдоштор. Оюндун тартиби мындай: ага кошулуп, аны колдоп отурабыз. Баарыңардан суранарым: чын дилиңер менен, чыгармачылык эргүү менен ойногула. Бакир Алимбекович, Надира, эсиңерде болсун: силер соттун алдында сурак берип атканыңар жок, ал суракты берип бүттүңөр; эми силер бизге кошулуп, өз театрыбыздын сахнасында жаңы спектакль, искусство жаратып атасыңар.

Надира. Түшүнүп атабыз, Касым Исаевич.

Бакир Алимбекович. Бизден кабатырланба. Корккон маалда коркконбуз. Эми тартыныч жок, билгенибизди билгендей, көргөнүбүздү көргөндөй ойноп беребиз.

Надира. Чыгармачылык эргүү менен!

Башкы режиссер. Рахмат!

Чолпон. Кана эмесе, баштасак баштабайлыбы? Кызыныз кана?

Башкы режиссер. Кызым ушул жерде. Мына бул көшөгөнүн артында.

Зуура Деркембаева. Кокуй, ал биздин сүйлөшкөнүбүздү угуп турган экен да?

Башкы режиссер. Угуп гана эмес, көрүп да турду. Көшөгөнүн тешиги бар. *(Көрсөтөт)*. Мен муну атайын жасадым.

Зуура Деркембаева. Мына эмесе, эмне үчүн?

Башкы режиссер. Жаңы актрисага жеңил болсун дедим. Ал биздин баарыбызды сыртыбыздан таанып, кимибиздин ким экенибизди, өз ара мамилебизди билип алышы керек. Болбосо, ойной келгенде кимге кандай мамиле жасашты билбей, кыйналат.

Мукай. Туура.

Надира. Ой, Касым Исаевич, сиз бүгүн бизди улам жаңы сюрпризлер менен кыйнап бүтмөк болдуңуз.

Башкы режиссер *(күлөт)*. Кана эмесе, оюнга ортону бошотолу. *(Өз креслосун көтөрүп, четке чыгат. Беркилер анын жолун жолдойт)*. Эми, Зыйнат, көшөгөнү көтөрө бер... Досумбек! Ширин! Баштадык! *(сахна караңгылайт. Акырындап аны коюу туман каптайт. Бирпастан кийин төгөрөк жарык пайда болуп, анын ортосунда, жерге чөгөлөп, бир чекитти мелтиреп карап, жаңы актриса олтурган болот. Актрисанын капкара чачтары алды-артына чачылып, алардын арасынан апаппак жүзү көрүнөт. Бирок бул анын чыныгы жүзү эмес, бар болгону — маска. Маска куду Кабуки театрынын маскаларына окшош, ал кайгы-муңду билдирип тургансыйт. Актрисанын кийгени чоң-чоң гүлдөрү бар жаңы ак көйнөк, бирок көйнөктүн этек-жеңи*



*айрылып, ар кайсы жеринде кандын тагы бар. Анын бул көрүнүшү беркилердин үрөйүн учурат. Караңгылыктан алардын чочуган үндөрү угулат... Жаңы актриса, уйкудан ойгонуп жаткандай ныксырап, аз-аздан жанга кирет. Кыйлага чейин машакаттанып жатып, акырында ордунан турат да, түшүндө баскан адамдай, алдыга карай бир-эки кадам шилтейт).*

Жаңы актриса. Капкараңгы... Туман... Мен... Каердемин? Бул жер каер болуп кетти, а? *(Эки жагын каранат. Акырындап караңгылык менен тумандын арасынан, жоон-жоон дарактардын элеси, үстүн ак чөп баскан чоң таштын сөлөкөтү көрүнөт. Дарактардын бирөө жерде сулап жатат. Бара-бара түнкү токойго таандык үн-шоокумдар угула баштайт)*. Токой... Токой... Баягы эле токой... Такыр түгөнбөс болду өрттөнгүр... Бир жылдан бери чегине чыгаалбай койдум... *(Тыңшап калат. Суунун шоокуму угулат)*. Суунун шоокуму чыгат да? Биздин дарыянын шоокумуна окшош экен... Ооба, бул биздин дарыя! Үнүңдөн айланайын... Акыры жеттим ээ, сага.. Мен азыр... Мен азыр. *(Көйнөгүнүн этек-жеңин түрүп, сууга кирет)*. Ох, муздак экен... Ох... Бүткөн боюм какшап кетти. ...Пай-пай-пай... А-а, мында чоң энем экөөбүздүн суу алчу жерибиз... А мына биздин сокмо жол... *(Жээкке чыгып, этек-жеңин кайра түшүрөт)*. Байкуш энем, бир чака сууну дөңгө көтөрүп чыкканча, жүз жолу эс алчу элең. Менсиз, жалгыз, такыр жүдөп бүттүң го? Же бир оокат-тиричилигиңе каралашар жакын тууган уругуң болсочу... Кызык, жол мынча неге эскирген? Таптакыр чөп басып калыптыр... А-а, мына биздин жепирейген жер тамыбыз... Эн-оо. О-о, эне! Унчукпайт да? Э эшигинде кулпу турат. Түндөсү кайда кетти экен? Ой, жарканаттар... Энемдин эрмектери... Энем кана, жарканаттар? *(Кокусунан, кызыл өңгөчүн тартат)*. А-а! Энем... Энем... Ал... өлүп калбады беле... Мындан беш жыл илгери... Мен Москвадан окуп жүргөндө эле... *(Караңгылыктан шыбырап сүйлөшкөн үндөр угулат)*

Зуура Деркембаеванын үнү. Ботом, Москвадан окуп жүргөндө дейби? Разия Москвадан окуду беле?

Актриса. Чиш... Бирөө сүйлөгөнсүдү... Ой, ушундай караңгы... ушундай караңгы... Бүгүн ай да чыкпай койду...

Мукайдын үнү. Разия...

Жаңы актриса *(чочуп кетет)*. А Дагы сүйлөдү! Ким бул? Ким мени чакырган? *(Сахнага экинчи жарык айлана түшүп, анын ортосунда Мукай пайда болот)*. А-а, Сулайман Сатарович... *(Кетенчиктейт)*. Жолобоңуз! Жакындабаңыз мага! Эскертип коёюн, бетиңизди аймап алам.

*(Эки колу менен жерди сыйпалайт)*. Колума эмне кирсе, ошону менен урамын...

М у к а й. Разия, мен Сулайман Сатарович эмесмин. Мен Мукаймын. Жакшылап карасаң.

Ж а ң ы а к т р и с а. Мукай... *(Мукайга жакын келип, анын беттерин ийиндерин сылайт)*. Рахмат. А мен, Мукай, ушинтип... өлүп калдым. Сен менин арбагым менен сүйлөшүп атасың.

М у к а й. Билемин. Бир жыл болду.

Ж а ң ы а к т р и с а. Ооба. Бир жылдан бери ушул жапайы токойдо кезип жүрөм. Күндүзү кечке уктайм, а түн киргенде, кайра жанга кирип, таң атканча токойдун булуң-бурчун кыдырып чыгам. Жалгыз аябай зеригем. Өзүм менен өзүм сүйлөшөм. Кыялымда туш-тарапка саякат жасайм...

М у к а й. Мен баятан бери сени карап, сүйлөгөн сөздөрүңдү угуп турдум.

Ж а ң ы а к т р и с а. Ой, чын элеби?

М у к а й. Айтчы, сен эмне, Москвада окугансыңбы?

Ж а ң ы а к т р и с а. Окуганмын. Театралдык институтта. Бирок үчүнчү курсунан эле чыгарып жиберишкен.

М у к а й. Эмне үчүн?

Ж а ң ы а к т р и с а. Уурулук үчүн.

М у к а й. Эмне?! Кудай сактай көр. Ушу сен... Уурулук кылдыңбы? Ишенбейм. *(Караңгылыктан дагы күбүр-шыбыр угулат .Актриса чоочуп, Мукайды кучактай калат)*.

Ж а ң ы а к т р и с а. Бирөө сүйлөдү... Болду болбоду Сулайман Сатарович, Мукай, келтирбе аны бул жакка! Бул бир желмогуз адам! Мен андан корком.

М у к а й. Коркпо, бул жерде азыр ал киши жок. Андан көрө, сен айтып берчи, кантип уурулук кылып жүрөсүң?

Ж а ң ы а к т р и с а. Уурулук? А-а... Олтуралычы. Мына бул жаңгактын түбүнө. *(Жаңгактын түбүнө отурушат)*. Ичикий, үшүп кеттим. Өлгөндөн бери үшүкчөөл болуп калдым. Дагы эле үстүмөн муздак суу агып тургансыйт...

М у к а й. Айланайын... *(Жаңы актрисанын башын бооруна кысып алат)*.

Ж а ң ы а к т р и с а. Эмесе угуп тур... Мен сенден мурда бир да жигитти сүйгөн элем. Ал да мага окшоп студент болуучу. Сүрөтчүлөрдүн окуусунда окуучу. Менден эки курс илгери. Ал дагы мага окшоп кембагал эле. Менин жалгыз карыган чоң энем, анын атасы таштап кеткен көп балалуу апасы бар. Экөөбүзгө тең үйүбүздөн жарытарлык жардам келчү эмес. Шондуктан мен күндүзү окуп, түндөсү ооруканага барып, пол жууп жүрдүм. Үч жыл бою. Алган айлыгымды тепетең экөөбүз бөлүп алчубуз. Бирок акчаны короторго келгенде, ал менден мурда түгөтчү. Ичкиликти көп ичe турган, Бир жума өтүп-өтпөй, мен берген пулду жок кылып, кайта эле менин жатаканама келип, менин колумдан тамактанып калчу...



М у к а й. А өзү иштебейби?

Ж а ң ы а к т р и с а. Мага чейин кар күрөп, короо шыпырып, аз-аздан чай-чака таап жүрүптүр. Экөөбүз таанышкандан кийин мен аны иштетпей койдум. Окуусу, меникине караганда, кыйын эле. Андан көрө, көбүрөөк окуп, көбүрөөк сүрөтүңдү тарт дедим. Окуусун бүткөнгө чейин, ага мен жардам берип, а окуусун бүткөндөн кийин, экөөбүз үйлөнүп, мени ал бакмак болуп убадалаштык. Бирок биз үйлөнбөй калдык...

М у к а й. Себеп?

Ж а ң ы а к т р и с а. Себеп... Мен үчүнчү курска келип, а сүрөтчүм бүтүп аткан жылы, мага, чоң энем өлдү деген кабар келип калды. Мен зор кыйынчылыктар менен учуп келип, ыйлап-сыктап энемди көмдүм. Анын үчүлүгүн, жетилигин өткөрдүм... Ошентип он күнчө жоголуп, кайра Москвага келсем... Жок, мен сага бир баштан айтып берейинчи... Москвага түндөсү келдим. Келип, жатаканама жетээр замат, жашаган бөлмөмө да кирбей туруп, сүрөтчүмө телефон чалдым. Максатым: аны чакырып алып, ага ыйлап, ичимде калган бугумду чыгармак болдум. Эми менин жакын кишим эле ошол болуп калды да. Бирок, телефон чалсам, сүрөтчүм үйүндө жок экен. Дагы бир жерлерде ичип жүргөн экен деп, өзүмчө бушайман болуп, жашаган бөлмөмө кирдим. Кирсем, сүрөтчүм менин кроватымда уктап атат...

М у к а й. Сүйүнүп кеттиң?

Ж а ң ы а к т р и с а. Жок, эсим оop, босогодо туруп калдым...

М у к а й. Эмне үчүн?

Ж а ң ы а к т р и с а. Ал меникинде түнөчү эмес. Албетте, мени менен жатып калам деп, жиндилик кылчу, бирок мен алдап-соолап, же жемелеп-жукалап, кетирип жиберчүмүн. Биздин чатагыбызды көрүп, мени менен бирге окуп, бирге жашаган теңтуш кызым ага болуша кетчү. «Жатса, жатып ала бербейби, акыры эрди-катын боло турганыңардан кийин...» — дечү. А мен, чоң энемдин тарбиялаган кызымын да, мындай ээн баштыкка көнчү эмесмин. Мына эми келсем, менин жоктугумдан пайдаланып, минтип менин ордума жатып алыптыр. Жатканда да жалгыз жатпай, менин теңтуш кызым менен.

Мукай. Сволочь... Ох, сволочь...

Жаңы актриса. Экөө тең жылаңач, катуу уйкуда экен. Сыягы аябай ичишкен көрүнөт, столдун үстүндө винонун үч-төрт бошогон шишеси турат... *(Тыныгуу жасайт)*. Мен аларды ойготкон жокмун. Бирок артыма кайтып да кетпедим, ушунчалык арып-чарчап тургамын. Чемоданымды жерге коюп, теңтуш кызымдын кроватына жыгылдым да, өксүп-өксүп ыйлап кирдим. Таң атканча ыйладым. Энем үчүн ыйладым. Сүрөтчүм үчүн ыйладым. Ошол түнү сүрөтчүм да энем менен кошо көмүлгөнсүп көрүндү. Бүт ааламда өзүм жападан жалгыз калгансыдым. Ошо жалгыздык үчүн ыйладым. Ыйлап отуруп, берки экөөн такыр эстен чыгарып коюптурмун. Бир маалда башымды көтөрсөм, бөлмөдө өзүмдөн башка эч ким жок. Ошо бойдон теңтуш кызым үйгө бир жумадан кийин гана келди. Келип, ыйлап-сыктап отуруп, кечирим сурады. Кечирдим. Кечирбегенде эмне кылмак элем? Өзү жакшы кыз болуучу. Бирок, эрке, жалкоо, оюн-шоокту сүйгөн неме эле. Ата-энесинен бат-бат акча келип, а кыз ал акчаны ошончолук бат жоготуп, дагы эле ачка отуруп калчу. Мен бакчы элем, Мен бакчы элем, анан аны дагын...

Мукай. Мм... Аны коюп, сүрөтчүңдү айтчы...

Жаңы актриса. А сүрөтчүм... ошол бойдон жоголду. Ээсине өлүгүн көрсөтпөй өлгөн итке окшоп, акылдуулук кылды. Ошонусуна да ыраазы болуп калдым. Албетте, Кыргызстанга кайтып келгенимден кийин, биз жолугуштук, бирок экөөбүздүн тең бири-бирибизге жат киши болуп көрүндүк. Ал менин пейлимди жакшы билчү, жарашууга аракет да кылган жок...

Мукай. А-а... уурулук?

Жаңы актриса. А уурулук.. Ошол күндөн кийин мен бир жолу да институтка барганым жок. Жолдош кызым, сурагандарга, ооруп атат деп коюп жүрө берди. А менин дагы эле окугум жок. Окуу эмес, жашоого көңүлүм келбей калды. Керели кечке үйдөн чыкпай, эчтеке кылбай отура бердим. Акчам болсо, такыр түгөндү. Эми мени теңтуш кызым бага баштады. Бир айдан кийин анын байлыгы да жок болду, экөөбүз тилемчиленип оокат кылып калдык. Бирок, кудай жалгап, бир күнү кызыма үйүнөн көп акча келди. Биз дагы жыргап жашай баштадык. Бирок арадан бир жума өтпөй туруп, ал жыргалыбыз шермендечиликке айланып кетти. Көрсө, менин шеригим, мени үйүнөн келген акчага жыргатпай эле, коңшу бөлмөдө жашоочу грузин кыздын тери пальтосун сатып, ошого жыргатып аткан экен. Грузин кыз пальтосун экөөбүздөн гана көрүп



туруп алды. А институт экөөбүздү тең окуудан айдамакчы болду. Мен, болор иш болду дедим да, пальтону жалгыз өзүм уурдадым деп мойнума алдым. Ошол... Мени айдашты, а мен Кыргызстанга баса бердим...

Мукай. А эмне үчүн анттиң? Кызды неге аяйсың?

Жаңы актриса. Абдан талanttуу кыз эле, Мукай. Окусун дедим. А мен баары бир окумак эмесмин, өзүмдү театр үчүн өлгөн катары сезип калганмын...

Мукай. А көрсө...

Жаңы актриса. Көрсө, театрсыз жашай албайт экенмин. Беш-алты ай ар кайсы жерлерде иштемиш болуп жүрүп, акырында жалдырап силердин театрыңардын эшигине басып келдим.

Мукай. Калганын билем. Калган өмүрүң биздин театрдын сахнасында өттү.

Жаңы актриса. Сени менен.

Мукай. Ооба, мени менен... Туура эки жыл экөөбүз жанаша жашадык. Бирок, бирге эмес. Бирге жашайлы десем, көгөрүп болбой койдуң.

Жаңы актриса. Эки уулуңду аядым. Алардан сени тартып алгым келбеди.

Мукай. Айланайын... *(Актрисанын колунан өбөт)*. Бирок мен сени балдарымдан да артык көрчү эмес белем? Сен муну билчү элең го?

Жаңы актриса. Билчү элем. Ошентсе да, балдарыңа кыянаттык кылгым келбеди. Алар сени абдан жакшы көрүшчү.

Мукай. Балдарыма боор ачып, сен менин өзүмө кыянаттык кылдың. Өзүңдү менден түбөлүккө бөлүп кеттиң.

Жаңы актриса. Түбөлүк эмес. Биз дагы жолугушабыз. Сен ойногун, күлгүн. Анан абдан картайып, о дүйнөнүн кызыгы таркаган кезде, бу дүйнөгө келгин. Мен сени азыркымдай жаш, сулуу бойдон утурлап тосуп аламын. Ага чейин сени сагынып, сагынып, чыдамсыздык менен күтүп жүрөмүн. Бирок бир гана өтүнүчүм; сен менин ордума башка аялды сүйбөгүн. Өзүң билесиң го, өтө кызганчаакмын.

Мукай. О Разия, кайдагы аял, кайдагы сүйүүнү айтасың? Мен сенден кийин тирүүлөй өлүк катары жашап жүрөм. А чындап өлгөнгө, сенин алдыңа тезирээк келгенге, эрким жетишпейт...

Жаңы актриса. Байкушум... *(Мукайдын бетинен сылап, эркелетет)*. Эмне, менин өлүмүм катуу таасир кылдыбы сага?

Мукай. Абдан. Өзүң билесиң го, былтыр бу маалда

гастролдо элем. Сен жөнүндөгү суук кабарды Ысык-Көлдүн жээгинде, кичинекей кыштакта, кечинде, клубдун сахнасында уктум. Оюн ортолоп калган. Оюнду таштадым. Бригадир эмес белем, дароо өзүмдүн карамагымдагы машинага олтуруп, сага карай жөнөдүм. Түнү бою жана эртеси кечке жол жүрдүм. Ошко келсем, бүт шаар сен жөнүндө сөз кылып атыптыр. Бирок сенин кантип өлгөнүңдү али эч ким билбейт экен. Сени моргдон алып чыгышып, жууптарап, театрдын сахнасына жаткырып коюшуптур. Буркурап ыйлаган бойдон үстүңө жыгылдым... Кечинде эл тарап кетти. А мен таң атканча сени кайтарып, сахнада жалгыз басып жүрдүм. Сени менен бирге өткөн турмушумду эстедим. Сени менен бирге ойногон ролдорумду көз алдыма элестетип, аларды ичимден кайталап, баарысын бир сыйра ойноп чыктым...

Бир маалда көзүмө жыгачтан жасалган эки табыт урунду. Табыттар, негедир, тааныш учурады. Жакшылап карасам, Ромео менен Джульетта үчүн жасалган табыттар экен. Көрсө, сезондун жабылышында, жайкы гастролдун башында, «Ромео менен Джульетта» спектакли ойнолуп, ошол бойдон анын декорациясы жыйылбай кала бериптир. Сен экөөбүз дагы эле ошол декорациянын ичинде экенбиз.

Ж а ң ы  а к т р и с а. Эсимде. Бул экөөбүздүн бирге ойногон акыркы спектаклибиз болуучу...

М у к а й. Мен көпкө ойлонуп турбастан, сенин сөөгүңдү өзүңдүн Джульеттаң коюлган коюлган табытка алып койдум. Эртесинде ошол бойдон шаардын көрүстөнүнө алып жөнөдүк. Айлыңа алпарып, энеңдин жанына коелу десем, деректир баш болуп, көпчүлүк, көнбөй койду. Шаардын эле мүрзөсүнө коебуз, кийин ага мрамордон эстелик тургузабыз, деп убада берди деректир. Бирок, тилекке каршы, эстелик ушул күнгө чейин да тургузула элек...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Эстелиги менен жерге кирсин, ошол деректириң, Мукай, анын адам эмес экен.

М у к а й. Муну азыр бүт шаар билет, Разия. Бирок сени көөмп бүткөнгө чейин, эч аны андай деп ойлогон эмес. Ага чейин ал баарыбызга тең иш билги деректир катары гана белгилүү болуучу. Ошо күнү да жан-алы калбай чуркап, баарысын уюштуруп, а сени жайга коюп жатканыбызда, мүрзөңдүн башында туруп, көзүнө жаш алып сүйлөп, элдин ыраййымын келтирди. Көрсө, мунун бардыгы анын артисттик өнөрү гана экен. Албетте, сахнага чыкканда ал эчтеке ойной албайт, сахнада колхоздун уюнан бетер талантсыз болуп калат. Бирок ошол күнкү жүрүш-турушу,



жорук-жосуну алиге чейин мени таң калтырат. Ошол эле түнү аны алпарып түрмөгө камап коюшту. Менин Надирамды дагын. Мен оозумду ачып отуруп калдым. Айтмакчы, сен өлгөн күндөн баштап, Надира ооруп, үйдөн чыкпай койгон. Сени көмгөнгө да барган жок. Бирок сени көмүп, кечинде үйгө келсем, мага көңүл айткансып, мойнума асылып: «Ах, байкуш Разия, шордуу Разия» — деп, шолоктоп ыйлап жиберди. Мунусу мени кичине таң калтырды. Ошентсе да, ага ичимден ыраазы болуп, далысынан таптап-таптап койдум. Ошол — ошол болду. Надира ушул күнгө чейин сен жөнүндө мени менен сүйлөшө элек. Бирок бир айдан бери, негедир, анын уйкусу бузулду, күн сайын түндө сени менен сүйлөшүп, ыйлап чыгат. Бул бекеринен болбосо керек, Разия. Сенин алдыңда бир күнөөсү бар ушунун... *(Караңгылыктан Надира атырылып чыга келет. Жаңы актриса чоочуп, кыйкырып жиберет).*

Н а д и р а. Ооба, бар күнөөм! Бар! Бар!

*Караңгылыктан башкы режиссердун үнү угулат, анан өзү чыга келет).*

Б а ш к ы  р е ж и с с е р. Стоп! Жолдоштор, он беш минут дем алыш. Он беш минуттан кийин так ушул жерден улантабыз. Досумбек! Ширин! Антракт!

**Б и р и н ч и  б ө л ү м д ү н  а я г ы.**

## II БӨЛҮМ

*(Биринчи бөлүмдүн бүткөн жери. Надира келип жаңы актрисанын бутуна жыгылат).*

Н а д и р а. Айланайын Разия, мени кечирип кой. Кечирип кой, жан курбум. Ырас айтат Мукай, уйкум бузулду, таң атканча жөөлүп чыкчу болдум. Мени аягын, Разия. Минтип отурсам, бара-бара өңүмдө да жөөлүп каламбы деп корком. Кечир мени акылманым, сулуум. Сенин алдыңда күнөөм тоодой чоң. Өзүң билесиң, сени Арстанбапка азгырган менмин. Бирок өлүп кетейин ишенип кой, сени өлсүн деп алпарган эмесмин. Сени... Сени... шерменде кылмакка гана алпарганмын...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Шерменде кылмакка?

Н а д и р а. Ооба, Разия. Бирок бул ой да өз башыма келген эмес. Бул акылды мага... жанагы үйүң күйгүр Бакир Алимбекович үйрөткөн.

М у к а й. Бакир Алимбекович? Эмне деп?

Н а д и р а. Ошол күнү ал мени атайын телефон аркы-

луу чакырып алды. Келсем, кыйлага чейин аны-муну сүйлөп, күлүп-жайнап отуруп, акырында мага буларды айтты. Билем дейт, Разиянын айынан сен көп жапа чегип жүрөсүң; биринчиден, сен ойноочу башкы ролдордун баарын тартып алды; экинчиден, күйөөңдүн башын айлантып салды; Мукай сени такыр жээрип баратат; минтип жүрө берсең, акыры эки балаң менен шелпейип отуруп каласың, дейт. Билем, дедим мен дагы. Бирок булардын баарын неге айтып атасыз? Антсем, күрөшпөйсүңбү, дейт. Турмуш деген, бул—күрөш, күрөшүш керек. А мен күрөшүп атам, дедим. Месткомго үч жолу сизге эки жолу арыз жаздым. Кана эми ошолордон жыйынтык чыгарганыңар? Демек, арыздан пайда жок, дейт. Разия менен Мукай театрдын баш артисттери, аларды катуу жазалай албайбыз, антсек, театрдын өзүнө гана зыян келет, дейт. А-а, дедим мен, театрдын кызыкчылыгына келгенде, сиз Разиянын тарабына өтө калат экенсиз да? Анда мага кандай күрөштү үйрөтүп атасыз? — дедим. Күрөштүн жолу көп, деди менин окутуучум. Анын ичинен азыр мага ылайыгы: Мукайды Разиядан көңүлүн калтыр. Бул үчүн, Разиянын абийрин төк, Разия өтө эле таза болуп жатат, анын атын, затын булга, репутациясын буз. Ал эми ар кандай аялдын репутациясын бузганга — эркектен өтөөр киши жок, деп айтты окутуучум.

Мукай. Сволочь...

Жаңы актриса. Бетпак.

Надира. Бирок мен эркек эмесмин да, дедим мен. А сен аны эркектин тузагына түшүрүп бер, деди окутуучум, арамза жылмайып. Мисалы, сизге окшогон эркектин? — деп какшыктадым мен дагы. Жок, мисалы, менин таанышыма окшогон, деди окутуучум, мага таарынбастан. Кайсы таанышыңыз? Менин Фрунзеде жашаган, академияда ишеген бир жакшы таанышым бар. Өзү токой чарбасы боюнча илимдин кандидаты. Ушул күндө Арстанбапта жатып алып доктурлук диссертациясын жазып атат. Бүгүн мен ошонун алдына баратам. Эгер кааласаңар, Разия экөөң бирге жүргүлө, ойнотуп келем. Азыр Арстанбаптын укмуштай кооз мезгили. Ой, тоону каптаган токой толукшуп гүлдөгөн... А мен билемин, сенин Разияң тоо, токой дегенде жата калат. Чу деген жерден эле япондуктарды мисалга келтирип жүрбөйбү: ах, кандай ажайып калк, сакура аттуу жапайы дарактын гүлүн көрүшкө, бала-чакасын эрчитип алып, атайы алыскы тоолорго чыгышат экен; а биз болсо, ушу турган жакын адырларга барып, жоогазын гүлүн терип келишти билбейбиз деп...



Жаңы актриса. Мунусу туура. Тоо, токой — менин жан дүйнөм эле...

Мукай. Анан сен ага эмне дедиң?

Надира. А мен: токтоңузчу, а сиз мага эмне үчүн минтип жан тартып атасыз? Сизге эмне жок? — дедим. Десем, а мен сага гана жан тартып атканым жок; бул жерде менин да пайдам бар, дейт. Кандайча? — дедим жиним келип. Десем, билесиңби, менин таанышым Фрунзедеги абдан кадыр-барктуу, сөзү өтүмдүү кишилердин бири; шаардагы, ал турмак, бүт республиканын аймагындагы улук кызматчылардын арасынан өтө көп дос, тааныштары бар; чынымды айтсам, мен ошо кишинин аркасы менен театрга деректир болгонмун, дейт. Мына эми, ал киши биз тарапка иштеп, эс алганы келип калыптыр, алдына бир барып коёюн деп атам; түшүндүңбү эми? — деп сурайт.

Жаңы актриса. Укмуш...

Мукай. Айван... Ох, айван...

Надира. Түшүндүм, дедим мен. Албетте, дедим, сиз экөөбүз абдан балит иш кылганы атабыз, экөөбүз тең булганабыз, бирок мен... барам ошого, дедим. Ошенттим да, анын алдынан чыгып, туура сенин үйүңө келдим. Бул менин биринчи жолу босогоңду аттаганым болуучу. Үйүң сонун экен, Разия. Ичи жык толо китеп.. Китептен башка эчтекең жок... Мен өзүм да бир кезде, китеп чогултканды, китеп окуганды жакшы көрчү элем. Бирок, эрге тийип, балалуу болгондон кийин, баары калып кетти...

Мукай. Кыскартып айтчы. И-и, сен кирдиң, Разия үйдө экен...

Надира. Ооба, үйдө экен.

Жаңы актриса. Диванда китеп окуп жаткanмын.

Надира. Жок, ваннада кир жууп атыптырсың.

Жаңы актриса. А-а...

Надира. Мени көрүп, жууп аткан кириңди кармаган бойдон, селейип туруп калдың. А мен колуңдагы кирди таанып калдым: Мукайдын туулган күнүнө карата мен сатып берген жашыл көйнөк экен. Көптөн бери аны үйдөн издеп таппай жүрдүм эле. Жүрөгүм сыгылып, көңүм тунара түштү. Ошондо, ичимден, Бакир Алимбековичтин берген кеңеши — олуя кеңеш, мен аны өлсөм да аткарышым керек деп, өзүмө өзүм кайрат айттым. Бирок сыртымдан муну сездиргеним жок. Ой, кандай шамал учуруп, сен менин үйүмө келип калдың? — дедиң сен. Зериккендиктин шамалы, деп азилдешкен болдум. Ырас кылыпсың! Мен дагы эртеден бери эмне кыларымды билбей отуруп, акырында

минтип кир жууп кирдим эле. Кана, төргө өт, деп калдың. А мен төрүңө өтүп отурар замат, Бакир Алимбековичтин сунушун айттым. Албетте, ал экөөбүздүн чыныгы максатыбыз көмүскөдө калды. Сен кубанганыңдан секирип жибердиң...

Жаңы актриса. Жиндимин да. Болбосо, эмне үчүн Надира мага мындай жакшылык каалап калды деп ойлобоймунбу...

Надира. Биз ошо күнү пэшпин ченде Арстанбапта болдук. Токойдун бир кооз жеринде академияга караштуу үч-төрт ак имарат бар экен. Ошол имараттардын биринде бизди Бакир Алимбековичтин тааныштары күтүп отуруптур.

Мукай. Күтүп отуруптур?

Надира. Ооба. Ар түркүн ичкиликтер жана ага жараша азык-оокаты менен. Ал турмак, магнитофонун да камдап коюптур.

Мукай. Ананчы. Эки артистка менен баратам деген кабар берилген да.

Надира. Сулайман Сатарович дегени, кырк беш элүүнүн ортосундагы, узун бойлуу, буурул чач, сулуу эркек болуп чыкты. Көрүнүшүнө жараша, көп окуган, көптү билген неме экен, эки-үч сааттын ичинде баарыбызды өзүнө имерип алды. А сен, Разия, аны менен Япониянын искусствосу тууралуу талашып-тартышып, тим эле жыргап калдың. А сени көрүп, бияктан Бакир Алимбекович экөөбүз ичибизден сүйүнүп аттык. Максатыбыз ишке ашчудай көрүндү. Ошентсе да, күтүп отурбай ага тезирээк жетүүнүн амалында болдук. Бакир Алимбекович мага тийишип кирди. Ийниме колун коюп, чачыман сылап... Адегенде, албетте, анын оюн түшүнбөй, буга таң калдым, бир-эки жолу аны алая карап койдум. Бирок, Бакир Алимбекович кулагыма: «Коркпо. Мен муну Разия үчүн гана жасап атам. Ал бизден тартынбасын, бизди көрүп бети ачылсын, өзүн эркин сезсин» — деп, шыбырап койгондон кийин, анын тапкан амалын колдоп, өзүм да ага эркелей баштадым. Бир маалда экөөбүз өбүшкөнгө чейин жеттик... *(Унчукпай калат).*

Мукай. Мм...

Жаңы актриса. А мен буга ачууланып кирдим. Деги силер эмне болуп атасыңар? Жөн олтургулачы! — дедим.

Надира. Жок. Сен: «Ай-яй-яй, Бакир Алимбекович, бул эмне деген жоругуңуз? — деп койдуң. Мандайында отурган билимдүү, адептүү кишиден биз үчүн уяла түштүң. А мен аныңа карабай: «Ай ушу өлө турган жанга бир ойноп күлөлүчү? — деп, Бакир Алимбекович үчүн жооп бердим. Сулайман Сатарович мени колдоп кетти. «Туптуура айтасыз! Келгиле, андан көрө, бийлейли»,— деди ал киши. А сен болбой койдуң. Жок, бийди коюп, эшикке чыгалычы, токойду кыдыралычы, дедиң. Эки эркек тиктеше түштү. Бул да жакшы сунуш, деди анан Сулайман Сатарович. Баарыбыз эшикке чыктык. Күн отуруп баратыптыр, бирок али жарык экен. Биз машинеге отурдук. Адегенде, бир бийик дөңгө катуулап чыгып бардык, анан токойду аралап терең кирип кеттик. Токой, Бакир Алимбекович айткандай, чын эле чатырап гүлдөп, ажайып болуп туруптур. Разия машинеден башын чыгарып; «Ах», «Ох» деп суктанып, өзүн бактылуу сезип баратты. Акырында токтоп, жерге түштүк. Көк чөптүн үстүнө отуруп, кайрадан шампан, коньяк ичтик. Бир маалда Бакир Алимбекович мага көзүн кысты. Экөөбүз силерди таштап, тымызын басып кеттик. Ошол бойдон биз эки саатка жоголдук...

Мукай. Эки саатка? А эмне кылдыңар эки саатка чейин?

Надира. Мм... Жөн эле басып жүрдүк...

*(Караңгылыктан Бакир Алимбекович чыга келет. Разия дагы кыйкырып жиберип, Мукайды кучактай калат).*

Бакир Алимбекович. А мен буга ишенбейм!

Надира. Эмне?

Бакир Алимбекович. Айткандан кийин баарын айтты. Неге сен менин эчтекемди калтырбай айтасың дагы, а өзүңө келгенде, жашырып коесуң? Айт аягына чейин. Болбосо, мен өзүм айтып берем.

Надира. Жүзү кара! Бетпак! Желмогуз!

Бакир Алимбекович. А сен из жаңылтаарсың. Кана, айтып көрчү андай эмесмин деп?

Жаңы актриса. Кандай шермендечилик...

Мукай. Силер... силер бири бириңди абдан туура атадыңар...

*(Надира ыйлаган бойдон чуркап кетет. Анын ордуна Зыйнат кирет. Ал күйөөсүнүн бет маңдайыма келип токтойт).*

Зыйнат. Ушундай дечи? Тфу!

*(Күйөөсүнүн бетине бир түкүрүп артына кайтат. Бакир Алимбекович өзүнчө бирдеме деп сөгүнүп, анан колун ачуулу шилтеп алып, ал да чыгып кетет. Берки экөө кыйлага чейин унчугушпайт. Мукай урап түшкөн даракка оту-*

*руп, а жаңы актриса чоң ташка жөлөнүп туруп калат. Акырындап айдын жарыгы тиет. Булбулдун үнү угулат).*

М у к а й. А-а... силер эмне кылдыңар?

Ж а ң ы а к т р и с а. Эмне?

М у к а й. Тигил экөө тыякка басып кетишкенде... Силер эмне кылдыңар?

Ж а ң ы а к т р и с а. О Мукай, аны айтканга кудуретим жетпейт. Жанагы Сулайман Сатарович деген неме Бакир Алимбековичтен да өткөн уятсыз адам болуп чыкты. Тигилер кетер замат, ал мага тийише баштаса болобу. Адегенде, албетте, сылык түрдө. А сылык түрдө ага каршылык көрсөтүп отурдум. Бирок ал болбой эле азилдешеберди. А менин ачуум келди, кагып салдым. Анда ал ардanып, ого бетер жабышты. Күчкө салып, мени жергебасмакчы болду. Мен жаагына бир чаап, ордуман туруп кеттим. «Ах, канчык!» — деди да, тигил неме кайрадан кол салды. Мен токойду аралап качып жөнөдүм, ал кубалап алды. Бир маалда чатышып жыгылып калдым. Ал үстүмөн басып түштү. Экөөбүз кадимкидей алыша баштадык. Бул жолу илимдин кандидаты тим эле жырткычка айланды. Тиштерин кычыратып, шилекейин бетиме куюлтуп, көйнөк-көнчөгүмдү кармаган жерден жыртып кирди. Бир жагынан астыман таш өтүп, чөңөр кирип, жаным көзүмө көрүнүп атты. Бирок ага карабай, бүткүл ачуу-зарымды чогултуп, болгон күчүмдү жыйнап, өлүшкө кармаштым: колдорун тиштеп, беттерин аймап, кулактарын тытып салдым. Ошол эле учурда, коркуп, үнүмдүн баарынча кыйкырып, Надира менен Бакир Алимбековичди жардамга чакырып аттым. Алардан жардам болбоду. Мен бара-бара алдан тайып, илимпозго жеңдирип бараттым. Шерменде болушка аз калдым. Бирок, ушу тапта, кудайым мага бир жардамга келди. Ал менин бошой түшкөн колума кандайдыр учтуу жыгачты кармата салды. А мен аны күчүмдүн жетишинче душманымдын бетине батырып алдым. Сулайман Сатаровичтин көзүнөн от чагылып кетсе керек, эки колдоп бетиң жаап калды. Мундан пайдаланып, көкүрөгүнө тээп жибердим. Чалкасынан кулап түштү. А өзүм тура калып, дагы качып жөнөдүм. Бир топ жерге барып бурулуп карасам, Сулайман Сатарович кубалап келатыптыр. Эми жетсе эле өлдүм дедим. Калган-каткан күчүм менен калдаңдап чуркап отурдум. Караңгы, эчтеке көрүнбөйт. Туш келген бадалга урунуп, бети-колумду, буттарымды тилдирип бараттым. А менин куугунчум болсо, улам күшүлдөп-бышылдап жетип келет, кайра артта калат. Бирок даана жете албады. Ал жеткенче мен учуп кеттим...

М у к а й. Учуп кеттим?

Ж а ң ы а к т р и с а. Ооба. Эки бутум жерден үзүлүп, бүт тулку-боюм менен авада каалгып калдым. Демим кыстыга түштү. Чыңк ылдый шумкуп баратканымды сездим. Коркконduктан, көздөрүм өзүнөн-өзү жумулду. Кимдир бирөөнүн ачуу кыйкырыгын уктум. Көрсө, өзүм кыйкырыптырмын. Андан кийинкисин билбейм... Бир маалда көзүмдү ачсам, көзүмө төптөгөрөк ай көрүндү. Кулагыма суунун шары, булбулдун үнү угулду. Кылчайып карасам, эки жагым бийик жар, өзүм анын түпкүрүндө жатам. Үстүмөн көбүктөнүп, улуу суу агып атат. Башым гана суудан тышкары. Кийин билсем, башым бир жоон жыгачка жөлөнүп калыптыр. Кандай керемет менен мындай акыбалга туш келгенимди эстей албадым. Эстегим да келбеди. Бирок, колу-бутумду байлап, көкүрөгүмө оор таш бастырып койгондой, такыр кыймылдай албай койдум...

М у к а й *(ордунан секирип турат)*. Мен билгенмин сенин киши колдуу болгонуңду! Жанагы айван... илимпоз...

Ж а ң ы а к т р и с а. Жок, Мукай. Мен киши колдуу болгонум жок. Кийин билсем, колу-бутум да бош, үстүмөн баскан таш да жок экен. Жөн гана бүт денем жанчылып калыптыр. Сөөктөрүмдүн бардыгы сынып кетиптир.. Бирок эч кандай ооруну сезбедим. Бир гана сезгеним: абдан үшүп аттым; муздак суу сыртыман да, ичимен да агып аткансыды... *(унчукпай калат. Мукай анын чачтарынан сылайт)*.

М у к а й. Айланайын...

Ж а ң ы а к т р и с а. Бир маалда бирөөнүн алыстан кыйкырган үнү келди. Жакшылап тыңшасам, алмак-салмак эки-үч киши кыйкыргансыйт. Бара-бара кыйкырыктар жакындай берди. Акырында мен өз атымды уктум. А дагы бир аздан кийин, жардын четине үч адам келип тизилип туруп калышты. Көрсө, менин шериктерим экен. Ошондо гана мен өзүмдүн акыбалымды түшүндүм. Тигилер көпкө чейин унчукпай, нес болуп турушту. Анан Надира менин атыман чакырды. Аны Бакир Алимбекович кайталады. Мен аларга жооп бердим. Бирок өз үнүмдү өзүм да укканым жок. Бакир Алимбекович менен Надира дагы чакыра баштады. Мен да жооп берип аттым. Бирок мурдагыдай эле үнүм чыкпай койду. Акырында наркы үчөө өздөрүнчө күбүр-шыбыр боло түшүштү. Кийин шарт бурулуп, көздөн кайым болушту. Ошол бойдон кайтып келишкен жок...

Мукай. Ошол бойдон алар машинеге отурушат да, качышат. Академик академиянын үйлөрүндө калат, а берки экөө Ошту көздөй жөнөйт. Убада: «Төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү — жок» болот. А кийин соттун сурагында: «Разия мас болуучу, өзүнчө сейилдеп басып кеткен, биз аны издей-издей суй жыгылдык: акырында, кыялкеч неме, бизди унутуп коюп, үйгө кете берген окшойт, деп чечтик, кетпеген болсо, эртең эптеп өзү келээр, деп ойлодук; анын минтип өлүп калаарын ким билиптир» — деп жооп беришет...

Жаңы актриса. Мен ал түнү өлгөнүм жок. Ай батты: ...Күн чыкты... А мен баягыдай эле чалкаман түшүп, жарым-жан акыбалда, жалдырап жата бердим. Үстүмөн бир бейтааныш дарактын билектей шагы саландап турду. Шап кыпкызыл болуп гүл ачыптыр. Кыпкызыл гүлдөрдүн арасынан кичинекей уя көрүнүп, уянын ичинде кичинекей сарым чымчык тукум басып жатты. Чымчыктын жылтыраган капкара көздөрү мени эчак эле көрдү, бирок, негедир, чочубады, учуп кетпеди. Мен ошо чымчык менен тиктешип жатып, акыркы ирет сени эстедим, акыркы ирет көзүмө жаш алдым... О Мукай, эгер билсең, ошол акыркы саат, акыркы минуталарды турмуш ушунчалык ширин көрүндү, ушунчалык жашагым келип кетти...

Мукай. Айланайыным...

Жаңы актриса. Бирок... Түш ооган ченде бүт тулку-боюмду каптаган катуу ооруу башталды. Мен, ооруга чыдабастан бир жолу орой толгонуп алдым. Ошондо жоон жыгачка жөлөнүп турган башым сыйгаланып барып суута чөгүп кетти. Дароо оозу-мурдума суу толуп чыкты. Бир аздан кийин, мен... эчтекени сезбей калдым...

Мукай *(кыйкырып жиберип, жаңы актрисаны кучактап калат)*. Разия! Өлбө! Разия!

*(Көшөгө түшүрүлүп, сахнага жарык берилет. Жаңы актриса менен Мукай көшөгөнүн нары жагында, а калгандары бери жагында калышат. Бери жакта калгандар кайрадан креслолорун көтөрүп ортого чыга башташат).*

Башкы режиссер. Кана, отуралы эмесе.
*(Отурушат. Көшөгөнүн артынан Мукай чыгып келет. Мукайга)*. Разия кана?

Мукай. Разия Разиянын кийимин чечип, жаңы актрисага айланганы кетти.

Башкы режиссер. Абдан жакшы болуптур. Ал келгенче, өзүбүзчө сүйлөшүп алалы... Ко-ош, кандай экен



биздин жаңы актриса? *(Беркилер үнчүгүшпайт)*. Эмне үнчукпайсыңар?

Бакир Алимбекович. Таланттуу актриса экен, Касым Исаевич. Абдан таланттуу экен. Жок жерден курагтырып, кишп толкундай турган образ жараты...

Надира. Туура. Фантазиясы өтө күчтүү актриса экен.

Зыйнат. Бул эмне дегениңер? Калпты чындыкка айлантты дегени турасыңарбы?

Бакир Алимбекович. Баарысы эле калп эмес, албетте. Мисалы, Разиянын күндөлүгүнө таянган жерлерине ишенсе болот. Бирок, Разия биз менен Арстанбапка жөнөгөндө, күндөлүгү үйдө калган да? Андан кийин ага эчтеке жазылган эмес. Демек, эмне? Күндөлүктө жок нерселердин баарысын ал кыз өз оюнан чыгарды.

Зыйнат. Ырас эле.. Бирок...

Бакир Алимбекович. Эмне «бирок?»

Зыйнат. Жаңы актриса го, мейли, Арстанбапта болгон окуяны сынап чыгарыптыр. А силердин ал жердеги кылык-жоругуңарды кантип түшүнсө болот? Муну биз өз оозуңардан уктук го?

Бакир Алимбекович. О кокуй күн десе.... Биз дагы ойнодук да?! Касым Исаевич айтпадыбы, жаңы актрисанын оюнун колдогула, ага кошулуп жаңы спектакль жараткыла деп!?

Надира. Ох, Зыйнат, Зыйнат... Кантип эле ушуга ишендиң? Биз, эмне, жинди бекенбиз өз айыбыбызды өзүбүз ачкандай?

Зыйнат. Таң... Мукай, сен ишенип атасыңбы булардын сөзүнө?

Мукай *(күлүп сүйлөйт. Чын же какшыктап атканы билинбейт)*. Зыйнат, жан эркем, ишенбеске экөөбүздө арга жок. Ишенбесек да ишенишибиз керек. Антпесек, элге шерменде болобуз кокуй. *(Мукайдын сөзүн азилге айлантып, беркилер күлүп жиберишет)*.

Башкы режиссер. Ко-ош... Жаңы актриса жөнүндө сүйлөшөлү. Кана, дагы кимдин кандай ою бар? Ыскак Осмонович, сиз эмне дейсиз?

Башкы сүрөтчү. Эмне дейт элем... Жөндөмдүү актриса экен. Бирок...

Чолпон. Туура. Абдан жөндөмдүү экен. Мен оюнуна көзүм күйүп отурдум...

Зуура Деркембаева. Чолпон, алдыңа кетейин, сен Ыскактын сөзүн бөлүп кеттиң. Ал «бирок» деп келатты эле.



9—439

Башкы сүрөтчү. Эчтеке эмес. Башка айта турган сөзүм жок.

Зуура Деркембаева. Аа-а...

Башкы режиссер. Сиз өзүңүз, эже?

Зуура Деркембаева. Мен дагы ушу балдардын айтканына кошулам, жөндөмдүү кыз экен.

Деректир. Ооба. Жакшыны жакшы деп эле айтыш керек.

Мукай. Ак сөз, Абды Деркембаевич. Дайыма ошентиш керек. Мына бүгүн баарыңар адилет сүйлөп атасыңар. Рахмат. Чынында эле бизге ажайып актриса келиптир. Бул кызды сөзсүз биздин труппага алыш керек. Мына көрөсүңөр, келечекте ал биздин Разиянын ордун басат.

Надира. Көрөбүз...

Башкы режиссер. Эмне экен, баарыбыздын оюбуз бир жерден чыкты. Демек, жаңы актриса биздин труппага кабыл алынды. Эми экинчи маселеге өтөлү. Спектакль жөнүндө эмне дейсиңер?

Бакир Алимбекович. Менимче, бул спектаклди элге көрсөтүүгө болбойт.

Надира. Мен дагы ошентип ойлойм.

Башкы режиссер. Эмне үчүн?

Бакир Алимбекович. Өзүбүз маскара болобуз. Театрдын кадыр-баркын кетиребиз.

Надира. Туура. Экинчи биздин театрга эл келбей коёт. *(Деректирди карап алат)*.

Деректир. Ооба. Көңүлдөрү иренжип калышы мүмкүн.

Башкы сүрөтчү. Бул турган кеп. Биздин көрүүчүлөр али баео, аңкоо. Алар көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай гана кабыл алышат. Анын ойдон чыгарылганы, искусство экени менен иши болбойт.

Зуура Деркембаева. Анда жөн эле коелу...

Чолпон. Кап...

Зуура Деркембаева. Эмнеге «кап» дейсиң?

Чолпон. Разиянын ролу мага абдан жагып калды эле. Мен ойнойт болчумун. *(Башкы режиссер менен Мукай бири бирин карап, жылмайып коюшат)*.

Мукай. Ах, Чолпон! Мен дагы арманда калбадымбы. Мага Мукайдын ролу жагып калды эле. Мен сага Мукай болуп берет болчумун.

Чолпон. Ой, апакебай? Ата? Касым Исаевич? Дагы ойнойлуучу ушу спектаклди, а?



Деректир. Мм... Эгер сага абдан жагып калса... Кандай кылсак... Касым Исаевич, сенин өзүңдүн оюң кандай деги?

Башкы режиссер. Менин оюм: спектаклди репертуарга киргизиш керек.

Бакир Алимбекович. Мен катышпайм бул спектаклге.

Надира. Мен дагы.

Зыйнат. Мен да силерге кошулам.

Башкы сүрөтчү. Касым Исаевич, буларды түшүнүш керек. Жанагинтип ойноп отурушса, буларда кайсы абийир калат? Булардын жеке турмушу, бала-чакасы жөнүндө да ойлош керек.

Чолпон. Кызык, сага эмне жок?

Зуура Деркембаева. Чолпон, алдыңа кетейин, күйөөңө антип каяша сүйлөбөгүн.

Чолпон. Ах, апаке, чындап келсе, бул али мага күйөө боло элек. Ушу убакка чейин ЗАГСтан өтпөсөк, ушу убакка чейин той бербесек... Билбейм, эмнеге сүйрөп келатат. Мүмкүн менден айныгысы бардыр...

Зуура Деркембаева. Ай, кызым ай, кызым ай... Кайдагы нерселерди сүйлөйсүң... Айнығандай, эмне, Ыскак жаш бала беле... Экөөңөрдүн ортоңордо ысык сүйүү бар... А жакында балаңар төрөлөт...

Деректир. Касым Исаевич, өзүң билчи. Балдар мени башымды айлантып коюшту: бири антип сүйлөйт, бири минтип сүйлөйт...

Башкы режиссер. Э-э, мейличи, ойнобосок ойнободук ушул спектаклди... *(Ушул учурда жаңы актриса чыга келет. Анын үстүндө кооз көйнөк, колтугунда кайыш сумкасы бар. Баарысы аны таңданып, суктанып карап калышат. Башкы сүрөтчү менен Мукай, өздөрү да сезбестен, акырын ордуларынан турушат. А Чолпон: «Ой!» деп кыйкырып жиберет)*.

Жаңы актриса. Саламатсыздарбы.

Башкы режиссер. Таанышып койгула.

Жаңы актриса. Менин атым Сайкал. А сиздердин баарыңыздарды билип алдым.

Мукай *(Сайкалга кресло жылдырат)*. Отуруңуз.

Жаңы актриса. Рахмат.

Бакир Алимбекович. Кызык... Мен сизди бир жерден көргөнсүп атам да? Каерден көрүшүм мүмкүн?

Жаңы актриса *(жылмайып)*. Биздин үйдөн, Бакир Алимбекович.

Бакир Алимбекович. Биздин үйдөн?

Ж а ң ы  а к т р и с а. Ооба. Сиз бизге, тагыраак айткан-да, менин атама аюунун талпагын апкелип тартуулагансыз. Эстедиңизби?

Б а к и р  А л и м б е к о в и ч. А-а... Демек, сиз...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Сулайман Сатаровичтин кызы боломун. (*Отургандар дуу-дуу боло түшөт*).

М у к а й. Коюңузчу?!

Ж а ң ы  а к т р и с а. Тилекке каршы, ушундай, Мукай.

М у к а й. Ишениш керек...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Ишене бериңиз. Бул чындык, Разиянын өлүмү жөнүндө мен биринчи жолу өз атамдын оозунан уктум. Разия, куду жана мен көрсөткөндөй өлүптүр... (*Беркилер дагы дүүлүгө түшүшөт. Кыйлага чейин үнчукпай калышат*).

Б а к и р  А л и м б е к о в и ч. Ооба, бул чындык.

Н а д и р а (*башын чайкап, алакандары менен бетин басат*). Ой!

Б а ш к ы  р е ж и с с е р. Айтыңызчы, Сайкал, эми атаңыз жөнүндө кандай ойдосуз?

Ж а ң ы  а к т р и с а. Кандай ойдо болмок элем? Атам — уятсыз, кылмышкер киши. Разиянын өмүрүнө кыянаттык кылды. Бул туурасында экөөбүз катуу салгылашып, мен биротоло өз үйүбүздөн кеттим. Сиздерге келгенимдин себеби да ошол, Фрунзеде жашагым келбеди. (*Калгандар бирин-бири тиктешип алат*).

М у к а й. Сайкал, аа-а.. атаныз өзүн күнөөлүүмүн деп сезет бекен. Же...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Сезет. Бушайман жеп отурат.

З у у р а  Д е р к е м б а е в а. Бушайман жейби, жебейби эми андан пайда жок да.

Ж а ң ы  а к т р и с а. А менимче, пайдасы бар. Албетте, Разия үчүн эмес, өзү үчүн. Адам өз күнөөсүн сезген жакшы. Бир кылган күнөөсүн күндө, дайыма ойлоп жүрүшү зарыл. Ошондо гана ал кылган кылмышы үчүн уялып, кыйналып, азап чегет да, анан, аргасыздан, андан кутуулуунун жолун издейт...

Б а к и р  А л и м б е к о в и ч. Туптуура айтасыз, карындашым. Мен да ушинтип ойлоймун. Разиянын өлүмүнө мен да себепкермин. Күнөөмдү мойнума аламын. Бирок, канткенде... (*Кокусунан, башкы режиссерго кайрылат*). Касым Исаевич, мен жанагы спектаклди кайтадан ойногум келет. Мен аны күн сайын ойноого даярмын! Күн сайын кечинде жүздөгөн кишилердин алдына чыгып алып: «Ооба, мен күнөөлүүмүн! Күнөөлүүмүн! Күнөөлүүмүн!» — деп, айтып беремин. Ошентсем, мүмкүн, үнүмдү Разиянын арбагы угаар,



а уга берип, ажап эмес, акырында күнөөмдү кечип жиберер. Акыры мен дагы киндүр-түндүр жүрөгүмдү өйүгөн азаптан кутулуп, катын-балдарымын жүзүн тике карап, кайрадан күлүп-жайнап жашап калаармын...

Ж а ң ы  а к т р и с а. Туптуура кыласыз, Бакир Алимбекович. Ошентиңиз.

Н а д и р а. А менсиз кантип ойнойсуң? Менсиз Бакир Алимбековичтин образын толук ача албайсың. Ошондуктан, мени кошуп ал...

Б а к и р  А л и м б е к о в и ч. Ооба, Надира, сенсиз мен өз образымды түзө албаймын бул спектаклде. Сен кошул.

Б а ш к ы  р е ж и с с е р. Мына эми иш жайына келди. Мына эми иш башка... Кана эмесе, шампан ичели... Шампан менен баштадык эле, шампан менен бүтүрөлү. (*Шам-[illegible]ага баштайт*).

Ж а ң ы  а к т р и с а. Уруксат этсеңиздер, мен бир сигарет чегип алайын...

М у к а й. Тартынбаңыз, чеге бериңиз... (*Сигарет сунуп, [illegible]рт чагып берет*).

Ж а ң ы  а к т р и с а. Рахмат...

Б а ш к ы  р е ж и с с е р. Кана, шампанга карагыла.

(*Баарысы алдындагы идиштерин алып, ордуларынан турушат*).

Сайкал биринчи тост сиз үчүн! Бүгүндөн баштап сиз биздин театрдын актрисасы болуп калдыңыз. Кут болсун!

Ж а ң ы  а к т р и с а. Ой, Касым Исаевич, рахмат, чоң рахмат! Рахмат баарыңыздарга! Кудай буюрса, ишеничиңиз[illegible]ймын! (*Башкы режиссер, деректир, Зуура Деркембаева [illegible]он, Надира менен идишин кагыштырып чыгып, Мука[illegible]ына токтойт*). А сизге, Мукай, өзгөчө рахмат. [illegible] мага абдан чоң жардам бердиңиз. Сиз болбо[illegible], мен мынчалык ойной албайт болчумун.

М у к [illegible]. Жок, рахматты мен сизге айтышым керек. Бүгүн [illegible]з ролумду куду Разия менен ойноп аткандай сезип [illegible]. Сиз, бир саатка болсо да, мени Разия менен [illegible]одум. [illegible]. Ушунуңузга рахмат. (*Идиштерин уруштур[illegible]*).

Ж а [illegible] ы  а к т р и с а. Ынтымак болуп жүрөлү.

М у [illegible]й. Сыйлашып жүрөлү.

[illegible]ы  а к т р и с а. (*Башкы сүрөтчүнүн тушуна басып [illegible]*) [illegible] мен, Ыскак, сенин бул жерде экениңди билген [illegible] Разиянын күндөлүгүндө сен жөнүндө бир сүй[illegible]азылбаптыр...

Ч о л п о н. Силер, эмне, таанышсыңарбы?

*(Жаңы актриса атайы унчукпай коёт. Башкы сүрөтчүнү карап тура берет. Башкы сүрөтчү жооп беришке аргасыз болот).*

Б а ш к ы  с ү р ө т ч ү. Таанышпыз...
Ч о л п о н. Кандайча?
З у у р а  Д е р к е м б а е в а. Кандайча?

*(Бул жолу Башкы сүрөтчү унчукпайт. Жаңы актриса жооп берет).*

Ж а ң ы  а к т р и с а. Разия аркылуу.
Ч о л п о н. Разия аркылуубу?
З у у р а  Д е р к е м б а е в а. Разия аркылуубу?
Ж а ң ы  а к т р и с а. Ооба... Разиянын сүрөтчүсү ушул киши... А мен болсо анын... ууру теңтушу болом...

*(Бардыгы фужерлерин кармаган бойдон, орду-ордунда катып калышат. Көшөгө акырын түшүрүлөт. Оюн бүтөт).*

**Көшөгө**

# ЖАМГЫРЛУУ ТҮНДҮН ЖОМОГУ

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р: БИР АЯЛ ЖАНА БИР ЭРКЕК

Эки бөлмөлүү квартиранын мейманканасы. Мейманкананын үч эшиги бар: бирөө жатаканага, экинчиси — коридорго, үчүнчүсү — балконго чыгат. Жатакана менен коридордун эшиктери ачык, а балкондун эшигин жана ага катарлаш курулган терезени, мындайча айтканда, бүтүндөй бир дубалды, эндүү, узун көшөгө жаап турат. Бөлмөнүн ичи таза, тартиптүү. Андагы буюм-кечелер: китеп стелажы, диван, стереопроигрыватель, торшер, жерге салынган шырдак, шырдактын ортосундагы чакан стол, столдун эки тарабына маңдай-тескей коюлган креслолор — баарысы жаңыдан сатылып алынгандай таасир калтырат жана аларды сатып алган кишинин сулуулукка сезимтал экенин билдирет. Столдун үстүндө дасторкон жайылып, дасторкон ар түркүн ичкилик, аларга жараша азык-оокат, күзгү гүлдөр менен жасалгаланган.

Түн ортосу. Торшердин нуру бөлмөнү күңүрт жарыктантып турат. Тыштан катуу жааган жамгырдын шоокуму угулат. Мезгил-мезгили менен ит үрөт, короз кыйкырат...

Жатаканадан кооз, кимано кийген, жапыс бойлуу жаш аял чыгып келет. Аял арыкчырай, сулуу. Ал кичине уктап турган көрүнөт, көздөрүн укалап, саатын карайт. Кийин столдун үстүн бирпас тиктеп туруп, анан чечкиндүү түрдө коньяк ача баштайт. Бирок, ачылган коньякты идишке куюп, эми эле ичейин дегенде...

Коридордун эшиги тарс-түрс ачылып, үйгө шөмтүрөп суу болгон бир эркек кирип келет. Эркек орто бойлуу, буурул чач, мурутчан, кийгени эски свитер, жамаачылуу жинсы шым, колунда таяк, артында брезентке оролгон оор жүгү бар. Түрүнө караганда өтө арып-чарчаган, кыйналган көрүнөт. Анын үстүнө абдан мас экен. Кирер замат теңселип, жыгылып кете жаздайт. Аял чоочуп кыйкырып жиберет.

Э р к е к. Эмне?! Дагы башка үйгө кирип алдымбы? Ой-ой! Уф... Кечирип коюңуз... Кечирип коюңуз... Кечирип коюңуз... Коркпоңуз... Асты коркпоңуз... Мен... Мен жаман адам эмесмин... Мен жөн эле адашып кирип калдым... Уф... Ушуну менен үчүнчү үйгө киришим...
А я л *(жоошуй түшөт).* А-а... сиз кимдин үйүн издеп жүрөсүз?
Э р к е к. Өзүмдүн.
А я л. Өзүмдүн?

Э р к е к. Үйүңүздүн номери жүз сексен бирби?
А я л. Жок... Он жети.
Э р к е к. Коюңузчу? Ошончо алыс кетип каламбы?
А я л. Мен каяктан билем.
Э р к е к. Ох... Эми дагы артыма кайтышым керек экен да... *(Эшикке карай бурулуп, кайра токтойт).* Эшикте жамгыр. Ушунчалык катуу жаап жатат... Караңгы, туман, үйдүн номуру эмес, өзү көрүнбөйт.. Оф, өлгөнчө чарчадым... Уруксат кылсаңыз, кичине эс алып алайын...
А я л. Жо-жок! Мен үйдө жалгызмын...
Э р к е к. А сиз коркпоңуз. Мен сизге эч жамандык кылбаймын. Мен мына бу жерге бирпас олтурам да чыгып кетем. Түк коркпоңуз. *(Көтөргөн жүгү менен коридордун дубалына жөлөнүп олтуруп калат).*
А я л. Айтып коёюн, эгер жиндилик кылсаңыз, кыйкырам. Милиция чакырам.
Э р к е к. Кадырыңыз жан болсун, карындашым. Уф... *(Чөнтөгүнөн кир дасоромолун сууруп чыгып, бетин арчыйт).* Мен сизди түшүнүп атам, азыр адамдар бири-бирине ишенбей калышкан. Айрыкча шаардын адамдары...
А я л. Туура кылышат. Үйүнө дос кирип келатабы, кас кирип келатабы — каяктан билесиң? Мандайыңа жазып койбосо.
Э р к е к. Ошентсе да кишини алдын-ала сураштырыш керек го! Же суроосуна жооп бериш керек. Жанагы эки үйдө мени босогону аттатпай туруп көкүрөгүмөн түртүп чыгарышты. Кеп-сөзгө келишкен жок. Үйүң күйгүрлөр. Ушундай адамкерчиликтен кетиптирбиз...
А я л. Аларды да түшүнүш керек. Ким эле түн ортосунда үйүнө жамкуштөп кирип келаткан бейтааныш, болгондо да, өлөрчө мас адамды айланып-үйрүлүп кабыл кылсын.
Э р к е к. Мен жөмкүштөп кирип барганым жок алардыкына. Эми эле эшиктерин шарактатып өз ачкычым менен ачып атканымда дүпүрөп чуркап келишип, каргапшилеп, кубалап киришти. Сурабайбы, кур дегенде кимсиң деп?
А я л. Түн ортосунда үйлөрүн өз ачкычы менен ачып, кирип келаткан чоочун кишини, болду-болбоду, ууру деп билишти да.
Э р к е к. Ууру мага окшоп көтөрүнүп киреби бирөөнүкүнө? Ууру көтөрүнүп чыгат эси болсо.
А я л. Билбейм, иши кылып, сиз бирөөнүн үйүнө мейманга келген кишиге окшобойсуз.
Э р к е к. Мунуңуз туура. Мен адашып жүрөм. Кызык...



Эмне үчүн жанагы үйлөргө менин ачкычым түшпөй койду да, а сиздикине келгенде оңой эле ачылып кетти?
А я л. А менин эшигим өзү ачык болчу.
Э р к е к. А-а, ошондойбу... А эмне үчүн ачык болот?
А я л. Мен күйөөмдү күтүп атам. А күйөөмдүн ачкычы жок. Ал келгенче уктап калсам, кире албай эшикте калабы деп, атайын ачык койгом. Уйкум катуу, бир уктасам анча-мынчага ойгонбойм.
Э р к е к. Менин аялыма окшош экенсиз. Ал дагы дайыма эшикти ачык коюп уктайт.
А я л. А сиз дайыма кеч келесиз го, сыягы?
Э р к е к. Дайыма эле эмес, албетте бирок...
А я л. Жадаган да бечара.
Э р к е к. *(Кичине ардана түшөт).* А сизчи? Сизге бул көнүмүш адат эмеспи.
А я л. Мок. Менин эрим дайыма эле кечиге бербейт.
Э р к е к. А бүгүн неге кечигип атат?
А я л. Бүгүн алыстан, командировкадан келатат.
Э р к е к. А-а... *(Унчукпай калышат).* Бул эски шаарбы же жаңы шаарбы?
А я л. Эски шаар.
Э р к е к. Нойгут көчөсүбү?
А я л. Нойгут көчөсү.
Э р к е к. Жүз сексен биринчи үйбү?
А я л. Он жетинчи дебедимби.
Э р к е к. Он жетинчи... Демек, артыма кайтышым керек экен. *(Ордунан турмакчы болот. Бирок эки-үч жолу умтулуп, тура албай коёт).*
А я л. Дагы кичине олтура туруңуз. *(Эркек аялдан уялып олтуруп калат).*
Э р к е к. Мен... Памирден келатам. Жол узак. Беш жүз километр... Абдан чарчадым...
А я л. Эмне, Памирден бери жөө келатасызбы?
Э р к е к. Жо-жок... Машинада эле келгенмин... Жүк тарткан машинеде... Бирок шофер мени алыс түшүрүп койгон окшойт, көп жол бастым... Вокзал... Базар... Туура эле келаткансыдым эле... Уф...
А я л. Сиз мындан мурун да ушинтип адашкан белеңиз?
Э р к е к. Бир-эки жолу...
А я л. Көп ичесиз го, сыягы? *(Эркек жооп бериштин ордуна кайтадан турмакчы болот, бирок дагы эле тура албайт. Каңырыгы түтөйт. Уят-сыйытты коюп, аялдан жардам сурайт).*
Э р к е к. Көтөрүп коюңузчу, бай болгур...
А я л. Жо-жок. Сиз чындап эле катуу чарчапсыз. Андан

көрө жүгүңүздү түшүрүп, жакшылап эс алып алыңыз. Келиңиз, мен жардамдашайын... *(Аял эркектин жүгүн сыйрып таштайт. Эркек бошонуп жеңилдене түшөт).*

Эркек. Рахмат.. Бирок күйөөңүз келип калса, сизге сөз тийбейби?

Аял. Кудай анын бетин нары кылсын. Ал — аябай кызганчаак.

Эркек. Анан эмне мага жан атасыз? Өзүңүздү ойлобойсузбу?

Аял. Көргүлүктү көрсөк бир көрөбүз. Өлтүрсө, экөөбүздү бир өлтүрөт.

Эркек. А биз экөөлөшөбүз.

Аял. Бул бейпайда Мен — аялмын, а сиздин акыбалыңыз — бул. А күйөөм бокс, самбо, каратэ менен машыккан адам.

Эркек. А биз милиция чакырабыз.

Аял. Анын өзү милицияда иштейт: капитан. Кылмышкерлерди кармайт.

Эркек. Анда менин кетишим керек экен. Ошондо өзүмдү да, сизди да куткарган болом. Өлүмдөн.

Аял *(Саатын карайт)*. Эки саат илгери Арстанбаптан телефон чалган. Жолго чыктым деп. Азыр жетсе Жалал-Абадка араң жетти. Демек, Ошко чейин дагы бир саат бар. Кана ваннага кирип жуунуп чыгыңыз, оокат ичели.

Эркек. Ой, рахмат... Күйөөңүз үчүн даярдап койгон дасторконго менин олтурушум окшобойт. Мен ушул жерден эле кайтайын.

Аял. Мен өз төрүмдө сиз — босогодо, а ортобузда даяр оокат желбей турсунбу? Уят да, кана кыймылдаңыз.

Эркек. *(Өйдө болот)*. А күйөөңүз сиздин минтип күтүп атканыңызды билеби?

Аял. Жок.

Эркек. Ого бетер жаман экен. Бечара алыстан арыпачып келсе, үйүндө аялы бейтааныш эркек менен камырабай кадыр түн тосуп отурат.

Аял. Сиз дагы кызганчаак көрүнөсүз. Аялыңызды сабайсыз го дейм?

Эркек. А-а каерде жуунам?

Аял. Тыякка басыңыз. Үстүңүздөгү кийим-кечеңизди чечиңиз, мен сизге кургагын берейин.

Эркек. О-о-ой... А-е...

Аял. Барыңыз, барыңыз... *(Аял ага кулак салбастан, жатаканага кирип кетет. Эркек түшүнө бербеген түрү менен желкесин кыйшырып коюп, ванна жакка басат. Жатаканадан кийим-кече көтөрүп аял чыгып, анын артынан жолот. Бирок көп өтпөй кайра келет. Диванга олтуруп, сигарет тамызат. Өзүнчө мулуюп коёт... Бирпастан кийин жуунуп-таранып, жаңы шым, жаңы көйнөк кийип, эркек чыга келет. Өзүнө-өзү таңыркай карайт).*

Эркек. Ой мунуңуздун баары жаңы го?

Аял. Ооба. Эриме сатып алдым эле.

Эркек. Анан мага кийгизесизби?

Аял. Эскилерин жууп таштаптырмын.

Эркек. Мен өз кийимим менен деле олтура бермекмин.

Аял. Дасторконго жамгырдын суусун тамчылатыпбы?

Эркек. Ажайып аял экенсиз. *(Отурат)*. Оф, сергий түштүм...

Аял. Келиңиз ичкиликтен баштайлы. Менин ичким келип турат.

Эркек. Эмне үчүн ичебиз?

Аял. Билесизби... Бүгүн менин туулган күнүм.

Эркек. О-о-ой! Кут болсун! Сиз үчүн!

Аял. Рахмат. *(Ичишет)*. Дасторконго караңыз.

Эркек. Канчага чыктыңыз?

Аял. Сиз канча деп болжосоңуз, ошончого.

Эркек. Бүгүн туптуура отузга толуптурсуз.

Аял. Рахмат. Көңүлүмдү көтөрүп койдуңуз.

Эркек. А мага чын эле ошондой көрүнүп атасыз.

Аял. А сиздин аялыңыз нечеде?

Эркек. Отуз беште.

Аял. Жаш турбайбы.

Эркек. Мага караганда *(кокусунан бирдемени эстеп, аялды телмире тиктеп калат.)*

Аял. Эмне болду?

Эркек. Билесизби... Бүгүн мен кырк бешке чыктым.

Аял. Ой, экөөбүз бир күндө туулган турбайсызбы? Баятан бери неге айтпайсыз?

Эркек. Унутуп калыптырмын.

Аял. Кызык... Туулган күнүн да унутуп калабы киши...

Эркек. Эртең менен эстедим эле. Көрсө, жол катар ошон үчүн ичип келген турбаймынбы...

Аял. Анда келиңиз дагы ичели. Туулган күнүңүз кут болсун.

Эркек. Рахмат. *(Ичишет. Анан экөө бири-бирине карап жылмайып коюшат).*

Аял. Ушундай да болот экен ээ...

Эркек. Ошону айтсаңыз...

Аял. Жарым саат илгери мен томсоруп жалгыз отургамын. Туулган күнүндө жалгыз калган жаман экен.

Э р к е к. Жалгыздык дайыма жаман.
А я л. Сиз куду билгендей келипсиз.
Э р к е к. Билгендей эле келипмин.
А я л. Чынымды айтсам, мен ушундай ойдо жок окуяларды жакшы көрөм.
Э р к е к. Мен дагы.
А я л. Карасаңыз, куду жомоктогудай иш болду. Бир жаш аял өзүнүн туулган түнүндө, өзүнүн алыстан келаткан күйөөсүн күтүп отурса, анын ордуна алыстан келаткан башка эркек адашып кирип келет. Кийин ошол түн эркектин да туулган түнү болуп чыгат. Анан экөө маңдай-тескей олтуруп алышып, бири-бирине сүйүнүп, бири-бирин куттуктайшыш, сиз айткандай, кадыр түн тосушат.
Э р к е к. Бирок экөө тең алыстан келаткан кызганчаак күйөөнүн улам жакындап келатканын сезип турушат.
А я л. Бул туура. Аны унутпашыбыз керек. Ал кокусунан кирип келет. Бирок кудай сактаар. Кана, ичиңиз, жеңиз...
Э р к е к. Билесизби мен сизди жакшыраак көрө албай, ичим бышып жатат. Үйүңүз караңгы экен. Каерде жанагы включатель деген немеңиз? *(Ордунан туруп барып, включателди басат, бирок шыптагы чырак баары бир күйбөйт).*
А я л. Лампочкасы күйүп кеткен. А дүкөндө лампочка жок.
Э р к е к. Түшүнүктүү Майли-Сай жарым карыш жерде, а биз караңгыда олтурабыз *(Ордуна отурат).*
А я л. Анчалык деле караңгы эмес.
Э р к е к. Сиз менин аялыма окшош экенсиз.
А я л. Сыягы, ичип алсаңыз, аялдардын баары сиздин аялыңыз болуп көрүнөт го?
Э р к е к. Жо-жок... Сиз чындап эле окшош экенсиз.
А я л. Мүмкүн. Адамга адам окшой берет. *(Эркек ордунан туруп, нары-бери басып, үйдүн ичин бир сыйра карап чыгат).*
Э р к е к. Мен го — Маанаке. Маанаке десем... сакалым канаке?
А я л. *(Күлөт).* Ал эмне дегениңиз?
Э р к е к. Менин үйүм дейин десем, мынабул буюмкеченин бирөө да жок менде... Менин үйүм — жайдак... Кир... Көрксүз...
А я л. Демек, бул үй сиздики эмес.
Э р к е к. Бирок сиз менин аялыма аябай окшош экенсиз...
А я л. Кудай урду... Ушу сиз өз аялыңызды да жакшы таанабайсыз го дейм?



Э р к е к. Билесизби... Мен аны он жылдан бери көрө элекмин.
А я л. Түшүнбөдүм!
Э р к е к. Биз бирге жашабайбыз...
А я л. А-а... *(Телефон шыңгырайт. Аял трубканы алат. Эркекке шыбырайт).* Менин эрим... *(Трубкага)* Алло... Алло?.. Жок уктай элекмин... Каерге келдиңер? Жалал-Абадкабы?.. Ооруканадан? Ал жерде эмне кылып жүрөсүңөр? А-а... Сен аны каерине аттың эле? Шыйрагынабы?.. Эчтеке болбойт... Өзүнөн көрсүн... Ошко келгенден кийин камагын да, врач чакырып бер... Ооба, ошент... *(Трубканы коёт).* Менин болжомун туура чыкты. Жалал-Абадга эми жетишиптир... Ээн — эркин отура бериңиз... Келиңиз, дагы ичели... *(Дагы ичишет).*
Э р к е к. Каерде иштейсиз?
А я л. Эч жерде.
Э р к е к. Кантип эле?
А я л. Эрим иштетпейт. Башка эркектер көз артат дейт. Айтса-айтпаса аныкы да туура. Каерде иштебегин, эркектер менен иштейсиң. Эртеңдир-кечтир бири болбосо — бири сага сөзсүз тийиштик кылат, кылыктанат. Эриң айтпаган же эриң айталбаган ширин сөздөрдөн сүйлөп жаныңды эритет, көңүлүңдү эргитет. Эриң эркелетпегендей эркелетип, эриң өппөгөндөй өөп, сай сөөгүңдү сыздатат. Кыскасын айтканда, азгырылбаска айланды түгөтөт. Кудай таала эркекти азгырганга, аялды азгырылганга жаратып койгон турбайбы. Адам ата менен Умай энеден бери эркек азгырганын койбойт, а аял — азгырылганга тойбойт. Жок, аялым жолдон чыкпасын десеңиз, аны алган күндөн тартып, үйгө камап салыңыз. Мына мага окшотуп. Мен алты жылдан бери камактамын.
Э р к е к. Коюнузчу? Эмне, эшик-эликке да чыкпайсызбы?
А я л. Чыгам. Бир күндө бир жолу. Өзү баштап чыгат. Куду иттин сейилдеткен кишиге окшоп, шаарды бир сыйра айлантып келет. Ошонусуна да кудайга шүгүр. Кээде ишинен колу бошобой калса, мында да кур калам. Ырас, андай күндөрү, өзүң эле чыгып кел деген учурлары да болот. Бирок анда артыман киши салып коёт. Анысы мен кайда барбайын, изиме түшүп, алыстан мени көзөмөлдөп, асынган аппараты менен эмне кылган — койгонумду күйөөмө билдирип турат. Мен муну билем дагы, эч ким менен сүйлөшпөскө аракет кылам...
Э р к е к. Укмуш... ишениш кыйын...
А я л. Ичип, жеп олтуруңуз...

Э р к е к. Бирок бүгүнкүдөй алыс кеткен учурлары болот турбайбы? Мындайда билгениңизди кыла бербейсизби?!

А я л. Мүмкүн эмес. Баткенде жүрөбү, Ташкенде жүрөбү — саат сайын телефон чалып, текшерип турат. Кокус, кичине эле шектенип калса, дароо жетип келет, каерден болбосун. Бир жолу кечинде Алайдан звонить этип, үйдө бирөө бар окшойт деп кабатырланып калды. Мен: эч ким жок деп каргандым. Жаныңды жебе нараактан бирөөнүн шыбыраганы угулуп жатат деди ачуулуу. Мына так ошол кезде биздин сөзүбүздү телефондо бир эркек угуп турган экен, кокусунан күлүп жиберсе болобу. Күлүп да тим болсочу: «Айтып эле койчу. Айтып эле койчу ошо макоо күйөөңө! Ооба, биз экөөбүз! Кана эмне дейсиз» десечи, тилегиң каткыр. Мен кыйкырып жиберип, трубканы коё салдым. Өлдүм дедим ошондо. Коркконуман тишимтишиме тийбей, бүткөн боюм калтырап чыкты. Бир саат өтпөй, шапа-шупа өзү кирип келди үйгө. Колуна тапанчасын кармап алыптыр. Өңү — башы кумсарып, көздөрү канталашат. Өзү да кара дөөдөй айбаттуу киши, тим эле болорунча болуп калыптыр. Тапанчасын түз эле маңдайыма такады. «Айт, ким эле жанагы неме?!» — деди. Мен айттым. Ишенбейт. Каргандым. Жалынып жалбардым. Колу-бутунан өпкүлөдүм. Түк ишенбей койду. Түнү бою чоң кылмышкерлерди сурагандай суракка алып чыкты. Каалаганча тепкиледи. Акырында мен оозуман ак көбүгүм куюлуп өлүп калыптырмын. Өзү кийин ушинтип мойнуна алды. Коркуп кетип, үйгө өзүнүн тааныш доктурун чакырыптыр. Уколдон кийин көзүмдү ачсам, күйөөм колумду кармап, жанымда ыйлап олтурат...

Э р к е к. Эмне үчүн ыйлайт?

А я л. Мени аяп. Өзүнүн жоругуна өкүнүп. Канткен менен мени аябай сүйөт.

Э р к е к. Кызык сүйүү экен...

А я л. Кызганчактыгы эле болбосо, өзү өтө жакшы адам. А ишмерлигин айтпаңыз. Ишинде ал — гений. Шерлок Холмс! Комиссар Мэгре! Колуна кандай кыйын иш тийбесин, түйүнүн чечип тынат. Мына бир жумадан бери үй бетин көрбөй, бир ашынган кылмышкерлердин артынан түшүп олтурат, акыры бүгүн Арстанбаптын токоюнан тутуп келатат...

Э р к е к. Азамат экен эриңиз... Бирок... мен кетейинчи... *(Ордунан турат)*. Ал кишинин келээр маалы болуп калды го...

А я л. *(Саатын карайт)*. Коркпоңуз, дагы кырк мину-



та бар. Отуруңуз... *(Эркек кыйналган түрдө кайта олтурат. Аял идиштерге ичкилик куят)*. Өлө турган жанга бир ичели!

Э р к е к. Ал эмне дегениңиз?

А я л. Ботом, экөөбүз тең өлөбүз да?

Э р к е к. Бирок, бүгүн эмес да?

А я л. Бүгүн болбосо, эртең. Эртең болбосо элүү жылдан кийин.

Э р к е к. Ошондой десеңиз.

А я л. Сиз үчүн! *(Ичишет. Кийин бири-бирин карап жылмая карашат, унчукпай калышат)*.

Э р к е к. Алты жылдан бери камактамын дейсиз. Аябай зериксеңиз керек жалгыз олтуруп?

А я л. Айта көрбөңүз! Айрыкча алгачкы жылдары жалгыздык менен бекерчиликтен ботодой боздоп, карышкырдай улугум келчү. Бирок бара-бара тагдырга таң берип, өзүмдү ар нерселер менен алаксытчу болдум. Азыр менин эрмегим, телевизор менен китеп. Кереэли кечке отуруп телевизор көрөм, а мына бул китептердин ичинен окубаганым калган жок. Айрымдарын беш-алты сыйра окуп чыктым. Мисалы, «Декамерон», «Миң бир түн» жомокторун жастыгымдын астына катып жатам. Ушундай. Мен сизге айтсам, убакыт өткөргөнгө жана көңүл ачышка телевизор менен китептен өтөөр нерсе жок экен. Анан булардын арасында кичине-кичинеден ичкилик болуп турса... *(Аял жылмайып коёт)*.

Э р к е к. А-а... бул эрмектериңизге эриңиз кандай карайт?

А я л. Ой! Ага мен үйдөн чыкпай, башка эркектердин көзүнө көрүнбөй олтурсам эле болду, калганына макул! Ал кайра менин өзүмдү-өзүм алаксытып олтурганыма курсант. Өзү окубаса дагы, ар кыл китептерди таап келип берет, өзү ичпесе да үйдү түркүн-түркүн ичкиликтерге толтуруп салат. Өзүңүз көрүп олтурасыз го. *(Аял дасторкондогу ичкиликтерге ишаарат кылат)*. Э, келиңизчи ичели!

Э р к е к. Туулган күнүңүз менен! *(Ичишет)*. Мен сиздин

А я л. Туулган күнүңүз менен! келгениңизге абдан сүйүнүп жатам. Чынымды айтсам, мен сизди көптөн бери күтүп жүргөм...

Э р к е к. Мениби? Кандайча?

А я л. Сиз болбосоңуз, сизге окшогон эркекти. Иши кылып, мына ушундай отурушту көп-көп жолу көз алдыма элестеткемин. *(Жылмайып коёт)*. Таң калбаңыз. Чын айтам. Бирок мен сизди саал башкачараак ойлогонмун. Ми-

салы, жашыраак жана жүрөктүүрөөк деп. Менин кыялымда сиз, мен үчүн, керек болсо, эшиктен кирип, балкондон түшүп, же балкондон кирип эшиктен чыгып кетишиңиз керек...

Э р к е к. Кантип? Төртүнчү кабаттанбы?

А я л. Коркпоңуз. Секирбейсиз. Мен балконго узун чылбыр байлап койгонмун. Чылбыр жерден өсүп чыккан чырмоок менен чырмалышып, куду жерге чейин түшүп барат...

Э р к е к. Токтоңузчу.. Сиз мени ошол чылбыр менен түшүп кет дегени турасызбы?

А я л. Эгер керек болуп калса. Өзүңүз түшүп кете бересиз, а тигил таңгагыңыз балкондо калсын. Менин күйөөм эч качан балконго чыкпайт.

Э р к е к *(балкон менен коридор тарапты кабатырланып карайт)*. Мүмкүн менин эшиктен эле чыгып кеткеним оңдур? *(Акырын ордунан турат)*.

А я л. Мен сизден суранам. Бир жолу тобокел кылып коюңуз. Мен үчүн. Мени иренжитпеңиз. Билсеңиз, менин кыялымда сиз муну далай жолу жасагансыз. Суранам. *(Эркек аялды бир кыйлага чейин карап туруп, мулуюп коёт. Кийин чечкиндүү түрдө коридорго барып, көтөрүнгөн жүгүн көтөрүп, балконго өтөт)*.

Э р к е к. Балконго жаан тийбейби?

А я л. Жо-жок. Коё бериңиз. *(Эркек балконго чыгып кетет. Эшиктен жаандын добушу катуураак угулат. Аял жылмайып коюп, сигарет тамызат. Күтөт. Эркек көпкө күттүрөт. Аял кабатырлана баштайт)*.

А я л. Кирбейсизби эми! *(Ордунан туруп барып балконго башпагат)*. Сиз эмне, түшкөнү жатасызбы? Кокуй, азыр анын кереги жок! Кириңиз?

Э р к е к *(кирет)*. Көзгө сайса көрүнгүз караңгы, туман, жаан.. Сиздин чылбырыңыз эмес, чырмоокторду табыш кыйын...

А я л. Таба албасаңыз таң атканча балкондо күтүп туруңуз. Жер жарыктанганда түшүп кетесиз. Менин күйөөм балконго такыр башпактайт.

Э р к.е к. Кокус, чүчкүрүп-бышкырып калсамчы? Чыгып, балкондон өз колу менен таштап жиберет да.

А я л. Анысы бар. Андан кудай сактасын. Отуруңуз. *(Отурушат)*. Мен үчүн бул түн бактылуу түн: эрге тийгенден бери биринчи жолу жат эркек менен жалгыз отуруушум. Болгондо да туулган күнүмдө... «Түн болсо да, Кеч күздүн жамгырлуу түнүндө... Ортобузда жайнап турса дасторкон...» деп тилеген экен.



Темиркул акын. Эх, келиңизчи ушул түн үчүн ичели! Өлбөй чыксак, экөөбүз тең аны эстеп жүрөлү, макулбу?

Э р к е к. Өлбөй чыксак... *(Ичишмекчи болушат, бирок ушул тапта коридордун эшиги тарса-турса ачылып кетет. Экөө тең ордуларынан чапчып турушат. Аял балкон тарапка колун жаңсайт)*.

А я л. Качыңыз! Качыңыз! Качыңыз! *(Эркек балконду көздөй боюн таштайт. Шашкандыктан, торшерди жыга тээп кетет. Чырак өчүп, үйдүн ичи капкараңгы болуп калат. Караңгылыкта аялдын нары-бери басканы угулат. Эшик кыйч жабылат. Бир пастан кийин торшер кайрадан күйүп, аял өз креслосунда олтурган болот. Аялдын көңүлү жай. Шашпай сигарет тамызып, балкон тарапты мулуюп карап коёт)*.

А я л. Кире бериңиз! *(Эркектен кабар жок)*. Кире бериңиз деймин! *(Эркек үнчүкпайт. Аял кабатырланып, балконго башпагат)*. Ой, барсызбы! *(Эркек балкондон үйгө кирет. Эки жагын элеңдей карайт)*. Коркпоңуз, эч ким жок.

Э р к е к. Анда эшикти ким ачыптыр?

А я л. Шамал.

Э р к е к. *(отурат)*. Оф...

А я л. Кокуй, колуңуз неге канаган?

Э р к е к. А-а... чылбырды таба албай, сиз жууп, илип койгон шейшептерди улаштырып түшүп кетейин дедим эле...

А я л. Анан?!

Э р к е к. Шейшептериңиз экинчи кабатка да жетпей койду.

А я л. *(каткырып күлөт)*. Баракелде! Сизден айлакер ойнош чыкчудай. Бирок эмки жолу качканыңызда мени менен коштошконду унутпаңыз. Мындайча айтканда, мени өөп кетиңиз. Болбосо сиздин качышыңыз — коркок кишинин качышына окшоп калат. А мен эркектин коркогун жаман көрөм...

Э р к е к. Ажайып аял экенсиз. Жок, сиздей аялды капазга камаш күнөө болот... Деги эле катынды кайтарып болбойт. Күйөөңүз бекер кылат. Ал менин катамды кайталап атыптыр...

А я л. Кандайча?

Э р к е к. Мен агы жаңыдан үйлөнгөндө, аялымды сизге окшотуп иштетпей койгомун. Аялым жаш эле, сулуу эле. Кызгандым. Ойноп, ойнубуз кангaнча, күлүп, кумарыбыз таркаганча, эрчишип бирге жүрдүк. Анан байбичем балалуу болуп, үйдө олтуруп калды. Ал дагы алты жыл

олтурду байкуш. Акырында чыдабай, баласын алып, менден качып кетти...

Аял. Койунузчу? Каякка?

Эркек. Фрунзеге. Өзүнүн окуткан профессоруна.

Аял. А-а... ошондойбу?

Эркек. Көрсө, көптөн бери профессору менен кат алышып жүрүптүр. Профессору, күйөөңдү таштап кел, аспирантурага өткөрөм деп үгүттөптүр...

Аял. Бузуку... Өткөрүптүрбү анан?

Эркек. Ооба. Аялым азыр кандидат. Профессору экөө университеттин юридикалык факультетин башкарат.

Аял. Демек, аялыңыз сизди кандидаттык дипломго алмаштырган турбайбы?

Эркек. Жана... профессорго.

Аял. Уттуруптур.

Эркек. Ошентип ойлойсузбу?

Аял. Сөзсүз.

Эркек. Рахмат.

Аял. Музыка угалыбы?

Эркек. Өзүңүз билиңиз.

*(Аял ордунан туруп барып, пластинка коёт. Эркек музыканы дароо тааныйт).*

Эркек. Моцарт... фортопиано жана скрипка үчүн жазылган соната...

Аял. Жагабы?

Эркек. Абдан. Аялым да жакшы көрчү эле... Биринчи жолу бул чыгарманы ошонун үйүнөн уккамын... Он беш жыл илгери... Ушундай кеч күздө.

Аял. Кана, кана...

*(Ордуна отуруп, кызыгып күтүп калат. Эркек азил аралаштырып айта баштайт. Аял аны колдоп олтурат).*

Эркек. Анда мен отуз жашта элем. Мындайча айтканда, азыркымдан аз-маз жашыраак, аз-маз сулуураак болчумун.

Аял. Мен буга ишенем.

Эркек. Бирок, азыркымдай эле бойдокмун, азыркымдай эле бойдокчулуктан кутулуштун жолун издеп жүргөм.

Аял. Мени кызыктыра баштадыңыз.

Эркек. Күндөрдүн бир күнүндө, этюднигимди ийиниме илип алып, шаарды кыдырып келатсам...

Аял. Ой, мен да сизди сүрөтчү деп ойлогом! Кандай



сонун кесип! Айта бериңиз. Ошентип, шаарды кыдырып келатсаңыз....

Эркек. Көзүмө бир ажайып пейзаж урунду.

Аял. Ажайып пейзаж...

Эркек. Телегейи тегиз жапыс үйлөр, дубал жана жыгач тосмолор... Моорулардан көмүрдүн түтүнү булайт, ит үрөт, короз кыйкырат, эчки маарайт...

Аял. Кадимки эле кыштак...

Эркек. Туптуура. Шаардын ичиндеги кыштак. Үйлөр жыш жайланышкан. Алар куду амфитеатрдын отургучтарын элестетип, бийик дөңдү өрдөп чыгып барат. Ар бир үйдүн алдында багы бар. Бактар кызыл-тазыл боёкко боёлуп, үйлөргө, тар көчөлөргө, көчөлөргө бараткан адамдарга бариктер самсаалап жаап турат.

Аял. Чын эле сулуу жер экен... Албетте, сиз муну тартмакчы болдуңузбу?

Эркек. Ооба, бирок бийик точкадан туруп тарткым келди. А бийик точка үчүн кыштактын этегиндеги төрт кубаттуу үйдүн төртүнчү этажындагы балконду тандадым. Тандап, тандаган балконумдун үйүнө чуркап чыгып бардым. Үй куду эле ушул сиздин үйүңүздүн өзү-көзү экен. А үйдүн ээсичи?! Үйдүн ээсичи?! Ал дагы сизге куюп койгондой окшош болуп чыкты. Албетте...

Аял. Менден аз-маз жашыраак, аз-маз сулуураак...

Эркек. Ооба...

Аял. Мен буга ишенем. Айта бериңиз.

Эркек. Анан кала берсе, ал куду сиз олтурган диванда, ушул столчонун алдына олтуруптур. Бирок столдун үстүндө дасторкон эмес, китеп, кагаздар жайылып жатат. А кыз, үйдүн ээси, шашып-бушуп бирдеме жазып тыптыр. Мени көрүп ордунан секирип турду. «Сиз кимсиз? Эмнеге келдиңиз?» деди кабатырланып. Мен максатымды айттым. Кыз унчукпай барып балконун ачты. Ачып, балконунан көрүнгөн көрүнүштү биринчи ирет көргөндөй таныркай карап туруп калды. Сыягы, мунун эмнесин сүрөткө тартат деп ойлоду көрүнөт. Кийин менин кебете-кепшириме дагы бир сыйра көз жүгүртүп чыкты. Мына ошонон кийин гана макулдугун берди. Бирок билип коюңуз, үйдө мен жалгызмын, эгер бир жиндилик кылсаңыз, кыйкырам, милиция чакырамын деп эскертти.

Аял *(жылмайып)*. Жанаа мага окшоп.

Эркек. Куду сизге окшоп. Мен балконго чыгып, этюднигимди орноштура баштадым. Кыз кайра ордуна отуруп, жазуусуна киришти. Кийин экөөбүз мезгил-мезгили менен бири-бирибизди тымызын карап коюп, ар кимибиз өз иши-

бизди кыла бердик. Бир сааттан кийин үйдүн ээси китеп, дептерин жыйыштырып кирди...

Аял. Шаардык сотко жөнөдү.

Эркек. Шаардык прокуратурага. Прокурорго жардамчы болуп иштейт экен.

Аял. А-а...

Эркек. Мен: кап, этюдду бүтпөй калдым деп кыңырылдым. Ошентсем, кыз күтпөгөн жерден, а сиз бүтүрүп кетиңиз деп чыгып кетсе болобу.

Аял. Кандай айлакер кыз!

Эркек. Эмне үчүн?

Аял. Бойго жетип, эрге тие албай отурган кезде, үйүнө келишкен бир жигит өзү кирип келсе, болгондо да художник болсо, үйүнөн чыгарабы андай кыз. Мен болсом, кайра сизди үйгө камап кетмекмин.

Эркек. *(күлөт)*. Ал дагы ошентиптир. Этюдду бүтүп, эки эли кагазга рахматымды жазып коюп, эми кетейин десем, эшик ачылбайт...

Аял. Мына көрдүңүзбү?! Мен эмне дедим эле? Жок, аял деген айлакер жан келет. Бардыгы. Чекеден. Бир аялда — миң аял жашайт, миң аялда — бир аял жашайт. Ар бир аял өзүнчө—Шахризада. Мына сиз мени өз аялыңызга окшоштуруп атасыз. Туура! Мен сиздин аялыңызга окшошмун. Мен андан эч кандай өзгөчөлүгүм жок. Өз-көзүмүн. Шондуктан мен аны айттырбай түшүнүп турам. Кааласаңыз, мен андан нары анын кантип сиздин башыңызды айлантып алганын айтып берем.

Эркек. Кана, кана?

Аял. Кечинде мен келем. А сиз этюднигиңизди каридорго жөлөп коюп, диванда отурасыз. Китеп окуп.

Эркек. Музыка угуп. Мына ушул музыканы.

Аял. Мейли, музыка болсо, музыка... Иши кылып, мени күтүп... А мен: ой, кечирип коюңуз, мен сизди таптакыр унутуп коюптурмун деймин. Бул калп. Мен сизди бир минутка да унутканым жок. Жөн гана прокуратурада ишим көп болуп, бошой албай аттым. Бирок, сиздин менсиз кете албастыгыңызды билем, көңүлүм ток бул жагынан.

Эркек. Мен деле анча шашкан эмесмин.

Аял. Мунуңуз чын. Сиз да мага кичине кызыгып калгансыз. Эшикти ача албаганыңыз жакшы шылтоо болду.

Эркек. Таап айттыңыз.

Аял. Мен сизге: ушунчалык болду, эми чай ичип кетиңиз дедим.

Эркек. А мен жан деп макул болдум.

Аял. Бирпастан кийин куду азыркыдай мандай-тес-



кей отуруп калдык. Алдыбызда дасторкон. Музыка ойноп турат. Ушул музыка...

Эркек. Экөөбүздөн башка үйдө эч ким жок...

Аял. Ооба. Ошо кезде апам менен атам курортто эле.

Эркек. Жок. Экөө тең пенсияга чыгып, үйдү биротоло сизге таштап, өздөрү Өзгөнгө көчүп кетишкен экен.

Аял. А-а... Иши кылып, экөөбүз ээн үйдө элек. Куду азыркыдай.

Эркек. Ооба, баары ушундай болчу. Ал турмак, бир маалда шатырап жаан жаап кирди. Мен: эми кантип кетем деп кабатыр боло баштадым.

Аял. А өзүңүздүн кеткиңиз жок.

Эркек. Кетким жок.

Аял. Куду азыркыдай...

Эркек. Куду азыркыдай...

Аял. Кел бийлейли.

Эркек. Мен жакшы бийлей албайм.

Аял. Бизди ким көрүп отуруптур.

*(Бийлешет)*.

Эркек. Билесиңби, мен сага кичине ашык болуп калдым.

Аял. Мен дагы.

*(Өбүшөт)*.

Эркек. Мен сага үйлөнгүм келип турат.

Аял. Ойлонуп көрөйүн.

Эркек. Ойлонгонго он минут берем.

Аял. Мен макулмун.

Эркек. Рахмат.

Аял. Сага да рахмат...

*(Кайра өбүшөт. Ошо кезде катуу күн күркүрөп, жакын жерге чагылган түшөт, Чырак өчөт. Эчтеке көрүнбөй калат)*.

Аялдын үнү. Азыр мен шамчырак тамызам.

Эркектин үнү. Жөн эле койчу...

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Бир маалда чырак өзүнөн өзү кайра жанат. Кухня жактан чайнек, пиала көтөрүп аял кирет. Жатаканадан эркек чыгат. Экөө тең жаңыдан ойгонушкан, жаңыдан жуунушкан кишилерге окшош.

Эркек. Эх, кош бол эми бойдокчулук! Жашасын ме-

нин үй-бүлөм! Кош бол эми «общепит»! Жашасын менин ашканам! Жашасын менин чайханам!

Аял. *(Күлүп ага чай сунат)*. Мына ушул сунулган пиаладан баштап, сенин аялың өзүнүн аялдык ролун аткарганы киришти. Ишенип кой: бул ролду мен эң сонун аткарам! Ушул күн, ушул түнгө чейин сени жолуктурсам, сага аял болсом, сен жөнүндө кам көрсөм деп тилеп келгенмин. Мына эми тилегим ишке ашты. Эми мен сени деп гана жашаймын.

Эркек. А мен: сени деп.

*(Өбүшөт)*.

Кандай назиксиң, кандай ширинсиң...

Аял. Жытың ушундай жакшы экен. Жыттагым эле келет. Жанында ушинтип отура берсем. Бүгүн дагын, эртең дагын. Дайыма.

Эркек. Мен дагы. Кел ошентели?

Аял. Анда ишибиз эмне болот? Сенин ишиң? Менин ишим?

Эркек. Мен иштейин. Экөөбүз үчүн. Менин тапканым экөөбүзгө жетишет. Мен көп табам. Көрөсүң, эң сонун жашайбыз.

Аял *(ойлонуп калат)*. Чынын айтканда, азыркы иштеген жеримен кичине жадап жүрөм. Кетсем деген оюм бар...

Эркек. Эң сонун! Кет! Ташта!

Аял. Бирок ишти таштасам, аспирантурага өтсөм дегем...

Эркек. Аспирантурага?

Аял. Ооба. Мени окуткан профессорум кайра университетке чакырып атат. Өзүмө аспирант кылып алам дейт. Дипломдук ишимди да ошонун колунан жактагганмын. Мени абдан жакшы көрөт.

Эркек. Жакшы көрөт?

Аял. Коркпо. Ал менден эки эсе улуу неме.

Эркек. Демек, атаң менен тең экен. Анда ага мындай деп айт. Ата, мен эми окубайм; себеп — эрге тийип алдым; а эримди ташташка болбойт, ал менсиз жашай албайт дегин.

Аял. Макул, макул...

Эркек. А кызматыңды эмне кыласың?

Аял. Ойлонуп көрөйүн... Өзүң ишке барасыңбы бүгүн?

Эркек. Сен барсаң, мен да барам.

Аял. Барбасам, болбойт. Бүгүн өтө оор иш каралат.



Эркек. Анда мен кечке базарда этюд тартам.

Аял. Ой, ал жерде кантип иштейсиң? Элдин баары үймөлөктөп албайбы?

Эркек. А мен эч кимден сүрдөбөйм. Мен деген, айымкыз, Венециянын, Токионун адам кайнаган көчөлөрүндө иштеп келгенмин.

Аял. Койчу?

Эркек. Эмне «койчу»?

Аял. Сен Венецияда, Токиодо болгонсуңбу?

Эркек. Мунун эмнесине таң каласың? Венецияда эки жума, Токиодо үч ай жүрүп келгенмин. Эх, керемет шаарлар да... Аман болсом, алпарам...

Аял. Байкашымча, сен белгилүү сүрөтчү окшойсуң?

Эркек. Ананчы! Менин сүрөттөрүм Москванын, Праганын, Дрездендин музейлеринде илинип турат билсең.

Аял. Чын айтасыңбы?

Эркек. Ишенбесең, сүрөтчүлөрдөн сура, газет, журналдардан оку.

Аял. Азизим... Мен эми сени менен сыймыктанам. Эх, бүгүн бүт шаарга сага күйөөгө чыкканымды жарыя кылам! Албетте биринчи болуп, өз прокурорума сүйүнчүлөйм. Бечаранын кебете-кепширинин өзгөргөнүн көрүп, бир табам кансын.

Эркек. А эмне үчүн анын кебете-кепшири өзгөрүшү керек?

Аял. Ал мага ашык болуп жүрөт. Мына эки жылдан бери мага ойнош бол деп жанымды койбойт.

Эркек. Ошондойбу? Айбан десе!

Аял. А мага ойнош эмес, эр керек дейм.

Эркек. Антсең, эмне дейт?

Аял. Эр боло албайм дейт. Аялым, эки балам бар дейт. Мунусу чын. Бирок аялын да, балдарын да жакшы көрбөйт, алардан качкысы келип жүрөт, кача албайт, абдан корккон. Мансабы үчүн коркот, өскүсү келет, республиканын прокурору болушту эңсейт, а болушу да ыктымал, өз ишин жакшы билет, колдоочу кишилери бар. Аялынын туугандары колдойт. Аялын ошо туугандары үчүн гана алган, болбосо, ошондой аялга үйлөнөбү? Өзүнөн беш жаш улуу, өңү-башы, кулк-мүнөзү куду жезкемпирдикиндей.

Эркек. Өзү деле бир какбаш неме го?

Аял. Прокурорбу? Отуз жашта? Сулуу! Сылаңкороз! Кийгени жинси шым менен тери пиджак. Көзүнөн кара көз айнек түшпөйт. Киноактер дейсиң көрсөң.

Эркек. Анан кантип сен ага багынбай келдиң?

Аял. Айттым го, мага ойнош эмес, эр керек деп. Мен сени күтүп жүрдүм.

Эркек. Рахмат. Жакшы күтүпсүң...

Аял. Жинди... Бирок сен дагы кичине кечиксең, ал мени же иштен айдап тынмак, же ойнош кылмак...

Эркек. Койчу?

Аял. Кечээ сен бул жерде камалып олтурганда, ал мени кабинетине чакырып, зордук менен эки-үч жолу өөп алды. Кийин өз ыктыярың менен өп деп кыйнай баштады. Менин аябай жиним келди. Макул дедим!

Эркек. Макул дедим?!

Аял. Бирок адегенде өзүмдүн бөлмөмө чуркап кирдим да, сумкамдан эндигимди алып чыгып, куп шыбандым. Бул эндикти бир ортагым Сингапурдан алып келип берген. Кийимге жукса, биздин өлкөнүн самыны менен жууп кетире албайсың. Мен прокурорума кайтып келип, аны аябай берилип өпкөн киши болуп, көйнөк, костюмунун жакаларын тим эле булгап таштадым. Кабинет караңгы болчу, ал муну билген жок. Биринчи жолу мени менен өбүшкөнүнө курсан болуп, мулундаган бойдон үйүнө кетти. Жезкемпири аны кантип утурлап алганын куду телевизордон көргөндөй көрүп турам. Кудай буюрса, бүгүн ишке барып прокурорумдун кечээки бактылуу жүзүнө бир багып көрөйүн! (*Күлөт*). Менимче, ал мени көрүп өпкөлөп ыйлап жиберип: «Кош бол менин махабатым» деши мүмкүн.

Эркек. А менимче анын жезкемпири келип сенин бетинди тытып, чачыңды жулат; бул аз келсе, күйөөсүн өз туугандарына жамандайт, обкомго арызданат, республиканын прокуроруна жазат, ошентип, экөөңдүн шермендеңди чыгарып туруп, кызматтан айдатат.

Аял. Бул ыктымал. Ал аялдын колунан баары келет. Кап...

Эркек. Жок, мен сени бул жерден апкетишим керек. Тезинен. Эртең эле. Жок бүгүн эле жөнөп кетебиз!

Аял. Каякка?

Эркек. Арстанбапка! Күздү мен дайыма Арстанбапта өткөрөм.

Аял. Ушунча болуп көрө элекмин.

Эркек. Көрбөсөң, эми көрөсүң. Азыр ал жердин эң кооз мезгили. Жаңгакты жыйнап тапшырып бүтүштү. Ал эми анын калган-каткан машагын терип атышат. Машакты өздөрү үчүн теришет. Ар бир үй-бүлө топ-топ болушуп, токойдун ар кайсы жеринде тинтип жүрүшөт. Мойнунда калта, колунда таяк...



Аял. Таяк?

Эркек. Ооба. Жаңгак жерге түшкөндө кабыгынан ажырап, сапсары болуп, жерде төшөлүп жаткан сапсары бариктердин арасына кирип кетет. Таяк менен бариктерди оодарыштырыш керек.

Аял. Кызык иш экен...

Эркек. Алма, алча, карагатка али анча көңүл бурушпайт. Аларга кар түшкөндөн кийин гана киришишет. Бир эки кар жегенден кийин, алма, алча, карагаттар ого бетер бышып, ого бетер ыраңына чыгат. Анан аларды жазга чейин сактасаң да даамы бузулбайт. Эх, кар астынан кызыл-тазыл болуп көрүнүп турган алча, алма, карагаттарды кар үстүнө кагышып, кар үстүнөн терип атышкан аялдарды, балдарды тартсаң...

Аял. Азизим, кеттик! Сен сөзсүз муну тартышың керек! Ой, кышында мөмө терет деген эмне! Азизим, мен дагы ошол жерде, ошол элдин арасында болгум келет, алпар мени!

Эркек. Биз бир кемпирдин үйүндө жашайбыз. Кемпир өзү жалгыз турат. Үйү токойдун төрүндө, тоонун боорунда. Адегенде кичинекей жыгач көпүрөдөн өтүп, анан ийри-муйру сокмо жол менен чыгып барасың. Жол абдан тик. Көпүрөдөн үйүнө чейин кемпир үч мертебе дем алып араң жетет. Үйү эки кабат: астында эчкилери камалат, үстүндө өзү жашайт. Сонун кемпир. Өткөн жылы күздө бир ай бирге жашап портретин тартып келгенмин. Азыр ал портрет Финляндияга көргөзмөгө кетти.

Аял (*эркектин колдорун сылайт*). Мен сени жакшы көрөм...

Эркек. Быйыл барышта жаш балдары менен жаңгак терип жүргөн аялды тартам; аял эмчектеги кызын артына байлап алат, а кызы бейкапар уктап жаткан болот; дудук отунчуну тартам, чөп жүктөгөн эшегин жыгач көпүрөдөн жетелеп өтүп бараткан баланы тартам: эшектин артынан коделеги менен баланын чачы сепсейген карындашы ээрчип келет. Бала менен кыз тегирменчи чалдын небереси болушат. Чалдын өзү да кызык: кичинекей кулагын дайыма Ван-Гогго окшоп оромол менен ороп алат, кулагы ооруйт, бечаранын... Эх, тартам десең, тема түгөнбөйт! Кудай буюрса, быйыл кыш ичи иштеп чыккандай этюд даярдайм...

Аял. А мен дайыма жанында болом, кызматыңды кылам.

Эркек. А жазында экөөбүз Зардалиге кетебиз!

Аял. Ал эмне деген жер?



11—439

Эркек. Өрүктөрдүн өлкөсү! Алыскы тоолордун арасында калып кеткен ээн кыштак. Ал жерде илгери беш жүз түтүн эл жашаган. Кийин жергиликтүү өкмөт ал жакка жол салып, электр алпарыштан зеригип, элди чөлгө көчүрүп түшүп кеткен. А үйлөр бозоруп ошол бойдон турат, а жүздөгөн, миңдеген картаң өрүктөр жыл сайын гүлдөп, жыл сайын мөмө алат. Мына ошол өрүктөр гүлдөгөндө барсаң...

Аял. Бирок кыштакта эл жашабайт деп атпайсыңбы?

Эркек. Үй үйүндө киши бар.

Аял. Эмне деген кишилер?

Эркек. Бирөө ошол жердин чөп-чарына кароолдук кылат. Бир буту аксак пенсионер. Экинчиси мерген чал, үчүнчүсү бакшы кемпир. Кароолдун карыган бээси, мергендин атан төөсү, бакшынын токол уйу бар. Кароол бекерчиликтен бозо салып, өзү ичет, мерген кекилик, чил атып, берки экөөн эт менен багат, а бакшы кемпир чалдыбар үйлөрдү кыдырып, албарсты менен күрөшөт...

Аял. Ой, тим эле жомок дейсиң...

Эркек. А жайында болсо, айымкыз, Памирге барабыз Памирде болгонсуңбу?

Аял. Каяктан?

Эркек. Памир — тоолордун, өрөөндөрдүн, көлдөрдүн мекени. Тоолору жылаңач келет; өрөөндөрүн жашыл шибер каптап, шиберде жылдыздай көп, жылдыздай көкмөк көпөлөктөр учуп жүрүшөт; а көлдөрүндө болсо жапайы каздар балалайт...

Аял. Жапайы каздар!

Эркек. Ооба. Алар аралдарга уялап, тууган тукумдарын утуру кумга көөмп турушат.

Аял. Эмне үчүн?

Эркек. Адамдардан жашырып. Адамдар эчкинин эки чаначын желге толтуруп, аны кайык катары минип алышат да, анан аралдан аралга кирип кыдырып, каздардын тукумун казып, кап-кап кылып алып кетишет.

Аял. Ой, мыкаачылар десе! Эмне, аларды кой деген киши жокпу?

Эркек. Бир абышканы атайы аралдарга күзөтчү койгон. Бирок аралдар көп, чал байкуш үлгүрбөйт.

Аял. А биз ага жардам беребиз. Үчөөлөп жай ичи жапайы каздардын тукумун коруйбуз.

Эркек. Анан ал тукумдардын ичинен чыккан балапандарды көрөбүз. Миңдеген, миллиондогон балапандар ачып чыгат. Эх, ошо кезде көлдүн бетин көрүп ал! Тим



эле сансары гүлдөр каптаган шиберге окшоп чайпалып калат.

Аял *(эркектин чачынан сылайт)*. Азизим... Мен сени менен бактылуу болом.

Эркек. А мен сени менен.

Аял. Биз бактылуу жашайбыз.

Эркек. Дайыма.

*(Өбүшөт).*

Аял. Жыттуум...

Эркек. Аппагым...

*(Кокусунан катуу күн күркүрөп, чагылган жарылат. Чырак өчүп, эчтеке көрүнбөй калат).*

Аялдын үнү. Азыр мен шамчырак тамызам.

Эркектин үнү. Жөн эле койчу...

*(Караңгыда күндүн күркүрөгөнү, жамгырдын шатыраганы бир калыпта угулуп тура берет. Кыйладан кийин чырак кайра жанат. Кухня тараптан кофе кайнатылган идиш кармап эркек кирет. Кофесин эки бөлүп куят. Аңгыча жатаканадан кимоносунун курун курчанып, аял чыгат).*

Аял. Сенин кофеңди күтүп жатып, көзүм ызгып кетиптир.

Эркек. А түш көрүшкө үлгүрдүңбү?

Аял. Үлгүрдүм.

Эркек. Мына эмесе.

Аял. А билесиңби, түшүмө ким кириптир?

Эркек. Ким?

Аял. Баягы жылы Коконго барганыбызда, мейманканадан орун тийбей бир чайканачы чалдын үйүнө түнөбөдүк беле?

Эркек. Ооба.

Аял. Ошол чал үчөөбүз Кокондун бир тар көчөсүндө баратыппыз. Көчөнүн эки жагы бийик каякадыр шашып бетин жалаң жүзүм каптап турат. Дубал. А дубалдын бетин жалаң жүзүм каптап турат. Жүзүмдүн ыраса бышкан мезгили экен. Мен улам токтой калып, бирден үзүп жеп калам, а сен болсо: «Жебегин, жиндин?! Көрбөйсүңбү, баары жогу чаң!» дейсиң да, колума чабасың. Акыркы жолу абдан каттуу каптың, көзүм пар ачыла түштү...

Эркек. Кечирип кой. Чаң жүзүмдү жеп атсаң анан...

Аял. Азизим... *(Эркекти эркелей кучактайт)*. Бирок,

сен мени түшүмдө эле эмес, өңүмдө да ургансың. Бир эмес, бир нече жолу...

*(Эркек өзүн күнөөкөр сезип унчукпайт).* Эркек аялга эч кол көтөрбөсүн, а бир жолу көтөрдүбү — ал адатка айланат да калат... А сенин эсиңдеби мени биринчи жолу ыйлатканың?

Э р к е к. Эстегенде эмне пайда...

А я л. Ошондо алты айлык боюмда бар эле. Алты айлык! А жүргөн жерибиз Алайдын тоолору. Бассам-турсам түтөгүп, мурдуман кан агат. Ара төрөп коюштан коркуп, үйгө кетейин десем, шаарда күткөн кишиң бар, ошого шашып атасың деп жаагыма чапкансың. Анда өзүң кошо жүр, жанымда жаша десем дагы болбойсуң: ишим калат деп. «Ишим калат» деп жүрүп, менин кыйналганым менен ишиң болчу эмес...

А бала төрөлгөндөн кийин тарткан азабымды айтпа. Бала оорукчан болуп өстү. Бир ай үйдө, бир ай ооруканада жашап чоңойттум. А сен: бала эмне үчүн ооруп атат деп сураштын ордуна, баланы эмне үчүн оорутасың деп жемелейсиң. Баланын күлгөнүн жакшы көрөсүң, а ыйлаганда үйдөн качасың. Ишинди шылтоолоп. Ишим деп, кыш ичи ишканадан келбейсиң. Жаз, жай, күз бою талаалап кезип жүрөсүң. А мен олтурам бала менен... Бирок ошого да ыраазы болбойсуң. Кез-кезде алыс жерлерден телефон чалып, ал-акыбал сураштын ордуна, ээн-эркин калып, эриндин көзүнө чөп салып атасыңбы деп көңүлүмдү оорутасың. Ой, айта берсе арман көп...

Э р к е к *(аялды аяп, жаагынан сылайт).* Билем... Азыр баарын түшүнөм...

А я л. Чын элеби?

*(Жаткана жактан баланын уйкусурап сүйлөгөнү угулат. Экөө тең ошол жакты карап, тыңшап калышат. Экөө тең жылмайып коюшат).*

Э р к е к. Түш көрүп атат...

А я л. Сөгүнүп атат...

Э р к е к. Койчу?

А я л. Бир ай айылда жүрүп, уят сөздөрдүн баарын үйрөнүп келиптир.

Э р к е к. Эчтеке эмес, калып кетет.

А я л. Калбаса, калбасын. Мен кайра сүйүнүп атам.

Э р к е к. Бул эмне дегениң?

А я л. Эркек баланын эркекке окшоп өскөнү жакшы. Теңтуштары менен сөгүшсүн, мушташсын... А сенин балаң сенсиз чоңоюп, өксүк, бошоң, кыз мүнөз болуп калды. Дайыма балдардан таяк жеп, ыйлап жүрөт. А мен ага жакшы болуша албайм. Аялды балдар тоотпойт. Шондуктан, балаң да муну түшүнүп, кээде өзүн таарынткан баланы атам келгенде атама айтам деп коркутат. Атасын өзү да эс тарткандан бери көрө элек... Астафурла. Бир жолу көргөн. Телевизордон. Сен комсомол сыйлыгын алганда, интервью бербедиң беле? Ошондо уулуңа тааныштыргам.

Э р к е к. Кандай болду тааныштырсаң?

А я л. Дем албай сени карап калды. Албетте, ал сенин бир сөзүңдү да түшүнгөн жок. А сенин үнүңдү угуп, жүзүңдү гана көрүп отурду. А сүйлөп бүтүп, көрүнбөй калганыңда, чуркап келип, мени мойнумдан бекем кучактап катуу өөп алды. «Атам сулуу экен» — деди артынан...

Э р к е к. Ошентип айттыбы?!

А я л. Ошентип айтты. Жүрөгүм элжиреп кетти. Ар кандай ар-намысты жыйыштырып коюп, сени издеп таап, балаңа көрсөткүм келди. Ошол эле замат телестудияга телефон чалдым. Чалсам, жоксуң ал жерде. Эчак, жазылып алынган материал экен...

Э р к е к. Деги сен мен жөнүндө эмне деп жүрөсүң ага?

А я л. Кадырың жан болсун. Жаман катындарга окшоп жамандабайм. Тескерисинче, мактайм. Ишенип кой. Бул бала үчүн керек. Атаң сүрөтчү деййм. Абдан жакшы сүрөтчү деййм. Алты жашында Фрунзеде ачылган көргөзмөгө алпаргам. Көргөзмөң зор экен. Эл көп келиптир. «Мына ушул сүрөттөрдүн баарын сенин атаң тарткан, а мына бул кишилер аларды көргөнү келишкен» деп түшүндүрдүм. Ошондон кийин сени менен сыймыктанып, мактанчу болду. Өзү да сүрөт тарта баштады. Түзүк тартат. Мектепте эки сүрөтү илинип турат. А быйыл жазда өз классы менен музейге барып, сенин «Автопортретинди» көрүп калыптыр. Ошондо сүйүнгөнүн айтпа. Музейден туруп мага телефон чалат: кел, атамды көр деп. Көңүлүн улап, жетип бардым. Барып, «Автопортретиндин» маңдайында туруп, кичине ыйлап алдым...

Э р к е к. Ыйлап?

А я л. Ыйлап, азизим, ыйлап... Билсең, көп жолу ыйладым. Балам үчүн ыйладым, өзүм үчүн... Сен менен ажырашам деп, баламды гана эмес, өзүмдү дагын жетим кылып алыпмын көрсө...

Э р к е к. А-а... эмне үчүн профессоруңа эрге тийбедиң?

А я л. Ал да болсо, баланын айынан. Профессор балдарын аялына таштабай, үстүмө эрчитип келмекчи болду.

А балдары үчөө, баарысы чоңоюп калган. Карасам, өз балама кыйын болчудай. Кой дедим...

Эркек. Кийин бир жаш бала менен жүрөт деп уктум?

Аял. Жаш бала эмес, өзүмдүн аспирантым болчу. Ырас менден кичүү, үйлөнө элек жигит... ага да макул болбодум. Таалим-тарбиясы жок, орой, өзүмчүл неме эле. Үйгө келсе, бала менен достошуп, аны өзүнө имериштин ордуна дайыма ыйлатып кетет. Балам бечара андан коркот, жаман көрөт; ага өчөшүп, ал кетээр-кеткенче жанымдан чыкпай, таң атканча болсо да уктабай коёт. Балам ушинтип отурса, кантип аны эр кылам...

Эркек. Ошентип, эрден жолум болбоду дечи?

Аял. Сен деле катынга тунганың жок. Тазагүлүң — бир мещанка. Сүйлөгөн сөзү акча менен буюм. Эрин өзү кетирип, ал байкуштан дагы напака* алат; дарылаган кишилеринен пара жейт. Же бир сулуу неме болсочу. Кантип эки жыл ошону менен жолугушуп жүрдүң түшүнбөйм.

Эркек. Эки жылда, мүмкүн эки жолу жолуккандырмын...

Аял. А Зыйнатың, кечирип кой, жеткен... аягы суюк аял. Муну бүт театр билет. Бүт шаар билет. А сен келип алып анын портретин тартасың. Огеле сулуу, огеле таланттуу актриса кылып.

Эркек. Кала берсе, музейге сатып жедим...

Аял. Мен «Искусство» журналынан көрдүм. Албетте, портреттин өзү жакшы экен. Кеп анын модели жөнүндө болуп атат...

Эркек. Мен сага толугу менен кошулам. Мага да портреттин өзү көбүрөөк жагат.

Аял. Ким билет...

Эркек. А-а, Сара тууралу эмне дейсиң?

Аял. Сурарыңды билгемин... Мм... Сага мага абдан жакты.

Эркек. Чын элеби?

Аял. Ымандуу, эстүү келин экен. А сулуу деп мына ушуну айт, бою нооча, кымча бел; бети-колу апаппак, тиштери муздай тунук. Күлсө наристедей назик күлүп, уялса, кулагына чейин кызарып чыгат. Анан... жаш... Чынымды айтсам, Тазагүл, Зыйнаттар менен алаканды билгенде, аябай табам канган, ажап болсун дегенмин, канчалык жаман аялдар менен жүрсө, мени ого бетер эстеп, ичи күйөт дедим. Бирок Сараны көргөндө, өзүмдүн ичим күйүп

* Напака — алимент.



кетти. Кызганыч пайда болду. Көз алдыма экөөңдүн бир
жүргөнүңдү, бир жатканыңды элестетип, мага айтчу ар
түркүн назик, ширин сөздөрүңдү Сарага айтып айтканың-
ды угуп, тим эле дүнүйөм караңгылашып калды...

Эркек. Токточу... Сен Сараны каяктан көрүп жүрө-
сүң? Деги эле менин аялдарымды каяктан билесиң?

Аял. Тазагүлүңүз менен студент кезимде теннисте
беттешкемин: мен университеттин, а Тазагүлүңүз медини-
ституттун ар-намысын коргогон. Мен сизге айтсам, меди-
нститтуттун абийри айрандай төгүлүп ошондо.

Эркек. Кап, жаман болгон экен ошондо...

Аял. А Зыйнат айым менен төрөтканада бирге төрөш-
көнбүз: мен сиздин балаңызды, а ал кимдики экенин бил-
бейм, бир кыз төрөгөн.

Эркек. Кимдики дегениң эмне, эриники болот да.

Аял. Эрин эмнегедир эстей албай койгон. Шондуктан,
кызынын күбөлүгү өзүнүн фамилиясына жазылып калган.
Ушундай, билсеңиз...

Эркек. А-а... Сара менен каерде таанышып жүрө-
сүң?

Аял. Өзгөндө.

Эркек. Өзгөндө?

Аял. Ооба. Мен ата-энемди көргөнү барсам Сара биз-
дин кошуналардыкында жүрүптүр. Сураштырсам, алардын
өлгөн баласынын колуктусу болуп чыкты. Ошол. Бир жума
бирге жүрдүк. Бечара бир жуманын ичинде бир күн тын-
бады. Качан көрсөң иш кылып аткан болот: чалды-кемпир-
ге оокат бышырат, алардын кирин жууйт, шалы орот, чий-
не менен чөп ташыйт... Күйөөсүнүн өлгөнүнө беш жыл
толуптур; беш жылдан бери кайната, кайненесинен кол
үзбөй, бат-бат барып, ушинтип алардын кызматын кылат
имиш. Бейишке чыкчу келин экен Сараң. Бул жолу аял-
дан багың ачылыптыр. Мен сени эч бир катынга, ал тур-
мак өзүмө да, ыраа көрбөйм. Бирок Сарага үйлөнсөң, ак
батамды берем. Эмне күлөсүң?

Эркек. Бир жуманын ичинде Сарадан: эмне үчүн эр-
ге тийбейсиң деп сурагандырсың?

Аял (*күлөт*). Сурадым?

Эркек. Эмне дейт сурасаң?

Аял. Эрим өлүп атканда — эриме, балдарым жетим
калганда — балдарыма, эми эч качан эрге тийбеймин деп
ант бергенмин дейт.

Эркек. Туура. Мага да ошентип жооп берип келатат.

Аял. Айтты.

Эркек. Ушундай...

А я л. Ажайып аял экен. Анын алдында абдан басынып жүрдүм. Өзүмдү өзүм картаң, куник, көпту көргөн маңгел катындай сезип аттым. Айтчы, мен өтө өзгөрүптүрмүнбү?

Э р к е к. Жок. Куду баягыдай эле экенсиң.

А я л. Калп айтасың. Түндө бироокумга чейин тааныган албай койдуң. Балконго чыгып, өзүңдүн жуулуп коюлган кийимдериңди көргөндө гана кичине эсиңе келдиң.

Э р к е к. Ой, түндө сени тааныгандай акыбалда белем? Жашаган үйүңдү издеп жүрсөм... А үйүмдүн ичи ушунчалык өзгөрүптүр, сен болбогон чакта да, жок, бул менин үйүм эмес демекмин.

А я л. Ооба, үйүң ит карагыс экен. Эски төшөктөрдөн башка эчтекең жок.

Э р к е к. Сен кеткенден кийин эч нерсеге көңүлүм кел-бей калган. Бир жыл бою колума кист кармаганым жок. Баш көтөрбөй ичип жүрдүм. Акырында аракка эмес, оокатка акчам түгөндү. Ошондо үйдөгү дүр-дүнүйөнүн баары сатылып кетти.

А я л. Кудай жалгап, балам экөөбүздүн кичине сактаган пулубуз бар эле. Эптеп бир нерселерди сатып келип койдук. Бирок сен ойлобогун өздөрүн ушиннтип таңуулап атышкан экен деп. Өкүмөт экөөбүзгө келээр замат эле үй берген. А сенин үйүңө жөн эле сен келгиче жашап турайлы дедик. Бул да болсо, уулуңдун каалоосу. Бечара балам, атам жашаган үй деп тим эле өзүн бактылуу сезип жүрөт. А эки-үч күндөн бери сени келет деп түн ортосуна чейин уктабай күтүп отурат.

Э р к е к. А менин ушул күндөрү келээримди кайдан билдиңер?

А я л. Милициядан. Памирге милициянын уруксаты менен гана барат эмеспи. Текшертсем, сага берилген уруксаттын мөөнөтү бүгүн бүтүшү керек экен.

Э р к е к. Рахмат. Мен үчүн күтүлбөгөн майрам болду.

А я л. Чын элеби? (*Телефон шыңгырайт. Эркек трубканы алат*).

Э р к е к. Алло? Алло? Сүйлөбөйсүзбү? Ооба... Кимди? (*Аялга*). Сени сурап атат...

А я л (*трубканы алат*). Алло? А-а, келдиңерби? Камап койдуңбу? Саат ондо мага апкелесиң. Азыр эс ал... Азаматсың... Эрдик кылдың... Сыйланасың бул үчүн... Чын айтам... Өзүм жардам берем... Эркекпи?.. Эрим болот... Жок, ал мага эмес, мен ага кайтып келдим... Ушундай... (*Трубканы коёт*).



Э р к е к. Түндө күйөөм дегениң ушубу?

А я л. Ушул. Кылмышкерди апкелиптир.

Э р к е к. Ким деген неме?

А я л. Менин прокурорум. Эсиңдеби? Менин эндигимдин айынан күйүп кеткен?

Э р к е к. Акмак экен аялы.

А я л. Албетте, акмак. Мына он жылдан бери бечара милицияда жөнөкөй следовател болуп иштеп келатат.

Э р к е к. Эми жардам бер сен. Өзүң түшүрттүң эле, өзүң көтөрмөлө.

А я л. Прокуратурага кайта алганы жатам.

Э р к е к. Өзүнө жардамчы кылып?

А я л. Ооба.

Э р к е к. Тагдырдын тамашасын көр... (*Телефон дагы шыңгырайт. Трубканы эркек алат*). Алло?.. А-а, салам, салам... (*Трубканы алаканы менен жаап туруп, аялга айтат*). Сара...

А я л. Ой, мен жөнүндө айта көрбө. Сен мени билексиң, көрө элексиң...

(*Эркек макул болуп башын ийкеңдетет. Ал телефондо сүйлөшүп бүткөнчө аял нары-бери тынчсызданып басып турат. Укмамышка салат, бирок баарын угат*).

Э р к е к. Түн ортосунда келдим... Рахмат... Ооба, туптуура кырк бешке чыктым... Көрчү, карып калдым. Дагстандын даңктуу акыны айткандай: «...Тегирмениндин алдында тегирменчидей купкуу чал болдум...» А сен болсо, дагы эле кызга бергис жубансың... Мен да сени жакшы көрөм... Мен да сени сагынып келдим... Мен да сени абдан, абдан сагындым... Жолугабыз... Бүгүн эле... Эмне?.. Кандай жаңылык!.. Менин аялымбы?.. Эки ай болуп калды?.. А эмнеге келиптир?.. Прокурор болуп?.. Биздин шааргабы?.. О-о, аябай чоңойгон экен... Жагып калды дейсиңби?.. Чын элеби?.. Мына эмесе... А уулумчу?.. Мага окшош бекен?.. Рахмат... Албетте... Эми бир шаарда жашап калсак... Токточу, сен мени үгүттөп атат окшойсуң?.. Билбейм, арадан көп жылдар өттү, көп нерселер болуп кетти... Билбейм... Билбейм... Билбейм... (*Акырын трубканы коёт*). ...Билбейм... (*Аял менен эркек кыйлага чейин сүйлөшпөйт. Бири-бирине эмне дешээрин билбей, нары-бери басып турушат. Акырында аял ооз ачат*).

А я л. Жамгыр басылды окшойт... (*Барып терезенин пардасын тартат. Жамгыр басылып, таң атып калган болот. Терезеден түндөсү сөз болгон кооз пейжаз көрүнөт.*

*Аял аны телмире карап туруп калат. Эркек өзүнөн-өзү пластинке коет. Моцарттын скрипка жана фортопиона үчүн жазылган сонатасы ойнолот. Эркек акырын аялдын катарына басып барат. Экөө бир музыка угушуп, бир пейзажды карап туруп калышат. Ошол көрүнүштө көшөгө жабылат).*

## КОРУТУНДУ.

Мырза Гапаров 1970-жылдары Оштогу жаңы ачылган
кыргыз драма театрына адабий бөлүмдүн башчысы болуп
дайындалгандан баштап, театрдын өнөрканасын, көп сай-
луу жол-жобосун өздөштүрүп, репертуарларын түзүүгө
көмөктөшүү менен бирге алты пьесанын автору болду.
Окуучуларга тартууланган ушул драмалык чыгарма-
лардын дээрлик көпчүлүгү Ош кыргыз драма театрында
ийгиликтүү коюлуп, «Күнөстүү арал» спектакли Москва-
нын Кичи таетрында Ош театрынын коллективинин атка-
руусунда борбордук Көрүүчүлөр менен театр сынчылары
тарабынан жылуу кабыл алынды.
Адатта драма жанрына ынтаасын коюп жаңыдан кири-
ше баштаган жаштар, тиги же бул драматургдун чыгарма-
ларынын таасири, үлгүсү менен жазган учурлары көп кез-
дешет.
Мырза Гапаров кыргыз драматургиясына өзүнүн чы-
йырын салган таланттуу сүрөткер. Анын каармандары:
карапайым, коңур, назик уяң ак көңүл, фантазер, апенди
чалыш дили таза, ыймандуу адамдар.
Алар, өздөрүнүн ойлору фантазиялары менен поэтика-
луу кызыктуу микродүйнөсүн жаратып, ар кандай турмуш-
тук мүшкүлдүү ситуацияларга туш келгенде кыял чабыты
менен дүр-дүйүм жемиши бар тоо-токойдо, күнөстүү жа-
шыл аралда болушуп тирүүчүлүктүн керемети табияттан
рахат алышат.
Мырза Гапаровдун пьесаларынын бардыгы бир дем ме-
нен кызыктуу жана театр сахнасына эң керектүү болгон
күтүлбөгөн окуяларга бай табылгалар менен жазылган.
Түзгөн диологдору таасын, аракеттүү.
Мырза Гапаровдун пьесаларын окугандан кийин сезим-
мине кандайдыр бир мээримдүү жылуулук пайда болот.
«Дарыянын шоокумундагы» Дервишке окшоп какыр
чөлдөгү булактын жанына кепе куруп, жол жүрүп чаңка-
ган жолоочу пендеге суусун берип, куурап бараткан бак-
дарактарды чакалап сугарып, адамзаттын ажатына жарап,

жаратылыштын кооздугун өз колуң менен кулпурткуң келет. Же кыялкеч Колдоштой жер астында агып жаткан дарыянын сыртка чыгышын күтүп, жакшылыктан күдөр үзбөй жарык дүйнөдө үмүттүү жашагың келет. «Кадыр түндөгү» Артыктай чекти коргоп, мал багып, жер айдап, элдин устасы, малчысы, дыйканы болгуң келет.

Бир сөз менен айтканда Кыргыз драматургиясынын катарына өзүнүн оригиналдуу ойлору, колориттүү түзгөн образдары менен дасыккан таланттуу драматургдун келиши кубанычтуу окуя.

*Бакы ӨМҮРАЛИЕВ драматург.*

**МАЗМУНУ**

Кадыр түн . . . . . . . . . . . . . . . 3
Күнөстүү арал . . . . . . . . . . . . . . 37
Дарыянын шоокуму . . . . . . . . . . . . 71
Разияны эскерүү . . . . . . . . . . . . . 104
Жамгырлуу түндүн жомогу . . . . . . . . . 135
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . . 162

*Мурза Гапаров*

СОЛНЕЧНЫЙ ОСТРОВ

ДРАМЫ

*(на киргизском языке)*

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *К. Ботояров*
Редактору *С. Асанбеков*
Сүрөт редактору *С. Ямгирчиев*
Тех. редактору *Р. Ревенко*
Корректору *М. Кожалиева*

ИБ № 2351

Терүүгө 18. 10. 1982-ж. берилди. Басууга 2. 2. 1982-ж. кол коюлду. Д—03011. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. 5,25 физ. басма табак, 8,82 шарттуу басма табак, 9,363 учеттук табак, 8,925 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 439. Баасы 55 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

**Гапаров Мурза.**

**Г 20** Күнөстүү арал: Драмалар. — Ф.: Кыргызстан, 1983. 168 бет. (кыргыз драматургиясы).

Белгилүү прозаик жана драматург Мырза Гапаров өз чыгармаларында замандаштарынын жаркын образын чагылдырып, адамдын коомдук ордун, өзүнөн өзүн табуусун, алар аркылуу мезгилдин маанилүү проблемаларын көтөрөт. Анын пьесалары кыргыз көрүүчүлөрүнө маалим.

Окуучуларга сунуш кылынып отурган жыйнакка драматургдун калеминен жаралган драмалык чыгармалары кирди.

С (Кирг.)2
ББК 84 Кп 7

Г $\frac{70600-64}{М\ 451\ (17)-83}$ 248—83. 4702280200

1983-жылы
«ҚЫРГЫЗ ДРАМАТУРГИЯСЫ»
АТТУУ СЕРИЯДАН

ДРАМАТУРГ
АБДУГАНИ АБДУГАФУРОВДУН
ПЬЕСАЛАР ЖЫЙНАГЫ
ЖАРЫҚ КӨРӨТ.

55 т.